*Мавляна Жалаледдин*

*Руминин Месневисинен*

# Бир Кумура Суу

Осман Нури ТОПБАШ



Башак басмасы

Алла Таала мындай дейт:

«...Жер жүзүнө ыймандуу кулдарым мураскор болушат!..» (Анбия, 105)
«Билип койгула, Алла Тааланын досторуна (олуяларга) корку жок. Алар кайгырып кабатыр да болушпайт.» (Юнус, 64)
«Дүйнө жашоосунда да, акырет жашоосунда да аларга сыйлыктар бар...» (Юнус, 64)

Расулуллах – саллаллаху алейхи ва саллам – мындай дейт:

«... Шексиз түрдө аалымдар, пайгамбарлардын мураскорлору. Пайгамбарлар динарды да, дирхемди[1] да мурас калтырышкан эмес. Алар мурас катары

[1]Динар, дирхем – акча бирдиги.

илимди калтырышкан. Бул илимден ким алса, абдан чоң насип алган болот.» (Тирмизи, Абу Давуд)

Имам Газали азиреттери мындай дейт:

«Чыныгы пайгамбар мураскорлору билинген жана билинбеген аалымдар болуп саналат.»

Азирети Мавляна мындай дейт:

«Раббым! Эгерде сенин ырайымыңды жалаң гана ыймандуу кулдарың үмүт эткен болсо, анда күнөөкөр кулдарың кимге барып сыйынат?..»
«Эй, улуу Алла Таалам! Эгерде сен жалгыз гана өзгөчө кулдарыңды кабыл кылсаң анда, күнөөкөр кулдарың кайда барат?.. (Шексиз түрдө сен ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң.)
«Жаным денемде барында Куранга кулмун. Мухаммед Мустафа баскан жолдун топурагымын...
Кимдир бирөө мен айткан бул сөздөрдү бурмалап айткан болсо, ал кишиден да, айтылган сөздөн да баш тартамын..»

## СУНУШ

Урматтуу окурман!

Сөзгө айланып, кагазга түшкөн ой сезимдер, эң майдасынан чоңуна чейин, маңдайыңда турган кишиге берилген бир гүлдесте сыяктуу сезилет. Кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, көз караштары ар түрдүү болгон кишилердин даражасы менен аң сезимдерин алдын ала болжолдоо өтө кыйын.

Бул чындык, ой кагаз бетинде канчалык деңгээлде чагылдырылса ошончолук деңгээлде гана мааниге ээ. Көк тиреген тоолор баткакка батып калган да кайдыгер болгонду, бир мыскал алтын жерге түшүп кетсе төбө чачы тик турбаган адамдарды элестетүү оор.

Ушуга байланыштуу кээ бир жогорку деңгээлдеги чындыктар, жалган дүйнөнүн сөздөрүнө сыйбагандыктан, бул нерсе (Алла Тааланын) ырайымы төгүлгөндөрдөн башкасын бей маалым бойдон кала берет. Бул чындыктардын кээ бир адамдар тарабынан билиниши сейрек учураган руханий өзгөчөлүк болуп эсептелет.

Бирок жөнөкөй адамдардын дүйнө жана акырет жашоосун жөнгө салуучу насааттарды айтуу да, улуу насип ээлеринин (олуялар, акылмандар) эч качан тана албаган, адатка айланган милдеттеринен.

Руханий жактан океанга салыштырылып жана «**Бир Кумура Суу**» деп аталып, адамдардын ички жан дүйнөсүнө таасир берүүчү бул эмгек, улуу насип ээлерине өз насиптеринен берилген зекет сыяктуу!

Кымбаттуу окурман!

Сага «Месневи Бакчасынын» бөлүгү сыяктуу көрсөтүлүп калемге алынган бул «**Бир Кумура Сууну**» жогору жакта көрсөтүлгөн сунуштарга

ылайыктуу кабыл алышың керек! Бул автордун өз эмгеги! Албетте «**Месневи Бакчасын**» жана буга окшогон руханий башка бакчаларды да кезип - кыдырып чыккан автор, сенин жаныңа «**Бир Кумура Суу**» менен кайтып келген. Бирок кумуранын ичиндеги суу эч кимге тиешелүү болбогон жалпы элдик мүлк. Бардык улуу акыл жана насип ээлери биргеликте пайдаланган орток мурас! Бул жагынан алып караганда автордун эмгеги азирети **Мавляна** менен **Месневиден** таасирленгенин оңой эле түшүнүүгө болот!

Бул улуу эмгек бере турган жакшылыктар, авторго, Рабдын (Алла Тааланын) улуу кудурети жана берекети менен руханий сыйлыктар берилишин тилеп кетүү менен, өз ыраазычылыгымды билдирем!..

**Кадир Мысыр уулу**

09 Рамазан 1416

29 Январь 1996.

## Жаңы басылышка
## КИРИШ С/З

Автордун эмгегинин китеп болуп чыгышына тиеше - жардамы болгондор, китепке берилген мааниге байланыштуу жаңы басылыштын үзүрүн көрө алышат. Кээ бири китептин сатылышын көбөйтүү максатында, кээ бири өз пикирлеринин кеңири кулач жайылышы үчүн, кээ бирлери **ниматка шүгүр** иретинде бул үзүрдү тандашат.

Биз ушул салт боюнча; **Азирети Мавляна** баш болуп, ыйык динибиздин көрүнгөн тарабы менен руханий тереңдигине, көңүл жана эрктин чегине жеткен рух асманынан чагылган аруу нурлардын окурман жетишине, себепкер болгон бул эмгегибиз, чоң мааниге жана берекетке ээ. Теңирдин берекети катары бул эмгек, кыска мөөнөттүн ичинде сатылып түгөнүп, жаңы басылмалары толукталып Азербайжан жана /збек тилинде басылып чыкты.

Ушуга байланыштуу дагы мына бул нерсени айткыбыз келет, бул эмгекке берилген маани, өз баасына жана кубатына караганда, басылып чыккан убактысына жана чөйрөнүн шартына байланыштуу. Бул эмгек басылып чыккан шарттар, эмгектеги пикирге маани бере турган себеп болсо, шартка байланыштуу ошончолук чоң болот. Мисалы Анатолиядагы коомдук тең салмактуулук Моголдор тарабынан басып алынган доордо жашап өткөн Мавляна азиреттери жана Юнус Эмре сыяктуу чоң мистиктердин шаны, таасир жана аброюнун мынчалык даражада жайылышы, ошол учурдун талабынан да таасирленген. Моңголдордун басып алуусуна байланыштуу, мистиканын тынчтык, токтоо жана бейпилдигине чоң муктаж жана калоо менен багыт алган чөйрөлөр, ушундайча канаган жаракаттарына жана буулугуп чарчаган көңүлдөрүнө шыпаа боло турган дары тапкан сыяктуу болушкан.

*Ушундай абалда турган бүгүнкү коомчулук да – уулуу оозордун жана сезимсиз калемдеринин*

*терс таасирине карабастан – мистикалык пикирлерге руханий муктаждык жана чаңкоо менен багыт алганынын чыныгы далили, бул багыттагы эмгектердин көргөн мамилеси. Арзыбаган эмгегибиз – башка мисалдары менен биргеликте – дуушар болгон таасир берекети да ушундайча кабыл алынышы керек...*

Бул эмгек дагы бир жолу каралып чыгып, кээ бир кемчиликтери кетирилди жана жаңы нерселер кошумчаланды. Алардын арасынан Фатима, Фарида энебиздин өлүмүнө байланыштуу жазылган нерселерди, айрыкча ырайымдуулукка себеп болот го деген ой менен, сүйүктүү окуучуларыбыздан бир Фатиха сүрөөсүн анын рухуна багыштап коюуларын суранамын...

Алла Тааладан берекет жана ырайым болсун!

Осмон Нури ТОПБАШ

21.05.1998

+скүдар

# КИРИШ СӨЗ

Алсыз кулдарды ыймандын бейпилдиги менен азыктандырган **Алла Таала** азиреттерине хамду санаалар болсун!

Адамдарды караңгылыктан жарыкка чыгарган ааламдын ырайымдуу элчиси Мухаммед – алейхиссаламга – салават салам болсун!

Алла Таала «Туура жолдо» бардык момун мусулмандарга жол башчылык кылган сахабалардын жана олуялардын руханий дүйнөсү жүрөгүбүзгө насип жана рухтарынан көңүлдөрүбүзгө жакшылык буйрусун! Оомийин.

*

**Азирети Мавлянанын** жети жүз жыл мурун жазган **Месневи** деген эмгеги, ошол күндөн ушул күнгө чейин көңүлдөргө өзгөчө бир ажайып дүйнө куруп келет.

Көңүлдү көкөлөткөн ал эмгек алтындан да миң эсе артык, эч качан эскирбейт, чексиздикке жол тартат. Көңүл ээлери өз кызматтарын кабыр ааламында да улантып биз менен кошо жашашат.

Алардын өмүрү жашагандарга караганда узак болот. Алардын денеси топуракка айланганы менен көңүлдөрү кыяматка чейин өлбөй жашайт.

Мындай насип менен Рабга жетүү, байлык менен дүйнөнү унутуп атак даңктын артынан кууп оорубай Теңирдик калоого баш ийген айрым кулдарга гана таандык.

Биз сөз кылган азирети Мавляна жана анын көңүл түшүмү болгон Месневиси ушундай сапаттарга ээ.

Тарыхыбызда даңк сапаты менен эскерилген үч көңүл эмгеги бар. Биринчиси **Бухари Шериф**, экинчиси **Шыпа Шериф**, үчүнчүсү болсо **Месневи Шериф**. Бул үч эмгек Осмон тарыхы боюнча мечиттерде тажрыйбалуу кишилер тарабынан окутулган.

Ушул сөздөргө байланыштуу Шейхулислам **Ибн Кемал Паша** Месневи боюнча өзүнүн түшүн мындайча баяндайт:

Түшүмдө Пайгамбарыбызды – саллаллаху алейхи ва саллам – көрдүм. Колунда Месневини кармап мындай деди;

*«Бир нече руханий китептер жазылды. Бирок алардын ичинен Месневи сыяктуусу жазылган жок.»*

Абдурахман Жами азиреттери азирети Мавляна жөнүндө сүйлөгөндө:

«Ал улуу олуянын сапаты жана жогорку даражасы боюнча мен эмне айтайын? Анын Месневиси теңи жок мааниге ээ.» - дейт.

Чынында эле Месневи, маани маңызы терең өзүнчө бир дарыя. Мистикалык чындыкты рухтун аруу тазалыгын ал сыяктуу кооз айткандар өтө сейрек. Мавляна акыл менен ойлоого кыйын болгон мистикалык темаларды руханий таасирлүү сөздөр жана икаялар аркылуу окурмандын көңүлүнө жеткирет.

Месневини чечмелегендер:

«Кураны Каримдеги: «Оку», Месневидеги; «Ук» деген сөздөрдү чечмелегенде; «Ук» деген сөз «Оку» деген сөздүн жоромолу экендигин айтып;

*«Алла Тааланын сөзүн ук! Сырларды ук! /зүңдөгү жашыруун акыйкатты ук!»* деген мааниде түшүнүү керектигин айтышат.

Башка бир сөз менен айтканда Месневи Кураны Каримдин акыйкат жана сырларын көңүл ээлерине сунган гүл катары элестетилет.

Месневи, Азирети Мавлянанын **Күн** менен баштаган руханий сапарында дуушар болгон акыйкаттардан жалпы адамдардын аң сезимине жана муктаждыктарына ылайыкталып жазылган өзгөчө бир китеп.

Айрыкча Месневи, Азирети Мавлянанын көңүл тереңинен төгүлгөн арманы. Ал арманы аркылуу жоготуп алган **Күнү** үчүн дайыма өкүнөт.

Азирети Мавляна Месневиге мындайча аныктама берет:

*«Месневи, акыйкатка жетүү, Теңирдик сырларга ээ болууну жана орток болууну каалагандарга нурдуу жол.»*

Конья, климатын, өң түсүн, көркөм сөлөкөтүн андан алган. Жети кылым боюнча анын пайыз-берекеси менен ортоктош болуп келет. Азирети Мавляна, Месневи жана Конья, бир нерсенин эки түрдүү аталышындай сезилет. Биричиси айтылганда экинчиси эске түшөт.

Азирети Мавляна – Куддусе Сиррух -, өзү жашаган, сезген көңүлдөн чыкпас өзгөчө окуялардан, өзгөчө бир китеп жазып, адам затка улуу белек калтырган. Месневинин терең мазмунун төмөндөгү эки сап менен жыйынтыктасак болот:

*«Эгерде сенин көңүлүң бар болсо, көңүл Каабасын табап кыл! Топурактан, таштан жаралган Каабанын негизги мааниси көңүл!*

*«Алла Таала көрүнгөн, билинген сүрөт Каабасын табап кылганды, ыпыластыктан тазалаган аруу көңүл Каабасын колго алуу парз.»*

Месневи ар кыл сырга, омоктуу ойлорго толгон китеп. Адамдын ойлоп табуусу жана инсан рухунун улуу сөздөрү менен тартылган кайталангыс сүрөтү. Азирети Мавляна Инсан рухунун тереңине кирип, анын жан дүйнөсүн ички жүзүн иликтеген. Месневи ушул иликтөөнүн натыйжасы болуп эсептелет. Азирети Мавляна төмөндөгү ыр саптарында жаратылыш сырларын жана өзүнүн ички жан дүйнөсүн эң сонун чагылдырган:

*«Мен кул болдум, кул болдум, кул болдум...»*

*«Мен алсыз кул, кулдугуму орундаталбагандыгым үчүн уялдым. Жана мен башымды ийдим...»*

*«Кул эркиндикке чыкканда сүйүнөт. Теңирим! Мен болсо, сага кул болгонум үчүн сүйүндүм...»*

Бул сөздөр, Азирети Мевлянадагы кулдук ашыктыгын жана толкундоону көрсөтүү үчүн жеткиликтүү. Ансыз деле Алла Таала инсандын жаратылыш максатын кулдук экендигин айткан:

وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ

**«Мен инсандарды жана жиндерди жалгыз гана мага кулдук кылсын деп жараттым!»** (Зарият, 56)

*

Месневи, Азирети Мавлянанын окуучусу Хусамеддин менен болгон маеги. Ошону менен баштайт, ошону менен уланат. Экөөнүн бирөөсү кетсе, руханий соода токтойт. Агым үзүлөт. Бир болгондо кушу көтөрүлүп, төрт тарабы төп болот да ыр артынан ыр куралат.

Азирети Мавляна – Куддисе сиррух -

«Мен бул Месневини Хусамеддинге карап жаздым!.» - деп айтып сырларын өзү каалаган даражага жеткире албаганынан кайгырат. Анткени Күн сыяктуу бир улуу сүйүү сезимин жоготуп алган. Ким билет Азирети Мавляна, Месневисин Азирети Шемс менен жазса, анда мындан дагы көп сырдуу жарык дүйнөгө жаралмак.

Азирети Мавлянанын чөйрөсүндө орун алган **Ферудиддин Аттар** да Мавляна сыяктуу өзүн түшүнгөн жана сырларын сактай билген дос

табуунун кыйынчылыгын башынан өткөргөн. Ал өзүнүн жана Азирети Мавлянанын сөздөрүн көөнү түшүп которгон:

«Мен куш сыяктуу, сыр дүйнөсүнөн учтум. Жерден бир дос таап асманга алып кетким келген. Кирген эшиктен чыктым да кеттим.»

*

Азирети Мавляна – куддусе сиррух – Месневиде бири биринин улаган көптөгөн икаялар айтылып, алар өз ара бир бирине салыштырылып ошол аркылуу адам зат аларды сабак алуу көздөгөн. Башкача айтканда ал адамдардын аң сезими түшүнүүгө кыйын болгон окуяларды жөнөкөйлөштүргөн. Анткени бул жерде негизги максат адамдарга икая айтып берүү эмес. Муну ал мындайча түшүндүрөт:

*«Максат, икаядан сабак алуу; аны сага жөн гана түшүндүрүү эмес.»*

Насаат, сунуш жана эскертүүлөрдү икаялар менен айткан Азирети Мавляна икаялардын

негизде орун алган маани – маңызын жана руханий нерселердин түшүнүлүшүн тастыктайт:

*«Эй, тууган! Икая данекке окшойт; маани маңыз болсо ичиндеги данга... акылдуу киши данды алат; данектин сыртына карабайт!»*

*«Икаяны ук. Бирок данды самандан ажыратууну унутпа!»*

*«Менин айткандарым жөн эле икая эмес. Ойлон! Бул менин жана сенин учурдагы абалыбыз...»*

**Азирети Мавляна** – куддусе сиррух – икаяларында жана ыр саптарында аруу көңүлгө ээ болууну, жалгыз гана пайгамбарлардын мурасы болгон устаздардын тарбиясына кирүү менен мүмкүн экендигин айтат. Адам напсисин тыйбай анын ачкөздүгүнөн кутулбай туруп, жалаң илим билим менен эле жогорулай албасын, ошондой эле адам болуу өзгөчөлүгүнө жете албастыгын жана өзүн тааный албастыгын түшүндүрөт. Напсинин балекеттеринен кутулуу үчүн, Теңирдик кудурет алдында «жок» экенин түшүнүп, напсинин

таанылышы керектигин, акылмандуулук жолунда жалгыз гана дили жана Теңирдик сүйүү менен кутула ала тургандыгын белгилейт.

Азирети Мавляна ишке ашырылбаган, аруулукка айланбаган илим тууралуу мындай дейт:

*«Амал кылынбаган ыйык сөз, карызга алынган кооз кийим сыяктуу. Билип жүр!..»*

*

Азирети Мавляна жети жүз жыл мурун баян кылган ырайымга бүгүн кандай муктажбыз. Анын, жараткан үчүн жаратылгандарды сүйүүсү, сүйүү жана ырайымдын тереңдиги боюнча сезимин Раббына кооз бир сөз менен мындайча баяндайт:

*«Раббым! Эгерде сенин ырайымыңы жалгыз гана салих адамдар үмүт кылса анда, күнөөкөрлөр кайда барат?..»*

*«Эй, улуу Алла Таалам! Эгерде сен жалгыз гана ылайыктуу кулдарыңды кабыл кылсаң анда, күнөөкөрлөр кимге барып жалбарсын?.. албетте сен ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң!..»*

*

Раббыбыз Азирети Мавлянага багыштаган ошол терең көңүл бакчасынан, Аны себеп кылып бизге да «от өңдүү бир гүл» жана «бир кумура суу» насип кылды.

Окуучулук жылдарымда рухума ушул лаззатты ыйгарган, **Месневини** сөзгө караганда көз жаштары менен түшүндүрмө берген устазым **Абдулкадир Ефенди (Яман Ата)** нын рухуна даңк болсун!

Раббыман; рухума Алла Тааланын сүйүүсүн таттырган, ал тургай эске келтирүү менен көңүлдөрдү лаззатка бууган Алла Тааланын досу улуу Олуя, устаз **Махмуд Сами Рамазан уулу**нун шапаатын суранам.

Раббыман; урматтуу устазым, материалдык жана моралдык атам **Муса Ефенди**ге ден - соолук жана узун өмүр толо ибадат жана бактылуу өмүр каалайм.

**Урматуу окурмандарым,**

«Месневи Бакчасынан» аттуу сунуш кылынган бул китептин темасы, Алла Тааланын досторунун шыпаа булагы болгон көңүл бакчаларынан чогултулган **«от түстүү бир гүл»** жана **«бир кумура суу»** болуп эсептелет.

Раббымдан кааларым; бул «от түстүү бир гүл» жана «бир кумура суу» рухтардын чагылышы менен жүрөктө «күйүү менен куурулган» ошондой эле көңүл гүлдөрүнөн «замзамдар» пайда кылсын. Силерден да буга байланыштуу бир суранычым бар:

Алгач ааламдын бар болуу себеби, сырлар жана нур өзөгү **Азирети Мухаммед Мустафа** – Алайхиссалам – дын рухуна жана анын сахабаларына, олуялардын, айрыкча көңүлдөрдүн султаны **Азирети Мавлянанын,** пайыз – барака булагы **Азиз Махмуд Худайи** Азиреттеринин, рухтарынан пайдаланып жаткан жетекчибиз алтын чынжырдын рухуна жана устазыбыз **Муса Ефенди**нин рухуна жана бул китепти кыргызчалагандардын жакын туугандарынын

рухтарына бир «**Алхамду**» окуп койушуңуздарды суранам!

**Раббыбыз, жашообуздун соңку учурун бизге аземдүү кече кылсын!..**

**Оомийин!.**

**Осмон Нури ТОПБАШ**
Азиз Махмуд Худайи Фонду
1 Рамазан 1416 – 21 Январь 1996
+СК+ДАР

# АЗИРЕТИ МАВЛЯНА,
# К+Н жана АЗЕМД++ КЕЧЕ

*«/лүк болчумун; тирилдим...*
*Ыйлаган болчумун; соорондум...*
*Сүйүү дарыясына актым;*
*Аягында түбөлүк коомго жеттим...»*

**Азирети Мавляна**

**Мавляна Жалаладдин Руми,** үй бүлөөсү менен Коньяга отуруктяшкандан кийин билим алуу үчүн Халеп менен Шамга келет. Ошол учурда ал отуз жаштар болчу.

Күндөрдүн биринде Шамдын башаламан базарынан өтүп баратканда башкалардан өзгөчөлөнгөн бир киши:

**«- Колуңду берчи өбөйүн, Эй, ааламдын урматы!..»-** дейт.

Жалаладдин Руминин колдоруна жабыша калып өтө толкундануу менен өбөт. Кийин башаламан базардын ичинде көздөн кайым болот. **Жалаладдин Руми** күтүүсүздөн болгон бул окуяга абдан таң калат. «Бул эмнеси?» деп акылы айран

болот. Сырдуу жана ажайып оор басырыктуу ал киши, ага табышмак бойдон калат.

Жалаладдин Руми, көп жылдан кийин Коньядагы медреседеги сабактан чыгып талабалары менен маектешип олтурганда, Шамда колун өпкөн киши менен кайра жолугушат. Бул окуяга абдан таң калат, бул адам **Табриздик Шемс** болчу. Бул зат да Жалаладдиндин маегина кошулуп мындай бир суроо узатат:

*«- Баязид Бестамиби же Азирети Мухаммед Мустафа – саллаллаху алейхи васаллам – улугураак?»*

**Мавляна Азиреттери** таң калыштуу:

*«- Бул кандай суроо!.. Ааламга ырайым кылынып жиберилген Пайгамбар менен бардык мүлкүн ага атаган олуяны салаштырып болобу?!»* - деп чыдабай кыйкырып жиберет.

Табриздик Шемс эч толкундабай кайрадан суроосун мындай деп түшүндүрөт:

*«- Андай болсо эмнеге Баязид, Раббынан тозокко кирүүнү жана денесинин ал жерде, башка*

*эч бир күнөөкөргө орун калбай тургандай кылып чоңойтуусун талап кылды, бирок кичине гана Теңирдик кудуреттин алдында: «Даңкым улук! /зүмдү тасбих кылам!...» деп айткан Азирети Пайгамбар алейхиссалам, сансыз түрдөгү Теңирдик кудуреттерге карабастан өзүн жок деп эсептеп, Раббынан дале болсо суранып жатты?..»* - дейт.

Бул түшүндүрмө, **Азирети Мавлянаны** акылды нурланткан илимдин чегине алып келип такайт. Бул чекте туруп аталган суроого жооп берүү мүмкүн эмес. **Шемс** өзүнүн тажрыйба куралы менен аны ары көздөй түртөт. Ал жак болсо баш аягы жок «**Ырайым ааламы**». Ошентип Шемс Мавлянаны анда бар болгон сырдуу абалдан кабардар кылып, руханий атмосферанын чегине карай чагылган сыяктуу сапарга чыгарат.

Бул күтүлбөгөн өзгөрүштүн таасири менен Азирети Мавляна, мурда жаттап алган илиминин кээ бирисин ишке ашырып жаткансып мындай деп жооп берет:

«- Баязиддин «Даңкым улук; өзүмдү зикир кыламын! Мен султандардын султанымын!..» деген сөзү тоюмдук болуп эсептелет. Башкача айтканда анын руханий суусуздугу, арзыбаган көрүнүш менен тойгозулду. Руху эми талапсыз бир абалга келди. Теңирге багыт алды. Океандын көлөмү чексиз эле, бирок Баязид кабыл алышы ушунчалык гана болчу.

Азирети Пайгамбар – саллаллаху алейхи ва саллам – болсо,

(أَلَمْ نَشْرَحْ لَكَ صَدْرَكَ ) «биз сенин көөдөнүңдү ачып кеңейттик» деген Куран аятынын сырына дуушар болгон. Көрүнүштөр, аны ар тарабынан курчоого алды. Аалам сыяктуу кенен болгон көлөмү, тойбой жатты. Улам чаңкап жатты, ичкен сайын чаңкаганы арта берди. Улам бир абалдан бир абалга жогорулап жатты. Ар бир жогорулашында мурунку абалына тообо кылды. Андыктан:

«**Мен күнүнө жетимиш жолу – башка бир рываятта жүз жолу – тообо кылам!..**» - деп айткан.

Ал улуу Жаратканга мүнөт сайын жакын болууну каалап турду. Анткени кусалыгы чексиз, кул менен Рабдын ортосунда аралык жолу чексиз эле. Ушуга байланыштуу көп жолу:

«**Эй,, Раббым, Сени тиешелүү жана жарашыктуу тарабыңан тааный алган жокмун.. Сага ылайыктуу кулдук уралган жокмун..**» - деп кичүүсүнүп жалбарып турду.

Шемстин милдети Мавлянанын аң сезимин, дилин, илим менен жете албай турган дагы бийик даражага жеткирүү болчу. Ошондуктан алган жообу менен улуу максатка жеткен адамдардын чоң толкундоосун сезип кубанат. /зүн ыраак сезет. Натыйжада ушул эки руханият жылдызынын ортосунда өмүр бою улана турган нурлуу учкун пайда болот.

Мындан кийин **Мавляна Азиреттеринин** рухунда тынч жаткан руханий океан тынымсыз толкундай баштайт. Ошол учурда ширеңке чагылган нефтидей Мавлянанын көңүлү, алоолоно баштайт. **Табриздик Шемс Мавлянанын** көңүлүнө ушинтип

от жагат. Бирок ушундай таасирдүү абалдын ичинде калгандыктан, бул отто өзү да кошо күйөт. Эми аң сезим менен насип биригишет.

Бул окуядан кийин, мурда жөн гана ибадат ичинде окуучу болгон Азирети Мавляна, күтүүсүздөн ички жан дүйнөсүнө сыйбай турган толкундоого кабылгандыгын көрөбүз. Табриздик Шемстин милдети да дал ушул маани океанын жалындатуу болчу.

Андыктан **Азирети Мавляна** – куддусе сиррух – ашык, медитация жана ичине көмүлгөн жашоосун үч сөз менен үч даража катарында мындай дейт:

«**Кам болчумун, быштым, күйдүм...**»

Акыркы даражалардын мистикадагы аттары «**Фена филлах**» жана «**Бека биллах**»

Кул, «фена филлах»да напсисин жок кылып жана анын бардык каалоолорун ашып түшкөн. «Бека биллах»та болсо Алла Тааланын көңүлдөкү жаңырышы сезилет. Бул даражага жеткен кулдун жүрөгүндө Алла Тааланын нуру жаркырайт.

**Инсан Эмне?..** адамдын аң сезими жалгыз гана себепке, шылтоолорго жабышып, түшүнүүгө аракет кылган Раббдын кенен акыйкаттарынан ушул кичине ааламга түшкөн жаңырыктын өзөгү сыяктуу… Түрдүү жаңырыктагы аалам!.. Жандуу Куран… Бирок өз акыйкатына салыштырмалуу жалгыз «жок» дегенчелик даражада кичине бөлүкчөнүн акылга сыйган заты…

Раббдын өзгөчө ырайымынын бири адамдардын кээ бирлерине өзүнүн бар экендигинин жана өз кудуретинин чегинде ачылуу мүмкүнчүлүгү жана эрки берилет. Натыйжада ушундай адамдарга бул сапарда жол башчылык кылат. Булар адам ааламы жүздөгөн жылдар бою жаап жашыра албаган жөнөкөй окуялар. Мына ошондуктан **Шемс** Мавлянаны бул сапарга чыгарган жол башчы эле. **Мавляна** рухунда жашыруун болгон жана өзүнө аңдалышы насип кылынган бул **Ладүн (теңирдик) ааламынын** алгачкы жол башчысын боорукердик сезими менен өмүрүнүн соңуна чейин унута алган жок. Болбосо

аны эбак эле ашып түшкөн болчу. Балким мындан кийин Шемс талаба абалында эле.

**Мавляна Азиреттери** Коньяда кырк жаш курагында Шемс менен жолуккан болчу. /зүн бул жолугушуудан мурунку абалы менен экинчи Газали катары сүрөттөөгө болот.

Азирети Юнус, Азирети Мавляна боюнча мындай дейт:

Мавляна Худавендигар,
Бизге назар кылганы,
Анын көрктүү назары
Көңүлүбүздүн күзгүсү!..

Мавляна азиреттери мурунку доорунда жалгыз гана дин укукчусу болчу. Анын көп окуучу бар эле. Колунда бар бай адам болчу. Ал Шемс менен жолугушкандан кийин ого бетер аалым укукчу болуп калды. Анын илими өзгөргөн жок.

**Жалаладдин Руми Шемс** менен жолугушкандан кийин гана чыныгы Мавляна пайда болду. **Ал Шемс** менен жолугушканга чейин жөн

гана аалым болчу. Кийин аалым болгон ашыктыгы баарына боору ооруган акылманга айланып калды.

Мавляна – куддусе сиррух - :

«**Ашыктык сыяктуу бир да мугалим жок!..**»- дейт.

Ал мурунку аалымдык абалын «**Кам болчумун**» деп айтат. Кийинки абалын болсо ашыктык ааламына көмүлгөн жеткилең киши катарында таанытат.

*

Негизги тема «Шемс Мавлянага эмне берди? Эмнени үйрөттү?»- деген суроосунун жообунда жатат. Бул Шемстин ага акылдын кулчулугунан кутулууну үйрөтүшү болду. Анткени акылдын чеги белгилүү. Аркасы болсо бейиш. Көңүлдүн чеги, чексиздик. Тыным чеги болсо Фена филлах.

Шемс Жалаладин Румиге өзүн жана өзү ээ болгон баалуулуктарды таанытуу менен буттарындагы чынжырларды чечти. Анткени Мавляна учууга даяр турган бүркүт сыяктуу эле.

Шемс анын буттарындагы боону чечти. Ага көңүл терезесинен ыраак жактарды көрсөттү.

Мындан кийин **Азирети Мавляна** нурдун аланасындагы көпөлөк сыяктуу Шемстин айланасындагы аруу түшүнүктүргө.

**Азирети Мавляна, Диваны Кебир** атту китебинде **Шемс** менен баштаган окуясын төмөндөгүдөй баяндайт:

*«Шемс Мавлянага:*

*- Аалымсың, башсың, жетекчисиң, салтанат эгесисиң!..» деди»*

*Мавляна ага:*

*- Мындан кийин дүйнө ааламынын аалымы эмесмин; башы эмесмин; жетекчиси эмесмин.. Сен күйгүзгөн оттун ары жагындагы акыл үстүндөгү ааламдын букарасы жана чоочун жолоочусумун!..» деди.*

*Шемс кайра:*

*- Сенде дале болсо акыл бар! Ошондуктан дубана эместигиңден бул үйдүн мусапыры эмессиң!..» деди.»*

*Мавляна:*

*- Мындан кийин акылыма көңүлүмө парде салдың. Дубана болдум. Акылмандуулугуң менен эми бул ааламдын мүчөсүмүн!..» деди.*

*Шемс:*

*- Сенде эсеп бар!. Мас абалында эмессиң!. Бул ааламдын сыртындасың!.. бул ааламды жаркыраткан акыл эмес, ашыктык. Алдыңы көралбай жатасың!» деди.*

*Мавляна Шемске:*

*- Мындан кийин акылмандуулугуң менен баштан аяк от болдум. Ар тарабымды ашыктык жана мастык курчады!..»деди.*

*Шемс бул жолкусунда:*

*- Сен бир жамааттын отусуң! Ордуң көктөмдө!..»деди.*

*Мавляна:*

*- Сенин ал от да өчтү. Көз алдымда алардын жаз коңузу сыяктуу жанып өчкөн жарыктыгынан башкасы калган жок!.. Эми башка оттун жарыгындамын!» деп жооп берди.*

*Шемс:*

*- Сен өлүк эмессиң; Сен сырткы тирүүлүгүңдү коргоп жатасың! Бул эшиктен мындай кирүүгө болбойт! Жалган жаныңды бардык кудурет жана дүрбөлөң мененташташың керек..» деди.*

*Мавляна:*

*- Ал эскирди!. Сени таанығындан кийин адамдар билген мааниде тирүү эмесмин.. башка бир тирүүлүк менен жолугушуп өлдүм!..» деди.»*

*Шемс ага:*

*- Дале болсо напсиңин каалоолору бар! Мансабың даражаң түбөлүк! Алардан кутул!» деди.*

*Мавляна:*

*- Мындан кийин сен мени алып кеткен Ладүн ааламында мансап дара даража издеп жүрөм.. мурдагы затыма таандык болгон бардык нерсени таштадым; аларды ашып өттүм!..» деди.*

*Шемс:*

*- Колуң канатың бар! Мен сага кол канат beralбайм!..» деди.*

*Мавляна:*

*- Мындан кийин сенин колуң канатың болуу үчүн колумду жана канатымды сындырдым...» деди.»*

*Шемс бул жооптордун алдында милдетин аткарып бүткөндүгүнө канаат кылып, ага Теңирдик чагылуу менен чексиздик кырында күйүү үчүн канат такты... Анткени аны сүйгөнүнө жетүү каржоосун, улуу жолго салып кусалыктын берекеттүү чөйрөсүндө жалгыз калтырган болчу.*

*

Мусулмандардын ыйман Күнү Азирети Умардын Исламды кабыл алуусу менен кандай күчтүү болсо Шемс Тебризи Азиреттеринин руханий милдети Азирети Мавляна менен жетпес чегине жеткен. Ошол учурга чейин эч кимдин дүйнө шайыгы экенин билбеген Азирети Шемс Азирети Мавлянаны ашыктык нуру менен жаркыратып; тилдерге дастан курдк. Бул эки чоң устаздын бири бирине болгон жакындыгы жана урматы чыныгы устаз менен талабанын ортосундагы абалды эң сонун чагылдырган.

Азирети Шемстин Азирети Мавлянага берген белеги алсыздык, кусалык жана ашыктыктан башкасы бар эле. Бул ашыктык жана кусалыктын эң сонун мисалдарын бакыт доорундагы Азирети Абу Бакир – радиаллаху анху – жана Азирети Фатыма – радиаллаху анха – нын жашоосунан көрөбүз:

Азирети Абу Бакир Сыдык Пайгамбарыбыз – саллаллаху алейхи васаллам – менен улам көрүшкөн сайын башынан башка башка абалды өткөрчү. Жанында болгондо ага болгон жакындыгы жана кусалыгы соронуунун ордуна тескерисинче ого бетер алоолонтуп толкундатчу.

Ашыктардын баш тажысы болгон Азирети Фатыма энебиз Пайгамбарыбыздын акыретке көчөөр маалында мындай деди:

**«Пайгамбарыбыздын акырет ааламына көчүшү менен менин үстүмө ушунчалык оордук келди, караңгылыктын үстүнө келсе караңгылыктын өңү өзгөрмөк..»**

Бул сүйүү жана ашыктык жолундагы **Азирети Мавляна Шемсти** жоготуп алганда ага болгон

кусалыгы менен күйдү, куурулду. Анын бул ажыроосу жана кусалыгынын натыйжасында **26.000** саптык **МЕСНЕВИ** пайда болду.

Андыктан ажыроо сырын, эң даана лаззат менен Азирети Мавляна сунган. Анын:

*Акыл ээси инсанды тамсил кылган найды ук!*

*Ажыроо муңунун толкундоосун ич!..*

деп баштаган Месневи негизинен бир ажыроо – наама укмуш. Нуру – Мухаммедди Азирети Мавлянага Шемс каналынан берилгендиги үчүн Шемстин кетиши ажыроо муңудур.

/зүн чексиз маңыз дарыясында көңүл сапарына чыгарган Шемс Тебризи болгондуктан өмүр бою руху чырактын айланасында учкан көпөлөк сыяктуу анын жактоочусу жана аны ал издейт. Ал эми Мажнун сыяктуу жете албаган Лайлиси менен куурулуп күйүүгө жоопкер болгон.

«- Шемс тирүү!» деген бирөөгө эмнеси болсо бермек. Достору мунун жалган экендигин айтышканда:

«- Мен анын жалганына ушуларды бердим. Акыйкатына жанымы берээр элем.» - дейт.

Азирети Мавляна бул ажыроонун жалынында күйгөн көңүл дардын төмөндөгүчө баян кылат:

*«Менин ички дүйнөм, эмнеге ызаланып жатат?»*

*«Менин дартыма, муңуман ким кабардар боло алат?»*

*«Баары мени өз аң сезимине жараша угушууда. Жаман киши мени өз сезими менен түшүнүп, түшүнбөй жатат. Ак дил ак ниет жолоочунун мени менен бирге жан дүйнөсү алоолоп, жүрөк сезими жалбырттап най гана ага шыпаа болчудай.»*

Азирети Мавляна Месневисинде жүрөктүн кылдарын черткен «най» аркылуу анын ажайып кубулжуган үнү аркылуу сөз жетпеген сезимдин назик тереңине жетүүнү максат кылган. Бир куплетинде мындай дейт:

*«Най ук, эмне деп жатат. Ал Алла Тааланын жашыруун сырларын шыбырап жатат. Жүзү*

*самандай саргарып, ичи көңдөй бош, башы кесилген, же найзанын учуна илинген абалда тилсиз туйлайп сөзсүз ызаа отуна куйкаланып «Алла.. Алла..» - дейт.*

Ашыктык жана сүйүүнүн жалбырттаган отуна күйгөн адам алоолуу жүрөктүн адамга айтылбас сырларын сырдуу аспап най аркылуу сездирип, туюнткан

Анткени ал, өсүп турган камыштардын арасынан кесилип, боору отко какталып тешикчелер ачылган. Тешилген көзчөлөрдүн ортосуна зым байланат, анан ал үйлөнгөндө кайталангыс керемет үн чыгарат.

Най өзү жөнүндө өзү айткан мындай уламыш бар:

«Мен алгач бир камыш элем. /зөгүм жана көңүлүм сууда, тамырым топуракта эле. Суу жээгинде наздана ийилип желпип, өткөн желаргыга жетинбей баш ийчүмүн. Күндөрдүн бир күнүндө мени кесип кетишти. Денемди ашыктык отуна кактап кургатышты, анан көзөп тешишти. Жаралуу

денемдин жараты айыкпай ачышты. Андан кийин мени бир улук касиет кудурети бар кишинин колуна беришти. Андагы алоолуу ашыктык дем менин ичимди жалынсыз өрттөдү. Бул дем, ичимде ашыктыктан башка эмне болсо баарын өрттөп күлгө айлантты. Менин өзүндө жандүйнөмдү, жүрөгүмдү көлкүлдөтүп эритти. Онтодум, күйдүм ызаага баттым. Ал ыза баардык ой сырларымы  курчап алды.

Ой сырларымдын баары үнгө айланып асманга кайыды. Бирок көздөрү көрбөгөн, кулактарыукпаган жана көңүлдөрү пас болгондор мени түшүнүшпөдү.

Инсан да дал ошондой.

Ал Теңирдик ааламда ушул дүйнөгө алып келинген кезден инсандардын катарына алынып ашыгынан ажыроо оту алоолоп, жаш жүрөгү жара тилинген.

Бул ар бир инсанда боло турган чындык, ал ою жана сезими жогорулап, жеткилең инсан

абалына келгенде өтө даана байкалат. Башкача айтканда сезим алоосунда байкалат.

Ошондуктан жогору жана жеткилең инсан кай жакты карап, эмнени көрбөсүн Теңирдик акылмандыкты жана аруу таза сырларды туят. Теңирдик керемет сырларды сезип искусствонун бийиктигин туюп Алла Таалага сүйүүнүн эң күйгүзүүчү абалдары менен куурулуу мүмкүнбү?

Ошондуктан Мавляна – куддусе сиррух – жеткилең инсан абалына келбей теңирдик сырларды сезе албагандардан кабатыр. /рттүн ичинде. Аны менен бирдей абалды көргөн дартту Юнус:

Мен шашылып келдим,
Эч ким абалымды билбейт менин!
Мен айтам, мен угам,
Эч ким тилими билбейт менин!
Менин тилим куш тили,
Менин илимим дос илими
Мен булбулмун, гүлүм дос,
Билгиле гүлүм солбойт менин! –

деп алоолоп куйкалаган жалындын ичинде өзүн сооротор жолдош издейт. Дагы бир сабында мындай дейт:

*«Асхабы – Кехф эч ким аларды укпаган жана түшүнбөгөн бир коомдун тушунда уктатылган. Руханий бир коомчулук пайда болгондо гана ойготулган.»*

Азирети Мавляна мындай керемет абалды туура түшүнүү боюнча өтө кылдат болгондуктан Месневисинин кириш сөзүндө мындай дейт:

*«Көңүлү таза, ак дил, назик, аруу болуп акыйкатка орток болгондордон башкалары мына ушул Месневиге кол тийгизүүгө уруксат жок.»*

Анткени Азирети Мавляна бир нече акыйкат жолоочусу сыяктуу өзүн жана өзүнүн сөздөрүн туура эмес түшүнүп башкаларга аны бузуп айтып бергендерден нааразы болгон. Бундай адамдарга бир эскертүү иретинде мындай дейт:

«Бул жан бул денеде турганда Азирети Куранга кулмун, Азирети Мухаммед Мухтар –

саллаллаху алейхи васаллам – улуу жана нурдуу жолунун топурагымын…

Кимдир бирөө менен айткан сөздөрүмдөн башка сөз айтса ал кишиге наразымын…»

*

Улуу олуя өлүм түнүн «**Азем Түнү**» башкача айтканда турмуштун түйшүгүнөн кутулуу, теңирге жетүү деп баалайт. Рухтун эркиндике чыгып, чыныгы бир чексиздик абалга жетүүнү төмөндөгү ыр саптарында эң сонун баяндайт:

«/лгөн күнү табытымды ташыганда, менде бул дүйнөнүн дарты бар деп ойлобо!»

«Мен үчүн ыйлаба, күнөө «ах, ах!» деп өкүнбө! Мени көрүстөнгө көмгөндө да «кош, кош!» деп айтпа!»

«Мазар парда. Анын ары жагында бейиштин ырахаты бар!»

«Батканды көрдүңбү? Чыкканды да көр! Күн менен Айга сырттан зыян келеби?»

«Жерге кайсыл гана урук эгилип өсүп чыккан жок? деп кабатырланба! Инсан уругу бүтпөйт деп толкунданба!»

«Топуракка коюлганымдан шек санаба! Бутумдун алдында жети кат көк бар.»

Ушуну айткан Азирети Мавлянанын руху шексиз эле жети кат асмандан ашып Раббында көздөн кайым болгон.

Азирети Мавляна бир ыр сабында мындай дейт:

«Эй, жан! Топурак пардасы менен тосулган сенде керемет сырдуу жашоо бар.. ал жерде Юсуф сыяктуулар бар…»

«Бул дене топуракка көмүлгөндө жан тирүү калат.»

«Дене келип кетүүчү, а жан болсо түбөлүктүү…»

«Билип жүр, өлүм рухтун бир башка ааламдагы туулушу. Башкача айтканда бул жалган дүйнөдөгү аты өлүм. Бирок түбөлүк жана чексиз болгон ааламдагы аты төрөлүү!..»

«Жанды Алла Таала алат; билип кой, өлүм өзгөчө кулдар үчүн кумшекер сыяктуу ширин.»

«/лүм - от болгон чакта да Алла Таалага халил болгондорго гүлстан сыяктуу өзгөчө бир аалам.»

«/лүмдү коркунучтуу көрсөткөн нерсе биздин денебиз. Денени данек сыяктуу чакканда ичинен даамдуу урукту көрөсүн!..»

*

**Алла Тааланын достору**нун эң көрүнүктүү өзгөчөлүктөрүнүн бири Теңирдик ашыктык менен жуурулгандыгында. Азирети Мавляна дагы бир ыр сабында рухунда күйгөн ашыктык от өлүм менен биргеликте өчпөй тургандыгын айтат:

**«Мен өлгөн соң менин кабырымды ач жана жүрөгүмдүн алоолонгон отунан кепенимден кандай түтүн чыкканын көрөсүң!»**

Бул сөздөрдөн туулган ашыктык абалындагы Азирети Мавляна өмүр бою бул абалда күйгөн чыныгы ашыктарды издейт. Айтат:

«Мага ушундай ашыктык керек, ал – жүрөктөгү оттон кыяматтар чыгышы керек. Көңүлдүн

даражасы менен отту да күл кылыш керек. Асман анын Күндү соолуткан нуруна карап «Машааллах, Машааллах!» деши керек!..»

Устаз М. Эсад Эрбил – куддусе сиррух – бул даражада ашыктык адамдарын руханий даражасын баалаган ыр сабында мындай дейт:

**«Ушунчалык от менен Шейиттик жарыкты чыгаруу кандай бакыт.**

**«Дене – от, кепин суусу да от.»**

(Мынчалык от менен ашыктык шейитин жуушка мүмкүнбү? Дене от, кепин от, шейитти жууй турган даамдуу суу да от!.)

Бир ашык болгон кишиге өлүм төшөгү суралат:

«- /лүм учурунда кантип күлө аласын?»

Ашык жооп берет:

«- Учамын.. эми бардык денем илеп болуп жылмаят!.. Азыр илептерим башка бир жылмаюу менен күлөт!.»

**Азирети Мавляна** айтат:

«/лгөндө күлгөндө эч кимди шам чыракка окшотпо! Ашыктык жолунда жалгыз гана шам чырак сыяктуу эригендер жыпар жыт чыгарышат.»

Мавляна Азиреттери мындай жан илептери менен жылмайып бул ааламдан түбөлүк ааламга көчүп, өмүр бою кусалык менен күйгөн **той түнү**нө жеткен.

Артынан жамааты шаркыратма сыяктуу көз жашын төгүп турганда ал жолоочунун табыты да өзүнчө бир илеп болгон. /з өңүндө бир гүл сыяктуу жылмаюу көрүнүп туруучу.

Султан Велед, **Ибтида – Наама** деген эмгегинде атасынын жаназасын мындайча түшүндүрөт:

«Хижранын 672 (Милади 1273) жылында улуу Султан көчтү. көздөр жашка толду. Көңүлдөр кайгы капага толду. Мусулман эмес кыштактар да муңга батты. Ар бир таза адам ага боору ооруп ар бир улут ага ашык болду.

Эл:

«Ал Азирети Пайгамбардын нуру жана сыр дүйнөсү. Пазилеттердин чексиз деңизи...» деген эле.

Ошол күнү эч ким күйүп жыгылбай туруп жандүйнөсүнө тынчтык таба албады. Бардык эл чоң кайгыга кабылды:

«Ал бир кен байлык эле. Топурак алдына жашынды.» деп айтышты.

**Афлактын** айтканына караганда Мавляна азиреттеринин тышкы табыты элдин сунушу боюнча алты жолу жаңыланды. Жаназасы түшкү намазда алынганына карабастан дигер намазынан кийин топуракка берилди.

**Табып Акмалуддин** элге:

«- албетте баш ийгиле! Узатуу милдетиңерди таноо какпаган тынчтыкта урмат - сый менен аткаргыла! Бул чыныгы шайыктардын султаны Мавляна болчу; көчтү ...» деп жатты

Насаат айтканындай **Шайык Садреддин Коньеви** жаназа намазын окутуу үчүн табыттын алдына турду. Таасирленгенинен кыйкыра

баштады. Колдорунан кармап аны артка тартышты. Анын ордуна  **Казы Сиражуддин** намазын окутту.

Мавляна азиреттери «**Кам элем, быштым, күйдүм!**» деп айткан өзүнүн кыска өмүрүн, бир башка тил менен мындайча баяндайт:

«/лүк элем, тирилдим… Көзүм жаш эле, жылмайдым… Ашыктык дарыясына кирдим, соңунда чексиз дөөлөткө жеттим…»

Юнус кандай сонун чагылдырган:

Дене чектүү, жан өлбөс,

Кеткендер кайтып келбес!

/лсө дене өлөт,

Жандар өлгүс.

**Эй,, Раббым! Биздин денебизди чексиз дөөлөткө жеткир! /лүм түнүбүздү бизге майрам түнү кыл!**

**Оомийин!..**

# БИР КУМУРА СУУ

*«Сулуулар жөнөкөй жана жалтыраган күзгү издегендей,*
*жоомарттык да, кедей жана алсыздарды каалайт. Сулуулардын жүзү күзгүдө кооз көрүнөт,*
*жакшылыктын жана садаганын кооздугу кедей жана*
*алсыздар менен байкалат.»*

**Азирети Мавляна**

Какыраган чөлдүн ортосунда бир кедей бедуин, бир чатырда аялы экөө жашап калат. Бир күнү кечинде аялы:

«- Бардык жокчулук – барчылыкты ысык менен суукту бир татып жатабыз. Башкалардын өмүрү барчылыкта бапырап өтүп жатат. Жалгыз гана биз кедейбиз. Тиштээрге наныбыз жок, айраныбыз да жок. Табагыбыздын түбү түшүп жок болду. Суубуз болсо көз жашыбыз. Болду. Күндүзү - кийимибиз Күн, түнкүсүн жууркаsuccessfully ныбыз ай нуру.

Ачкалыгыбыздан толгонайды нан деп элестетип, асманга кол сунган күнүбүз болду. Жокчулуктун айынан учкан чымындын тамырындагы канды ичтик. Биздин абалыбыз дагы кандай болот?» - деп дартын айтты.

Бедуин мындай жооп берди:

«- Эй, кемпир, качанга чейин дүнүйгө көз артасың. Бул дүйнөдө дагы канча өмүрүң калды? Акылдуу киши азыктын азына же көптүгүнө карабайт. Анткени экөө тең келип кетет. Сел сыяктуу агып, жел сыяктуу учуп кетет.

Эгерде билсең жан дүйнөбүздөгү кайгы кубаныч экөөбүздүн барыбыздан, экөөбүздүн алоолонгон арзуубуздан улам болуп жатат. Алла Тааланын амири менен анын насибин жеп жашап жатабыз. Ага канагат кылып топук этүүдөн башка жакшы байлык бар бекен? Бул мындай, ал андай деп айтуу шайтандын гана азгыруусу.

Эй,, кемпир! Молчулукка, барчылыкка көнгөндөн жаман нерсе жок. Анткени көнгөн нерседен кутулуу абдан оор болот. Денеге сынган

жан орун очок алып даамдашып калып сааты чыгып жан берүүгө келгенде абдан кыйнайт. Сен муну түшүнгүн да акыры өз башыңа келе турган нерсени кыйындатпа!

Эй, кемпир! Жашыңда сабырдураак элең. Карыганда напсиң артты. Алтын каалайсың. Мурда өзүң алтындан да кымбат элең. Теңиң жок эле. Эмне болду сага, жашоодо жанга оопа болбой турган нерселерди каалай баштаганыңа эмне себеп болот?..»

Аялы айтканды укпай барган сайын ачуулана берди.

«- Эй,, ар  намыстан башка эч нерсеи жок адам.. мен сенин сөздөрүңөн жададым. Абалыбызга карап, уялчы. Мага канаат кылганды айтасың жана мени кемсинтесиң. Качанга чейин мындай болот? Сен канааттануу менен качан жаныңды жыргаттың. Сен ачкалыктан асманда учкан чегирткенин тамырын эңсеп турганда, кантип байлар пашалар менен кадам таштаганга аттанасың?  Мага андай кордук менен жаман караба, сенин тамырыңда

эмненин айланганын, ичинде кандай жамандыктардын бар экендигин айтпайын. Ач бөрү сыяктуу мага атырылба! Сен сыяктуу адамдарды уялта турган акылга ээ болгондон көрө акылсыз эле болгон жакшы.» - деди.

Абышкасы токтоолук менен мындай деп жооп кайтарды:

«- Сен катынсынбы же башоору толгон кумгансынбы? Кедейчилик кемтигим эмес сыймыгым. Милдет кылба! Мал – мүлк жана акча башка кийген парик сыяктуу. Парик таккан адам таз болот. Бай кулагына чейин күнөөгө баткан киши. Малы – мүлкү менен айыбын жабат. Жокчулук сен түшүнө турган нерсе эмес. Пайгамбарлар жана олуялар сыймыктанган кедейликти кордобо. Бул кедей абалы менен Раббына жакын болот. Башка бир ниматка кабылып жатам. Кудай сактасын менин дүйнөгө каршы тамагым жок. Көңүлүмдө канагаттан бир аалам бар. Эй,, катын тополоңду ташта. Таштабасаңда жок дегенде мени ташта! Менин талашып тартышууга убактым жок.

Согуштар мындай турсун көңүлүм тынчтыкттан үркүп жатат. Жаагыңды бассаң кандай жакшы, эгерде баспасаң үйдү өзүңө таштап башымды аман эсен алып чыгып кетем.»

Катын күйөөсүнүн бул сөздөрүнөн кийин солкулдап ыйлай баштады. Бир нерсеге ичи күйүп бушайман болду. /зүмчүлдүгүн таштап жокчулук жолуна түштү да күйөөсүнө назиктене;

«- Мен аял эмес эле сенин бутуңун топурагымын. Денем жаным бардыгым менен жоктугум да сеники. Сен үчүн бир эмес ар бир демимде кайра кайра өлгүм келет. Сенин айтканыңдан кийин бардык нерселерден баш тарттым.

Эмне үчүн ажырашуудан сөз кылып жатасың? Айткандарымды кайтарып алам жана кечирим сурайм. Сенин падышадай турпат мүнөзүңдү тааныбастан сага каяша кылдым. Эми сага күнөөкөр болуп, мойнума жоолук салып моюнумду сага узатам. Кааласаң ур, кааласаң бутуң менен тебелеп кетмейин.»- деди.

Андан соң ыйлай баштады. Көз жашынан чагылган чагылгандай болду. Ошол чагылгандан анын жүрөгүнө теңдешсиз жалын түштү. Аягында бедуин аялынын көз жашына чыдабай анын айткандарына макул болду.

Анын жүрөгүндөгү бул макулдукту сезген аялы, күйөөсүнө кайра суроо жаңыртты:

«- Кумурабызда жамгыр суусу бар. Бар жогубуз ушул. Бул сууну алпарып падышалардын падышасына бер да, аларга айт:

«- Биздин мындан башка эч кандай мал мүлкүбүз жок. чөлдө мындан жакшы эч нерсе таба албайсың. Падышанын дүнүйөсү болсо да мындай суусу жок. Бул өтө сейрек, табылбас суу де...»

бечара бедуин аял Багдаддын ортосунда агып жаткан Тигр дарыясын кайдан билсин. Кумурадагы сууну мактап эле турду.

Күйөөсү да бул мактоого кошулган эле.

«-мындай белек кимде болушу мүмкүн? Чындыгында биздин бир кумура суубуз падышаларга гана ылайыктуу!..» - деди ал.

Бедуин табактагы сууну бир баштыкка салып, оозун бекем жапты. Аны алып Багдад жолуна түштү. Кумурадагы суу төгүлүп калбасын, же уурулар уурдап кетпесин деп түн күн дебей уйку көрбөй акыры Багдадга келди. Сурап олтуруп Халифанын сарайына барды. Сакчылар эмнеге келгенин сурады. Бедуин:

«- Эй, сакчылар! Мен жөнөкөй бир бедуинмин. Падышанын кайыр үмүт кылып чөлдөн келдим. Мына бул белекти ага алып баргыла. Даамдуу, таптаза суу. Чөлдө жамгыр суусунан чогултул. Табагым да жаңы...!» деди.

Халифанын адамдары адегенде буга күлө тургандай болушту, кийин анын көңүлүнөн чыккан бул белегин кабыл кылышты. Бедуин кан сарайдын алдынан шарылдап агып жаткан Тигр дарыясынан кабары жок эле.

Бедуиндин белеги халифага сунулганда, халифа мындан кубанып аны алдына кабыл алды. Анын көңүлү калбасын деп ага жаңы көйнөктөрдү кийгизди. Кызматчыларына:

«- Кумураны алтынга толтургула да буга бергиле. Кайтканда аны кеме аркылуу Тигр менен жөнөткүлө. Ал чөлдөгү жол менен келиптир. Кетээринде Тигр жолу менен кетсин. Ал жол үйүнө жакыныраак!»- деп буйрук кылды.

Бедуин кемеге түшүп Тигрди өз көзү менен көргөнүнө аң таң калды. Анын ушунчалык мол суусу бар дарыясы болуп туруп бир кумура чөлдөгү бир кумура жамгыр суусун белекке кабыл алганында болчу. Алла Таалага чын дилинен шүгүр этти.

МЕСНЕВИ:

*«Эй, уул! Бардык дүйнөнү оозуңа чейин илим жана сулуулук менен толгон кумура деп бил. Билгин! Бул илим жана сулуулук, бардык нерсенин көлөкөсү жана бардык нерсенин болушуна мүмкүндүк берген Алла Тааланын жараткан Тигринен бир даана сырдуу казына. Акыл эске махабат орноду. Ушинтип ал казына толуп турганынан ашып түштү. Топуракты асмандан дагы жаркыратты. Сырдуу казына толкуду; топуракты,*

*атлас кийген султан абалына келтирди. Ал бедуин Алла Тааланын Тигр дарыясынан бир тамчыны көрсө, анда акыйкат деңиз болгон ошол тамчынын алдында кумурасын таштап салмак.»*

Икаяда бедуин акылдын, аялы болсо адам эркинин символу катары көрсөтүлгөн. Акыл менен напси дайыма күрөшүү менен күн өткөрөт. Экөө тең топурактан жаралкан денеде олтурушат. Түнү - күнү күрөшөт. Напсинин символу болгон аял көр оокаттын көксөөсүн түшүндүрөт. Башкача айтканда даңк каалайт, мартаба каалайт. Аброй тилейт. Кийим тилейт. Даамдуу тамактарды эңсейт. Мезгил мезгили менен ал каалоо, тилектерине жетиш үчүн топурак болот, сылык болот. Кээде бетин топуракка сүртөт, кээде ачууланат, кээде менменсинип туу чокуну эңейт.

Акыл болсо, денеге таандык болгон ойлордон кабары жок. Анын ойунда жалгыз гана Алла Таала махабаты жана ашыктыгы бар. Ал сүйүүнү жоготуп албайын деп коркуп кайгылуу жүрөт.

Икаядагы калпа, Алла Тааланын түбөлүк илими болгон Тигр дарыясын тамсил кылат. Тигр дарыясына бир кумура сууну алып келген бедуин, мына бечара ушул. Анткени ал Тигрди билчү эмес. Тигрден кабары болгондо ошол бир кумура сууну апкелбейт эле. Башкача айтканда «/лбөй туруп өлгүлө» деген сөздүн сырына дуушар болуу үчүн өзүн напси тарбиясы жана жүрөк аруулугунда сүзүп, теңирдик теңдик үчүн Тигрден кабар алууга аракет кылмак.

Напсини тамсил кылган аял менен акылды тамсил кылган бедуин билебйт эле. Чыныгы барк жана теңирдик лаззат дене кумурасындагы сууда экендигин. Бул жагдай жалгыз гана акылмандуулук дарыясынан насип алгандар түшүнө ала турган абал.

Башка бир жагынан икаядагы «Калпа эшиги», «Теңирдин босогосун» чагылдырат.

Момун канчалык илим, билим, мал – мүлк жана ибадат ээси болсо болсун, бирок анын мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбеши керек. Бул

нерселердин баары Алла Тааладан экендигин билип, жекече амалдарын Тигр дарыясына салыштырмалуу бир кумура суу экендигин унутпашы керек.

Бедуиндин чөлдө миң бир эки кыйынчылык менен таап келип Халифага сунган бир кумура суу, ага жашоонун булагы эле. Ал суу Тигрге төгүлгөндө бир заматта жок болуп кетти.

Инсандын инсандык мүмкүнчүлүктөрү аркылуу акыйкатыкка жетүүгө аракеттениши теңирдик теңдикти, искусствону түшүнүшү, анын негизги акыйкатынын алдында Тигрдын бир тамчысындай да эмес. Икаяда айтылган бир кумура суу биздин чекиттей гана болгон билимибиз. Бирок биз Алла Тааланын чексиз Тигринен кабарсыз болгонубуз үчүн өз билимибиздин абдан кенен экендигин ойлойбуз. Бул болсо жалгыз гана кумурсканын өз уясын же бир балыктын аквариуму сыяктуу чоң бир аалам экендигин ойлогон сыяктуу.

Инсандын сабатсыздыгынын натыйжасында өзүнүн эргежээл экендигине карабастан бир алп

күзгүсүнүн жалганына алданып мисалыбыздагы кумурска менен балыктын абалына түшүү чоң жаңылыштык.

Бирок «бардык кумурасын»ташка урган Алла Тааланын ашыктары, ошол кумураны сындыруу менен аны дагы да бекем жана дагы да кемчилдиксиз абалга алып келет. Көмүскөлүү жана көлөкө болгон нерселердин кулдугун куткарат.

Андыктан бар нерсенин сырты сынганда ичиндеги суу сүзүлүп арууланат жана рухка биллур болот. Башкача айтканда бул сынуудан өзгөчө абалдар пайда болот.

Алла Тааланын элчиси (алейхиссалам):

*«Теңирим сени зикир чалып улуктайм. Биз сени өзүңө ылайыктуу түрүңдө тааный албадык..»* - деп айтат.

Кутулууга жеткен үммөттүн (азыркы мусулмандар) аалымдары да муну моюнга алуудан башка аргасы калган эмес. Имам Абу Юсуфдан бир күнү Халифа Харун Рашид бир маселени сураса:

Имам Абу Юсуф:

«- Билбейм.» - деп жооп берет.

Халифанын жардамчысы Имам Абу Юсуфка:

«- Айлыгыңыз жана амалыңыз бар туруп билбейм дегениңиз кандай!?- дейт. Анда Имам Абу Юсуф:

«- Менин айлыгым илимиме жараша. Сабатсыздыгыма жараша бериле турган болсо анда, казыналар да жетмек эмес...»- дейт.

Аалымдардын аалымы Имам Газали:

«Билгендериме караганда билбегендерим көп, эгерде билбегендеримди буттарымдын алдына коё катсам анда башым асманга тиймек.»- деп алсыздыгын моюнга алуу менен кичипейилдигин билдирген. Ушул улуу инсандар билгендерин эмес, билбегендеринин көптүгүн айтышкан тартынышкан эмес.

**Алла Тааланын Элчиси** (сав) илимдин балекет жана саламат даражаларын мындайча баян этет:

*«Илим үч карыш. Биринчи карышка жеткен (билген нерсесин өзүнө таяндырган) менменсинип*

*текеберленет. Экинчи карышка жеткен (Теңирдик кудурет менен салтанаттын алдында) айраң таң калат. +чүнчү карышка жеткен болсо (Алла Тааланын чексиз илимин баамдап, өзүн ошол чексиз илимдин ичинде эч нерсе эмес экендигин) билбегендигин баамдайт.»*

Инсан уулунун өзүнүн ишенген амалдарына маани бериши Тигрдин жанында бир кумура суу сыяктуу эмеспи?

Кудай сактасын булуттун Күн нуруна тоскоол болгону сыяктуу жүрөктүн шайтанга такты болушу Рахмандын нурун канчалык деңгээлде кайра жүрөккө жеткирет? Инсан Тигрден кабарсыз болгондуктан бир кумура сууну океан деп элестеткен. /з элесин чындык деп ойлогон.

*

Бир күнү **Жүнейд Багдадий** азиреттери банан саткан соодагерге жолугат. Соодагер:

«- Соодасы эрип бараткан сатуучуга жардам бергиле!» - деп кыйкырат.

Жүнейд азиреттери бул сөздү угуп айраң таң калат.

Дүнүйө мүлкүн акырет мүлкүнө алмаштыра албасак анда, дүйнөдөгү асыл эмгектер шайтанга буйруйт. Анда анын акыры кайгыга жана алданууга туш болот. Ысырапкордук жана ырайым кемчилиги дүйнөдө балекетке, акыретте азапка айланат. /ткөн күндөрдүн дептери жабылган. Жазылган нерсени кайра өзгөртүүгө мүмкүн эмес. Келечегибиз болсо күмөндүү. Учур ушул гана учур. Учурубуздун бешене терин жашоо талаабызга урук кылсак, буюрса, акыретибиз ак сарайга айланат. Шейх Сади айткан сыяктуу:

«*Жер жүзү Рабдын дасторкону.*»

Дүйнөдө «**Рахман**» сыпатынын чагылышы катары бардык макулук азыктанышат. Жеп, ичип, кийинишет. Дос – душман жана наадан бири – биринен ажыратылбайт. Алла Тааланын ырайымы бардык макулуктарды курчоого алган.

Тикендүү кирпи баласын бооруна басышы жана каапыр болсо да эзилгендин дубасынын

кабыл болушу ушул ырайымдын белгиси. Ааламдагы теңирдик санат, акылмандуулук жана сабак ала турган табият көркү, сезимдин жана напсинин кыймылдары, табияты бузулбаган инсан, улвият, халват, сафват, рыккат жана хашят сыяктуу улуу сезимдерге дуушар болот.

Жалпы дасторкон болсо «**Рахим**» сыпатынын чагылышы катары акыретте. Айтымдар жалгыз гана момундарга таандык.

Бул боюнча дасторкондо инсандык насиптердин эң улугу болгон «**бейиш**» жана «**Алла Тааланын көрүнүшү**» башкача айтканда Алла Тааланы толгон ай сыяктуу көрүү насиби бар. Инсан Теңирдик бардык ысымдардын чагылышы болгондуктан чоң ааламдын кичине модели сыяктуу. Анын топурактан болгон түзүлүшүнүн бар болушу жалгыз гана сырткы көрүнүшү болуп эсептелет. Ал келип кетүүчү нерсе. Акыйкат бар болушу ажайып сыр, нур жана теңирдик акыйкаттын керемет казынасы. Инсандын толук сыпаты ушул. Жаратылуу максатына шайкеш келген

нерсени үйрөнү мына ушул нерселерге байланыштуу.

Көпөлөк күйүп калуу коркунучуна карабастан жарыка умтулганы сыяктуу **Халлажы Мансур** да сыр деңизинде толкунунда келип кетүүчү бардан жок болуу үчүн кадам таштады. Теңирдик чагылуу менен өзүн өрттөдү. Руху жогорулаган сайын напсиси алсызданып жок болду. /зүнө өзү жат болуп калды. Андан кутулууга аракет кылды. Бирок катуу чагылууга туруштук бере албады. Мастыкка түшүрүлдү:

«- Достор, мени өлтүргүлө! Анткени менин түбөлүк жашоом өлүмдө.» - деп айтты.

Ташбаранга алынып жатканда, болуп өткөн маанилүү жалгыз окуя досуна гүл сунганы болду. Дүйнөлүк ушундай жылмаюу жана күлүмсүрөө да ага оор келди.

Бул абалды башка бир сөз менен айтканда келип кетүүчү теңирдик барлыкка кулдук жок болуу дегенди түшүндүрөт.

Деңизге тамган бир тамчынын суусу жок болгону сыяктуу деңизге кирген адам да суудан башка эч нерсе көрбөйт.

Бул даражага жеткендер бардык нерсени, өзүн да, улуу акыйкаттыктан эсептейт. Бул өзгөчө бир абал, ал абал өтүп кеткенден кийин «Акыйкат акыйкат бойдон, буюм буюм бойдон калат.»

Хадистерде бул абал мындайча айтылат:

«Жер жүзүндө жашагандар бир өлүктү көрүүнү кааласа Абу Бакирге карасын!»

Ырайым жана адилеттүүлүк менен бир бүтүмгө келген Азирети /мар – радиаллаху анху – Шамга бара жатканда кулуна мөөнөт келгенин билип аны төөгө мингизди. /зү шаарга жөө келди. Калк кулду халифа деп ойлоду.

Азирети /мардын өлүмүнөн кийин достору аны түшүндө көрүштү:

«- Раббыбыз сага кантип мамиле кылды?» - деп сурашты. Ал:

«- Алхамдулиллах, «Рахман жана Рахим» болгон Раббым бар.»

- деп айтты.

*

Азирети Мавляна мындай деди:

«Муктаждык - жоомарттык даңкынын күзгүсү болсо анда, кабарың болсун, күзгүгө карап жөтөлгөн зыяндуу.»

Башкача айтканда кедей менен карапайымды таануу үчүн ооздон чыккан ар бир дем жана үн алардын жүрөгүн ызалантып зээнин кейитет. Күзгүнү үйлөп буулантандай жүрөк да бууланып калат. Жаркырашы жана тереңдиги жоголот. Жоомарттыктын марттыгы көрүнбөй калат. Амалдарыбыз жана садагаларыбыз чоңоё берет. Бизди алаксытып алдайт. Тигрден жана анын ээсинен кабарсыз болгонубуздан бир кумура суу көз алдыбызга дарыя сыяктуу элестелет.

Дүйнөлүк каалоолорубуздун акыр аягы келбейт. Ээ болгон мүлкүбүздү өзүбүздүкү деп ойлойбуз. Бирөөлөр аны суранса өз мүлкүбүздөн берип жаткансып жүзүбүздү өзгөртөбүз. Мунун

натыйжасында аманаттын жана марттыктын таптаза аруу күзгүсүнө кир жугуп калат.

Алла Таала Куранда:

فَأَمَّا الْيَتِيمَ فَلَا تَقْهَرْ وَأَمَّا السَّائِلَ فَلَا تَنْهَرْ

**(духа 9-10)**

«**Эч убакта жетимди эзбе! Букаранын колун бош кайтарба!**» (Духа, 9-10) деп айтылат.

Мавляна – куддусе сиррух – ыр сабында:

«**Сулуулар таза тунук күзгү издеген сыяктуу жоомарттык кедей жана алсыз адамдарды тандайт. Сулуулардын жүзү күзгүдө сулуу көрүнөт, садаганын сулуулугу кедей менен алсызда көрүнөт.**»- дейт.

Сулуулар сулуулугун жана кооз көркүн кароо үчүн күзгүнүн кулу болушат. Алар жада калса арты көлөкө айнектерге да каранып өтүшөт. Маралдык жана табыгий сулуулук болгон жоомарттык да өзүн бечаралардын жана кедейлердин көңүл күзгүсүнөн карайт.

Мавляна – куддусе сиррух –

«**Андай болсо кедейлер Теңир ырайымынын жана улуулугунун күзгүсү. Алла Таала менен бирге жана Алла Тааланын алдында келип кетүүчү болгондор дайыма жоомарттык абалында болушат.**»

*

**Азирети Жабирден** рываят кылынган Тафсир казынасында айтылгандар боюнча:

«Жаш бала Азирети Пайгамбарыбызга келип энеси көйнөк сурап жатканын айтты. Ошол учурда Пайгамбарыбыздын үстүндө кийген көйнөгүнөн башка эч нерсеси жок болчу. Балага кийинчерээк кел деп айтты. Натыйжада пайгамбарыбыз көйнөгүн чечип балага берди. Ошол учурда Аз. **Билал** азан окуй баштады. Бирок Пайгамбарыбыз көйнөгү жок болгондуктан жамаатка кошула албады. Сахабалар келип караганда пайгамбарыбыз көйнөксүз олтурган. Бул абал сахабаларды абдан ойго салды»

*

Байлык – бул, аманат. Анын бакытына жана ырахатына жетүү, жалгыз гана насипсиз калгандардын ызаасын сезип, аларга ырайым жана боорукерлик болуу менен жетүү мүмкүн.

**Азирети Мавляна** мындай дейт:

*«Ырайым менен боорукерлик кылууда Күн сыяктуу бол!*

*Бирөөлөрдүн айыбын жашырууда Түн сыяктуу бол!*

***Марттыкта жана кеңдикте аккан суу сыяктуу бол!***

*Ачуулануу менен ызада өлүк сыяктуу бол!*

*Кичипейилдикте жана жоктукта топурак сыяктуу бол!*

***БОЛГОНУҢ СЫЯКТУУ К/Р+Н;***

***К/Р+ҢГ/Н+Ң СЫЯКТУУ БОЛ!..»***

Эстен чыгарбоо керек кимдир бирөө өзүн кандай көрсөтсө көрсөтсүн, анын көңүл кумурасында эмне болсо сыртка да ошол нерсе төгүлөт. Анткени

эчен ашыктык жана махабат отуна толо болгон кумуралар бар – бирок алардын дээрлик баарында сабатсыздык дайрасы агылган. Ошондой эле нечендеген шаан – шөөкөттүн сөз кылгандар, андан бир жутум да ичишкен эмес, аларды ичирген да эмес. Мунун тескерисинче эчендеген кичипейил кулдар бар, алардын сырткы көрүнүшү жөпжөнөкөй көрүнгөнү менен ички жан дүйнөсү жээксиз океан сыяктуу толкуп турат. Алла Таала аларды күйүп суусаган ашыктар менен бир Кавсар суусу сыяктуу тартуулаган.

**Алла Таала баарыбызга дүйнөдө ушундай Кавсар жана булак суусунан тамчыларды тартуулап, бизди Теңир алдында кабыл болгон ыкыластуу жана аруу көңүл ээси кылсын!**

**Оомийин!**

## К/Ң+Л К+ЗГ+С+Н/Н

*«Көңүлдөрүн жылмалагандар, түстөн,*
*жыттан кутулушту. Ар бир деминде*
*оңой эле сулуулук көрө алышат.. Алар,*
*илимдин*
*кабыгындагы келбетин таштап,*
***айнал – йакинн** байрагын ачышкан.»*

**Азирети Мавляна**

Күндөрдүн биринде Кытай сүрөтчүлөрү:

«Биз Түрк сүрөтчүлөрүнөн күчтүүбүз.» - деп айта баштады.

Анда Түрк сүрөтчүлөрү:

«- Жок биз кыйын сүрөт тартабыз.» деп айта баштады.

Муну уккан Султан сүрөтчүлөрдү сыноо үчүн эки жакты тең чакырып аларга: «Талашкандын ордуна өнөрүңөрдү көрсөткүлө.»- деди.

Эки жак Султандын бул чечимин кабыл алды. Бирок кытайлар өз өнөрүн башкалар үйрөнбөш үчүн

айлананы парда менен тосуп коюшту. Султандан түрдүү түрдүү боёкторду сурап жатышты.

Түрк сүрөтчүлөрү болсо көп нерсе сураган жок. Жалгыз гана дубалды түздөп керектүү нерселерди гана алышты. Түстүү болгондон көрө түссүз болушун каалашты. Анткени алар түссүздүн пазилетин жакшы билишет эле. Түстүн соңу түссүздүк. Билим түстүн көптүгүнөн эмес түссүздүктүн пайда болушунда. Андыктан асмандагы булутардын, дарыялардын өз түсү жок. Аларды түстөн түскө боёгон асмандагы Күн.

Иш бүткөндөн кийин Султан алгач кытай сүрөтчүлөрүнүн бөлмөсүнө, кирди сүрөттөрдү жактырды. Сүрөттө тартылган түстөр анын дилине из калтырды.

Түрк сүрөтчүлөрүнүн бөлмөсүндөгүпарда алынганда дубалага жалтыратып тарткан жана адамдын рухун ойготкон өзүнчө бир сүрөт көрүндү. Бул сүрөт кытай сүрөтчүлөрүнүкүнө окшойт эле. Бирок, алардыкына караганда өтө кооз болчу. Бул

нерсеге таң калган Султан Түрк сүрөтчүлөрүн даңазалады.

Ошентип Түрк сүрөтчүлөрү эч кандай сүрөттү кркөмдөбөстөн кытай сүрөтчүлөрүн жеңип алышты жана да өнөрлүү деп эсептелишти.

**МЕСНЕВИ:**

«Эй, уул сопулар Түрк сүрөтчүлөрү сыяктуу. Алардын жаттап кайталай турган сабагы, китеби жана өнөрү жок. Башкача айтканда алар сырткы илимдин ичинде кысылып калбастан, ички жан дүйнөсүн ашып өтүшкөн.

Алар көңүл зээнин толук бүлөп жалтыратышкан. Күзгү сыяктуу чоңдан жана даттан тазаланган. Ошондуктан алардын көңүл күзгүсүнө кооздуктун эң тазасы чагылышат. Чагылуу ушул таза дил күзгүсү аркылуу Алла Таалага жетип сопу көңүлдөрүндө байкалат.

Алардын көңүлдөрүн ушул жаркыроого жеткирүү үчүн тазаланган нерселер; жек көрүү, текебердик, өзүмчүлдүк, шахабат, арзуу жана ар түрдүү дүйнөлүк каалоолор болуп эсептелет.

Алла Таала Муса – алейхиссаламга-

«- Эй, Муса! Колуңду койнуңа сал; кемчиликсиз ак болуп чыксын!» - деп буйрук кылат.

Муса – алейхиссалам- бул буйрукту орундатып, «**колу ааламдын Күнү сыяктуу ак жана нур чырагы сыяктуу»** көрүндү. Анткени Азирети Мусанын көңүл күзгүсүнө кайып ааламдын учсуз чексиз жана сүрөтсүз болгон көрүнүшү чагылган. Башкача айтканда Азирети Муса колунан теңирдик санаттан башка нерсени көрбөстөн шексиз абалда колун койнуна салып анын ак болуп чыкканын байкады.

Муса – алейхиссалам- көңүлүндө чагылган чексиздик эч жерге сыйбайт. Анткени сандын санала турган чеги бар. Ал эми чеги болбогон нерсени саноо мүмкүн эмес. Ошондуктан чексиз зат менен сыпаттар бир гана ыпыластыктан арылган көңүлдөрдө чагылат. Анткени көңүл күзгүсү да өзүндө чагылышкан чексиз кооздук сыяктуу.

Алла Тааланын нуру менен толгоне көңүл күзгүсү чексиз.

Көңүлдөрүн Алла Тааланын сүйүүсү менен жылмалангандар дайыма башка кооздуктарды көрө алат. Башкача айтканда өздөрүндө жашыруун болгон кооздуктарды даана байкашат. Анткени аларды бизге жаккан кооз түстөр жана жыттар кызыктырбайт. Алар дүйнөлүк түстөр менен жыттарды ашып өтүшкөн.

Анткени алар Маарифатуллага жетишкен. Дүйнө илимдердин кабыгындагы калдыктарды ашып өтүшкөн. «**айнал йакиин»** байрагын көтөрүшкөн. Эми алар бул жогорулоонун натыйжасында «**хаккал йакиин» даражасына жетишет.**

*****

Азирети Пайгамбар – саллаллаху алейхи васаллам- айтат:

«Менден кийин үммөтүм үчүн үч нерседен коркомун:

1. арзууларынын айынан ак жолдон адашуудан

2. оокат менен аялдын айынан жолдон адашуудан

3. илимден кийин сабатсыздыка түшүүдөн...

Илим – бул, китеп. Сабаттуулук анын туу чокуга жетиши. Ошондуктан илимди сабатуулук абалына келтирбегендер жана салих амалдарды кылбагандар баарынан кур калышкандар болуп эсептелет.

Аалам көңүл көзү менен каралганда назик аруу максаттар ошондой эле акылмандуулук сырлары көрүнөт. Аалам үлгү алуу үчүн, сынак берүү үчүн жаратылган. Теңирдик тарбия жана башкаруу болгон ааламда өз кумарына алданган, табигый сыпаттарына зыян келтиргендер чыныгы бакыттан алыс калгандар болуп эсептелет. арзуулардын ичинде чөгүп жок болушат.

Акыреттин болушун билдирүү үчүн Алла Таала айтат:

**«Жок.. билишет андан кийин үйрөнүшөт!»** (Небе, 4-5)

Пайгамбар жөнөтүү үчүн алардын тили, илими менен адамдарды туура жолго баштоо теңирдик берекеттин дал өзү.

Инсан жалгыз өзүнө жана алдында турган адамга терең ой менен караганда дароо бул нерсени түшүнөт:

«Ачык жана көрүнгөн күч катары акыретти тануу арсыздык жана шерменделик болуп эсептелет.»

Акыретин ойлонгон адам үчүн чексиз каалоолор, арзуулар, жалган дүйнөдөгү нерселерге чек коюу жана табияттын теңирдик багытка буруу жаратылыштын негизги максаты.

Мечит менен теккелердин дубалдарында «**жакшы көр я ху» «бул да өтөт я ху» «Адеп я ху»** соңунда «**эч»»** сөздөрү чыныгы акыйкатты билдирип турат.

*

**«Жакшы көр я ху»;** жаныбарларга зыян келтирбе!» буйругун берип турат. Дили таза болгондордун сыпаты да ушул. Акын айткандай:

Аалам багында Эй, ашык, ушул адам- жиндин максаты.

Сенден эч ким зыян көрбөсүн, сен да башкадан зыян көрбө.

Башка бир мааниде ушул жакшы көрүү Алла Тааланын кечирими менен башкаларды жакшы көрүү болуп эсептелет. Болбосо жамандыка түшүп калат. Анткени андай иштер Алла Таалага каршы наадандык болуп калат.

*

(**Бул да өтөт я ху)** сөзү кулга мындай дейт:

«- Эй, инсан сага келген мүшкүл менен бакыт сендеги бир конок. Аларга алданба. Алардын түбөлүк болгонуна ишенбе. Келген жалган кыйынчылыктарга өкүнбө анткени алар келип кетүүчү. Башкача айтканда сен да бир мусапырсың. Алар сага келген бир эки күндүк конокторуң.

Дарттанып кайгырууга себеп болгон буюмдар жалгыз эле сеники эмес. Сенден кийинкилерге да таандык. Ал мурас сыяктуу. Ошондуктан алар жөнүндө кайгырып өзүңдү өзүң муунтпа.!..»

**Азирети Мавляна** – куддусе сиррух-:

«Эй, Алла Тааланын жолчусу! Кайгы капаң бар болсо сүйүн! Алар эртең сага жолуугуучу тузак. Андыктан инсан кайгы жана капага батканда Алла Таалага сыйынат, Алла Тааланы эстейт.»

«Кайгы капалык бир казына. Сенин ооруң жана башыңа келген балээлер менен кыйынчылыктардын баарысы сага казына»

Кайгы менен капалык көңүл күзгүсүндө турган чаңды үйлөгөн руханий берекет шамалы. Аларды жаман бир куюнга окшотпо.!..»

«Бул ашыктык жолунда мени кайгыдан башка эч ким эстебейт, кайгы менен капага миңдеген мактоолор болсун.»

Бул сырды түшүнгөн акын, жардан келген бир нерседе башка бир нимат бар экенин, кайгы менен капанын да миң бир сырга ээ экендигин айтып, азап

менен кайгынын сыноо экендиги, эртең, өзүндө жалган болгон чыныгы ашыктык тобу менен бардык мүлкү көрүнгөн нерседен жана сөздөн турган жалганчы ашыктарды бири биринен айырмалоо үчүн жиберилген нерсе экендигин айтуу үчүн мындай дейт:

**Жардын муңу арзыбаган мээрим; муң эмес,**
**Жарым муң кылат деген мээримдүү эмес!..**

Анткени эл арасында каргыш сыяктуу элестетилген кайгылар Алла Таалага ашык болгондор үчүн чоң бир нимат. Ичке жана назик көңүлдөр Алла Тааланы көп эстешет. Алла Таала да аларга ушул жакындыктын айынан өзгөчө ниматтарын берет.

**Азирети Мавляна** бул чындык жөнүндө мындай дейт:

«Эй, булбул! Кара кыштын айынан качанга чейин арман кыласың. Эй, булбул токтобой муңдан сөз кылуунун эмне кереги бар? Эй, көңүл эртеңге чындап эле көз каранды болсо көзүңдү ач да шүгүр кыл; муңдан сөз кыл. Тикенди таштап, гүлдөн сөз

кыл. Гүлдүн өзөгү менен тамырын айтпай; анын затына кара! Ушул жалган ааламда эмнеге мынчалык толосуң. Же бара турган жериң чексизби?!.»

*

**(Адеп я ху)** сөзү кулду ар тараптан адепке чакырат.

Андыктан адеп ахлактын туу чокусу. Мистиканын негизги максаты. Бул кам инсанды ихсан сезими менен туу чокуга жеткирип Алла Таалага каршы адеп ээси кылат. Экинчи адеп Алла Тааланын Элчиси – саллаху алейхи васалам- каршы. Алла Таала Хужурат сүрөөсүндө ж.б. сүрөөлөрдө момундарга Алла Тааланын Элчиси – саллалаху алейхи васаллам- карата адептүү болушун буюрат.

Бул адеп ахлак устатка, ата- энеге, момундарга жана ушул чынжыр боюнча бардык макулуктарга тарайт.

**Суфян Севри** – куддусе сиррух- айтат:

«Жакшы адеп Алла Тааланын ачуусун кетирет.»

**Ибн Аббас**- радиаллаху анх- айтат:

«Бардык адептин башы кененчилик же тарчылык болсун Алла Тааланын буйруктарына моюн сунуп жашоодо экендигин айтат.»

Улуу заттар айтышат:

+ч нерсе бар. Аларга ээ болгон киши эч нерседен кур калбайт:

1. Жакшы адеп ээси болуу
2. Адептүүлөр менен олтуруу
3. Башкаларга зулумдук кылбоо

Адептин маңызын акын мындайча түшүндүрөт:

Адеп бир тажы имиш нуру Кудайдан,

Кийгин ал тажыны да балээден сак бол.

**Юнус Эмре** азиреттери бул чындыкты мындайча айтат:

Чечендерден издедим кылдым талап,

Ар өнөр макул экен, адеп .. адеп..

Ушунун натыйжасында Алла Тааланын досторунун кээ бири мистиканы «**адеп»** деп сүрөттөшөт.

**Хатем Эсам** азиреттери мына бул мисалды айтат:

Алсыз дарты бар бир жүдөгөн аял менен сүйлөшүп жатты. Аял дардин жан талашып түшүндүрүп жатканда анын ичинен жаман бир үн укту. Аял шам сыяктуу эриди, эзилди, бүттү жок болду. өлүмчүл жымжырттык... бир шайык айкелден да сезимсиз абалда аялга кайрылды:

«- Айткандарыңды укпай жатам, оор угуп жатам, катуу сүйлөңүз, бакырыңыз! Мен дүлөймүн!» деди.

Айыбын сыр кылганын түшүнгөн алсыз, дарты бар жүдөгөн аял бир убакта жашоого кайтты. Эч бир улутта байкалбаган назиктик «**эсамм**»(дүлөй) лакабын алды. Мына ушул чыныгы Исламдын назиктик жактары жана адеби...

**Мухаммед Уфтаде** азиреттери өзүнө келген **Азиз Махмуддун** казылык кызматка келгенде Бурса базарында боор саттыруудан башка дүкөндөрдү тазалоо кызматын берген. Ошентип казы Махмуд падышаларга багыт берген даражага

жетип, устазы тарабынан «**Худайи»** деген ат менен аталып калган.

Олуялардын чоңу болгон **Абдулкадир Гейлани** азиреттери сырткы илимдин чегине жеткенден кийин «эч»болуу үчүн узак убакка чейин Багдад урандыларында жашаган.

Олуялардын султаны **Шах Накшыбенди** – куддусе сиррух- текебердиктин терси болгон «эч» абалына жетүү үчүн алгачкы жылдары ооруган жаныбарларды айыктырып, адамдар басып өтчү жолдорду тазалаган.

Улуу Алла Тааланын досу болгон Шах Накшыбенд азиреттери **Эмир Кулал** азиреттеринин тарбиясында болгон учурларын мындайча эскерет:

Изденүүдө болгон учурларда Алла Тааланын сүйгөн кулу болгон Эмир Кулал азиреттери менен жолуктум. Ал учурда тез тез Алла Тааланы эстечүмүн. Мага мындай деди:

«- Көңүл ал. Алсыздарга кызмат кыл. көңүлү оругандардын көңүлүн ал. Алар элден эч нерсе алышпайт. Алардын эч кандай кирешеси жок.

Ошондой болсо алар жүрөгү ток бойдон өтүп кетишет. Аларга ортомчу бол!»

ушул улуу заттын буйругун аткардым. Айткан жолунда көпкө чейин иштедим.

Андан кийин ал Алла Тааланын досу мага жаныбарларды кароону буюрду. Алардын орулууларын айыктырууну айтты. Жалгыз өзүм алардын жаракатын таңып, тазалап, бул ишти чын ыкылас менен кылууну буюрду.

Бул кызматты аткардым. Мага кантип айткан болсо дал ошондой кылдым. Ошондо өзүмчүлдүгүм жоголуп жолдон бир ит көрсөм да ордуман туруп ага жол бере турган болдум. Андан мурда кадам таштабас болдум. Бул абалым жети жыл уланды.

Андан кийин мага өзүнүн иттерине жакшы карап алардан жардам сурашымды буюрду. Мындай деди:

«Ал иттердин биринин кызматын кылып жатканда чоң бакыт аласың.»

Анын бул буйругун казына деп ойлодум. Эч нерсени кем кылбадым. Анын көрсөтмөсүндөгү

маанини түшүндүм. Ал айткан сүйүнчүнү күттүм. Иттеринин жанына келдим. Менде чоң бир абал пайда болду анын алдында турдум. Мени бир ый кармады. Ал ит Асхабы Кехфтен пайз береке алган Кытмир сыяктуу эле...

Мен ыйлаганда ал жатты. Буттарын өйдө көтөрдү. Андан кийин кыңшылап ыйлай баштады. Мен колумду ачтым, назданып сынган көңүл менен :

«-О**омийин!**» дедим

Ал ыйлаган үнүн басып туруп кетти.

Ошол күндөрдүн биринде үйдөн чыгып алыскы жерге кеттим. Жолдон бир жаныбар көрдүм, күндүн нуруна карап түсү өзгөрүп жатты. Руханий жыргалга гөнүп жаткан эле. Мага андан зор медитация абалы келди өзүмчө:

«- Мындан шапаат сурайын, азыр бул жаныбар шапаат абалында.» дедим

Кийин анын алдында адептенип турдум. Колумду көтөрдүм. Ошол учурда ал жаныбар абалдан абалга өтүп асманды карап жатты калды. Ал абалда мен:

«**- Оомийин!**» дедим.

Андан кийин устатым мага жолдон адамдарга тоскоол болгон нерселерди алып тазалоону буюрду. Бул ишти да жети жыл бою аткардым. Бул иште этек жеңим дайыма чоң топурак болчу.

Кыскасы бул зат Эмир Кулал азиреттери мага эмнени буюрса анын баарын толук аткардым. Рухум чексиз лаззатка толду. өзүмдө чоө өзгөрүү болуп жатты. (Хадикатул Вердийе, 545-547)

**Имам Азам** азиреттери учурундагы бардык илимдердин туу чокусунда болсо да Алла Таалага жакын болуу үчүн көпкө чейин «эч» болуп жашаган.

Аср саадат жылдарында момундар чоң Бедр жеңишин насип кылган Улуу Алла Тааланын пайгамбарына жана момундарга кайрылып:

**«(ал күнү) аларды силер өлтүрбөдүңөр. Бирок аларды Алла Таала өлтүрдү (Эй, Элчим) атканда сен атпадың. Алла Таала атты ...»** (Энфал, 17) деп айтып «эч»тике ишарат кылып жатат.

Инсан ээ болгон кудурет жок болгон учурда жалгыз гана Алла Тааланын берекети бар болуп,

жаныбарлар ээ болгон бардык касиет Алла Тааладан болгон. Ошондуктан бардык эрк (Алла Тааланын эрки) бардык нерсени курчоого алат. Бул эрк менен күч жаратканга таандык дегендик. Бирок инсандын бул дүйнөдө сыноо үчүн жиберилиши ага теңирдик эрктин бирилишине себеп болгон. Ушул себептен инсан жакшыга да жаманга да ооп кете алат. Бул эркти колдонуу инсандын өзүнө берилген.

Азирети Мавляна айтат:

«Бири бирибизден жогору, өйдө болуу жарышы кандай текебердик?! Негизинде барыбыз бир сарайдын босогосунда эмеспизби? Алла Таала: «**Эй, инсандар! Баарыңар кедейсиңер, жалгыз гана мен баймын!...**»- деп жатпайбы?

**Юнус Эмре** азиреттери акылмандуулуктун чындыгын мындайча баяндайт:

Илим илимди билүү,
Илим өзүңдү билүү.
Сен өзүңдү билбесең,
Бул канча окугандык?!.

*

**Алла Тааланын Элчиси** –саллалаху алейхи васаллам- айтат:

«Эгерде Алла Тааладан ылайыктуу корсоңор, чыныгы билим менен буюмдарды тааный аласыңар.

Эгерде Алла Тааланы ылайыктуу таанысаңар, дубаларыңар менен тоону ордуна ойнотосуңар.»

*

**Имам Газали** азиреттери илимдин туу чокусунда өзүн мындайча түшүндүөт:

«Акыл жана шарият илимдери менен алекмин. көп окуучуларым бар абалымды ойлодум. Байкасам түрдүү нерселерге байланып калыптырмын. Аны жалгыз Алла Тааланын ыраазычылы үчүн кылынган иш эмес экендигин жана мансап үчүн кылынганын байкап калдым. Жер менен жексен болуунун босогосуна барыпмын. Анан өзүмчө:

«Кана тез бол, өмүрүң аз калды. Алган илимиң акыйкатка айланбаса алданасың. Эми кереksиз

нерселерди таштабасаң акыбетиң эмне болот?»- дедим.

Ошондо бир абал пайда болду. Дүйнө менен дүйнөкөйлөрдөн алты ай бою качтым. Жүрөгүм алсырады. Алсыздыгымы түшүндүм. Дабасыз дартка чарасыз оорууга дуушуар болгон кишидей Алла Таалага жалбардым. Соңунда Немл сүрөсүнүн 62 аятындагы:

«**Кыйналган киши дуба кылганда, анын дубасы кабыл болуп жамандыкты жок кылган..**»- дегендей, Алла Таала дубамды кабыл кылып жүрөгүмдү ойготту. Ичимдеги мал - мүлккө кызыгуум жок болду. Баарынан баш тарттым.

Зикир, узлет, халвет, мужахада, риязат сыяктуу медитация абалдары менен эркимди тарбия кылдым. Илим - якиин менен билсем, Алла Таалага жеткендердин көпчүлүгү мистика аркылуу жетиптир. Анткени алардын абалдары пайгамбарлардын абалдарынан алыныптыр. Жербетиндеги пайгамбарлыктан өткөн жарык нур жок экен..»

**Алла Тааланын Элчиси** – саллаллаху алейхи васаллам- айтат:

«Ким илимин жогорулатып аны менен кошо дүйнөдө такыбалык кылбаса Алла Таалага өзүн алыстаткан болот...»

Ошондуктан азирети Мавляна зээндүү болбогондордун башкача айтканда жакшы амал жасабагандардын айткан сөздөрүкарызга алынган кооз кийим сыяктуу - деген.

*

Алла Тааланын Элчиси – саллаллаху алейхи васалам-:

«- Ичине нур кирген жүрөк ачылат жана кеңейет.» деген сөзүнө:

«- Мунун амалы эмне?»- деп суралат.

Ал:

«- Жалган дүйнөдөн алыстоо, түбөлүк болгон акырет жашоосуна көңүл берүү жана өлүм келе электе ага даярдануу.» - деп жооп берет.

Сахабалардан **Зайд бин Харисе** – радиаллаху анх- :

«Дүйнөлүк арзуулардан баш тартканда күндүзү суусуз, түндөсү уйкусуз абалга келди. Алла Тааланын арышын ачыктан ачык көрө турган болдум. Бири бирин зыярат кылган бейиштегилер менен бири бирине кас тозоктогуларды да көрө турган болдум.»- дейт.

**Сехл бин Абдуллага:**

«Сопу ким?» - деп суралганда:

«- Жүрөгү Алла Таала менен толгон тагдырын жөнөкөйлөткөн, алтын менен топуракты бирдей көргөн киши.» деп аныктама берет.

*

**Имам Газали** азиреттеринин кээ бир насаатары:

«Алла Таала берген ниматтарды, анын жолуна каржылоо шүгүрчүлүктү, жаман жолго каржылоо каапырдыкты билдирет.»

«Балээ бир гана күнөө менен каапырдыкта. Кыйынчылыктар балээ эмес. Анда сен билбеген жакшылыктар бар..»

«Бир сөздү айта турган убакта ойлон... айтпасан жоопкер болосуң... же үн катпа!»

«Акылы болгон киши эркине айтыш керек:

«- Менин байлыгым өмүрүм. Чыккан абанын кайтып келиши мүмкүн эмес. Аба эсептелет. Азайат, көбөйөт. Андыктан күндөрүн таамай колдонбогондор зыянда.»

«Эртең өлө тургандай өз мүчөлөрүңдү арамдардыктан сакта!.»

«Көзүң ачык болсун! «Кийин тообо кылам, жакшы амал кыламын!» дей турган болсоң, ойлон, өлүм мурун келип калышы мүмкүн. Бушайман болуп каласың. **Эртең тообо кылууну бүгүн тообо кылуудан оңой көрүп жатсаң жаңылышасың.»**

«Бир кишинин соодасы акырет соодосына тоскоол болуп жатса, анда ал киши бетпак. Байкуш. Бул бир чүпүрөк үчүн алтын сөйкө бергенге барабар.»

*

Имам Газали азиреттери инсан өз  эркин тааныш үчүн жалгыз өзү жетпей тургандыгын мындайча баян кылат:

«**Халк** менен **Хулк** бир уңгудан турат. Негизинде бул эки сөз ички жана тышкы дүйнөнүн сыпатын түшүндүрөт үчүн колдонулат.

**Халк** тышкы сезимдер менен сезилген нерселерди тюундурат.

**Хулк** болсо инсандын сырткы келбетине караганда билинбеген нерсе. Чыныгы мүнөзүн табият көрсөтөт. Инсан тышкы көрүнүшү менен канчалык өзүн жашырса да бир күнү ички мүнөзү анын кимдигин билдирип  коёт.»

/зүбүздү көрүү үчүн күзгүгө муктаж болсок ички жан дүйнөбүздү, мүнөзүбүздү көрүү үчүн жана аны тарбиялоо кылуу үчүн К/Ң+Л К+ЗГ+С+ болгон олуяларга муктажбыз.

Киде ким Алла Тааланын алдында жакшы же жаман киши экендигин билгиси келсе анда ал өзүнүн жасаган иштерине карасын. Эгерде кул Алла Тааланы көңүлүндө канчалык сезип туюп жасаган

иштери жакшы иш болсо анда аны Алла Таала жактырат.

Ошондуктан кул ар дайым өз эркин тарбиялоого кылууга чоӊ маани бериши абзел. Ошондо анын көӊүлүн азгырган арсыз арзууларды күлгө айланта турган нур пайда болот.

Алла Таала айтат:

قَدْ أَفْلَحَ مَن تَزَكَّى

**«/з эркин тарбиялаган киши кутулууга жетти»**(Ала, 14)

قَدْ أَفْلَحَ مَن زَكَّاهَا

«**Чыныгы кутулуу эркин тазалап, жалтыраткан киши**» (Шемс,9)

Ошондой эле Пайгамбарыбыз – саллаллаху алейхи васаллам – айтат:

«Момун момундун күзгүсү»

Бул хадис боюнча жетилген адамдар, бизге таза күзгү болуп  рухубузду ошол таза күзгүдөй чагылтып турушат. Башкача айтканда Алла Таалага баш ийгендер, жетилген адамдардын көзү менен өздөрүн тааный алышат. Бул таануу материалдык

эмес моралдык сезимдерден да жогору. Инсан ал жерде ички сырларын түзөт. Бул күзгү сырткы эмес ички күзгү. Анда келбет эмес Алла Тааланын нуру чагылат. Ошондуктан көңүл күзгүсүнөн пайыз алгандар өздөрүндө өзгөчө бир абалды сезишет. Эркине кош айтып Алла Тааланы табышат. Аллада эришет. Ушул себептерге байланыштуу жетилүү үчүн Муршиди- камилге (олуя башы) байланып анын адеби менен тарбияланышы керек. Юнус Эмре:

Шарият, тарикат жол болот барганга,

Акыйкат илим болот ага

-деп, Муршиди камилге жетүүнүн жолун көрсөтөт.

*

**Азирети Мавляна –**куддусе сиррух-

Пайгамбар мурасчынын тарбиясына кирүүнү, эрк тоскоолун жеңип, акыйкат жолу менен илимге жетүүнүн чарасы боюнча мындай дейт:

«Бычак, өз сабын башка бычактын сабы болмоюн кантип жонот? Сен барып жаралууну

көңүл догдуруна көрсөт. Сен аларды өз алдыңча дарылай албайсың...»

«Дүйнөлүк сезим менен ойду догдурдан, чексиздикке баруучу теңирдик сырларды Муршиди- камилден үйрөн.»

«**Эки бармак менен эки көзүңдү бас. Дүйнөдөн бир нерсени көрө аласыңбы? көрбөсөң да бул ааламды жок дей албайсың. көрө албоонун эрктин жолу эки бармагыңа таандык.»**

«Анан көзүндөн бармагыңды ал. Андан кийин каалаганыңды көр. Инсан көз менен чектелет. Калганы кайрат. **Көз болсо көргөндү дос кылат.**»

«Кураны Каримдин аяттарын жана Азирети пайгамбардын хадистерин окуурдан мурда өзүңдү оңдо. Гүл бакчадагы жыпар жытты сезбесең кемчиликти бактан эмес өзүңдөн изде...»

«Кураны Каримдин мааниси жалгыз гана эркин отко берип күл кылган, башкача айтканда эркин жок кылган кишилер Курандын рухун түшүнүшөт...»

*

Мавляна –куддусе сиррух- фена (мистикалык даража) даражасына жетүү үчүн мындай дейт:

«Деңиз ким болсун, өзүндө өлгөндү нерселерди үстүнө калкытып коёт. Сүгөндү билбеген киши деңиздин торунан кантип кутулат.? Дал ушундай эле «**/лүмдөн мурда өлгүлө**» деген сөздүн сырына окшоп, эгерде көз жумсаң сыр деңизи сени башына көтөрүп жүрөт.»

Инсандын жаратылыш максаты, кулдук кылуу жана Алла Тааланы таануу. Дүнйөнүн акыйкатына жетүү илим океанынан бир тамчы алуу менен башталат.

Чыныгы кулдукка жетүү үчүн дүйнөнүн жалган көз боёмолорунан алыс болуу керек. Андыктан **Ибрахим бин Этхем** азиреттери такыба жолунда мындай дейт:

Түн жарымы болчу. Ибрахим бин Этхем тактынын үстүндө уйкусурап жаткан эле. Ошол учурда сарайдын ичинен катуу  үн чыкты. Катуу сүйлөп бакыргандар… падышаны ойготуп

жиберишти. Султан Ибрахим бин Этхем +н чыккан тарапка карап кыйкырды:

«- Ким бул? Түн жарымда  эмне кылып жүрөсүңөр мында?»

«- Жоголгон төөбүздү издеп жүрүбүз султаным!»

Ибрахим Этхем ачууланып:

«- Төөнү сарайдан издейт бекен акмактар?!»

Жооп жөндүү болду:

«- Эй, Ибрахим бин Этхем! Сен сарайдан төө изделбегенин билсең, анда, үстүңдөгү жибек көйнөк, башыңдагы алтын таажы, колуңдагы жана отурган тактыңдан Алла Тааланы издеп таба албастыгыңды билесиңби?!»

Бул окуя Ибрахим бин Этемдин рухуна көпкө чейин мөөр басып турду. Аны жоопсуз калтырды. Бирок султан эски жашоосунан толук бойдон ажыраган жок.

Бирок Ибрахим бин Этхем аңчылыкты жакшы көрүп, аңчылыктагы бир окуясын да унутпаган:

Ибрахим бин Этхем азиреттери менен бир күнү аңга чыгышат. Бир жейрендин аркасынан кууп жөнөйт. Кууп жүрүп олтуруп аскеринен алыстап кетет. Атын тер басат. Бирок Ибрахим бин Этхем, жейрендин  артынан сал түшүп, сары изине чөп салып кууй берет. Жейрен кысыкка  кысылат, аны атайын дегенде жейрен адам тили менен ага кайырылат:

«- Эй, Ибрахим! Сен сен мени өлтүрүш үчүн жаратылган эмессиң. Алла Таала сени мени уулоо үчүн жоктон бар кылды беле? мени атып  эмне табасың.Бир жанды өлтүргөндөн башка эмне пайда табасың?.»

Ибрахим бин Этхем бул сөздөрдү укканда өзүнүн жүрөгүнө ок тийгендей болду.Жерге кулап түштү, чаң ызыргып өйдө-төмөн чуркай баштады. Бир убактан кийин айланасын караса, какыраган чөлдө жүрөт, жанында бир койчудан   башка эч ким көрүнбөйт.Бир оокумда ага келип жалына баштады:

«+стүмдөгү асыл таштарды, падышалык кийимимди, куралымды жана атымды менен алып

өзүң кийген кийимиңди мага бер! Эч кимге эч нерсе айтпа!» - деди.

Чабандкойчунун акылы айран болду. Анын артынан өзүнчө: «Падышам акылдан айныптыр»- деп ойлоп калды. А Ибрахимдин акылы ордунда болуучу. Ал жейренге аңчылыкка чыгып Алла Тааланын аңына өзү дуушар болду.

*

Алла Таала Мавляна азиреттеринин сунуштарына көңүл бөлүүнү, мисалдарынан үлгү , анын абалдарынан насип алууну барыбызга насип кылсын! Оомиин!

Ал Алла Тааланын досу мындай дейт:

«Акылдуулар жол башчыга окшойт. Жолдогуларга пайдалуу болушат. Бирок жолго кирбегендерге пайдасы болбогон сыяктуу, алар да жол башчылардын пайдасын билишпейт.

«Дагы бир догдур, оорулууларга шыпаа берет. Муну оорукчандар жакшы билишет. Ал эми өлүктөр догдурдун баркын кайдан билсин.»

«/мүр эртеңки үммөттөргө таандык болсо да келип кетет, акыр аягы түгөнөт.»

«Сен акылыңды башыңа түйүп, өмүрүңдү жашап жаткан күнүңдө бил!.. кара бул күнүңдү кайда жумшап жатканыңды.?»

«Баштыгыңды, чөнтөгүңдү акча менен толтурсаң да, күн сайын жеп ичсең да, ар бир дем алып чыгарышыңда өмүрүң кыскарып жатат..»

«/лүм бизди кайырмактай бир бирден тартып алып кетет. Анын сүрүнөн акылдын  жүзү бозоруп жок болот...»

«/лүм жолдо туруп күтөт. А биз болсо жер чаңытып жүрөбүз эч нерседен кабарсыз...»

«/лүм каш-кабактын ортосунда. Аны эстегенден да бизге жакын. Бирок акылыбыз алыстарга кетип калат. Билбейм... «

*

**Шейх Галиб т**өмөндөгү ыр сабында теңирдик аттардын чагылышы катарында ааламдын сырларын өз ичине камтыган бир **К/Ң+Л К+ЗГ+С+Н** мындайча түшүндүрөт:

**Жакшы кара затыңа кимдин өзөгүсүң сен,**

**Ааламдын өзөгү болгон адамсың сен...**

(/зүңө көңүл көзү менен кара сен ааламдын көз нуру болгон адамсың)

Бирок канчалык ааламдын өзөгү болсо да эркине моюн сунуп, эң төмөнкү даражага түшүп, өзүнүн негизин жоготуп алган азирети Мавляна мындай дейт:

«Эй, көңүл багында булбул болгон! Эгерде байкуштукка аракет кылсаң чоң күнөө кылган болосуң. Эй,! Гүлистанда гүл көчөтү болгон! Сен тикен болууга аракет кылсаң өзүңө жамандык кылган болосуң!»

**Оо, Теңирим! Бизге көңүл күзгүсүнөн акыйкат нерселерди, эки дүйнө сырларын көрсөтүп көзүбүз менен көңүлүбүздү эки дүйнөдө нурга толтур!**

**Оомийин!..**

## ЛАЙЛИНИ КАПА КЫЛАСЫҢ

Эң сулуусуң, денемде сенден башка эч нерсе жок.
Ошондуктан бир тамчы суу балда канда
Эрип жок болсо мен да сенде эриймин

**Азирети Мавляна**

Күндөрдүн биринде Мажнун ажырашуунун айынан ооруп калат. доктордү чакырат. Доктор ага:

«- тамырыңдан кан алыш керек!» деп анын колун таңа баштайт. Андаң соң ийнени апкелип кан алайын дегенде Мажнун бакырат:

«- Эй, доктор кан алба! Акыңды ал да кеткин! Бул оорудан өлмөйүнчө зыян жок. Бул чириген дене өлсө өлсүн?!»

Доктор айраң-таң калып Мажнундан сурайт:

«Сен чөлдө күрүлдөгөн арыстандан коркпой кан алгандан коркосуңбу?»

Анда Мажнун:

«- Мен кан алдыруудан коркпоймун...

Баары билет, менин сабырым менен чыдамым таштан да катуу. Мен эч нерседен

коркпогон, анан да дүйнөгө таандык саманканасы да болбогон бир адаммын.Бул жалганда денем жарадар болбосо ыраазы болбойм! Жаралар ашыктыгымдын ырайымы. Ошондуктан жарадар болгонго ыраазымын...

Менин денем Лайли менен жык толгон. Жүрөгүмдү Лайлиден башка эч нерсе жок. Ошондуктан сен кан алып жатканда ийинени Лайлиге тийгизип алып аны капа кылып коёсуңбу? - деп коркомун...

Андыктан Алла Тааланын өзгөчө кулдары жакшы билет, Лайли менен менин ортомдо эч айырма жок.

**МЕСНЕВИ**

«Сүйүү болболсо бул аалам кайдан болсун? Анан кантип нан өзүн сага жедирип, жаныңа жан кошуп сен болсун?! Билип кой, нан ошол сүйүүнүн айынан өзүн сага берди жана ал сенде сен болду.»

«Сүйүү, өлүү нанга да жан берет. Жалган денеңе кошулуп түбөлүк болот.»

«Билип кой, ички жан дүйнөсү теңирдик сүйүүгө толобогон адам не деген бечара. Ал айбандан да төмөн болушу мүмкүн. Андыктан Асхабы Кехфтин ити да сүйүү элин издеди, тапты, руханий бир бийиктикке жетип ошол өзгөчө кулдар менен чогу бейишке жетти.

*

Юнус Эмре азиреттери Мажнундун катуу сүйүүсүнөн насип алууну каалап мындай дейт:

Лайли Мажнун менмин

Улуу Рахман менен

Лайлинин жүзүн көрүүгө

Мажнун болгум келет

Фузули Мажнундан да өткөн сүйүүгө ээ болгусу келип мындай дейт:

Менде Мажнундан өткөн сүйүү күчү бар,

Ашыктык менен Мажнундун аты бар.

Көзү ачыктар бардык буюмду сүйүү толгон нерсе катары көрүшөт. Алар бардык нерсени сүйүүнүн негизинде жаратылгандыгын аңдашат. Эгерде эзелки сүйүү болбогондо аалам жаратылмак

эмес. Аалымдар билишет ушул сүйүү ааламына бардык нерсенин Нуру **Азирети Мухаммед Мустафа** –саллаллаху алейхи васаллам-жиберилген.

Кудси Хадисте мындай деп айтылат:

«Мен сырдуу казына болчумун. Таанылганды каалап ушул ааламды жаратым.» (И. Хаккы Бурсеви, Кензи Махфи)

Мындан байкалгандай, аалам жана бардык макулуктар теңирдик сүйүүнүн натыйжасында пайда болду. Алла Таала бардык нерсени өзүнүн кудуретине далил катары жаратты. Жаратылгандардын керемети болгон адам да жаратылды.

Юнус Эмренин сүйүү жөнүндөгү төмөндөгү ыр саптары абдан таасирдүү:

Сүйүү имам бизге көңүл жамаат,

Дос жүзү кыбыла дайыма кылат намаз.

Андыктан Алла Таала ашыктарынын денеси чыныгы сүйүүгө толоогон. **Халлажы Мансур** шейит болгондо каны жерге жайылып «**Алла, Алла**»деген

жазууну пайда кылган.**Фузули** Лайли менен Мажнундун сүйүүсүнөн таасирленип мындай дейт:

Менде сүйүү болгон сенсин!

Мен жокмун жалгыз сен барсың.

Эгерде мен мен болсом, анда сен кимсиң,?

Эгерде сен сен болсоң анда мен киммин?.

(Менде көрүнгөн сенсин, мен өзүм жокмун. Эмне болсо сенсин, эгер мен болсо, мен мен болсом Эй, сүйүктүүм, анда сен кимсиң? )

Юнус Эмре мындай табышмакты да айтат:

**Этке, сөөккө оролдум,**

**Юнусмун деп көрүндүм...**

Чындыгында эле Алла Тааланын өзгөчө кулдары жакшы билишет, Алла Тааланын сүйүүсү менен чыныгы ашык болгондор менен ортосунда эч кандай айырма жок. Ашыктардын денеси келип кетүүчү. Руханий дүйнөсү түбөлүк. Буга **Якуб** – алейхиссалам – менен уулу **Юсуф** – алейхиссалам – мисал боло алат. Азирети Якуб уулу Юсуфтан өзүнүн жөндөмүн көргөндө, башка балдарына караганда ага өзгөчө мамиле кыла баштады. Бул

сүйүүнүн натыйжасында Юсуфтун көйнөгү Египеттен алынып келип жатканда  Кенан жергесинде анын жыты калат.

Анткени Юсуфтун көйнөгү тууганынын колунда калып, өтө кирдеп, ыплас абалдаболучу. Бир тууганы көйнөктү алып Азирети Якубка берди. Көйнөк бир тууганынын колуна туткунга түшкөндөйабалда эле.

*

Вахдет (жалгыз) сыпатын өзүнө гана таандык кылган Алла Таала бардык жанды эки экиден жаратты. Илим изилдеп чыккан ушул экиден жаратылуу бизге он беш кылым мурда аяттарда даана айтылган.

Адам акылы жетпес жаратылган бул ааламдын жаратылышы эң майда бөлүчөдөн атомдорго чейин, анын ичиндеги нейтрон протондорго чейин ар биринин өзүнө мүнөздүү сырдуу милдеттери да жаратылган.

Ясин сүрөсүндө:

سُبْحَانَ الَّذِي خَلَقَ الْأَزْوَاجَ كُلَّهَا

مِمَّا تُنبِتُ الْأَرْضُ وَمِنْ أَنفُسِهِمْ وَمِمَّا لَا يَعْلَمُونَ

**«Ал Субхан болгон Алла Таала, топурактан, өздөрүнөн жана билинбегендерден жубайды жараткан.»** (Ясин, 36)

Жуп жаратуунун туу чокусу инсандык аркылуу толукталган.

Алла Таала үй бүлө түзүлүшүнө бир нече үлгүлөрдү жана сырдуу нерселерди да кошо жараткан:

**«Силерге өзүңөрдөн жубайларды жаратканы үчүн – Ага сыйынышыңар керек. Ортоңордо сүйүү менен ырайымдын болушу, Анын аяттарынан. Муну ойлонгондор үчүн албетте үлгү сабак бар...»** (Рум, 21)

Бардык макулуктардын ичинде мейли жандуумейли жансыз болсун бири бири менен ар түрдүү мамиледе болушат. Анткени баарынын негизи бир. Сүйүү канчалык күчтүү болсо, жаратылыш ошончолук кооз болот.

Жубайлар дене жагынан жана руханият жагынан теңирдик лаззаттарды сезиши теңирдик

жолдо сапарга алып чыгат. Жаратылыштын сырларын үйрөтөт.

**Лайли** көп жыл өткөндөн кийин **Мажнунга** кайтып келет. Мажнун аныкарабайт. Лайли:

«Мен үчүн чөл кезип тентиген сен эмес белең?»- дейт.

Мажнун:

**«-Ал бир уламыш ошол Лайли эчак Эрип жок болгон.»**- деп жооп берет.

Мажнундун жашоодогу максаты болгон Лайли теңирдик сүйүүгө кадам таштаган эле. Мажнун теңирдик сүйүүнүн ордун тапкансаң жашоодогу Лайлинин мааниси жоголгон.

Месневиде айтылган Лайли, соңунда теңирдик сүйүүгө айланган сүйүүнүн символу болуп эсептелет.Башкача айтканда, Лайли көңүлдөрдү Мажнун кылган жана физикалык эркти жок кылган теңирдик сүйүүнү билдирет.Лайли менен башталган сүйүүлөр Теңирде акыркы чекитин коёт.

Лайли – бул жөнөкөй эле адам. Бирок сүйүүсү менен Мажнунду дастанга айландырат.

Бирок ашык болгон Лайли эмес ааламдын жаралыш себеби болгон жана Алла Таала «Хабибим» деп атаган адам болгон болсо анда сүйүү кандай абалда болмок!..

Эми бул нерсеге бир нече мисал келтирели. Азирети Мавлянанын икаяларынан баштайлы.

*

Азирети Мавлянанын окуучусу **Гүржү Хатун**дун күйөөсү Кайсериге аким болуп дайындалат. Гүржү Хатун Селчук сарайынын атактуу сүрөтчүсү Айнуд Давлени жашырынып барып **Азирети Мавлянанын** сүрөтүн тартып келүүгө жөнөтөт. Сүрөтчү келген себебин Азирети Мавлянага айтып коёт. Ошондо ал:

«Сага буйрулганды каалаганыңдай орундат!» - дейт

Сүрөтчү тарта баштайт. Бирок сүрөт улам эле окшобой калат. Сүрөт туртуу жыйырма жолу кайталанат. Акырында сүрөтү алсыздыгын сезип

сүрөт тартуудан баш тартат. Азирети Мавлянанын колун өөп жүгүнөт.[2]

Бул окуя сүрөтчүнүн көзүн ачат. Айраң таң калып, ал тереӊ ойго батат. Бул окуядан соӊ мажнун сыяктуу болуп калган сүрөтчүөзүнчө күбүөй баштайт:

«- Бир диндин олуясы ушундай болсо, анын билет пайгамбары кандай болду экен.?!»

*

**Имам Малик** – радиаллаху анх – Расулаллах – саллаллаху алейхи васаллам – менен бир болуп анын таасири менен жашады. Мадинаи Мунавварада жаныбарга минген жок. Муктаждыгы үчүн сыртка да аз чыкты. Равзада имам болгон учурда үнүн кысып, акырын сүйлөдү. Учурдун калпасы Абу Жафар Мансур кыйкырып сүйлөгөндө:

«- Эй, Калпа! Бул жерде үнүңдү пасайт! Алла Тааланын берекети сенден да пазилеттүү инсандарга берилди.» деди да төмөнкү аятты окуду:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَرْفَعُوا أَصْوَاتَكُمْ فَوْقَ صَوْتِ النَّبِيِّ

---

[2] Тартылган бул сүрөттөр азырга чейин Мавлянанын музейинде турат.

وَلَا تَجْهَرُوا لَهُ بِالْقَوْلِ كَجَهْرِ بَعْضِكُمْ لِبَعْضٍ أَن تَحْبَطَ أَعْمَالُكُمْ وَأَنتُمْ لَا تَشْعُرُونَ

**«Эй, ыйман келтиргендер! +нүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик чыгарбагыла. Бири бириңерге бакыргандай пайгамбар менен сүйлөшпөгүлө. Болбосо силер жасаган амалдарыңардын баары текке кетет.»** (Хужурат, 2)

*

Имам Малик азиреттери өзүнө зулумдук көрсөткөн  Мадина акимин кечирген:

«Махшерде Алла Тааланын Элчиси – саллаллаху алейхи васалам – дын небереси болгон затка эсептешүүдөн уяламын.» - деген.

**Устад Эсад Эрбил** азиреттери Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам- дын сүйүүсү менен отко күйөөрүн минтип баян кылат:

**Шейиттерди мынчалык от менен тазалоо мүмкүн эмес,**

**Денеге от кепен да жагымдуу.**

(мынчалык от менен шйиттерди жуу мүмкүн эмес? Денеге от кепин да, шейиттерди жуу үчүн жагымдуу.)

Азери акын **Фузули** өзүнүн атактуу касидасында сүйүүсүн мындайча билдирет:

**Төкпө көз, көңүлүмдөн чыккан отко жаш,**

**Анткени бул жаш чара болбойт ага саз.**

1. **Ахмед Хан** Алла Тааланын Элчиси-саллаллаху алейхи васалам- дын буюмдарынын макетин жасатып андан таасирленген:

**Эмне болот башыма тажы кылсам сени дайым,**

**Нурун  чачып туруучу жолума дайым.**

Аалам императору **Явуз Султан Селим Хан,** өзүн Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам - дин акыйкатына жана олуялык даражасына жетип мындай деп ыр жазат:

**Ааламга падыша болуу –болбос нерсе экен,**

**Бир олуя болуу андан бийик экен.**

Муну менен ал Алла Таалага жана анын Элчисине дос болуунун маанисин билдиргиси келген.

**Азирети Мавляна** бул жөнүндө мындай дейт:

«Сүйүү кир сууларды тазалайт. Чыныгы сүйүү өлүк жүрөктү тирилтет. Падышаларды да кулга айлантат!..»

63 жашында өзүнө мазар сыяктуу жер каздырып жашоосун жана ибадатын ал жерде аткарып:

«Мага бул жаштан кийин топурактын үстүндө жашоо жарашпайт!» - деген мистиканын улуу каарманы **Сейид Ахмед Ясави** бул жолго киргендердин бири. Ал жашаган жер анын урматына «**Азирети Түркистан**» делет.

**Вейсел Караниге** Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаламдын- Ухудда тиши сынганы жөнүндө кабар келет, бирок кайсы тиши сынганын билбей бардык тишин сууруйт. Баарын жулдуруп пайгамбар экөө жеңилдей түшөт.

Динар уулдарынан бир аялдын күйөөсү, тууганы жана атасы Ухудда шейит болду. +чөөнүн шейиттик кабары келгенде:

«- Силер мага Алла Тааланын Элчисин көрсөткүлө. Аны көрөйүн.»- деди.

Ага Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – көрсөтүлгөндө:

«Эй, Алланын Элчиси! Сен тирүү калгансың, мага бардык балекет биригип эч нерсе каалабайт...» - деди.

Жер көтөргүс кайгыдан кийин мусулман болуп Алла Таала менен анын Элчисинин сүйүүсүнө жеткен Ханса Хатун, Кадисия согушунда 4 баласынын шейит болгону жөнүндө кабар келгенде, ыйман кумарынын кучагында:

«Исламдын бир жеңиши үчүн 4 балам белек болсун!» - деп, 4 шейиттин энеси болуунун кумарында Алла Таалага шүгүр этти.

**Валиде Султан:**

**Сүйүүдөн Мухаммед пайда болду,**

**Мухаммедсиз сүйүүдөн эмне пайда?..**

Деп рухтун азыгын жалгыз гана Алла Тааланын Элчиси саллаллаху алейхи васалам – сүйүүсүнөн пайда болгонун айтат.

Маркум устазым **Яман Деде**, сабакта Месневи саптарынан окуп жатканда биллур көлчөк сыяктуу болгон көзүнөтамчы тамызып:

**Көңүл кумарынан ашык болдум Эй, Алла Тааланын Элчиси,**

**Бул кумарга кантип баттым билбейм Эй, Алла Тааланын Элчиси.**

**........**

**Ажырашуу да жолугушуу да ыйлайт түбөлүк бакыт болбосо,**

**Жамалың менен корго күйдүм Эй, Алла Тааланын Элчиси.**

деп караңгы түндө жүзү аруу нур чачыратчу.

*

Пайгамбарлар жана олуялар, ыйманга таандык сүйүүлөрдү көкөлөтүп, табияттагы ыйык нерселерди толуктайт.

Адамдар мындай улуу нерсеге руханий үлпөт жана Алла Тааланын олуя достору менен биргелешип жетет. Андан соң өлбөстүк сырын теңирдик калем менен көркөмдөп жазышат.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – менен адамдар руханий жаткан бирике андан көңүл нурун алса, жогоруда айткандай жогорку даражага жетишет. Бул нерсеге жалгыз гана Алла Тааланын Элчисине терең урмат көрсөтүү менен жетиш мүмкүн.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – ды эң көп өзүндө сезген **Абу Бакир** – радиаллаху анх – эле. Бул сүйүү отунун ичинде боорунун куйкум жытын алар эле. Анткени ал Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – абалын эң жакшы билет эле. Имам Бухари мындай дейт:

«Абу Бакир сыддык азиреттери **Алла Тааланын Элчисинин** руханият жагынан да ар дайым бирге болуучу. Башкача айтканда Алла

Тааланын Элчиси жалгыз калган учурларда да руханий жактан аны менен бирге болгон.»

Азирети Абу Бакир мындай абалда Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам - өлүм төшөгүндө жатканда:

«**Бардык эшиктер жабылсын, бир гана Абу Бакирдики жабылбасын!» -** деген.

Бул хадиси шериф эки жактуу жүрөк агышынан кабар берет.

*

**Хаже Убайдуллах Ахрарды** заматта катуу суук каптады. Титирейт. От жагып ысынууга аракет кылат. Ошол учурда өзү менен биргелешкен окуучусу муздак сууга түшкөн немедей титиреп ичкери кирип келет. Ал ысынганда Убайдуллах Ахрар азиреттери да кошо ысый түшөт.

**Баязид Бистами** теңирдик сүйүүдөн катуу таасирленип жараткан үчүн жаратылгандардын ар биринин муңун өзүндө сезмей болду.

Бир күнү көз алдында бир эшекти токмоктой башташты. Байкуш жаныбардын каны ага баштады.

Ошондо Баязит Бистами азиреттеринин да балтырынан да кан ага баштады.

**Булбул сайраса аркы тоодон үн чыкпайт. Канчалык үлпөтүбүз ысык болсо жакындыгыбыз да ошончолук.**

**Азирети Али**ге бирөөнүн өзүн абдан жакшы көргөндүгүн айтат. Азирети Али – радиалаху анх -:

«Ооба, мен аны сүйгөнчөлүк ал да мен сүйөт.»

Башкача айтканда руханий жактан **бир болуу** денебиздин бир экендигин далилдейт. Бул сүйүү менен гана толот.

Мистикада сүйүү башкача жашалат. Бул сүйүү Алла Таала Элчиси жана салих кулдарда болот. Имам Газали намаздагы «**аттахият**»ты сүйүүгө мисал катары тартат. Намазда жүрөк бейпили болуш керектигин айтып:

«Алгачкы жана акыркы отурушта «**Аййухан набиййу ва рахматуллахи**» дегенде Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – жүрөк көздөрүнө кирүү керек.»- дейт.

Чындыгында намаздагы аттахият сүйүүдөн пайдалануунуну түшүндүрөт.

Намаз кылган бир момун «аттахияттын» руханиятынан насип алууга аракет кылганы абзел. Аттахияттын сөзү болгон:

«Бардык таазим, урмат, кооздук, хамду санаа, салават сыяктуу жана буга кошумча кыймыл аракеттер, мал – мүлк ибадаты Алла Таалага таандык» деген сөзү Алла Тааланын Элчисинин - саллаллаху алейхи васалам – Мираж окуясындагы Алла Таала азиреттерине болгон хамду санасы жана таазими. Бул ыйык сөздөр Алла Таала миражда «**Сүйлөш мени менен Эй, Элчим»** деп айтылгандан кийин Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – жүрөгүнө илхам кылынган сөздөр.

Экинчи сөз:

«Эй, Наби! Дүйнө жана акыретте ырайым менен салам сага болсун!»- деген сөзү Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – га болгон улуу урмат белгиси.

+чүнчү сөз:

«Салам биздге жана салих кулдарга болсун» - деген сөз азирети Пагамбар - саллаллаху алейхи васалам – дын Алла тааланын саламына жооп айткандыгы. Бул жерде Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – Алла Тааланын саламына салих момундарды кошкон. Ушул кооз саламдашууга күбө болгон азирети Жабиреил – алейхиссалам – айраң таң калып:

«Алладан башка Кудай жок экендигине жана Азирети Мухаммед анын элчиси жана кулу экендигине күбөлүк кыламын.» - дейт.

Бул күбөлүк, тавхид жана кулдуктун эң чоң даражасын көрсөтүп, азирети Пайгамбардын - саллаллаху алейхи васалам - аты айтылган жерде салату салам айтуунун зарыл экендигин билдирет.

Кыскасын айтканда Алла Таала, Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – жана Жабиреил – алейхиссаламдын- сөзүнөн турган «аттахият» дубасы, үммөтү - Мухаммед үчүн берекет жана өзгөчө бир насип. Ошондуктан бул дубаны

окуп жатканда анын руханиятынан жүрөгүбүз арууланган таасирин алат. Башкача айтканда, кул сабатсыздык кылбастан мындагы сөздөрдү Алла Таалага таазим кылып жана Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам - менен Азирети Жабиреил – алейхиссаламга – урмат көрсөтүшү абзел. Ошондо гана намаз момундардын Миражы боло алат.

Ушул себеп менен айтып коюш керек – намаздын башынан аягына чейин бейпил болуу жалгыз гана олуялардын да кыйналган маселесине кирет. Бирок билип коюш керек намазды ыкылас менен окуу ошончолук сооп болот. Ошондуктан намаз окугандар ыкыласын мүмкүн болушунча бекемдеши керек. Болбосо Алла Таала абдан ачууулу болот:

«**Намазды ыкылас менен кылбагандарга наалат болсун.»** (Маун, 4-5)

Анткени чыныгы намаз ыкылас менен окулат. Башка бир аятта мындай делет:

**«Намаздарын ыкыластуулук менен окугандар кутулууга жеткендер...»** (Муминун, 1-2)

Бул ыкылас алардын жашоосун өзүнө курчаган. Ошондуктан Азирети Мавляна – куддусе сиррух – «**Алар намаздарын дайыма окушат!»** (Мeариж, 23) деген аятындагы сөзгө таянып:

«Намаздан кийинки абалдары да намаздагы сыяктуу.» - деп тастыктайт.

Мындай абалга жетүү үчүн чын дили менен Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – адебинен насип алып анын жолуу менен жашоо керек.

Албетте инсан Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам - нин алдында титиреп, ага сый – урмат көрсөтүп дүйнөгө таандык эмне болсо алардан алыстаганда гана бул абалды жашай алат. Туура жолго кирет.

Ага эч ким толук аныктама бере албайт. Табиятын да так тааный алган жок. Жабиреил – алейхиссалам – да Сидратул – Мунтахада:

«Мен акыркы чектемин, мындан ары өзүң бар!» - деди.

Ар бир сахаба өзүнүн даражасына жараша Алла Тааланын Элчисин - саллаллаху алейхи васалам- тааный алды. Аң сезиминин терезесинен аны көрө алды.

**Азирети Айша –** радиаллаху анха-:

«Алла Тааланын Элчисинин жүзү нур чачаар эле. Айдын он төртүнчү түнүнөн да жарык болчу. Караңгыда ийнеге жипти анын нурунда өткөрөт элем...» дейт.

**Азирети Мавляна:**

«Эки дүйнө бир көңүл үчүн жаратылган. «**Сен болбосоң бул ааламды жаратмак эмесмин!»** деген хадистин маанисин ойлон!» - дейт.

**О Жараткан! Биздин көңүлүбүздү чыныгы теңирдик сүйүү менен бекемдеп, эки дүйнөдө садык кулдар менен бирге болтура көр!**

**Оомийин!..**

## ЛАЙЛИ ЖАШАГАН К/Ч/Н+Н К+З/ТЧ+С+

«Мажнун болбосоң унчукпа!
Ал смүйүүгө жетпегендер үчүн Лайли,
буюмдан башка эч нерсе эмес!»
**Азирети Мавляна**

**Лайлинин** айынан чөл кезип жүргөн **Мажнун,** кан кайнаган ысыкта жүнүнөн тер куюлган бир итти жакшы көрүп, аны сылап көздөрүнөн өбөт. Буну байкаган бирөө чыдай албастан; Мажнунга бакырат:

«- Эй, Мажнун! Бул эмне кылганың? Бул жаныбарды эмнеге кучактап өөп жатасың?»

Мажнун мындай деп жооп берет:

«- Сен жөн гана сүрөтсүң. Денеден жана эттен гана турасың. Мен мындан кутулуп бул ишти кылганымды сен кантип түшүнмөк элең?! Ичкери кир, башкача айтканда рух ааламына кир. Ага менин көзүм менен кара!

Бул иттин эмне сыры бар экенин сен кайдан билмек элең. Бул итте сен билбеген теңирдик сыр

бар. Алла Таала анын көңүлүнө кожоюнунан башка эч кимди сүйбөө сырын сактаган. Ошондой эле бул ит Лайли жашаган көчөгө барып ал жерди күзөттүп турат!

Ит деп эле басып кетпе. Сен анын сырына назар сал. Ал менин жан дүйнөмдүн Китмири. Менин бакыт жолдошум. Мунун бир кылын арыстанга да алмаштырбаймын. Көңүлүнө, жанына дыкат кыл. Анын пазилетин көр. Лайлинин айылын өзүнө үй кылган бул иттин изи да мага ыйык...»

**МЕСНЕВИ**

«Эй, достор дене менен түстөн өтүп, эрктен ажырап руханий ааламга кирсеңер, ал жерди бейиштен да өткөн гүл бакча катары көрөсүңөр..»

«Эй, киши, өз денеңди кайгы кападан жана текеберликтен сыйрып таштасаңар, башкача айтканда бардык Буттардын кожоюну болгон эркиңерден кутулсаңар, анын ичиндеги бардык Буттарды сындырган болосуңар.»

«Андан кийин ар бир сүрөттү, ар бир Бутту сындырып, Азирети Айдар[3] сыяктуу Хайбер чебинин эшигин жулуп аласың. Азирети Ибрахим сыяктуу отту гүлистанга айлантасың...»

*

Месневидеги башка бир Лайли икаясы:

Учурдун өкүмдөрү Лайлини көрүп калат да айраң таң калат:

«Мажнундун акылдан айнышына себеп болгон Лайли сенсинби? Сенин башка аялдардан эч кандай айырмаң жокко?!..» - деп сурайт.

Лайли ага:

«- **Сен Мажнун болбогонуң үчүн аны түшүнбөйсүң!..»**деп жооп кайтарат.

Сырттан карагандар үчүн Лайлинин сулуулугу башкалардан өзчө көрүнбөйт. Кайстын ага Мажнун болушу, анын ички сулуулугун көргөндүгүндө. Халифа Лайлиге Мажнундун көзү менен карабагандыктан анын сырын биле албады. Анткени аны билүү үчүн Лайлинин сырткы

---

[3] Азирети Али – радиаллаху анхтын – лакабы.

сулуулугуна көз жумуп, анын ичики сулуулугун көрүү керек болчу.

Акыйкатты билбеген эл Мажнунга боору ооруп:

«- Эй, Мажнун, эми Лайлини унут. Андан ашкан сулуулар бар!..» дешет.

Мажнун аларга мындай жооп кайтарат:

«- Дене менен сөлөкөтүбүз бир кумура сыяктуу. Сулуулук анын ичинде теңирдик шарбат. Алла Таала мага ушул шербетти Лайлинин кумурасынан берип жатат.

Силер кумуранын сыртын көрүп жатасыңар, бирок ичиндегисинен кабарыңар жок. Анткени анын ичиндеги теңирдик шербет руханияттан насиби жокторго көрүнбөйт. Анын ичиндеги сулуулук күйөөсүнө бек болгон аял сыяктуу башкаларга көрүнбөйт.»

Ошондуктан **Шейх Сади** – куддусе сиррух - :

«Лайлинин сулуулугуна Мажнундун көзү менен кароо керек» - дейт.

Мажнун канчалык жинди делсе да ал, теңирдик сүйүүдө чыныгы акыл ээси. Анткени көптөгөн акыл ээлери бар, алар жакшы менен жаманды бири биринен айырмалай алышпайт. Алардын байлыгы эки дүйнө бетпактыгы. Мавляна – куддусе сиррух – мындай дейт:

«Сүйгөндүн акылдуусуна жинди дебе! Рух менен жан дүйнөсү оролгон кишини жалганчы дебе! Түбү жээги болбогон океанды тамчы дебе! Ал өзүн өзү билет!..»

Юнустун көңүлү өрттөнүп теңирдик сүйүүнүн отунда сүйлөгөн сөздөрү, сүйүүнүн кадыр баркын жакшы чагылдырат:

Күйүп күйүп мен жүрөм,
Сүйүү мени канга боёду.
Эмне кылам, эмине,
Кел көр! мени сүйүү эмне кылды.
Учамын жел сыяктуу кээде,
Чаңданам кээде жол сыяктуу.
Ташкындап кээде сел сыяктуу,
Кел көр! Менисүйүү эмне кылды.

*

Месневиде айтылган Лайли икаялары теңирдик сүйүүнүн символу.

Лайлини көрүү, анын кадыр баркына жетүү сенин сүйүүдөгү туруктуулугуңа байланыштуу. Болбосо көргөнүң сөлөкөттөн башкасы эмес. Мындай сүйүүнүн кадыр баркын билбегендерге Лайли жөнөкөй эле бир дене.

**Азирети Мавляна** бул акыйкатты мындайча айтат:

«Ар бир нимат менен милдеттин көрүнүшү бирөөгө бейиш, бирөөгө тозок...»

«Бардык жан жаныбарлар, адам, айбан, өсүмдүк, жансыз нерселер азык да, уу да бар. Бирок баары муну көрө албайт.»

«Кумура ортодо көрүнүп турат. Бирок ичиндеги суу сырдуу. Аны бир гана ичип көргөн билет.»

«Юсуфтун денеси чөйчөккө окшоду. Атасы ал чөйчөктөн ичкен сайын кумары артчу. Туугандары

болсо ал чөйчөктөн уу ичип Юсуфка каршы ачуулу болчу.»

«Зулайка да Юсуфтун бакалынан башкача бир шарап ичти жана дүйнөлүк сүйүү менен өзүнчө кумарланды.»

«Кумуранын ичиндеги сүйүү шарабы, кайып аалам сыяктуу. Кумура да өзүнчө бир аалам. Кумура көрүнүп турат. Ичиндеги суу сырдуу. Аны баары биле албайт»

«Ушул кооз руханий шербет, теңирдик сүйүү жана ажайып сырлардан насиби болбогондор өздөрүн кармай алышпайт. Жүрөгү дүйнөлүк арзуулар менен толо болгон адамдар бул руханий шербеттин лаззатын ала алалышпай. Бирок бул сыр, сүйүү менен орток болгондорго айдан ачык.»

*

Алла Таала **Азирети Ибрахимди** дос кылганда периштелер:

«Эй, Теңирим! Ибрахим сага кантип дос болот? Напси баласы байлыгы бар. Жүрөгү балага

толгон...» дешет. Көп өтпөй азирети Ибрахимдин оор сыноого тартылганына күбө болушат:

Азирети Ибрахим – алейхиссалам – отко ташталганда периштелер толкунданышты. Кээ бири Алла Тааладан азирети Ибрахимге жардам бергилери келишти. Периштелер азирети Ибрахимге каалоосу бар жок экендигин сураганда Ибрахим - алейхиссалам -:

«- Дос менен достун ортосуна киришпегиле!» - деди.

Андан кийин Жабиреил периште келди:

«Жардам керек эмеспи?» деп сурады.

Ибрахим – алейхиссалам -:

«**Сага муктаж эмесмин. Ал мага жетет. Кандай жакшы өкүл!»** деди.

Андыктан Халилуллах бул улуу баш ийүүсү менен Алла Таалага тобокел кылгандыгы үчүн ал оттун ичине кире электе Алла Таала отко буйрук кылды:

يَا نَارُ كُونِي بَرْدًا وَسَلَامًا عَلَى إِبْرَاهِيمَ

**«Эй, от, Ибрахимге салкын жана саламат бол!..»** (Энбия, 69)

Бул буйрук менен Ибрахим – алейхиссалам – түшкөн жер заматта гүлистанга айланат. Ал жерден булак ага баштады.

Азирети Ибрахим – алейхиссалам-толкунданып Алла Таалага берген сөзүн орундатуу үчүн Азирети Ысмайылды курман чалууга алып баратканда периштелер дагы эс учун жоготуп толкунданды:

«- Бир пайгамбар бир пайгамбарды курмандык чалууга алып бара жатат!» дешти.

Ысмайыл – алейхиссалам – атасына:

«Эй, Ата! Буйрулган ишти аткар! Иншааллах мени сабырдуу көрөсүң. Бычагыңды курчут дароо кессин, жан берүү оңой болот... бычакты тартканда бетине караба! Балким аталык мээримиң менен кечиктирип коёсуң... менин жан талашымды көрүп өмүр бою унута албай каласың...»

Ата – уул, баш ийүү деңизинде сүзүп жатканда Жабиреил – алейхиссалам – жетип келди. Бычакты мокотту. Бейиштен кочкор алып келди.

Алла Таала азирети Ибрахимге сансыз кой берди. Жабиреил – алейхиссалам – адам түрүндө келип:

«Бул койлор кимдики? Мага бир кой сатасыңбы?»- деп сурады.

Ибрахим – алейхиссалам - :

«Бул койлор Алла Тааланыкы. Азыр менин колумда аманат катары турат. Бир зикир кылсаң үчтөн бирин, үч жолу зикир кылсаң баарын алып кет!»- деди.

Жабиреил – алейхиссалам-:

**Арапча**

Ибрахим – алейхиссалам-

«Баарын ал! Сеники болсун!» - деди.

Жабиреил – алейхиссалам- :

«Мен адам эмес периштемин алалбайм»- деди.

Ибрахим – алейхиссалам-

«Сен периште болсоң мен Халилмин (Алла Тааланын досумун)

бергенимди кайра ала албайм!»- деди.

Ибрахим – алейхиссалам- жаны жана мал мүлкү оор сынакка алынды. Алла Таалага моюн сунушту. Кулдуктун туу чокусуна жетишти. Денеден кутулду. Халилуллах болду.

*

Багдадда өрт чыгып, бир устаздын эки баласы өрттүн ичинде калат. Байкуштун бар айласы түгөнүп, кайгыруудан башка айласы калбайт. Ошол учурда ал жерден өтүп бараткан **Нури Азиреттери**, окуяны көрүп чоң бир ырайым менен өзүн өрттүн ичине таштады. Баары айраң таң калып карап турду. Ал эч нерсе болбостон Алла Тааланын уруксаты менен балдарды өрттүн ичинен алып чыкты.

Бул эрдикке абдан ыраазы болгон балдардын атасы Нури азиреттеринин алдына бир табак алтын коёт. Азирети Пир каш кабагын - кыймылдатып мындай деди:

«Эгерде мен кылган жардамымды Алла Таала үчүн эмес өзүм үчүн кылганда балдарыңды өрттүн ичинен алып чыга алмак эмесмин!»

/ртко кирүү үчүн жалгыз гана Алла Таалага Халил болгон Азирети Ибрахимдин абалы билиниши керек. Башкача айтканда Ибрахимилик менен мүмкүн. Анткени азирети Ибрахим – алейхиссалам – өрттөн коркпошу Алла Таалага болгон сүйүүсүнөн келет. Ага аны Алла Таала берген.

**Жүнейд Багдади** азиреттери да азирети Ибрахимге берилген теңирдик берекетти арзуу кылып мындай дейт:

«Эгерде мени менен Алла Тааланын ортосунда оттон бир деңиз болгондо, Алла Таалага болгон сүйүүмдөн өзүмдү ошол отко атмакмын.»

Бирок бул нерсеге дыкат кылуу керек;

Азирети Ибрахимди күйгүзбөгөн отту мисал алып, бары өзүн ошондой элестетиши чектен ашкандык болот. Мунун соңу муң болот.

Азирети Мавляна бул боюнча мындай дейт:

«Алла Таала жолунда отко кирүү бар. Бирок отко кире электе өзүңдүн Ибрахим болуп болбогонуңду байка! Анткени от сени эмес Ибрахимдерди күйгүзбөйт!..»

*

Мавляна – куддусе сиррух- айтат:

«Куран Карим пайгамбарлардын абалын билдирет. Куран каримди хушу менен окуп ишке ашырган өзүңдү пайгамбар жана олуялар менен жолуктум деп эсепте! Пайгамбар икаяларын окуган сайын дене капасы жан кушуна тар келе баштайт.»

«Биз бул дене капасынан жалгыз гана бул жол аркылуу кутулдук. Ал капастан кутулуу үчүн тавхид тарикатынан башка чара жок.»

Сүрөттү сындыруудагы максат:

«/лө электен мурда өлгүлө!» деген буйрук болуп эсептелет. /лө электен мурда өлгөндөр акыйкат жазында тирилишет. Алла Тааланын Элчисинде жашоо табышат. Аятта:

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَالَمِينَ

«Эй, Элчим **Сени жалгыз гана ааламдарга ырайым кылууга жибердик**» (Энбия, 107) – деп айтылат.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам - буюмдардын жаратылуу себеби. Максат бул теңирдик ырайымдан насип алып Алла Тааланын Элчисинде жок болуу.

Имам Малик – радиаллаху анх- Азирети пайгамбар -- саллаллаху алейхи васалам - баскан топуракка урмат кылып Мадина Мунавварада жаныбарга миңген жок. Бут кийимин кийген жок. Хадистен суроо сураган конок келгенде даарат алып, сарык байланып, жыт сүрүнүп өйдө отуруп андан кийин кабыл алуучу. /зүн Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам - руханиятына даярдап, анын сөздөрүн өтө кылдаттык менен айтчу.

Осмон Түрктөрүнүн тушунда **Мадина Мунавварага** зыярат кылганы келгендер шаарга кирерден мурда ага жакын жерде токтоп, өздөрүн руханий жактан даярдап, андан соң Пайгамбарыздын кабырын зыярат кылышкан. Ал

жерден кайтканда Мадинанын топурагын алып кетишчү.

Мадина Мунавварaны коргоого жоопкер болгон Осман падышалары, Мадинага жакындаганда арабаларын токтотуп жөө барышчу.

Ооруп төшөктө жаткан **Султан Абдулазизге;**

«Мадина Мунаввардан кат бар дегенде:

«**Дароо мени тургузгула! Тике туруп угайын! Алла Тааланын Элчисине кошуна болгондордун талабы минтип төшөктө жатканда угулбайт!»** дегени Осмон Султандарынын Мадинага жана Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – болгон сүйүүсүн көргөзүп турат.

Базми Алем Валиде Султан Шамдын суусун төөлөр менен Харамейнге, ажыларга ташып Харамейндин руханиятынан пайдаланчу.

**Акын Наби** 1678 – жылында өкүмөт адамдары менен бирге ажыга барат. Топ Мадинага жакындаганда Набинин уйкусу качып калат. Топтун ичинде бир падышанын буту байкоосуздан

Мадинага карап калганын көрүп калат. Буга өзгөчө таасирленген акын арманын жаза баштайт.

Таңкы намазда топ Мадинага жакындагында Наби жазган ырын Месжиди Набинин мунарасынан окулуп жатканын угат:

**Алла Таала назар салган жана анын элчиси,**

**Жаткан жерге адепсиздик кылуудан корк.**

**.......**

**Эй, Наби бул жерге адеп шартына баш ийип кир,**

**Мухаммед Мустафанын мекени болгон бул жерге;**

**Адепсиздик кылуудан корк!**

Бул окуяга таң калган акын Наби дароо азанчыны табат:

«Бул ырды кимден кантип үйрөндүң?» – деп сурайт.

Азанчы:

«Бул түнү түшүмдө Алла Тааланын Элчисин - саллаллаху алейхи васалам –көрдүм ал бизге;

«+ммөтүмөн Наби аттуу бир акын мага зыярат кылганы келе жатат. Бул адам мага абдан ашык. Ошондуктан аны өз ыры менен тосуп алгыла!..»

«Биз бул буйрукту аткардык...»- дейт

Наби ыйлайт анан мындай дейт:

«Демек Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –мени «үммөтүм» деди! Демек мени үммөт катарына алышты!

*

**Сулайман Челеби** Мавлидинде:

«Алла Таала чын жаратты Адамды,

Адам менен сулуулантты ааламды» ыр сабы менен ааламды жаркыраткан күн сыяктуу Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – да өзүнүн айланасында жандуу – жансыз нерселерди чогултканын айтат.

Назик момундар Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – акыйкатына жакындоо үчүн анын руханиятынын айланасында учуп теӊирдик лаззаттын даамын татышкан.

*

**Алла Тааланын Элчиси** - саллаллаху алейхи васалам – менен **Жафар Таййар –** радиаллаху анх- ортосундагы жакындыктан бир мисал:

Жафар – радиаалаху анх – Эфиопияга хижраттан кайтып Мадинага келет. Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –дын Хайберге кеткенин билип ага жетип барат. Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – азирети Жафарга:

«Табиятың жана адебиң менен канчалык окшошосун?» деп сурайт.

Жафар – радиаллаху анх – өтө толкунданып, кубанганынан күнөөсүз бала сыяктуу ойной баштады. Сүйүнөт, кубанат.

Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – азирети Жафардын бешенесинен өбөт да:

«Хайбердеги жеңишкеби же Жафардфн келишине сүйүнөйүнбү?»- дейт.

Жафар – радиаллаху анх – Муте согушунда Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –дайындоосу менен Зайд – радиаллаху анх – кийин

экинчи орунда турду. Зайд шейит болгондон кийин байракты алат. Кылычтан алган жаратын кийин эки колун жоготуп алды. Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – нин байрагы жерге түшпөшү үчүн жарадар колдору менен байракты өзүнө таңганга аракет кылды. Муну Мадинадан көрүп турган Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –көздөрүнөн жаш агызып айтат:

«Алла Таала Жафардын кесилген колдорунун ордуна ага эки канат берди. Андан кийин Жафардын балдарын «кош канаттуунун балдары» деп сылады.

Жафар – радиаллаху анх –, Алла Таала жана Элчисинин - саллаллаху алейхи васалам – эң жакыны эле. Алла Таала менен Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – чоң мактоого дуушар болгон. Руханияты тереңдеп ал жолдо жан берүүгө ыраазы болуп Теңирдик мактоого жетишкен.

*

**Азирети Мавлянанын** мына бул ыр саптарында азирети Жафардын мисалы айтылат:

«Пайгамбарлар менен олуялардын көздөр деңиздер сыяктуу кенен. Бул кенендикте дүйнө жана акырет ааламы кыл сыяктуу көрүнөт.»

«Миңдеген асман көзгө илинсе, деңиздин алдында кичинекей булак сыяктуу туюлат.»

«Ал көз бул сезим ааламындагы бардык нерсени ашып өтсө, кайып ааламы көрүнөт. Бул өзгөчөлүк менен сезимталдыгы өнүгөт.»

«Эгерде ал ыйык көздөрдөн жаш акса, тамчысын Жабиреил – алейхиссалам- кармап калмак.»

«Ал өзү кармап алган Пайгамбардын же олуянын көз жашын канында сактап жүрмөк.»

«**Шейх Аттар** – кудусе сиррух- «Макалат Эрвах» деген эмгегинде мындай дейт:

Жунейд Багдади – куддусе сиррух- бир күнү жолдо баратып асмандан периштелердин түшкөндүгүн жана ал жерден бир нерселерди алгандыгын көрөт. Алардын бирине:

«Алган нерсеңер эмне?»- деп сурайт.

Периште:

«Бир Алла Тааланын досу бул жерден өтүп баратып «**Аах!..**» деди жана көзүнөн мөлтүлдөп жаш төгүлүп түштү. Алла Тааланын ырайымына дуушар бололу деп ал тамчыны талашып жатабыз.» - деди.

Тебук согушунда кедей сахабалардан жети киши Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –кайрылып андан мине турган жандык сурашат.

«**Мине турган төө жок..**» деген жоопту укканда ыйлай башташат. Алла Тааланын жолунда төгүлгөн бул көз жаштын кабыл болгондугу аятта:

«**Силерге мине турган жандык таба албадым дегениң үчүн ыйлаган бойдон кайтып кетишти.**» (Тообо, 92) – деп айтылат.

Ошондо азирети **Омар** – радиаллаху анх – **Азирети Аббас –**радиаллаху анх – жана **Азирети Осмон** – радиаллаху анх – азыктары менен кошо аларга мине турган жандык беришет.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – сүйүүсү менен согушка чыга албаганг бул

жети кишинин көз жаштары периштелер талашкан затка айланган. Бул жеткен наадандык!

Аятта:

اعْلَمُوا أَنَّمَا الْحَيَاةُ الدُّنْيَا لَعِبٌ وَلَهْوٌ وَزِينَةٌ
وَتَفَاخُرٌ بَيْنَكُمْ وَتَكَاثُرٌ فِي الْأَمْوَالِ وَالْأَوْلَادِ

«**Билип койгула дүйнө жашоосу бир оюн – зоок, кооздук, өз араңарда мактануу жана да мал – мүлк, бала – чакалуу болуу сыяктуу жалган арзуулар менен толгон жер.**» (Хадид, 20) деп айтылгандай дүйнөдө өзүн жоготкон киши чөлдөгү миражга алданган киши сыяктуу.

Хадисте:

«Дүйнө акырет адамдарына арам. Акырет да дүйнө адамдарына арам!» - деп айтылат.

*

**Азирети Фатыма**- радиаллаху анх- **Азирети Пайгамбар** - саллаллаху алейхи васалам –дан бир жардамчы сурайт:

«Асан менен +сөн абдан күчтүү мен болсо алсызмын»- деп жооп берет.

Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –:

«Кызым кааласаӊ көп жардамчы берейин. Бирок эки дүйнөдө оӊойлук жок. Бул дүйнөдө кыйналсаӊ акыретте жеӊилдейсиӊ!»- деди.

Башка бир рываятта Азирети Фатыма – радиаллаху анх – кол тегирменде ун тартуу үчүн кудуктан суу алып жатып колу жарылып кеткенин Алла Тааланын Элчисине - саллаллаху алейхи васалам – көрсөтүп жардам сурады. Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –:

«Суффа эли кедей жашап жатканда Бедр шейиттеринин жетимдери чыдамсыз абалда турганда сен кантип мындай каалоону каалайсыӊ?»- деди.

Бүгүн биздин кылымдын зулумдугунун натыйжасында ачка, суусуз, үйсүз, отунсуз калган канчалаган адамдар бар. Исламдык марттыгыбыз жана кеӊ пейилдигибиз кайсы даражада экендигин эстеп койгонубуз оӊ.

Оокатыбызды кимдер менен бөлүштүк? Канча бечаранын дартына жардам бердик? Канчалардын ызаасына жардам бердик? Канчасына күлкү бердик? Канчасын хидаятка жеткирдик? Эмне деп жүрөбүз бул дүйнөдө? Келишибиздин сыры эмнеде? Эртеңибиз кандай болот? Бизге берилген күнүмдүк нерселердин канчасын көңүлүбүздө жашап жатабыз? Акыбалыбыз бизди ойлондурабы деги?

**Эй, Теңирим! Бизди чыныгы ашыктык жана сүйүү менен толо болгон өзгөчө кулдар эсептеп, баарыбызга Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – дын марттык сезиминен насип бер!**

**Оомиин!...**

# К+ЗГ+Д/Г+ ЖАЛГАН

«Эй, туруктуу адам, күзгүдөгү акыркы чагылуулуга кара!
Бир сулуунун карыгандагы абалын жана бир имараттын урaнды болорун ойлон да, күзгүдөгү жалганга алданба!..»

**Азирети Мавляна**

Дүйнө сыноочу жер болуп эсептелет. Алгачкы көрүнүш кооз, адамдын эркине тазалык берет. Бирок бул бир тузак. Суу сыяктуу көрүнгөн көз боёгон жана жаш балдар алданган алма шекери сыяктуу сырты кооз ичи чириген нерсе. Ага ашык болгондорду алдап өзүнө тартат. Сырткы көрүнүшүнө алдангандар зыянга учурашат. Акыр аягы чексиздик.

Адам чоң ааламдын кичинекей көрүнүшү. Анын мындай түзүлүшүнө «Алла Тааланын халифасы» деген даңк берилген. Бирок адам руханий жана ички дүйнө азыктары менен азыктанса данктуу боло алат. Тескериси болсо адам

эркинин түзүлүшүнө туура келбейт. Түбөлүк бей жай бойдон калат. Мавляна – куддусе сиррух- :

«Бий эркине ээ болгон киши. Кул болсо эркине кул болгон киши.» дейт.

Инсанда ыйман сезими болбосо ал жашоодо жөнөкөй адам катары жашашы оорлошот. Сабатсыздык менен баскан топурагыбыз жана кылган иштерибиз өтүп кетет. Бирок аларды акыретте түбөлүк көрүп жатабыз. Таңы махшерде аткан өлүм таңы баарына келет. +лгү катары дүйнөдө көрүлүп жаткандай, денедеги бардык нерсе чирип жок болот. /ткөн күндөр акыретте эсептелет.

«Дүйнөгө келүү жана дүйнөдөн кетүү» сыяктуу чоң сезим дүйнөгө таандык чыныгы өкүмдөр менен кыймыл аракетердин системалык абалга келтирилиши гана эки дүйнөнүн жүзүн көрсөтө алат…

Кирешенин негизи бул ушул дүйнө болуп эсептелет. Бул дүйнөдөгү убакыт менен мейкиндик амалдар кылынган жер. Убакыт суу самынга окшойт. Аны колуңда кармап туруу кыйын. Кайып

кетет. Мейкиндикти да кайдырат. Убакыт курч кылыч сыяктуу. Ага эгедер болуу да кыйын. Аны жакшы колдонуу жакшылыктарды тандоо жана жамандыктарды артта калтыруу менен башталат. Бул чындыкка жетүүнүн негизги жолдорунун бири.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам –:

«Эртең бүтүрөмүн дегендер жексен болушту!» дейт.

Инсан бир эки күн конок болгон бул дүйнөдө өзүн алдайт. Ар күнү жаназа көрсө да өлүмдү өзүнөн алыс көрөт. /зүн жоготун алуу дайыма мүмкүн болгон бул дүйнөдө бардык нерсеге өзүн эгедер ойлойт. Инсандын рухуна дене кийгизилип бир эшиктен дүйнөгө киргизилгенден тартып өлүм жолдош болот. Ал жолдо тургандыгын эч ким эч качан ойлонгусу келбейт. Бир күнү денеден бөлүнүп алынат. Акырет эшиги болгон кабырга кирет. Алла Таала айтат:

وَمَنْ نُعَمِّرْهُ نُنَكِّسْهُ فِي الْخَلْقِ أَفَلَا يَعْقِلُونَ

«**Кимге узун өмүр берсек, биз анын өнүгүшүн тескерисинче айлантабыз. Эч ойлонушпайбы?»** (Ясин, 68)

Аятта адамга эң кооз насаат берилип жатат. Дүйнөнүн сыпаты эки жүздүүлүк. Бергенин тез эле кайтарып алат. Бир күнү жогорулатат, эртеси төмөндөтөт. Аны кармайын десең дайыма качат. Сен качсаң артыңан кууп жетет. Дүйнөгө көңүл бөлүнсө ал чарасыз калат. Мезгил мезгили менен инсанды жерге чабат. Жолдон адаштырат. Кыймылдары эки жүздүү. Ага көз каранды болгондорду тез эле жок кылат.

«Эрк» тоскоолдугун ашып өткөндөрга убакыт, баарынан да нимат болот. Алла Таала Аср сүрөсүндө «**Убакытка ант**» менен баштайт. Баарын сатып алуу же кайтарып бериши бир аз мүмкүн болот. Убакытка эч качан!...

Эң негизги армандардын башында убакытты текке кетирүү келет. өлүмдү билген жалган дүйнө лаззатарына аданбаган кишилер жалган дүйнө ниматтарына алданбайт. Анткени андан ажыроо

дүйнө мейманканасына таандык. Бардык келип кетүүчү ниматтар бир кишиде чогулса жана ал киши молчулуктун ичинде миң жашаса эмне пайда чыгат. Соңунда бара турган жери кара топурактын асты.

/лүмсүз жашоо же болбосо карылыгы болбогон жаштык кааланса, бул эрк тоскоолун ашуу менен жана Алла Таалага жол алуу менен мүмкүн.

Аалымдардын бири үлгү болгон бул ааламды акылдуулар үчүн сабак жери, акмактар үчүн жеп ичүү жери деп аныктама берет.

Эркине баш ийип жашаганды оңой көрсөткөн бул дүйнө жашоосу түрдүү тузактарга толо.

*

**Азирети Мавляна –**куддусе сиррух – адамдын жаштык мезгилиндеги коздуктарды жана келип кетүүчү нерселерди төмөндөгү мисалдар менен түшүндүрөт:

«Эй, жазгы сулуулукка тамшанган киши! Күздүн саргарган абалын жана сууктугун көр!»

«Таңкы маалда күндүн чыгышын көрүп, анан батышын эсте!»

«Бул кооз түндө жарым айдын жүзүн көрөсүң. Анын да бир күнү кичирейгенин көрөсүң.»

«Инсан да ошол сыяктуу жашайт. Молчулукту да жокчулукту да көрөт.»

«Жакшы бала жакшылыгы менен элдин сүймөнчүгү болот. Бир убактан кийин карып муңданып жок болот.!»

«Эгерде күмүш денелүү сулуулар сени туткундаса, бир күнү алардын карып пахта талаасына барганын көр.»

«Эй, майлуу – балдуу тамактар жегендер, барып бечаралардын абалын көр!»

«Таштандыга барып айт, сенин табактагы даамың жана жытың кайда!»

«Жооп кылып айтат, ал нерселер жалган болчу. Мен болсо тузакмын. Сен тузакка түшкөндө ал жалгандар эрип жок болду.!»

«Устаттарды айраң калтырган колдор да бар. Алар соңунда калтырак болуп калат.!»

«Күзгү сыяктуу көзү болгондор соңунда көбүк аккан нерсеге окшошот.»

«Арстан сыяктуу жигиттер соңунда чычкан сыяктуу бири биринен жеңилет.»

«Талантту сүрөтчү соңунда алсызданып ишке жарабай калат.»

«Акылды адаштырган миск жыттуу нерсе, соңунда эшектин куйругуна окшоп калат.»

«Бардык нерселердин болуп толуп турганын кара, соңунда алардын кантип жок болгонун көр!»

«Анткени бул аалам сага тузак курган. Ал канчалаган адамдарды алдап алып кеткен.»

«Ушул сыяктуу ааламдагы бардык жаралгандан алгачкы жана акыркы абалын салыштырып көр.»

«Кимде ким эркине кул болуудан кутулган болсо Алла Таала ага жакын болот!»

«Сулуулугу менен мактангандарды, ай жамалдуу болгондорду кара. Бирок алгачкы жана акыркы абалдарын да кошо кара.шайтан сыяктуу

жалгыз көздүү болуп дүйнөнүн бир жагын көрүп бир жагын карабай койбо.»

«Шайтан Адамдын топурак экендигин көрдү. Улуулугун көрө алган жок. Бул дүйнөгө таандык болгон топуракты көрдү. Бирок аркы дүйнөгө таандык болгон касиетин көрө албады. Шайтан билбеген, туйбаган жак. Адамдын жер жүзүнө халифа болушу эле.»

«Эй, инсан дүйнөдө бири бирине карама каршы болгон эки үн келет. Сенин жүрөгүң кайсынысын тандады экен.»

«Ал үндүн бири Алла Таалага жакындагандардын абалы, беркиси алыстагандардын үнү.»

«Бул үндүн бирин кабыл алсаң, беркинисин укпайсың!»

«Анткени сүйгөн киши сүйгөнүнөн башкасын көрө албайт. көргүсү да келбейт.»

**«Эй, туруктуу адам, күзгүдөгү акыркы чагылууга кара!Бир сулуунун карыгандагы абалын жана бир имараттын урандысы боло**

**турганын ойлон да, күзгүдөгү жалганга алданба!..»**

«Алла Тааладан келген үндү уккан адамдар кандай бактылуу.»

Азирети Мавляна айткан бири бирине карама каршы болгон эки нерсе; дүйнөгө жакын болуу жана андан алыс болуу. Алардын кайсынысын тандасаң андан аркысын эч качан биле албайсың. Хадисте:

«Дүйнө менен акырет бири бирине терс жубай сыяктуу. Бирин ыраазы кылсаң, аркысын ошончолук ызаалантасың!» - дейт.

Башкача айтканда, дүйнөгө чакырган үн көңүлдөн орун алса, акыреттин насаатын укпас болот. Акырет үнүн уккан да дүйнө үнүн укпас болот.

Бир жүрөккө дүйнө жыты жетсе аны тазалоо абдан кыйын болот. Бул көйнөкө жуккан жаман жытты кетирүү дагы кыйынчылыктай эле нерсе. Жаман жыттын тазалануучу жайы тозок.

Руханият ааламына жетүү үчүн **Хажа Фарудиддин Аттар** – куддусе сиррух – насаат кылат:

«Кураны Карим жана азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – хадисинен кийин Алла Тааланын өзгөчө кулдарынан башка жакшы сөз эч кимде жок. Ошондуктан аларды пайгамбарлардын мураскору делет. Ал кулдардын сөздөрү көңүлдөрдү эргитет. Сырлар айкын боло баштайт. Шайтандын азгырыктары алардан алыс.

Олуялардын кээ бири Азирети Адамдын сыпатында болушат. Кээ бири Азирети Ибрахимдин, Азирети Мусанын, Азирети Исанын жана Азирети Мухаммеддин. Алардын кээ бири билимдүү болушат. Кээ бири көңүл ээси. Кээ бири дагы бир өзүнчө бир сыр сандык.

*

Аалам султандарына багыт берген Муршиди – Камил **Азиз Махмут Худайи** азиреттери бул дүйнөнүн абалын мындайча сүрөттөйт:

Ким күтөт сенден жакшыны,

Жалган дүйнө эмессиңби?
Мухаммедул Мустафаны
Алган дүйнө эмессиңби?

Баскын сен бас,
Сенсин жалган дүйнө.
Канча миң эрди алган
Калган дүйнө эмессиңби.

Казып калктын өзүнө
Толтуруп анын көзүнө.
Сабатсыздарга
Күлгөн дүйнө эмессиңби

Эгерде шах болсо да
Ар бир кишини
Алган дүйнө эмессиңби
Жалган дүйнө эмессиңби.

Кимисин бий кылып
Кмисин кедей кылып,

Акыр аягын жок кылган.
Жалган дүйнөэмессиңби.

Турганың дайым жалган,
Көп кишиден ашып калган
Канча жолу бошолуп,
Толгон дүйнө эмессиңби?

Юнус акын болсо;

Бир имарат көрсөт мага,
Акыры жок болбогон.
Тапканыңды көрсөт мага
Төгүлүп артта калбаган.

Ушул эле мааниде устаз Нежип Фазыл маркум негизги максаттын акырет даярдыгы экендигин баяндайт:

Назик ичке, өзүңө башка кесе тиктирип кий,
Мазарда өткөн акча эмне болсо аны чогулт.

Бардык келип кетүүчү нерселердин бир күнү жок боло тургандыгынан ар бир инсан сабак

алганы абзел. Акыретсиз жашаган дүйнөдө, эркине баш ийген мактоолор жана дүйнө оюнчуктары коркунучтуу алданыш.

**Сабатсыз жашоо, жаштыктагы оюн, бойго жетилген убакыттагы арзуулар, чоңойгондогу сабатсыздык, карылыктагы колдон кеткен кусалык жана жан талашуу ар кыл түрдүү арман менен толтурулган.** Зикири илебинде жана жүрөгүндө болбогон, ырайымсыз же насипсиз кишилер бетпак болушат. Аларды ырайымсыз жана айоосуз өлүм күтүп турат. Акыретсиз жашап жана дүйнө лаззаттарына алданган кишилер өтө коркунучтуу.

Көпчүлүк учурда адамдар жашоодогу миң бир жалгандардын ичинде күзгүгө алдангандай алданып келишет. Дайыма ушинтип алдап жаткан дүйнө жашоосу **жалган** эмей эмине?

Армандуу Юнус ушул алдануу дүйнөсүнө отурукташып конок болгондордун абалын мындайча түшүндүрөт:

Жалган дүйнөгө конушу,

Сүйлөбөйт да кабар да жок.
А үстүндө ар кыл оттор,
Сүйлөбөйт да кабар да жок.

Кимдин башына дарак өсөт,
Кимдин башына оттор чыгат.
Кимиси аруу, кими сулуу,
Сүйлөбөйт да кабар да жок.

Топуракка кирген назик дене,
Айтылбай калган таттуу тилдер.
Унутпайм аларды мен эч,
Сүйлөбөйт да кабар да жок.

Кимиси төрт кимиси беш,
Кимисинин башында тажы.
Кимиси алты, кими жети,
Сүйлөбөйт да, кабар да жок.

Кимиси чабан кимиси устаз,
Ажал суусун ичүү кыйын.

Кими ак сакал кимиси пир,
Сүйлөбөйт да, кабар да жок.

Юнус айтат тагдырың ушул,
Төгүлдү кирпик кашы.
Башында бал бал ташы,
Сүйлөбөйт да кабар да жок.

**Эй, теңирим! Дүйнөгө алданып өзүн бир чыны ууга чөккөндөрдөн бизди сакта! Эй, ырайымдуулардын эң ырайымдуусу болгон Теңирим!..**

**Оомийин!..**

## С+Й++ ЖАНА ЖЕК К/Р++

«Эй, инсан! Бул ааламдагы коздуктарга алданба!
Уйкуда денең майда майда тууралса да коркпо!
Анткени бул дүйнө түш көрүүдөн башкасы эмес!»
**Азирети Мавляна**

Адамдардын жашоосун бир көкөлөтүп кайра бир төмөндөткөн сүйүү менен жек көрүүдөй таасирдүү эч нерсе жок. Ылайык болгонго сүйүү, ылайык болбогонго жек көрүү туура келет. Алар адамдардын кадыр баркын кээде ылдый, кээде жогору көтөрөт.

**Фараон, Азирети Мусанын** тавхид күрөшүндө мартабасын жоготуп алуудан коркту. Египеттеги сыйкырчыларды чогултуп Муса – алейхиссаламга - каршы чыгарат. Сыйкырчылар:

«Эй, Муса, сен биринчи таштайсыңбы же биз биринчи таштайлыбы?»- деп Азирети Мусага урмат кылгандай болушту.

Муса – алейхиссалам – аларга:

«**Силер биринчи таштагыла!»** (Араф, 115-116) деди.

Сыйкырчылар Фараон менен Египеттиктердин алдына бир эки таяк таштады. Алар кыймылдап жылаан сыяктуу көрүндү. Андан кийин теңирдик буйрук менен Муса – алейхиссалам- таягын жерге таштады. Таяк заматта ажыдаарга айланып сыйкырчылардын таяктарын жутуп салды. Сыйкырчыларм унун сыйкыр эмес эле чыныгы теңирдик керемет экенинин түшүнүштү. Анткени сыйкыр болсо сыйкыр куралдары сыйкыр бүткөндөн кийин ордунда калышы керек эле. Бирок бул жолу сыйкыры бүткөндө сыйкырчылардын таштаган таяктары жок болуп кетти. Бул кереметти көргөн сыйкырчылар:

«**Биз Муса менен Харундун Раббына ыйман келтирдик!»** - деп сажда кылышты.

Фараон бул окуяга ачууланып:

«Мен уруксат бербей туруп кантип ыйман келтиресиңер? Демек Муса силердин устатыңар экен. Силер сыйкырды андан үйрөндүңөр. Ошондуктан силердин колу бутуңарды экиге бөлүп өлтүрөмүн.» деди.

Коркуп кеткен сыйкырчылар Фараонго:

**«Сени, бизге келген айкын кереметке алмашпайбыз!. Сен эмне кылсаң өзүң билесиң. Каалаган залымдыгыңды жасайсың. Сенин кыйнооң бизге зыян келтирбейт! Сенин буйруктарың биргана бул дүйнөдө өтөт. А биз болсо Алла Таалага барабыз…»** деп жооп беришти.

**Азирети Мавляна** сыйкырчылардын сөзүн мындайча улантат:

«Эй, Фараон сенин зулумдугуң бизге зыян келтирбейт. Анткени Алла Тааланын ырайымы башкалардын каарынан жогору.»

«Эй, жүрөк көзү көр болгон! Эй, инсандарды жолдон адаштырган! Сырыбызды билгениңде

түшүнөт элең. Сенин кыйноолоруң менен биз чыныгы жашоого жетишебиз.»

«Алла Тааланын ырайымы бизге султандык берди. Сенин салтанатың биздикинин алдында жок болуп калат, анткени бул султандык сеникинен жогору. Ошондуктан биз Хабиби Нажар сыяктуу муну биздин эл билсе экен дейбиз.»

«Эй, Египетке жана берекелүү Нилге кумарланган Фараон! Башыңды көтөрүп биздин түбөлүк султандыгыбызды көр!»

«Эй, Фараон эгерде сен рухка капас болгон денеден кутула алганыңда Нил дарыясына өзүңдү муунтмаксың!»

«Эй, Фараон Египеттен колуңду тарт. Көңүлдөгү Египет чыныгы Египет.»

«Сен элге «Мен Теңирмин» деп айтасың, бирок бул эки сөздүн маанисин билбейсиң. Эй, акмак Фараон! Менменсинишиң өзүңө чоң балээни алып келет. Бирок биз балээ менен кыйынчылыктардан кутулдук да чексиз түбөлүк мекенге ээ болдук.»

«Шүгүрлөр болсун биз жалган дүйнөдө ушул текеберликтен кутулдук...»

«Бизге ыраа көргөн бул дарың чындыгында бизди көкөлөтүп теңирге жеткирген **ырайым Бурагыбыз.** Сенин салтанатың жалгыз гана бир чукур.»

«Биз жалгыз гана бул өлүм менен тирилип түбөлүк жашоого ээ болобуз. Сен болсо жашап жаткан руху чириген өлүксүң! Тирүү өлүксүн!»

Мавлына – куддусе сиррух – мунун маанисин мындайча чечмелейт:

«Наалатка калган залим Фараон сыйкырчыларды ыйман келтиргени үчүн коркутуп:

«Колуңарды бутуңарды кестиремин. Андан кийин силерди астырамын!» - деген эле.

«Фараон ошондо сыйкырчылардын коркоруна ишенип кайра өзүмө баш ийет деп ойлогон.»

«Бирок Фараон сыйкырчылардын коркпой эле теңирге жетүү үчүн жан талашып жатканын билген жок.»

«Аларды тегирменге салып ийсең да бул жолунан кайтышмак эмес.»

Башкача айтканда, алар рухтун чын экендигин жана дененин жалган экендигин түшүнүшкөн эле. Алар «Фена Филлах» (Алла Таалада жок болуу) даражасына ажетип калган болчу.

«Эй, инсан бул дүйнө жалгыз уйкудан турат. Ал жердеги кооздуктарга алданба! Уйкуда колуң бырчыланып кесилсе да коркпо. Анткени азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –:

«Бул дүйнө түш көрүүдөн турат.» - деп айтат.

Армандуу Юнус Алла Таалага жалбарып:

Аалымдарга бул дүйнө,

Элес түш сыяктуу.

/зүн сага берген

Элес түштөн өтөт!.

*

Сыйкырчылардын Азирети Мусага аз болсо да урмат көрсөтүшү, ыйманы болгон адамдардын чоң бир нимат менен түштөн турган бул жалган дүйнөдө өздөрүн курмандык этип акырет жашоосун

тандап алуулары кутулуунун себеби болгон. Фараондун абалы болсо Кызыл деңиздин чуңкурларында жок болуу болчу. Артында тагы зулумдуктун символу катары калып калды.

**Азирети Мавляна** айтат:

«Акылдуулар мурун ыйлашат. Соңунда жылмайышат. Акмактар алгач күлүп кийн баштарын ташка уруп ыйлашат. Эй, киши парасаттуу болуп, иштин аягын башынан байкап ошого жараша амалыңды аткар. Кийин өкүнүч отунда тутанып калба!..»

Жашоонун негизи кыймылдарга дене болгон элес, сезим жана пикирлерден турат. Инсан сүйүү менен жек көрүүнүн ортосунда, ал экөөнүн бирөөсү менен амал кылуу сенин милдетиң. Пайгамбарлар менен олуялар адамдарга эки дүйнө бакытын таап берүү үчүн жашоонун чыныгы өзөгүндө олтурган адамдар. Жаз айы топуракты кайрадан тирилткен сыяктуу алар да адамдардын өлүк клеткаларына жан берет. Кам жүрөктөрдү жетилтип Алла Таалага

багыт алдырат. Адамдар муктаж болгон нерсени беришет.

Эзелде Алла Таала жалгыз өзү бар үчүн бардык жандыктар ааламы сүйүүнүн күчүнөн жаратылган. Жандыктардын ичинен баарысын берүүгө жаралган адамдар менен жиндерге Алла Тааланы өзгөчө касиет берген. Дайыма кыйынчылыктарды көргөн жиндер менен инсандар жалгыз гана Алла Тааланы сүйүү менен бул кыйынчылыктардан кутула алышат.

**Мавляна** – куддусе сиррух – айтат:

«Пайгамбарлар менен олуялар адамдардын денесине оролгон күн сыяктуу. Алардын коргоосуна кир. Сени менен миң бир жолу соодалашкан эркиңен куткарсын!»

**Беязид Бистами**ге келген бир де рвиш:

«Мени Алла Таалага жакындаткан бир иш көрсөт.» - дейт. Баязид –куддусе сиррух- ага мындай дейт:

«Алла Тааланын олуя кулдарын сүй! Алардын көңүлүнө кир! Анткени Алла Таала аалымдардын

жүрөгүнө күнүнө 360 жолу назар салат. Назарын бурганда сени ал жерден көрсүн!..»

**Сулайман** –алейхиссалам – Себе канышасы **Белкиске** ыйманга чакырган бир кат жиберет. Ал убакта Бутпарас болгон Белкис катты окуганда:

«Мырзалар мага даңктуу кат келди. Кат Сулаймандан. Рахман жана Рахим болгон Алла Тааланын аты менен башталган.»- дейт.

Бул таазимге кээ бир аалымдар:

«Белкис Азирети Сулаймандын катына урмат кылгандыгы үчүн ыйман менен даңкталды.» дешет.

*

**Бишри Хафи** мас абалында жолдун үстүндө **Калима** жазылган бир кагазды таап алат. Ал ыйык сөздүн жерде жатканына ыраазы болбойт. Аны алып көрдү. Жыпар жыттарды сүйкөп ага урмат көрсөтүп үйүнүн эң жогорку жерине асып койду. Ошондуктан Алла Таала ага хидаят берет.

Пайгамбарыбыздын учурунда сахабалардан **Хаким бин Хизам** деген бир сахаба бар болчу. Азирети Хатижанын тууганы болгон Хаким март

киши болчу. Жахилия доорунда (Ислам дини келгенге чейинки араптардагы бутпарас доордо) кыздарын тирүүлөй көмүүнү каалагандардын кыздарын сатып алып аларды багуучу. Хаким бин Хизам азирети Пайгамбарга Жахилия доорундагы бул кызматтарынын пайда берип бербегенин сураганда Пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васалам- :

«Бул жакшы иштериӊ менен Исламды даӊктадыӊ!..»- деп айтат.

Ааламдын сырлары жана кайыптары чыныгы көӊүлдөргө жайгаша тургандыгын билип койгонубуз оӊ. Осмон империясы бир дагы Ислам өлкөсүнө насип болбогон 600 жылдык өмүрүн сүргөн. Бир риваят боюнча Осмон Гази конок болгон бир үйдө Кураны Карим болгондуктан буттарын узатып жатпагандыгы жана **Явуз Султан Селим Хан** 40 кары дайындан Стамбулга алып келип үзгүлтүксүз Куран окуткандыгы да Осмон Султандарынын өзгөчөлүгү.

Алла Таала өзүнө, пайгамбарларына жана олуяларына урмат кылгандарга ырайым түшүргөн. Андыктан азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – жашаган убакытта Мекке бутпарастарына азап берилген эмес. Бул абал Энфал сүрөсүнүн 33 аятында мындайча айтылат:

وَمَا كَانَ اللّهُ لِيُعَذِّبَهُمْ وَأَنتَ فِيهِمْ

«**Элчим! Сен алардын арасында жашаган убакта Алла Таала аларга азап кылбайт.**»

Бирок Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – Мадина Мунавварага хижрат кылганда Меккеде чоң бир ачарчылык болуп, бутпарастар башын көтөргөнгө абалы калган эмес. Көздөрү көр болуп асман аларга ак булут сыяктуу көрүнүп турганда, Мадина Мунавварага келип Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – дан жардам сурашкан.

Эскертүү иретинде келген бул көрүнүштөр кээ бирине хидаят алып келсе, кээ бирин ого бетер жолдон адаштырган. Мына бул мисал абдан таасирдүү:

Сирияда Гассани мамлекетинин өкүмдары **Жебеле** азирети Омар учурунда Мадинага келип мусулман болот. Ажылык үчүн ихрамга кирет. Таваф кылуу учурунда бедуин анын жибек ихрамын басып алат. Жебеле ачууланып, беттен ары бир коёт. Бедуин азирети Омарга барып арызданат. Азирети Омар – радиаллаху анх – Жебелеге:

«Анын акысын берип ыраазы кыл, же ал да сени бетиңе урсун!» дейт.

Жебеле:

«Мен өкүмдармын, ал болсо катардагы бедуин.» дейт.

Азирети Омар – радиаллаху анх –

«Исламда мунун орду жок. Теңирдик адилеттин алдында баары тегиз.» деди.

Анда Жебеле:

«Андай болсо ойлонуп көрөйүн!» дейт.

Жебеле бедуинге бир нече тыйын тыпыр бергенге ичи ооруйт. Ал түнү жанындагылдар менен кошо качып кетет. Көп өтпөй өлүп калат. Текебердиги аны Ислам нурунан алыстатат.

Айбандык сезимдерине алданып түбөлүк тозокко кетет.

Буга окшогон дагы бир мисал:

Иран кисрасы азирети Пайгамбардын - саллаллаху алейхи васалам – катын жыртып салат. Адепсиздик кылат. Алла Таала анын мүлкүн жана салтанатын жексен кылат. Уранды болуп калган салтанаты тарыхта үлгү болуп кала берет.

*

Пайгамбарлар менен олуялардын акыйкатынан алыс калган жана алардан пайыз ала албаган, теңирдик сырлардан насипсиз болгон адамдарды **Мавляна** – куддусе сиррух- мындай дейт:

«**Сен соолуган жана руху чириген бир көңүлдү тактага жаткырып Теңирге алып бара жатасың!..»**

**«Алла Таала сага айтат:**

**«Эй, копол киши! Бул жер кабыр беле? Алдыма өлүк бир жүрөктү алып келесиң?!»**

**«Баргын алдыма теңирдик сыр менен тирүү болгон көңүл алып кел. Анткени дүйнөнүн жашылдыгы менен гүлистаны аны менен болот...»**

Мындан таасирленген Юнус Эмре мындай дейт:

Мен келбедим мансап үчүн,

Менин ишим сүйүү үчүн.

Достун үйү көңүлдө,

Көңүлдөрдү курууга келдим...

Мавляна – куддусе сиррух- адамдар мындай нерсеге жетиши үчүн руханий тарбияга маани бериш керектигин айтат. Бир ыр сабында:

«Канаты чыга элек куш уча турган болсо жерге түшөт да жырткычтардын жеми болот... Канаты чыкканда асманга кыйналбастан учат...» - деп айтат.

Башка бир ыр сабында болсо материалдык жогорулоону дайыма чөжө боюнча кала тыргандыган айтып мындай дейт:

«Асмандын бийиктиги бар. Бирок руханий бийиктиги жана чыныгы жогорулугу бир гана таза рухтарга таандык...»

«Бийиктиктин абалы заттарда. Заттар болсо маңызга караганда ат боюнча калат...»

**Эй, Теңирим! Жүрөктөрүбүздү, Кураны Каримдин нурунан, Элчинин жана олуялардын сүйүүсүнөн ажыратпа!..**

**Оомийин..**

## ЫРАЙЫМДЫН БЕРЕКЕТИ

«Эгерде бизди жана ыраачылыгыбызды кааласаӊ,
анда мунун жалгыз гана бир көӊүл улууга байланыштуу экендигин унутпа!»
**Азирети Мавляна**

Ыймандын алгачкы түшүмү - бул, **Ырайым.** Андан алыс болгон көӊүл жашоо ээси эмес. Бардык жакшылыктын башаты болгон бисмилла менен алхамду, Алла Тааланын **Рахман жана Рахим** деген аттары менен башталат. Пайгамбарлар менен олуялардын жашоосу жашоо икаяларына бай.

Алла Тааланын ахлагы менен ахлактанган эӊ табигый натыйжалардын бири ырайымдуу көӊүлгө ээ болуу. Ибадаттарды айрыкча ажылыктын акыйкатына жетүү ырайымдуу көӊүл менен боло тургандыгын Мавляна – куддусе сиррух- төмөндөгү икая менен түшүндүрөт:

«Беязид Бистами ажылык менен умра кылуу үчүн Меккеге бараткан эле.»

«Жолдогу ар бир шаарда ал жердин улуусу менен жолугушууну адатка айландырып алат.»

«Бул жерде ким улуу? – деп алдына келгенден сурайт.»

«Кайда барса да Алла Тааланын досторун издечү»

«Анткени Алла Таала:

فَاسْأَلُواْ أَهْلَ الذِّكْرِ إِن كُنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ

«**Билбесеңер, зикир кылгандардан сурагыла.**»(Нахл, 43, Энбия, 7)- деп айтат.

«Муса – алейхиссалам – да теңирдик илимге ээ болгон Кызырды зыярат кылган.»

«Беязид узун арык чырай келген бир пирди көрөт. Андан олуялардын руханиятын байкап калат.»

«Көздөрү дүйнөдө, жүрөгү күн сыяктуу эле.»

«Беязид ал пирдин алдына чыкты. Пир ага:

«Эй, Беязид кайда баратасың? Буюмдарыңды кайда алып баратасың?»- деп сурайт.

«Беязид:

«Ажыга баратам. 200 дирхем акчам бар...» деди.

Пир Баязидке:

«Эй, Беязид! Анын бир бөлүгүн Алла Тааланын жолунда муктаждарга, кедейлерге таркат! Алардын көңүлүн ал, рухуң ачылсын. Андан кийин ажылык жолуңу улант!..»

«Анткени Кааба Алла Тааланын жакшылык үйү. Зыярат кылуу парз болгон ыйык жер. Бирок адамдын жүрөгү сырдуу казына.»

«Кааба Азер уулу Ибрахимдин имараты. Көңүл болсо улуу Алла Тааланын назар салган жери.»

«Эгерде сенин ачык көзүң болсо көңүл каабасын таваф кыл. Топурактан жасалган Каабанын негизги орду көңүлдө.»

«Алла Таала көзгө көрүнгөн Каабаны таваф кылууну көңүлдөгү Каабадагы кирлерден тазала деп сага парз кылды.»

«Сен Алла назар салган көңүлдү капа кылсаң, сындырсаң, Каабага жөө кетсең да аны оңдой албайсың...»

«Сен бар – жогуңду, мал – мүлкүңдү берип бир көңүл орундат. Ал сага караңгы мазарда жарык чачсын.»

«Алланын алдына барып алтын толо баштык берсең Алла Таала:

**«Бизге бир нерсе алып келүүнү кааласаң, көңүл алып кел!** Анткени алтын, күмүш бизге эч нерсе эмес. Эгерде бизди жана ыраазычылыгыбызды кааласаң, мунун көңүл алууга байланыштуу экендигин унутпа!..» - деп айтат.

«Алланын нурун инсанда көргүң келсе жүрөк көзүңдү жакшылап ач.»

«Баязид пирдин айткандарын дароо түшүндү. Көңүлү насыйкат менен ырайымдан сырларды алды. Бейпилдик менен ажылык жолун улантты.»

Мавляна – куддусе сиррух – бул икаяны улантып мындай дейт:

«Сапарга чыгарыңда теңирдик казына болгон жеткилең адам болуу максаты менен чык. Көңүлүң ачылсын.»

«Ким эгин эксе, максаты буудай алуу болот. Саман ансыз деле буудай менен кошо келет.»

«Саман эксең буудай болбойт. Андай болсо сен да жеткилең инсан бол.»

«Ажылык учурунда Каабаны зыяраттап таваф кылуу үчүн бар. Бул максатта барсаң Мекке Мукерременин акыйкатын көрөсүң!..»

*

Азирети Мавляна икаяда ажылыкты мисал келтириши ажылыктын өтө кылдат ибадат болушунан. Анткени ажылыкта адал болгон нерселерге да тыюу салынат. Махшер көрүнүшү болот. Аятта «**Рефес**» делет. Башкача айтканда, жөнү жок нерселерден алыс болууну түшүндүрөт. Ошондуктан ажылыктан мурда руханий даярдык керек.

Намаз менен орозонун нафилеси бар. Нафиле кылынган ажылык ибадатын жокко

чыгаруунун аягы каапырдыкка чейин алып барат. Муну айткандар сабатсыз, ибадат лаззатынан алыс калган адамдар болушат.

Пайгамбарыбыздын доорунан бери эле нафиле ибадаттар уланып келген. Толкундоо менен кылынган нафиле ибадаттар кулду Аллага жакындатарында эч кандай шек жок. Рухту тереңдетет. Ырайым менен жоомарттык сыпаттары айкын болот. Алланын көргөн көзү, уккан кулагы болушат. Башкача айтканда, көз караштар, сезимдер, ойлор, пикирлер теңирден боло баштайт.

Бул жогорлоо нафиле ибадаттарды сүйүү жана жандыктарга ырайым кылуу менен болот. Имам Азам 22 жолу ажыга баргандыгын айтуу жетиштүү болсо керек.

*

**«Тазкиратул – Анбия»** деген китепте адамдардын Алланын алдындагы маңызын баяндаган бир икая мындайча:

Табииинден болгон бир аалым хадисчи **Абдуллах бин Мубарак** ажылыкты айткандан

кийин Меккеде Харемде ибадат кылып жатканда эки periште асмандан түшөт. Бири экинчисине:

«Бул жылы 600 миң киши ажылык кылды. Баарынын ажылыгы Шамдагы **Али бин Мваффак** атындагы бут кийим оңдоочунун амалынын натыйжасында кабыл болду. Бул киши ажыга барууну ниет кылды, бирок барбады. Анын кылган бир ишинен ушунча ажынын кылган ибадаты кабыл болду.» дейт.

Абдуллах бин Мубарак уйку соонун ортосунда бул окуяны угуп отуруп айраң таң калды. Шам кербени менен Шамга келет. Ал кишини таап:

«Сен ажыга барбай туруп эмне иш кылдың?»- деп сурайт.

Али бин Муваффак Абдулах бин Мубаракка сыяктуу атактуу бирөөнү көргөндө таң калды. Толкундап эсин жоготту. Эсине келгенден кийин мындай деди:

«Отуз жыл ажыга барууну арзуу кылам. Эскиден калган 300 дирхем акча чогулттум ажылыкка ниет кылдым.

Кош бойлуу аялым:

«Кошунадан эт жыты келип жатат. Мага эт алып бер.»деди.

Кошунама барып. Абалды айтып бердим. Кошунам ыйлап жиберди:

«Жети күн болду балдарым ачка. Жолдо өлүк жаныбар таптым. Андан бир кесим алдым. Эми аны кайнатып аларды сооротуп жатам. Адал тамак таппасам мажбурланып аны жейбиз да кааласаң берейин, бул эт балдарым ачка болгондуктан бизге адал сага арам болот.» - деди.

Али бин Муваффак сөзүн улап:

«Муну укканда ичим үзүлгөндөй болду. Миң бир кыйынчылык менен чогулткан 300 дирхемди ага бердим.

«**Эй, Теңирим, ажылык ниетимди кабыл кыл!»** деп Аллага дуба кылдым.» дейт.

Анда Абдуллах бин Мубарак:

«Теңирим мага түшүмдө туура нерсени билдириптир!»- деди.

Бул окуя **Рахман** жана **Рахим** болгон Алланын бизге көрсөткөн ырайымы. Түштөгү көрүнүштөргө ажылыктан мисал берилиши ибадат жашоосунда ырайымдын маанисинен кабар берет.

Башка бир мааниде ажылык денеден ажырап рухтун тереңдигине жетүү максатында аткарылган ибадат. Армандуу Юнусубуз кээ бир ыр сабында мындай дейт:

Ак сакалдуу бир кожо,
Билбейт абалы канча.
Тамак жебесин ажыда,
Бир көңүл жыкса.

Көңүл сөздүн тактысы,
Такты көңүлгө карады.
Эки дүйнө бетпагы,
Ким көңүл жыкса.

*

Сөлөкөт менен руханий тереңдикке жете албастыкты айткан Баязид Бистами мына бул икаяны айтат:

Талабалардын бири:

«Чапаныңыздын бирин мага берсеңиз, аны кийип жүрсөм!..»- дейт.

Баязид жооп катары:

«**Уулум сен адам болбогондон кийин Беязиддин чапанын эмес, терисин сыйрып ичине кирсең да пайда бербейт!..»-** дейт.

*

Баязид Бистами – куддусе сиррух- бир жолку сапарында бир дарактын түбүндө эс алып отуруп, андан ары жолун улантат. Жолдо торбосуна эс алган жерден бир кумурсканын жабышып алганын көрөт. Мекенинен ажыратып койдум деп, аны кайра мекенине алып келет.

**Жунейд Багдади** – куддусе сиррух- багымдат намазына барайын дегенде чапанына мышыктын жатып алганын көрөт. Аны ойготпоо үчүн намазга чапансыз барууну ойлосо да аны туура көрбөйт. Мышыктын тынчын албастан, ал жаткан жерди акырын кесип салып, чапанын кийип намазга барат. Мышык уйкусун уланта берет.

Бул абалдар жараткан үчүн жаратылгандарды сүйүү дегендин маанисин түшүндүрөт. Аллага жакын болгон момундун көңүлүнүн кенендиги.

Хадисте мындай айтылат:

«Мышыгын ачка калтырып өлүмүнө себеп болгон бир аял тозоко кетти. Суусаган итке бут кийими менен суу ичирген күнөөкөр аял кечирилди.»

Башка бир хадисте :

«Силер жердегилерге ырайым кылгыла, асмандагылар силерге ырайым кылсын.»- дейт.

**Баязид Бистами** – куддусе сиррух – айтат:

Учурубузда миңдеген олуялар бар болчу. Бирок учурдун ажоолугу **Эбу Хафска** берилди. Мунун сырын билүү үчүн дүкөнүнө бардым. Ал мага мындай деди:

«Менин арманыман дагы да терең болгон арман бар бекен? Кыямат күнү ушунчалык адамдардын абалы кандай болот деп арман кыламын.»

Анан ыйлай баштады, мени да ыйлатты. Таң калып сурадым:

«Элдин мындай болушунан эмнеге мынчалык кабатырланып жатасың?»

Эбу Хафс жооп катары:

«Менин табиятым ырайым менен жуурулган. Эгерде элдин күнөөсү мага берилип тозокто жалгыз гана мен азап тартсам, мен мындан да абдан бактылуу болмокмун...» деди.

Ошондо Эбу Хафс азиреттери эркин уккандардан эмес экендигин, пайгамбар мартабасында болуп «үммөтүм» дегендерден экендигин түшүндүм. Анын жанында бир аз убакыт калдым. Ошол учурда Куран сүрөлөрүн үйрөндүм. Кырк жыл жете албаган илимимди андан үйрөндүм. Денем Раббиме толду. Ошондой эле **кутбияттын** өзүнчө бир сыр экендигин түшүндүм. Пазилет жөн гана илим эмес Алланын адамдарга каалаган нерси экендигин түшүндүм. Эбу Хафстын жол башчы болгондугун эми гана билдим.

Бул ырайым менен боорукерликтин пайгамбарлардан кийин эң чоң мисалы **Абу Бакир** – радиаллаху анх – болуп эсептелет. Анын Эбу Хафс азиреттерине мисал кылып айткан мына бул дубасы маанилүү:

«Эй, теңирим! Менин денемди тозокто абдан чоңойт. Башка кулдарыңа орун калбасын!..»

Азирети Абу Бакир – радиаллаху анх – бул ырайым сыпатынын абдан көп мисалы бар. Алардын бири Меккенин алдыңкы төбөлдөрүнүн бири Умаййа бин Халефтин кулу **Билал Хабешини** көп акчага сатып алып аны кулчулуктан бошоткон. Бул иши үчүн ал Пайгамбарыбыздын мактоосуна татыган. **Азирети Мавляна** - куддусе сиррух – бул окуяны мындайча түшүндүрөт:

«Мухаммед Мустафа - саллаллаху алейхи васалам – Мираждан келген эле. Бейиште Билалдын үнүн укканын айтат жана «Билал кандай бактылуу» - дейт.»

«Муну уккан Азирети Абу Бекир Сыддык азирети Мустафанын алдына келип Билалдын абалын сурайт.»

«Ал айтат, Ал улук зат сенин ашыктыгыңа түшүп, сенин сүйүүңө кармалган. Ошондуктан залымдар ошол периште сымал адамга зулумдук кылышкан. Күнөөсүз болсо да канаттарын жулушкан. Аны топуракка көмгүсү келишкен»

«Күндү кайнаган ысыгында кызыган кумга жаткызса да «Алла бир», «Алла бир» деген. Аллага сажда кылган.

«Бирок Абу Бакир ырайымынын айынан аны Билалдын кордугун өтө кайгырган абалда пайгамбарыбызга айтып жатты.»

«Соңунда көңүлдөгү азабы соңуна чыгып. «Эй, Алланын Элчиси аны сатып алгым келип жатат. Бардык мүлкүмдү бергенге даярмын. Алла Таалага көңүл берип, анын жана Элчисинин кулу болгон. Ошондуктан алланын душмандарынын азабына дуушар болду. Мен ал улук затты куткармайынча көңүлүм ордуна келбейт.»- деди.

«Азирети Мустафа - саллаллаху алейхи васаллам – кубанып: «Эй, Алла Элчисинин ырайымдуу досу! Бул соодада мен сага ортокмун...»-дейт.

«Азирети Абу Бакир дароо Билалдын кожоюнуна барып, кыйналып акыл эсин жоготкон Билалды сатып алат. Кожоюн билалга ачуу сөздөрдү айтып араң коё берет.»

«Айтат, Эй, ач көздүктөн көзү майланган ырайымдан насипсиз! Бул Алланын досун кантип урасың? Эй, инсапсыз! Бул эмне деген кылык?»

«Эй, ырайымдардын кедейи! /зүңдү адам деп ойлоп жатасыңбы? Эй, инсандар жек көргөн киши! Адам түрүндөсүң, бирок адамзаттын жүзү карасысың.»

«Бул сөздөн кийин Абу Бакир – радиаллаху анх – адамдын ач көзүн дүйнөлүк менен тыкап койду. Буга Билалдын кожоюну таң калды. Била болсо айраң таң калып карап турду.»

«Анын таң калганын байкаган Сыддык Акбар Азиреттери ал насипсизге мындай деди: « Эй, акмак

Сен бала сыяктуу жакшылыгыма баа жеткис сөгүш бердиң, бирок мындан кабарың жок! Билал эки дүйнөдө сөзү өтө турган киши. Мен анын рухуна карап жатам. Сен болсо анын өңүнө...»

«Эгерде сен дагы бир аз катуу болгонуңда, аны сатып алуу үчүн дагы да көп акча берет элем. Дагы катуу болсоң эмнем болсо, баарын бермекмин. Карызга батып болсо да аны алмакмын. Баары бир соңунда мен утуп чыгамын. Эй, насипсиз киши! Билип кой байлыктын баркын сарптаган билет.»

Азирети Мавляна – куддусе сиррух – бул икаяда ырайым жана боорукердиктин сүрөттөө менен бир адамдын баасы өлчөмсүз экендигин, башкача айтканда, эч нерсеге сатылбай тургандыгын айткысы келген.»

Мурда православ болгон устазым **Яман Деде** азирети Мавлянанын Месневисинин берекети менен хидаятка келип армандуу Пайгамбар ашыгы болуп калган. Анын жана сахабаларынын адеби

менен ахлактанган болчу. Мына бул мисал бул абалды түшүндүргөнгө жетет:

Бир күнү сабакта окуучулардын бири мындай деп суроо берет:

«Устаз оор күнөөгө батууну же оор илдетке чалдыгууну каалайсызбы?»

Яман Деде:

«Алланын кулдарынын көңүл дүйнөсүндө алыс болууга караганда, заматта күйүп күл болгонду каалайм!»

Исламда Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – багыт көрсөткөн жолдун чексиздиги мына ушундай!..

**Эй, Теңирим! Ырайым, жүрөгүбүздүн түгөнгүс казынасы болсун!..**

**Оомийин!..**

## АДАМ БОЛ, АДАМ!

«Мазарга барып бир убакка чейин
үн катпастан отур! Ал жерде
үн катпастан сүйлөгөндөрдү ук!»
**Азирети Мавляна**

Бири адамд чоң шаарга келет. Базарды кыдырып жүрүп атыр жыт саткандардын катарына кирип калат. Дүкөндөн түрдүү атырлардын жыты көчөгө буркурап жыттанып турган. Бир эки кадамдан кийин жыттар ал адамдын башын айландыра баштадан, ал эсин жоготуп жыгылып калган.

Эл эсин жоготкон адамдын жанына чогулуп калышкан бирөө жүрөгүн ушаласа, экинчиси колдорун кармалап, дагы бирөө суу чачып жатышты. Эмне кылса да ал адамды эсине келтире алышпады. Көпкө чейин эсине келе албай жатты. Жанындагылардын айлалары кетет. Убакыт өтсө да эч жардам кыла алышпайт. Кеч киргенде ал жерден

өтүп бараткан тери иштеткен адам, ал кишини таанып, жанындагы адамдарга кайрылат:

«Бул кишиге гүлдүн жыты жакпайт! Мен анын оорусун билемин. Силер ага тийбегиле. Мен бир аздан кийин келемин.» - деп алыстап кетет.

Бир акырга кирип колуна бир аз кык алып келет. Ал кыкты эсин жоготкон адамга жыттатат. Ошондо жанагы киши эсине келе баштайт. Бираздан кийин бутуна турат. Теричи менен бирге басып кетет.

Анткени, эсин жоготкон адам да теричи болуп иштечү экен. Көп жылдар бою жыттанган терилердин арасында иштеген адамга базардан жыпар жыт жыттанганда ага чыдай албай эсин жоготкон.

**МЕСНЕВИ**

«Жаз коңузу дайыма кык ташыйт. Ошондуктан гүлдүн жытынан эси оойт. Анын дарысы жыттанган кыктар. Анткени ага көнүп калган.

Насаатчылар армандуу кишинин жүрөгүндө ыйман эшиги жана ооруган шыпаа табышы үчүн акылман ойлорду айтышып, гүл суусу менен дарылаганга аракет кылышат..

Бирөөлөргө насааттын жакшы жыты жакпаса, сөзсүз ал жаман жытка көнүп калган.

Сен да нурдан насааттан жакшылык жана кооздуктан насибиңди ал!.. мурдуңу кирлерге салба, май коңузу болуп калба! **АДАМ БОЛ, АДАМ!..**»

*

Таңкы кыроо, гүл, көз боёгон назик гүлдүү бакчадан өтүп бараткандa назик көңүлдү алыска алып кетет.

Көңүл ээлери жана туура жолдо жүргөн кишилер жүрөгүндөгү сүйүүнүн айынан ички дүйнөсүн алыска алып барышат. Түрдүү камуфляциянын натыйжасында көңүлдөр өзүнө жараша пайыз берекесин алышат.

Асхабы Кехфтин Кытмир деген ити кожоюндарына сак болгондуктан жана аларды

босогодо коргоп тургандыктан ал да алар менен кошо бейишке кирет.

**Азирети Мавляна** бул окуяны мындайча түшүндүрөт:

«Асхабы Кехфтин ити теңирдик пайыз менен арамдыктан кутулду. Падышалардын дасторконунун төрүнө отурду.»

«Ал ит Асхабы Кехфтин маегинен насип алгандыктан үңкүрдүн оозунда теңирдин ырайым суусунан ичти.»

Сасыган жана арам өлгөн жаныбарлардын этин басып өткөн жана аны менен азыктангандар да ал жерден алыстаганда ошол сасыган жытты айланага чачышат. Ошентип, рухтарды муунтат. Демди кысат.

Кулдук лаззатынан насипсиз калгандар айланасына мына ушундай жамандыктарды таркатышат. Алар бири биринин жыты менен ыракат алышат. Бул нерсеге куштар болушат.

Азирети Мавляна бир ыр сабында:

«Мазарга барып бир убакка чейин үн катпастан отур! Ал жерде үн катпастан сүйлөгөндөрдү ук!»- деп айтат.

Бир чычканды гүл бакчада жашатуу кыйын болсо, анын терси болгон аарыны да жаман жерде жашатуу мүмкүн эмес. Андыктан анын азыгы дем мейкиндиги болгон гүлдөрдүн арасы. Аны да мунун сыртында бир жерде жашата албайсың. Ар бир жандык жашоосун жалгыз гана өзүнүн табиятына туура келген жерде өткөрө алат.

Адам мына ушул нерсенин сыртына чыга албайт!

Жогорку даражадагы рухтар, Мухамеддик акыйкаттан азыктанганы сыяктуу, жаман рухтар да ыпыластардан азыктанат.

**Азирети Абу Бакир** – радиалаху анх – Алла Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – жүзүнө карап «Канчалык кооз» дечү. **Абу Жахил** болсо ошол ыйык жүздөн терсине жийиркенчү. Мындай айырмачылыктар себеби алардын экөө тең

Мухаммедде өзүнүн акыйкатын көрүп жатканын билдирет.

Олуя азиреттери:

«Биз жалтыраган күзгү сыяктуубуз, баары бизден өзүнүн сүрөтүн көрөт.»- деп айтат.

Күзгүлөр эч качан жалган айтпайт. Ким кандай болсо ошондой кылып көрсөтөт. Олуялар да теңирдик жана жөнөкөй нерселердин алдында ким кандай болсо, ошондой кылып көрсөтүп коёт. Аларга ким кандай караса, өзүн ошондой көрөт.

**Шейх Ниязи Мысри** – куддусе сиррух - :

«Эл үчүн күзгүмүн, бары карап көрүшөт.

Ким эмне көрсө, ал өзүн көрөт.

Жакшы кооз, жаман кир көрөт.»- деп көңүлдөрдүн күзгү экендигин айткысы келет.

**Азирети Мавляна** айтат:

«Бир киши капа болот же мени жаман көрүп калат деп күзгү эч качан жалган айтпайт.»

«Күзгү менен тараза улук нерсе. Аларга жүз жыл кызмат кылсаң да «мени жакшы көрсөт, жаман көрсөтпө» деп жалынсаң да сага «адамдарды

күлгүзбө» деп жооп берет. Биздин чынчылдыгыбыз болбосо, Алла чындыктарды биз аркылуу тааныганды бекер кылган эмес.»

Ооруп калган киши же жаракат алган киши дарылануу үчүн доктурду издесе, адеп ахлак орусу да руханий доктур Муршиди Камил болгондорду издейт.

Жеткилең болгонун элестеткен киши өзүн башкача көрсөткөнгө аракет кылат. Кемчиликтерин айтышат. Бирок бул абалдар чын эмес. Башкаларга көрсөтүү үчүн кылган аракеттер. Бираз аны изилдегениңде ичинен чириген жүрөк баткактыгы чыгат.

Азирети Мавляна:

«/зүмчүлдүк менен текебердиктин баткагын тазалоо үчүн албетте Муршиди Камилге зарылдык бар»- деп айтат.

Кээ бир адамдар китеп окуу менен өз эркин багындыра ала тургандыгына ишенишет.

Мындай аракет рак оорусун китеп окуу менен дарылаганга окшойт. Доктурлар да оруганда

башка доктурдун кароосуна муктаж. Анткени бир адам өз оорусун анализ кыла албайт. Бул кыймыл эки жактуу болот. Доктурлар да өзүнө таандык маселеде өкүм чыгара алышпайт. Башка доктурларга муктаждык албетте сезилет.

Чындыкты өз акылы менен табууну көздөгөндөр асманда учкан куштун жердеги көлөкөсүн кармаганга аракет кылганга окшош. Байкуш аягында күчүн жоготуп куштун жогору турганын байкабай калат. Акылы да жетпейт. Жердеги көлөкөнү кубалап эле жүрөт. Натыйжада бардык огу түгөнөт. Бирок дале болсо кушту кармай алган эмес.

Ушуга окшогон көптөгөндөр, өмүр баштыгындагы убакыт деген алтынды текке кетиришет. Жаш балдар каучук оюнчуктарга убакытты эриткени сыяктуу дүйнөдөгү алданын теңирдик убакытты текке кетиришет. Акыйкатты таштап элестөөнүн артынан кууп түшүү караңгы бойдон калганды түшүндүрөт.

Адамдарды алдаган ушул сыяктуу нерселер жалгыз гана Алланын өзгөчө кулдары аркылуу руханий сабак алуудан өтөт. Анткени алар Алланын жер жүзүндөгү нурлары болуп эсептелишет.

Акылдуу киши Алла досторунун жолунда болушу керек. Акылдан адаштырган нерселерден да алыс болушу керек.

Текебердик, менменсинүү жана мактануу сезимдери адамды жубалдыз кылып тешип салат. Адамдардын текебердиги өзүн барынан жогору сезүүдөн келет. Адамдар жалгыз гана Алла жолуна киргенде өзүндөгү мындай сезимдер жоголуп, мындай сезимдер бир гана Аллага жарашыктуу экендигин түшүнөт. Бардык нерсе ага Алладан берилген аманат экендигине көзү жетет.

*

**Зейд Бин Харисе** – радиаалаху анх – Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – боштондукка чыккан кул болчу. Аны Азирети Хатижа энебиз сатып алып, Алла Элчисине белек кылып берген. Азирети Пайгамбар - саллаллаху

алейхи васалам – аны бошотту. Бирок Зейд – радиаллаху анх – Алла Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – дан көргөн теңдешсиз пазилетинен улам андан кетпестен, анын кызматын кылып дайыма анын жанында болгон. Аны алганы келген атасын да ээрчибей койгон.

«Эй, Алланын Элчиси! Менин бар жогум сенсин! Жер жүзүндө сага эч кимди алмаштырбайм.»- деп Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –жанында кул болууну андан алыс болгон эркиндикке алмаштырат.

Ошондуктан Алла Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – аны ашыгы менен жакшы көргөн. Ага дайыма жакшы мамиле кылган. Азирети Зейд – радиаалаху анх – да Алла Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – маектеринде өзүнчө терең таасирленчү.

Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –:

«Иман багын гүл ачкан болсо, мунун белгиси эмне? Бир аламат көрсөт!» - деп сураганда Зейд –радиаллаху анх -:

«Дүйнөдөн эл этек тартып күндүзүм суусуз, түндөрүм уйкусуз болду. Бир найза калкандан кантип өтүп кетсе, мен да күндөн, түндөн ошондой болуп өтүп жатам. Аллага жакын бардым. Ал жерде убакыт жок! Бир кылым менен бир саат бир. Бардык нерсе жазылган. Ал жерде таң кеч жок. Эзел менен түбөлүк бирдей. Ааламдын баш аягы бирдей. Ал жердин чексиздигин ушул кичинекей акыл эч качан элестете албайт. Бири бирин зыярат кылган бейиш адамдарын көрдүм. Ошондой эле бири бирине душман болгон тозок элин көрүп жаткан сыяктуумун.!»- деди.

Башка бир сөзүндө Зейд –радиаллаху анх -:

«Дүйнө лаззаттарынан алыстагандан кийин Алла Таала жүрөгүмдү нурлантты. Мага кайып нерселерди көз менен көргөндөй кылып үйрөттү.»- деп абалып айтып берет.

Азирети Мавляна Зейд бин Харисенин бул абалын мындайча айтып берет:

«Зейд – радиаллаху анх – Алла элчисине «Көргөндөрүмү айтып берейинби» - деп уруксат алып айта баштайт.»

«Эй, Алланын Элчиси Адамдар эртең деп ойлогон махшер күнүн айтып берейин. Кайра тирилүүнүн сырларын айтып берейин. Буюр бул сырлардын пардалардын жыртайын. Ичимдеги теңирдик сырлар асмандагы күн сыктуу жарык чачсын.»

«Эй, Алланын Элчиси! Буюр кимдер дүйнө жамандарынын арасында калды, кимдер капырдыктын баткагына батты айтып берейин.»

«Пайгамбарлыктын өчпөс жети нерсесин айтып берейин.»

«Акыретте жакшылар кийген көйнөктү элге көрсөтөйүн. Ал жерде Пайгамбарларга чалына турган үндү да угузайын.»

«Ашып ташып жаткан Кавсар суусун көрсөтүп, сууну элдин жүзүнө чачайын. +нү да кулактарында калсын.»

«Суусагандар кубанычынан көз алдымда кучакташып, бири бирин куттуктасын.»

«Тозоктогулардын кайгы муңу, азап тартуусу кулагымды дүлөй кылчудай угулуп жатат.»

«Бул нерселер ичимен келген нерселер. Дагы айта турагандарым бар, бирок Пайгамбардан - саллаллаху алейхи васалам – коркомун.»

«Руханий абалга чумкуган ал киши ушинтип жатты. Теңдешсиз руханий абалы менен өзүн жоготуп, акыл эсин учуруп бардык сырларды айта турган абалга келип калган болчу.»

«Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –аны бул абалдан ойготуу үчүн:

«/зүңө кел! Токтот!»- деп Азирети Зейддин жакасынан тартты да:

«/зүңө кел! Тилиңдин тизгинин тарт. Айтпай турган нерселерди айта турган абалга келдиң. Рухуң денеден сыртка атып чыкты. Унутпа, ээ болгон

сырларды ачыкка чыгаруу аларды сиңдире албайсың. Алланын аттарынын бири Саттар. Муну бил жана бул сыпат менен бакытыңды курмандык кылба.!»

*

Кээде **Алла Элчисин** - саллаллаху алейхи васалам –руханий абал абдан курчагандыктан чыдай албай кетчү. Айрыкча вахий келип жатканда кыйналып катуу тер төкчү. Кээде бул нерсе чегинен ашканда:

«Эй, Айша руханият мени басып алды. Келип мага сөз сүйлө.» деп адамдык сапатына кайтчу.

Терсине дүйнө жеңип алганда:

«Эй, Билал азан айт!»- деп руханий дүйнөгө кайтчу.

Болбосо адамдарга мисал болгон бул кишиге чоң бир калк да туруштук бере алмак эмес.

*

Пайгамбар маегинен абдан көп пайыз береке алган Азирети Абу Бакир – радиаллаху анх – болчу. Азирети Пайгамбар менен кээде өзүнчө сүйлөшчү.

Андан башка эч кимдин кабары болчу эмес. Азирети Омар – радиаллаху анх – муну мындайча айтат:

Алланын Элчисинин жанына бардым. Азирети Абу Бакир –радиаллаху анх - менен тавхид илими жөнүндө сүйлөшүп жаткан эле. Жандарына отурдум. Арапча билбеген киши сыяктуу эч нерсе түшүнө алган жокмун.

«Бул абал эмне эле? Сиз Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – менен дайыма ушундай маек кыласыңарбы?» - деп сурадым.

Азирети Абу Бакир- радиаллаху анх –

«Ооба. Кээде Алланын элчиси - саллаллаху алейхи васалам –менен жалгыз калганда ушундай сүйлөшөбүз.»- деди.

Бир хадисте Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –:

«Биз пайгамбарлар жамааты адамдардын даражасына түшүп алардын акылдары ала турган абалда сүйлөө менен милдеттүбүз.»- дейт.

Башка бир хадисте:

«Адамдарга акылдары жете турган даражада эмес, акылдары ала турган даражада сүйлөгүлө.»- деп буйрук кылган.

Дүйнөнүн жалган экендиги жөнүндө хадистерде айтылган сыяктуу анын ачуулуу жана азаптуу экендигин айткан хадистер да бар.

Дүй келип кетүүчү аалам, көлөкө, жада калса өлүмдүн да бар экендигин баарыбыз билип турсак да, эң жакын адамдарыбыз өтүп кетсе да ошол жалган дүйнөгө болгон умтуулубузду жогото албай келебиз.

Бул абал хадисте айтылган сыяктуу дүйнөнүн жалган экендигинен болуп жатат. Биздин сабатсыздыгыбыз да ошол нерсенин негизи.

*

**Азирети Мавляна** дүйнөнүн сыйкырын төмөндө мындай деп түшүндөрөт:

«Ал сыйкырчы, ай нурунда шашылып беш жүз арш (Аалам) кездеме ченейт.!»

«Ал сенин күмүш акча сыяктуу өмүрүңдү алганда өмүр күмүшү түгөнүп, элес кездеме жоголуп, байлыгы түгөнгөн болот.»

«... дүйнө сыйкырына алданган! Сен «Кул Аузу» ну оку жана;

**«Эй, Теңирим! Мени ушул жалгандан жана дүйнө лаззаттарынан корго!»** - деп дуба кылышың керек.»

## ЗААЛЫМДЫН ЖАКШЫЛЫГЫ!..

«Жазда таш көрктөнөбү?
Топурак бол, сенден
түрдүү түрдүү
гүлдөр чыксын!»
**Азирети Мавляна**

Падышалардын бири жума күнү мечитке бараткан. Сакчылары жолдо турган элге бир жагынан:

«Жолдон качкыла!» - деп кыйкырып бир жагынан тепкилеп, уруп сабап падышага жол ачып баратышты. Ошол учурда бир байкуш кедей сакчылардан аябай таяк жеп, эт бетинен кан кетет. Чыдай албай пайдышанын артынан кыйкырып калат:

«Мыкачылыгына кара! Эл көзүнчө ушунтсең, Алла Таала сенин жашыруун кылган зулумдугуңан сактасын! Мечитке бараткан болуп көрүнөсүң, жакшылык кылдым деп ойлойсуң!.. сенин

жакшылыгың бул болсо, анда сенин жамандыгың кандай болду экен?!»

**МЕСНЕВИ:**

«Залымдардын жакшылары ушундай, жамандыктарын өзүң ойлон!..»

Тарых адамдарга залым менен жамандар ачкан жараны жана анын натыйжасын үлгү катары сунган. Адилеттүү жана жакшы өкүмдардын мээримин, ырайымын жана боорукерлигин да үлгү көрөт.

Пайгамбарыбыздын учурунда тарыхта адамдарга эч ким көрбөгөн мисалы бакыт тартуулап сансыз адамдар кийинкилерге үлгү болгон.

*

Азирети Омар – радиаллаху анх – халифа болгон учурда:

«Эй, Адамдар! Мен элге адилеттүүлүк кыла албасам эмне кыласыңар?»- деп сураганда элдин арасынан бирөө:

«Эй, Омар! Сен ийилип элден ажырасаң, сени кылычыбыз менен түздөп коёбуз!- дегенде азирети Омар – радиаллаху анх-

«**Алхамдүлиллах! Ийилсем мени кылычы менен түздөй турган досторум бар экен!..»** деп шүгүр айтып сүйүндү.

Ошондой эле Азирети Омар халифалык кылган доордо материалдык жактан көп кемчиликтер болгон. Эл эптеп септеп күн көргөн казына алтынга толо болсо дагы.

Сахабалардын кээ бири Азирети Омардын кызы Азирети Хафса- радиаллаху анха- га атасынын казынасынан бир аз акча берип турушун насаат кылды. Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –дын жубайы болгон Азирети Хафса да атасына муну айтканда Азирети Омар – радиаллаху анх – кызына:

«Кызым, сен Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам – жубайысың. Мага айтчы, Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васалам –жеп ичкенде кандай эле?»- деп сурады.

«Жетиштүү өлчөмдө болчу.» деген жоопту алганда Азирети Омар –радиаллаху анх – сөзүн улантып:

«Эки досум (Азирети Пайгамбар жана Азирети Абу Бакир) үчөөбүз бир жолдо кеткен үч жолоочубуз. Бири Азирети Пайгамбар тактына жетти. Беркиси ошол жолдо биринчи болду. +чүнчүсү болсо досторуна жеткенди каалайт. Көп жүк менен барсам аларга жете албай калам!..»- деди.

Ал казынасынан көптүгүнө карабастан өмүр бою ашыкча эч нерсе албаган. Ошондой эле эч качан дүйнө мүлкүнө мас болгон эмес. /лгөн учурда да карыздар болчу.

*

Сахабалардын доорунда буга окшогон мисалдар арбын болгон. Төрт халифа доору, Эмеви жана Аббасилердин доору удаа удаа келди. Бул доорлор ар кыл осуят үлгүлөргө, мисалдарга бай. Алардын ичинен **Омар бин Абдулазиз** сыяктуу адилет жана ырайымдуу адамдар болгон. Алланын

Элчиси - саллаллаху алейхи васалам – небереси **Азирети +сөндү** Кербелада канкордук менен шейит кылгандар жана **Имам Азам Абу Ханифа** жана **Ахмед бин Ханбел** сыяктуу Исламдын атак даңкын чыгарган аалымдар да бар эле.

Шейх Сади Гүлистанда айтат:

«Ибадаттардын кайсынысы артыкча?»- деп сурайт.

Ал:

«Сага уйку, анткени уктаганда эч кимди капа кылбайсың!»- деп жооп берет.

Бирөөнүн эркин төмөн кармашы жана эч кимге жамандык кылбагандыгы Алла досторунун жогорку сыпаттары. Адамдардын кичи пейилдиг дүйнө элинин көзүнө кирүү үчүн эмес, Алла ыраазычылыгы үчүн болушу керек бул нерсеге дыкат кылуу зарыл. Мунун терс жагы айбандык болуп эсептелет.

Кичи пейилдиктин терс жагы текеберленүү. Мансап адамдарга эң чоң напсини берген. Көпчүлүгү анын баркын билбей өзүн айбандык

даражага түшүрүп алат да залымдардан болуп калат.

Азирети Мавляна айтат:

«Жазда таш көрктөнөбү? Топурак бол, сенен түрдүү түрдүү гүлдөр чыксын!»

Башкача айтканда берекеттен насип алган жалгыз гана топурак болуп эсептелет. Ошондуктан анын үстүндө түрдүү гүлдөр чыгат. Жерде жаткан таш муну көрсө да андан насибин ала албайт.

Жүрөгү ташка айланган адамдар да табияттагы таш сыяктуу жансыз болушат. Аларга апрель жамгырынын пайдасы тийбейт. Эрк тоскоолун аша албагандарга ибадаттар да кыйын келет. Мындайларга напси түрдүү балээлерге дуушар кылат.

*

Тарыхта атгы чыккан кишилердин дайыма руханий тарбиячылары болгон. Алар тарбиялаган өкмөт адамдары терең көңүл эркин берип аларды ырайым менен боорукерликтин суусун ичирген.

**Эртурул Гази** улуу жол башчысы **Эдебалы Азиреттерин** өзүнө жол башчы кылып тандап алган. Анын уулу **Осмон Гази**ни анын тарбиясына берген.

Эртурул Гази уулу Осмон Газиге рухуна багыт бере турган мына бул насааттарды айтат:

**«УУЛУМ УК!**

**Мени капа кыл, Шейх Эдебалыны капа кылба.**

**Ал биздин санжыранын руханий күнү. Таразасы бир тыйынынан да адашпайт!**

**Мага каршы чык, ага каршы чыкпа!**

**Мага каршы чыксаң капа болом. Ага каршы чыксаң, көзүм сени карабас болот, анан да сени көрбөй калат.**

**Сөзүм Эдебалы үчүн эмес, Сен үчүн.**

**Бул айткандарымды осуят катары кабыл ал!..»**

Абдан чыйрак болгон Осмон Газини Эдебалы азиреттери өзү тарбиялап ага Алланын тааныганды үйрөтүп адеп ахлактуу кылып тарбиялайт.

Натыйжада ал аалам даңкы чыккан падыша болуп чыга келет.

Ошондуктан **Осмон Империясынын негизги куруучусу Эдебалы Азиреттери** болуп эсептелет. башка бийликтерде Эдебалы сыяктуу жол башчылар болбогондуктан алар акырындап эрип жок болуп кетет. А Осмон бийлиги болсо кыска мөөнөттө ааламга ээлик кыла баштайт. Дүйнөнү алты жүз жыл башкарат. Адилеттүлүк кылып Алланын таразасы болгон.

Шейх Эдебалы Азиреттери Осмон Газини жана анын жолунан кеткендерге багыт бере турган бир нече насааттары мындай:

«Эй, Уулум!

Бийсиң! Мындан кийин ачуулануу бизге; жалкоолук сага ... Күчтөнүү бизге; көңүл алуу сага ... күнөлөө бизге; жакшы көрүү сага... кыйналуулар кагылышуулар, келишпөөлөр, түшүнүшпөөлөр бизге; адилет сага жаман көз, сөз, акысыздык бизге; кечирүү сага..»

«Эй, Уулум!

Мындан кийин бөлүү бизге кошуу сага ... жалкоолук бизге, эскертүү кайрат кылуу сага...»

«Эй, Уулум!

Жүгүң оор, ишиң катуу, күчүң кылга байланыштуу... Алла Таала жардамчың болсун. Бийлигиң кут болсун. Алла жолунда пайдалуу кылсын. Нуруңду жаркыратсын. Алыстарга жеткирсин. Сага жүгүңдү ташыган күч бутуңду тайдырбаган күч кубат берсин акыл берсин.»

«Сен менен досторуң кылыч менен биздин дарвиштер ой пикир менен дуба кылып алдыңы ачышыбыз керек. Тоскоолдуктарды жеңүүбүз керек.»

«Сабыр маанилүү. Ар бир бий сабыр кылышын билгени абзел. Убакыттан мурда гүл ачылбайт. Кам алмурут желбейт. Желсе да бооруңда калат. Билимсиз кылыч да алмурут сыяктуу.»

«Улутуң өз сапаты ичинде жашасын. Ага аркаңы тоспо. Дайыма анын бар экендигин сез. Коомду башкарсаң да тирүү кармаган билим.»

«Эң чоң жеңиш эркин таануу. Душман адамдын өзү. Дос болсо эркин тааныгандын өзү.»

«/лкөнү башкаруу туугандары жана балдары менен бөлүшө турган мал эмес. /лкө жалгыз гана башкаргандыкы. өлгөндө ордуна ким келсе башкаруу аныкы. Мезгил мезгили менен катачылык кылган аталарыбыз бийликти балдары менен бөлүшүп алды. Ошондуктан жашай алган жок. Жашашпады..» (Бул насаат Осмондуктарды 600 жыл жашаткан.)

«Адам бир жолу ордунда оңою менен турбайт. Кыймылдабаса уюшуп калат. Ойгонгондо сүйлөй баштайт. Сөз ушакка айланат. Ушак башталганда башкаларды жолдон адаштырат. Дос душман, душман жаныбар болуп калат...»

«Ага турган кан текке акпашы керек. Ага жол менен багыт керек. Анткени кан топуракты суугаруу үчүн жаратылган эмес.»

«Кишинин күчү бир күнү түгөнөт. Бирок билим жашайт. Билимдин нуру жабык көздөн да ичкери кирет. Жарыкты киргизет.»

«Жаныбар өлсө кыгы калат. Адам өлсө изи калат. Кеткендин эмес артында из калтырбагандын артынан ыйлоо керек. Калтыргандын калтырган жеринен улантып кетүү керек.!»

«Согушту жактырбайм. Кан агызуудан качамын. Кылыч чыгып түшүргөндү билем. Бирок бул чыгып түшүү жашатуу үчүн болушу керек. Киши кишиге кылыч көтөрүшү кылмыш. Бийлик мамлекеттен алыс эмес. Согуш бийлик үчүн кылынбайт.»

«Токтоп эс алууга акыбыз жок. Анткени убакыт жок.»

«Жалгыздык коркконго. Урук эгиле турган убакытты билген дыйкан, башкасынан сурабайт. /зү калса да… топурактын табына келгенин билсе жетет.»

**«Сүйүү күрөштүн негизи болушу керек. «Сүйүү» бейпилдикте. Сүйгөн киши бакырып сүйүлбөйт. Көрүнүп да..»**

«Тарыхын билбеген келечегин билбейт. Осмон! Тарыхын жакшы бил. Келечекке бек кадам

кой. Кай жактан келгениңди кайакка кетериңди унутпа..»

*

Ушундай баалуу кеңештери менен Эдебалы Азиреттери Осмон бийди бир камыр сыяктуу жууруган. Жууруш да керек болчу. Анткени Осмон бий кыйын абалда болчу. Туш тараптан келген бийликти бириктирсинби же Византиялыктар менен Моголдорду токтотсунбу?! Айраң таң болуп турган кербези болчу.

Эдебалы Азиреттери ушундай темаларда Осмон Бийге руханий нур болуп жол көрсөткөн жардамчы болгон.

Осмон мамлекетинде шахтарды даярдоого абдан чоң маани берилген. Кичинесинен баштап жакшы мектептерде окутулчу. Бул окутуу учурдун маанилүү кишилери аркылуу болчу. Айрыкча руханий тарбияга көп маани берилген, анткени келечекте мүлк аларга аманат болот эле. Мүлктүн уланышы өлкөнүн бутун турушуна өбөлгө түзмөк.

Падыша болгондон кийин ага каршы тийиштүү эскертүүлөр устаздар тарабынан берилип турган.

Устаздардын насааттары дайыма падышаларга эне кучагындагы бөбөк сыяктуу болгон. **Азиз Махмут Худайи** азиреттери **!!! Мурат**ка эскертүү берген мыкты каттары бар. Анын учурундагы Фархат Паша аскерлери менен Стамбулдан Табризге чеийн жортуулга чыгат. Аскер менен Табриз калкы көңүл султанынын руханият дубаларына дуушар болгон.

Падышаларга каршы эскертүүлөргө мисал бере кетели:

Падышалар жума намазга сарайдын тепкичинен түшүп жатканда бир күзөтчү:

«Падышам көп жаша жолуң ачык болсун!» - деп дуба берип туруучу.

Падыша мечитке элдин көзүнчө эки катар сакчылары менен келип намазга жыгылчу. Падышанын эрк сезимдерине элдин алдан башы үчүн сакчылар бул жолкусунда:

«Көтөрүлбө падышам, сенден улук Алла бар!- деген.

Падышаны, өлкөнү жана калкты башкарган аларга руханий багыт берген **Эдебалы санжырасы** уланган убакытка чейин өлкөнүн берекети болгон.

Йылдырымдын **Эмир Султаны,** !! Мураттын **Ажы Майрам Велиси,** Фатихтин **Акшемсеттини,** !!Бейазиттин **Мехди Пашасы**, Явуздун **Ибн Кемал Пашасы**, Канундун **Меркез** жана **Сунбулу,** !!! Мураттын, ! Ахмет жана 4. Мураттын **Азиз Махмут Худайиси Эдебалынын** санжырасына кирет мисалдар.

*

Явуз Селим өзүнүн бир эскерүүсүндө мындай дейт:

«Явуз Египетке келгенде эл анын шааңын көрүү үчүн көчөлөргө чыгышкан. Явуз аскерлеринин ортосунда бараткан. Кийиминин айланадагылардан айырмасы жок болуучу. Шамда жума намазында ал жөнүндө сөз болуп жатканда:

**«Даңктуу эсептелген Мекке менен Мадинанын өкүмдары»** - делгенде

**«Жок, жок! Тескерисинче Мекке менен Мадинанын кызматчысымын.»** деп айтат.

Стамбулга кайтып келгенде +скүдарга келет. Стамбул эли аны чоң салтанат менен тосуп ала тургандыгынан кабар алганда кызматчысы Асан Жанга:

**«Күн карарсын, баары үйлөрүнө кетсин, көчөлөр бошосун, мен андан кийин Стамбулга киремин. Жалган алкыштар бизди мактанып көккө көтөрүп, анан кайра жерге төкпөсүн!..»**- деди.

*

Явуз Синай чөлүндө арыстан сыяктуу Египетке киргенде өзү жоош, момун абалында эле. +скүдарга киргенде руханий тарбияга кирген, өзүн техирдик сыпаттар менен алып жүргөн дарвиш сыяктуу көрүнө.

Асан Жанга бул ыр саптарын окуган:

**Ааламга падыша болуу, кургак сөз экен,**

**Мен сыяктуунга олуя болуу артык экен.**

*

Явуздун кызматчысы болгон Асан Жан анын өлүмүн мындайча айтат:

«Белине Сырпенче деген жара чыккан эле. Бул жара саат сайын чоңойуп, акыры терисин тешип жарып чыгат. Жаранын аржагынан Явуздун боору көрүндү. /зү мээрман бейпил эле. Жанына келип:

«Падышам, Алла менен бирге болуу убактысы келип калган окшойт!» - дедим.

Султан бурулуп мени карап:

«**Асан Асан! Сен мени ушул күнгө чейин ким болгонумду ойлодуң?.. азыр мага бир Ясин оку!»**- деди. Окулуп жаткан Ясиндин ортосунда рухун Аллага берди.»

Тогуз жылдык салтанаты жана жеңген жеңиштери, дүйнөгө таандык униформалары, аны алдай алган жок. Дайыма Алла менен бир болуп ага кулдук уруп, жалгыз гана андан жардам суроо сезими менен жашады..

**Эй, Теңирим! Бизди чыныгы султандык кулдугунан кийин акыркы демибизге чейин туура жолдон адаштырба!**

**Оомийин!..**

## КУЛЧУЛУКТАН БОШТОНДУККА

«Достор досторду эскериши ыйык
нерсе... Эгерде эскерген Лайли
эскерилген Мажнун болсо!»
**Азирети Мавляна**

Бир соодагердин капасында бир кооз куш бар эле. Аны ал абдан жакшы көрүүчү.

Бир күнү соодагер Индия тарапка соодага чыгууну каалап, март киши сыяктуу кызматчысынан ал жактан эмнени ала келүүсүн каалагандыгын сурады. Анан жакшы көргөн кушун кайрылды:

«Сага Индиядан эмне ала келейин?» - деп сурады.

Куш:

«Ал жердеги куштарга менин абалымды айтып бер!»- деди.

Капастагы куш Индиядагы куштарга мына буларды айткысы келип турган:

«Силерге суктанган бир куш капаска түштү. /мүр бою бир капаска курман болду. Силерге салам айтып силерден жардам үмүт кылам.»

«Бул айтканын эскертүү, мен сыяктуу темир капаста камалбастан эркин болуп, жашыл токой ичинде кооз гүлдөрдүн арасында күн кечиргендерге үлгү болсун. Мен капаста, силер гүлистанда! Достордун арманы ушундай! Мен бул капаста силерден бөлөк жашап жатканыма өкүнүп турушум туурабы?»

«Эй, устаз куштар! Силер таңкы убакта бакчадагы гүлдөрдү жыттаган учуруңарда мени да эстеп койгула!»

«Достор досторду эскериши ыйык нерсе... Эгерде эскерген Лайли эскерилген Мажнун болсо!»

«Эй, чогу учкан куштар! Силер ал жерде эркин учуп жүргөндө мен капаста жүрөгүмөн аккан канды ичип отурам! Мени эстесеңер мен үчүн ошол тунук булактан ичип койгула. Мен үчүн эч кимиси

жок бечара тууганыңар үчүн топуракка бир эки тамчыны тамчылатып койгула.!»

Куштун каалосун уккан соодагер жолго чыгат. Индияга келгенде дарактан даракка учкан куштарды көрөт. Аларга капастагы куштун саламын айтат.

Куштун бул саламы, башкача айтканда арманы Индия куштарын абдан толкундантат. Алардын ичинен бири уккандарына чыдай албай дарактан кулап түшүп өлөт.

Соодагер айраң калат. айткандарына бушайман болот өзүнчө:

«Бир жандуунун өлүмүнө себеп болдум. Күнөөгө баттым. Бул куш балким менин кушумдун тууганыдыр. Бул ишти эмнеге кылдым? Эмнеге ал кабарды айттым? Бечараны болбогон сөзүм менен өлтүрдүм.»-деди.

Соодагер иштерин бүтүрүп өлкөсүнө келгенде башынан өткөргөндөрүн өзүнүн кушуна айтып берди:

«Эй, кушум! Аткандарыма дале бушайманмын. Арманымдан улам бармактарымды тиштедим! Бирок андан эмне чыкмак?»

Кожоюнун дыкаттык менен уккан куш, индиядагы куш өңдүү капастан кулап түшүп катып калат.

Муну көргөн соодагер абдан таасирленди этек жеңин жыртып арман кыла баштады:

«Эй, кооз куш! Эй, менин кооз үндүү кушум. Эмне болду? эмнеге мындай болдуң? Эгерде Сулайман – алейхиссалам- дын ушундай кушу болгондо башка куштар менен алек болмок эмес.»

Анткени кушу, анын жолдошу жана сырдашы эле. Арманы арткан кожоюн ыйлап коё берет:

«Берген Алла! Алган Алла!»- деп өзүн сооротот. Куштан ажырап калгандыгы үчүн ичи өрттөнүп күйөт. Күнөөлүү болгон тилин тилдеп мындай дейт:

«Эй, тил! Сен өлүмгө себеп болдуң. Мага зыян келтирдиң. Эмне кыламын? Эй, тил! Сен от кырмансың! Муну качанга чейин улантасың? Эй, тил

жаным сенден арызданат. Ал сенин айтканыңды жасап эмне үчүн күндү көрүп жатат. Эй, тил кээде олуя кулдун тили сыяктуу түгөнгүс казынасың. Кээде уусуң. Эй, нысапсыз! Эй, жыланды ийининен чыгарган тил, мага ырайым кылбайсыңбы? Мени жок кылыш үчүн ушуларды жасап жатасыңбы?» дейт.

Соңунда соодагер бир топко чейин ыйлап сыздагандан кийин кушту капастан чыгарды. Көмүү үчүн жер каза баштады.

Бул учурда өлүмүш болгон куш жанданып учуп, бийик дарактын чокусуна конот.

Соодагер куштун учуп кеткенине таң калды. Чыдай албай кушуна кайрылап мындай деди:

«Эй, кушум! Алла үчүн абалыңды мага айт! Индиядагы куштан кандай таасирлендиң. Мага ойун көрсөттүң. Бул иштин сыры эмнеде?! Айт, мен да ушул руханий сырдан насибимди алайын! Мени кур калтырба.»- деди.

Анда куш:

«Кабарың алып келген куш мага үнсүз кабар берди. Насаат айтты. Мага: «Сени капаска камап койду.» - деди. Жана « Эй, чоңдор менен кичинелерге арманды айткан! Эй, аалымдарды да сабатсыздарды да мас кылган! Эй, адамдарды кумарланткан! Акылыңы башыңа ал бул нерселерди ташта! Сен да мен сыяктуу өл да, кулчулуктан кутул.» -деди. Мен мага айтылган сабакты орундаттым. /зүмдү өлтүрдүм да кутулдум!..»

Куш сөзүн улантып:

«Эй, кожоюн! Мен кулчулуктан кутулдум. Эми мекениме кайтып кетемин. Сен да мен сыяктуу жашасаң, дене капасынан кутуласың. Эркиндикке чык. Башкача айтканда атаң Азирети Адам келген жер болгон бейишке кет. Бул ылай денеден кутулуп теңирге жетесиң. Абдан көкөлөйсүң..» - деди.

Бул сөздөрдөн кийин абдан таасирленген соодагер өз өзүнчө:

« Мага ушул насаат жетет. Мен кушумдун жолун алайын. Түшүндүм, адамдарга акыйкаты

ачып берген, нурдуу жолдо мени адаштырган бул жалган дүйнө экен!..»

*

Икаядагы куш дене башкача айтканда, эрк кулдугуна кирген рухту тамсил кылат. Индиядагы эрикндиктеги куштар дүйнө лаззатынан ажыраган жалган нерселерден кутулган олуялардын рухун тамсил кылат.

Индиядагы куштардын капастагы кушка берген сабагы:

«/лүмдөн мурда өлгүлө!» деген буйрук. Кутулуу жалгыз гана ушул жол аркылуу болот. Азирети Мавляна – куддусе сиррух – айтат:

«/лгүлө, акыйкат таңында тирилесиңер!»

Индиядагы куш капастагы кушка бул боюнча мындай дейт:

«Сен да өл! Башкача айтканда, чыныгы өлүм келе электе эркиңен кутул. Эрк денедеги өз эркиңе өлүшүн айтып чыныгы жашоодо тирилишин буюрат. Ошондо гана руханий асманда уча алат.»

Анткени акыйкат менен жашабаган жана ичиндеги сырдуу аяндан кабары болбогон адамдардын жашоосу, дене капасындагы жан талашкан рухтан өйдө эмес. Чыныгы жашоо эркте өлүү менен башталат. Анткени бул өлүм чыныгы жашоонун дал өзү.

Ошондуктан **Азирети Мавляна** айтат:

«Жан кушунун икаясы да соодагердин кушунун икаясына окшошот.»

«Эй, сабатсыз! Бул куш сыяктуу өл да, кутул! Даана болсоң, сени куштар чогултат. Гүл сыяктуу болсоң сени балдар жулуп салат.»

«Данды сакта, аны сактасаң алыстарга кетесиң. Гүлдү сакта, анда дубалда өскөн от сыяктуу бол!»

«Башкача айтканда, билинүүдөн, көргөзүүдөн жана көрүнүүдөн кач! Момун бол! Ошондо гана мактануудан жана текеберликтен кутула аласың!»

«Сулуулугун сатыкка чыгарган киши балээге кол ачкан болот. Андайлар бардык жамандыктарды өзүнө тартат. Душманы башка, досу башка андан

соң аларды жок кылганга аракет кыла баштайт. Бири кызганып, беркиси жек көрүп, акыры ага зыян келтирет. Бул нерселерден кутулуу үчүн өзүмчүлдүктөн кутулуу керек.»

/зүмчүлдүктөн кутулуу өлүү же өлүк сыяктуу көрүнүү, башкача айтканда, буйрук менен тыйуу салууларды аткаруу керек. Ошондуктан **Жунейд Багдади** Азиреттери мистиканы:

«Алла Тааланын сени сенде өлтүрүшү жана өзү менен тирилтиши.» - деп аныктама берет.

Кул дүйнө кирлеринен кутулуп Аллага сыйынса теңирдик нурга дуушар болот. Ошондо балээлерге эмес, балээлер ага моюн сунат. Андыктан теңирдик азапка көнүп, Аллага душман болгондорго бул суу уу сыяктуу болот. Азирети Нух менен Азирети Мусага жар болгон Намруттун жүрөгүнөн арман түтүнүн чыгарган от, Ибрахим – алейхиссалам- га гүлистан болуп берди. Бул окуялар кокустук эмес. Алла Тааланын салих кулдарына болгон берекети жана теңирдик

чагылуунун кереметтери. Буга окшогон дагы канчалаган мисалдар бар...

*

Башка жагынан алып караганда теңирдик берекеттен ага ылайык болгон кулдарга гана берилет. Бирок кул жолдон адаштырган жана шайтандык жолго түшүргөн жалган нерселерден кутулуп, Аллага гана багыт алышы керек.

Бирок зикир бир гана тил аркылуу чалынбастан АллаТааланын бардык чагылуусун өзүндө сезе билиши зарыл. Ошондо гана жүрөк куштар боло алат.

Зикирдин акыйкаты сөз менен үндөн улук. Жүрөктүн өзү башкача айтканда өзөгү жана теңирдик негизи руханий болуп эсептелет. Бул нерсе заттардан бөлүнгөндө гана өзгөчө абалга келе алат. Ушул учурда жүрөк адамды жамандыктардан коргой алат. Жүрөк зикир чалганда гана тынчтанат. Бул жүрөктүн өзгөчө абалы. Жалган нерселерден алыстап «түбөлүк» нерселерге жетүүгө аракет кылат.

Рад сүрөсүнүн 28. аятында мындай делет:

الَّذِينَ آمَنُواْ وَتَطْمَئِنُّ قُلُوبُهُم بِذِكْرِ اللّهِ أَلاَ بِذِكْرِ اللّهِ تَطْمَئِنُّ الْقُلُوبُ

**«Ыйман келтиргендердин жүрөгү Алланы зикир чалганда гана тынчтанат. Эгерде билсеңер жүрөктөр Алланы зикир чалганда гана тынчтанат. /з жайын табат.»**

Башка бир аятта:

إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ الَّذِينَ إِذَا ذُكِرَ اللّهُ وَجِلَتْ قُلُوبُهُمْ
وَإِذَا تُلِيَتْ عَلَيْهِمْ آيَاتُهُ زَادَتْهُمْ إِيمَانًا وَعَلَى رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ

**«Момундар Алла зикир чалынганда жүрөгү титиреген Алланын аяттары окулганда ыймандары арткан жана жалгыз гана Аллага таянган кишилер болушат.»** - деп айтылат. (Енфал, 2)

Алланын нуру менен нурданган Алла досторунун абалын билдирген башка бир аятта мындай делет:

أَلا إِنَّ أَوْلِيَاء اللّهِ لاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ

**«Эгерде билсеңер Алла досторуна коркуу жок. Алар эч бир кабатыр да болушпайт»** (Юнус, 62)

*

Капастагы куштун бул ишаратындагы сырдын маанисин түшүнүп, аны ишке ашырган өзүн түбөлүк куткарган болуп эсептелет.

Чындыгында дене рухка капас сыяктуу. Бул капаска бир эмес миңдеген куштар кирип чыгат. Кирген куштар адамдагы ар кандай арзуулар болуп эсептелет. Чыккандары болсо кишиге оордук да жеңилдик да бербейт. Ушул эки группанын бири адамга ар кандай нерселерди айтып азгырат:

Экинчиси:

«Сенин чыныгы досуң менмин!»- дейт.

Бирөөсү:

«Жок сенин чыныгы өмүрлүк жолдошуң менмин!»- десе;

Бирөөсү:

«Сен абдан жакшысың, мартсың!» -деп алдайт.

Башка бирөөсү:

«Эки аалам сен үчүн жаратылды. Биз сенин кулуңбуз!» жалтаңдайт.

Ушуга окшогон нерселер узарып кете берет. Тилекке каршы адамдардын ичинен капаска камалгандар акылсыз жана руху жоголуп текеберленген кишилер. Булардын ичине кирген миңбир шайтан экендигин билбейт. Анткени бул дүйнө жалтактанып шайтанга алдангандар үчүн даамдуу келет. Чындыгында бул нерселер акыр аягында жалындуу отко айланган шайтандын азгырыктары. Мунун чындыгына бара албагандар акыретте жалындаган оттун ортосунда калганда гана чындыкты биле алышат. Бирок баары кеч болуп калат. /күнүү ал жерде эч нерсеге жарабайт...

Ошондуктан Азирети Али- радиаллаху анх- айтат:

«Адамды эки нерсе жексен кылат. Биричи эркине баш ийгендик. Экинчиси мактануу...» - деген.

*

**Алла Таала акырет бакытын, дүйнөдө текеберленбеген, бузукулук кылбаган жана**

**көңүлүндө Алла сүйүүсү кайнаган кишилерге гана насип кылган.**

Жакшылыктан алыстап жамандыкка бел байлагандар фараондуктан кутула алышпагандар. Ошондуктан мындай жамандыктардан тез кутулуу керек.

Жакшылыктын берекети көп. Жакшы адам март болот. Март киши ырайымдуу болот. Бул Алланын ыраазычылыгына себепчи. Жакшылыктан алыс болгон кишилер мындай ниматтардан кол жуушат.

Жакшылык сыпатына ээ болгон кулдар дос менен душманды оңой эле ажыратып коёт. Жакшылыктын айынан напсисиндеги султандыкты жоготкондор кимдердин душман экендигин дароо аңдай алат. Ошондо алардан арыстандан качкандай кача башташат.

Ошондуктан адамдар өзүн жамандыктан куткарыш үчүн Алла достору менен бирге болууга жана напсисиндеги өзүмчүлдүктү жок кылууга аракет жасашы керек. Алла досторуна назар берип,

аларды жакшылап түшүнүп, ар кандай сырдуу нерселерден пайдаланып, түрдүү азгырыктардан алыс болууга аракет эткени абзел.

Алла досторунун абалы сөздөрү өзүнчө бир сыр экендигин билиши керек. Алар кабары жокторду коргобоо үчүн кабары барларды дагы да ойгондуруу үчүн ишарат сөздөр аркылуу сүйлөшөт. Түшүнбөгөгндөр жалгыз гана сөздү угуп калышат.

Абу Хурайра – радиаллаху анх - айтат:

«Мен Алланын Элчисинен эки түрдүү илим алдым. Бирин айтайын, экинчисин сыр кармадым. Сыр кармабаганымда мойнум ийилип калмак...»

Пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васаллам – пайгамбарлык менен олуялыктын бардык сыпаттарын өзүнө чогулткан болуучу. 12000 пайгамбардын өзгөчөлүгү анда бар эле. Ал бир олуя менен пайгамбардын чагылышы.

Пайгамбарлыкта ар бир пайгамбар өзгөчө бир сыпат менен сыпаттандырылат. Мисалы:

Ибрахим - саллаллаху алейхи васаллам – көңүлүндө Алладан башка эч кимдин жок экендиги

маанисине келген «**Халилуллах»,** азирети Муса Алла менен сүйлөшкөн деген мааниде **«Келимуллах»**, Иса - саллаллаху алейхи васаллам – «**Рухуллах»** деген аттарды алышкан.

Олуялардын ар бири ушул сыпаттардын бирине ээ. Мисалы Абдулкадир Гейлани –куддусе биррух - үнөмдө, Азирети Мавляна –куддусе сиррух-руханий сүйүүдө белгилүү.

*

**Азирети Мавляна** өзүн мындайча түшүндүрөт:

«Мен бул сырларды көмүскө айттым. Айкын айткан жокмун. Анткени айткандын тили, уккандын кулагы күйүп кетмек.»

Башка бир сабында мындай дейт:

**«Менин сабым, сап эмес, ааламдын маңызы. Менин шакабам шакаба эмес сабак. Икаяларым жөнөкөй сөздөр эмес таалим. Сырларды айтуу колдонулган сөздөр.»**

Месневи таалим – тарбия үчүн түзүлгөн китеп. Месневинин башка өзгөчөлүгү адамдардын кабыл

алуусу бири биринен башка башка болгондуктан учур учуру менен шакабалуу түрдө айтылат. Жөнөкөй сезилген икаялар теңирдик сырлардын назиктигин ар түрдүү мааниде түшүндүрүп берет.

Азирети Мавляна өз өлүмүн өзүнчө бир той экендигин айтып, дене капасынан кутулгандыгын баса белгилейт:

«Көңүл досторум ошол түнү майрам кылып менин сүйүнчүмдү бөлүшөт!»- деп айтат.

«Мен өлүп табытка койулганымда ажырадык деп, кабырга коюлганымда кош айтып турба! Анткени өлүм мага азап эмес сүйүнүч.» - деп айтат.

*

Мавляна – куддусе сиррух – «Дүйнө эмне?»- деген суроого;

«Рухтар камагы!»- деп жооп кайтарган.

Армандуу Юнус бул дүйнө камагында жашаган рухуна арман кылып мындай дейт:

Сен мында жат калдыңбы,

Эмнеге ыйлайсың Эй, булбул?!

Чарчап изиңди жоготтуңбу,

Эмнеге ыйлайсың Эй, булбул?!

Ак кар тоону аштыңбы,
Терең сууларды кечтиңби?!
Жарыңан ажырап калдыңбы,
Эмнеге ыйлайсың Эй, булбул?!

Азирети Мавляна – куддусе сиррух- башка бир арманында:

«Мага элдерди туура жолго баштоо милдеттендирилгендиктен дүйнө камагында турамын. Болбосо зындан кайда мен кайда? Кайгырып капа болгудай кимдин малын уурдадым эле!?»- дейт.

Дүйнөдө кадам таштаган сайын маарага карай жол алабыз. Дем алган сайын дүйнөдөн кайтканга жакындайбыз. Рухтардын ааламы болгон рух ааламына жакындайбыз. Дем алган сайын жакындайбыз. көлчөктөгү суу бууланып жоголгону сыяктуу, үн катпастан өмүр да түгөнүп жок болот.

Адамдар менен жаныбарлардын негизи топурак болгондуктан анын ичинде чирийт. Жок болот. Топуракка айланат.

Материя сыяктуу руханият да негизине кайтат. Руханий ачыткысы бейиш болгондор бейишке, ачыткысы тозок болгондор тозок кирет.

Мавляна –куддусе сиррух- өмүрдүн үч этабын:

**«Кам элем, быштым жана күйдүм!»** - деп айтат.

Дененин күйүшү рухтун руханий азыктарга тоюп, материалдык азыктарга орун калтырбастан дүйнөлүк лаззаттардан өзүн алыстатышы дегенди түшүндүрөт.

Көпөлөк жарыктын айланасында ойноп жатып канатын күйгүзүп алганы сыяктуу Азирети Мавляна да:

«Денени күйгүзбөй туруп теңирдик сүйүүгө жана лаззаттарга жетүү мүмкүн эмес.»-деп айтат.

Халлажы Мансур руханий терең сабактардан кийин өлүмдү сагынганда:

«Менин тирилишим, жашоом, өлүмүмдө!»- дейт.

Эрк чуңкуруна түшпөө үчүн Мавляна – куддусе сиррух – бир ыр сабында мындай дейт:

«Балчык жебе! Балчык сатып алба! Балчыкты издебе! Анткени балчык жеген дайыма өңү өчүп жүрөт.»

«Жүрөктү толтуруу үчүн көңүл же. Башкача айтканда, жүрөктө пайда болгон берекеттерден пайдалан. Дайыма жаш бойдон каласың. Теңирдик насиптин гүлү сыяктуу болосуң!»

*

Вавилония өкүмдары Намруд Азирети Ибрахимди отко таштатты. Бирок:

يَا نَارُ كُونِي بَرْدًا وَسَلَامًا عَلَى إِبْرَاهِيمَ

**«Эй, от! Ибрахимге салкын жана саламат бол!»**(Энбия, 69)-деген буйрук аны күйгүзгөн жок. Айланасы гүлистан болду… ал отко Намруд менен желдеттери киргенде денесинин күлү да калмак эмес. Анткени аларда Ибрахимдик жок. Намруддук бар болчу.

*

Алла Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам – Бадр согушта эки жак бетме бет келгенде жерден бир ууч топурак алды. Душман тарапка атты. Ал топурак душмандардын көзүнө кирип, көздөрүн оорута баштады. Жеңилүүлөрүнө себеп болду. Ошондо төмөндөгү аят келет:

وَمَا رَمَيْتَ إِذْ رَمَيْتَ وَلَكِنَّ اللّهَ رَمَى

**«Атканыңда сен аткан жоксуң! Аны Алла өзү атты.»** ( Энфал, 17)

Ошол учурда азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам – Алланын ишине ортомчу болгон болчу. Ушу эле сыяктуу олуялар да Алланын кээ бир иштерине, ортомчу болушат. Кээде теңирдик кудурет алар аркылуу өтөт. Башкача айтканда Алла алардын колу өз кудуретин көрсөткөн болот.

Жүрөгүндө Намруддук сезимдерден кутула албаган жана мансапкор болгон адамдар акырында, шайтандын азгырыгына дуушар болушат. Капастагы куш сыяктуу Индия

куштарынын жол көрсөтүүсүнө дуушар боло алышпайт.

Мавляна – куддусе сиррух- айтат:

«/лүмдөн мурда өлүп руху акыйкат багынан жыт алгандар кандай бактылуу.»

Кудси хадисте Алла Таала мындай дейт:

«Мени ким сүйсө аны өлтүрөм! Мен кимди өлтүрсөм, анын акысы мага таандык. Кимдин акысы мага таандык болсо мен анын акысы боломун.»

Азирети Мавляна:

«Менин акым Алла Тааланын көзү.»- деп айтат.

Дайыма мына бул дубаны окучу:

«Эй, Маликул Мүлк болсо да тактысы болбогон Теңирим! Биз сыяктуу бечараларга тагылган оор кишенди сенден башка ким чыгара алат?..»

«Бизди ушул арам эрктин колунан куткар. Анын бычагы сөөгүбүзгө такалып калды.»

**«Теңирим колубуздан карма жана бизди сатып ал! көңүлүбүздөгү парданы алып ташта!**

**Бирок руханий пардабызды алба жана уят кылба!.»**

**Оомийин!..**

## ЭРК КУТУРГАН
## АРЫСТАН СЫЯКТУУ

«Эй, туура жолдо бараткан адам! Муса да Фараон да
сенде бар. Бул эки нерсени өзүңдөн издешиң керек.
Аяндын нурунда көзүңдү ач, сендеги Муса, сендеги Фараонду жеңип алсын!»
**Азирети Мавляна**

Баш аягы жок түнт токойдо кутурган арыстан жашачу. Анын кылган зулумдугунан токойдогу бардык жан жаныбар коркчу. Ал арыстан жаныбарларга күтүлбөгөн жерден кол салып жүдөтүп кордоочу. Коркуп жашаган жаныбарлар ага каршы амал издей башташат. Кеңешип болгон соң, ак сакалдууларын арыстанга жиберишет:

«Эй, токойлордун падышасы!. Күн сайын бирөөбүздү кармап жеп жатасың. Буга да макул болдук. Бирок сен эмнеге кыйналасың?! Сен

падышасың. Тактыңда отур. Биз сага күн сайын ичибизден бирөөнү курмандыкка жиберели. Сен ырахаттануу менен жейсиң. Ошондо биз да, сен да, тынч жасайсың.» - дешет.

Арыстан муну кабыл алуудан баш тартат:

«Бул сунушуңар тузак болуп жүрбөсүн. Ойуңар жакшы болсо макулмун. Бирок тузакка чыдабайм. Бул боюнча тажырыйбалуумун. Иштеп таап, жеп турганда, эмнеге мага жалкоолукту сунуштап жатасыңар?!»- деди.

Жаныбарлар арыстанды ыраазы кылуу үчүн ар нерсени айта башташат:

«Азыкты издеп табуу, элдин алсыздыгынан. Мындайлардын акысы мансабына жараша болсун. Асмандан жамгыр жадырган Алланын ырайымы менен нан берүүгө да күчү жетет.»- дешет.

Арыстан:

«Бутум турганда өзүмдү кантип чолок кылайын. Тырмактарым турганда күчүмдү кантип катайын- деп, сунушту кабыл алгысы келбесе да соңунда макул болот.

Ошол күндөн баштап эртең менен жаныбарлардын бири арыстанга келип жем болуп жатты. Бир күнү коёнго кезек келет.

Жаныбарлар:

«Эх эмне кылайлы, насип ушундай экен. Көпчүлүктүн тынчтыгы үчүн бирибиз өлүшүбүз керек. Убакытты өткөрбөстөн жолго чык! Арыстанды жиндентпейли.»- дешет.

Бирок коён айтканды тоотпой турду. Муну байкаган жаныбарлар чурулдашты:

«Эй, коён ушунча убакыттан бери биз сөзүбүздө туруп жаныбызды аяган жокпуз. Эми сен атыбызды булгап бизге каршы чыгасыңбы?!»- деп коёнго тап беришти.

Коён:

«Достор ачууланбагыла, мага бир аз убакыт бергиле. Мен амалым менен ага тузак тартамын. Анан биз андан таптакыр кутулабыз!»- деди.

Жаныбарлар бул пикирди толкундануу менен кабыл алып:

«Жөнөкөй коён экениңди унутуп чегиңен ашпа! Эмне деп жатасың?! Сенден күчтүүлөр да мындай дей алган эмес. Сен бизге балээ алып келип жүрбө! Айткандарың сен сыяктуу байкушка жарашпайт экен...»- дешти.

Коён:

«Достор бул сөздөрдү мага Алла илхам кылып жатат. Ошондуктан мен сыяктуу алсыздан күчтүү кайрат чыгып жатат. Көрбөй жатасыңарбы? Алла бал аарысына үйрөткөн өнөр арыстанда да, эшекте да жок. Инсанда да жок...»- дейт.

Коёндун сүрү баарың айраң калтырат, алар:

«Бул ишиңдин сыры эмнеде айтчы! Ойлонгонуң эмне? Кеңешип кескен бармак оорубайт эгерде билсең.» - дешти

Амалданган коён сырын айтканда бардык ойлогон оюю бузула тургандыгын ойлонуп сыр бербейт:

«Бардык сыр айтыла бербейт. Тагдырдын сүрү анын сырдуу болушунда. Тагдыр канчалаган билем дегендерди да алсыз кылган. Ошондуктан

иштин соңун алдын ала айтуу кыйын. Кээде жалгыз делинген эки, эки делинген жалгыз болуп калышы мүмкүн. Күзгүгө беттеп сөз сүйлөгөндөр, аны буулантып салышат. Андан эч нерсе көрүнбөйт. Ошондуктан аалымдар илептерин аз кыймылдатышат. Анткени алардын душманы көп болот. Бул сырдан аз гана кабары болуп калса миң бир тузак курушат. Бир сыр башка бирине айтылганда ал сырга кош айтуу керек. Эки киши билген сырлар жайылып кете берет.»- деди.

Ушундайча узун сөз сүйлөгөн коён бир убакыттан кийин жолго түшөт. Бирок жолдо жөн баспай секирип ойноп барат:

Ошол учурда арыстан ар күнү келген азыктын кечигип калышынан ачууланып, жер чапчып топуракты ыргытып күрүлдөп жатты. /зүнчө сүйлөнүп жатты:

«Мен ансыз деле алардын айткан сөздөрү кемчилик экендигин билгенмин. Кандай гана сөздөр менен мени алдап кетишти. Мен алардын терисин тескери сыйрыймын!»

Дал ушул учурда акылдуу кайра коён келип калды. Ачкалыктан алсыраган арыстан ачууланып:

«Кайда жүрөсүң? Эмнеге кечиктиң?»- деди.

Коён коркконунан аккан терин аарчыды. Андан кийин арыстанга өзүнүн күнөөсүз экендигине ишендирип жүзүн өзгөрттү:

«Султаным, менин урматымда сизге кемчилик кетирген жокмун. Уруксат берсең себебимди айтайын!»- деди.

Арыстан ого бетер ачууланып:

«Эй, акмак, падышанын алдына убагында келбегендигиңдин себеби эмне болмок эле?! Акмактын себебин билбейт деп жатасыңбы?! Мен коён эмесмин сенин себебиңди уккудай...»- деди.

Коён жалдырай баштады:

«Падышам, бардык сууларга суу берген деңиздер да кичинекей чырпыкты үстүндө ташыйт. Сен да мен байкушту угуп койсоң боло. Зулум көргөн жандын сөзүнө кулак сал!..»

Соңунда арыстан толкунданып уга баштайт. Ошондо коён мурда ойлоп койгон сөзүн айтат:

«Мен түштө жолго чыккам. Жанымда мага жолдош бир коён бар болчу. Капыстан алдыбыздан ушул күнгө чейин эч бир көрбөгөн арыстан чыга калса болобу. Ал алдыда келе жаткан жолдошума кол салды, экөөбүздү тең жегенге аракеттенди. Мен ага дароо:

«Биз падышалардын падыщасынын кулдарыбыз, бизге тийбе!»- дедим.

Бирок ал ачууланган арыстан аркырап сизден кечирим сурагандын ордуна кайра ачууланып:

**«Ал ким болуп калыптыр? Бул токойдун падышасы мен боломун! Менин алдымда анын атын кантип айтып жатасың?»**- деп кекээрледи.

Андан соң ачуусуна жеңдирип жолдошумду барымтага алды да мени сизге жиберди.

Эй, падышалардын падышасы! Досум мендей үч келет. Семиз болчу. Эй, падыша мындан кийин сага келе турган жол жабылып калды. Мындан кийин сага келчү күнүмдүк азыктан үмүтүңдү үз же жолдогу ошол арыстанды жок кыл.

Бул нерселерди сабыр кылып уккан арыстан ачууланып каарын төктү:

**«Ким бул акмак! Бул токойдо менин гана сөзүм өтөт. Ким экен ал, тез айт!»**- деди.

Коён ичинен кубанып ачуулуу арыстанды ансайын жинженип, аркы арыстан тууралуу дагы көп нерселерди айтып жатты. Соңунда арыстан чыдай албай:

«Алдыма түш да мага ал акмакты көрсөт. Ага окшогондордун далайын терисин сыйрыганмын. Эгерде алдап жаткан болсоң, сенин да териңди сыйрыймын...»- деп аны коркутат.

Бирге жолго чыгышат. Коён мурунтан белгилеп кылып койгон кудукка алып жөнөйт. Бул кудукту ага тузак катары тандаган. Арыстанга муну сездирбеш үчүн кудукка жакындаганда бираз аркада калып калат. Ачууланган арыстан дароо кыйкырат:

«Эмне аркада калып жатасың? Алдыга бас!»- деди.

Коён коркуп:

«Султаным! Коркконуман колу бутум шилтебей калды! Жаным титиреп, өңүм саргарып жатат. Ичимде эмне болуп жатканын да билбей турамын.» дейт.

Арыстан:

«Сен мага ооруларыңды айтып аркада калбай тез бас!»- деп көшөкөрлөндү.

Коён:

«Султаным ал арыстан алдагы кудуктун ичинде! Мен жакындабайм. Бир жолу жүрөгүм оттон араң чыккан.»- дейт.

Арыстан ачууланып:

«Коркпо алдыга бас! Мен тырмагымды ачсам анда ал, анын өлүмү болот.»- деп аны жанына алат. Кудукка жакындайт. Сууну караса өзү менен кошо колундагы коёндун көлөкөсүн көрөт.

Дароо кырылдай баштайт, кудуктагы да кырылдайт. Коён муну да өз пайдасына чыгарат.

«Көрдүңүзбү султаным? Сизге кандай ачууланып жатат!»- деди.

Арыстандын көздөрүнөн жалы чыгып:

**«Бир аймакта эки султан болбойт, аны жок кылышым керек!»**- деп ойлонот.

Андан кийин кудукка **«Күп»** -деген бойдон кирип кетет.

Ошентип жаныбарларга кылган жамандыгынын айынан акыбети жамандык болот. Анын зулумдуктары теңирдик наалыттын айынан кудукка көмүлдү.

Амалдуу коён көк жашыл саздын үстүндө секирип, жаныбарларга кутулганын сүйүнчүлөдү. Мурда аны теңсинбеген жаныбарлар бул жолкусунда анын айланасына чогулду. Аны шам сыяктуу ортого алышты. Урмат көрсөтө башташат, анан:

«Сен асмандан түшкөн периштесиңби? Же арыстандардын Азиреилисиңби? Ал заалымды кантип жеңдиң?»

Коён:

«Бул Алла Тааланын ниматы. Болбосо бир коён ким болуп калыптыр. Мен жалгыз гана Алла Таалага тобокел кылдым. Алла Таала мага ал

арыстанга теңешер күч берди. Акылымды колдондум. Аны мага теңир илхам кылды. Ошентип ал кутурган арыстанга каршы күчүмдү колго алып, аны жок кылганга тузак курдум. Соңунда кутулдум. Тынчтык алып келдим.»

*

**МЕСНЕВИ:**

«Эй, киши! Сенин эркиң бул дүйнө кудугунун түбүнө ачуулантып таштап койгон арыстан сыяктуу. Эркиңди жеңип коён сыяктуу эркин жүр... Сен коён сыяктуу руханияттын баркын бил. Аны жеткилең кыл. Руханият чөлүндө азыктан. Эркиң сыяктуу чуңкур кудукка түшүп калуудан аяр бол. Болбосо жексен болосуң!»

*

Армандуу Юнус эркин жок кылууда көңүлүнүн абалдарын ыр түрүндө мындай деп түшүндүрөт:

Бир дем келет, Иса сыяктуу өлгөндөрдү тирүү кылат,

Бир дем келет, менменсинүү үйүндө Фараон менен Хаман болот!

Бир дем жибер, Жабиреилге ырайым чачат ар бир жолу,

Бир дем келет, жан берген байкуш Юнус айраң болот.

*

Абу Мужахид – радиаллаху анх- айтат:

«Алла Таала жараткан эң акмак нерсе – бул, адамдын эрки. Анткени дайыма өзүнө жамандык каалайт.»

Алла Таала эркти жаратканда андан сурайт:

«Сен кимсиң, мен киммин?»

Эрк:

«Сен сенсин мен менмин!...»

Азирети Муса – алейхиссалам- учурунда сырдуу илимдер менен сыйкырчылык өнөр өнүккөн болчу. Ошондуктан азирети Муса да таягын таштаганда ажыдаар болуп көрүндү. Ошол эле учурда ал таякты Кызыл деңизге урганда деңиз жол болуп ачылып берди. Мистика аалымдары азирети Мусанын таягын адам эркине далалат кылгандыгын айтышат. Азирети Муса ал таякка таянчу. Алла

Таала аны таштатканда чоң бир ажыдаар болгонун көрүп коркуп кетти. Анткени Алла Мусадан сураган эле:

«Колуңдагы эмне?»

Муса:

«Эй, Аллахым бул таяк»- дейт.

Алла Таала:

«Аны эмне кыласың?»- дейт.

Муса:

«Ага таянамын..»- дейт.

Алла Таала:

«Менден башка таяна турган, сыйына турган эч ким жок экендигин билбейсиңби!? Ташта аныңды!»- деп буюрат.

Азирети Муса таякты таштаганда анын чындыгын көрөт. Бирок ал эркин айкындатуу үчүн, таяктын чындыгын билүү менен ал өз элин туура жолго баштаган...

*

**Зулкарнайн** –алейхиссалам- өлүм менен эркинен ажырагысы келген бир коомго жолугат. Ал

жердеги адамдардын колунда дүйнөгө таандык эч нерсе жок болчу. Азыктары мөмө жемиш болчу. Мөмөлөрүн коргогондо абдан кылдат эле. Ошондой бул эл өзүнүн мазарын өзү казып, ал жерди тазалап, ибадаттарын ал жерде аткарчу. Зулкарнайн – алейхиссалам- алардын башчысын чакыртат. /күмдар:

«Мен эч кимди каалабайм. Мени каалаган өзү келсин дейт.»- дейт.

Зулкарнайн – алейхиссалам- өкүмдардын жанына өзү келип:

«Мен сени чакырдым эмнеге келген жоксуӊ?»- дейт.

/күмдар:

«Сага муктаж эмесмин, муктаж болсом келет болчумун.»- дейт.

Зулкарнайн- алейхиссалам-

«Бул эмнеӊ? Сендеги бул абалды эч кимден көргөн жокмун.»-дегенде, өкүмдар:

«Ооба. Биз алтын менен күмүшкө баа бербейбиз. Анткени алардан бирөөгө бираз эле

берсек, алар дагы көп каалап элдин тынчын алып жатат. Ошондуктан дүйнөнүн артына түшпөйбүз.»- дейт.

Зулкарнайн – алейхиссалам-

«Бул мазарлар эмне? Эмнеге буларды казып, ибадаттарды ал жерде кылып жатасыңар?»- деп сурайт.

/күмдар:

«Дүйнөнүн артынан кууп кетпөө үчүн ушундай кылып жатабыз. Мазарларды көрүп ал жерге кире турганыбызды эстеп баарынан баш тартабыз.»- дейт.

Зулкарнайн – алейхиссалм-

« Эмнеге мөмөдөн башка эч нерсе жебейсиңер? Мал багып эт – сүтүнөн пайдалансаңар болбойбу?»- дейт.

/күмдар:

«Ичегелерибиз жандууларга мазар болушун каалабадык. өсүмдүктөр менен жан багабыз. Ансыз деле тамактан ылдый киргенде эч кимисинин даамын ала албайбыз.»- деп жооп берет.

*

Азирети Али – радиаллаху анх –

«Кедей - ач көз киши, бай – канаат кылган киши.»- деп айтат.

Анткени каалоолордун акыр аягы болбойт. Акыр аягы келбеген мындай каалоолордун ээси эч качан тойбойт. Алардын көңүлүн курчап алган ач көздүк теңирдик сүйүүгө орун калтырбайт. /мүрүн арзууларына байлап, теңирдик ниматтарга көз жумгандардын акыр аягы кайгы муң болот. Алар үч нерсеге бөлүнөт:

1. Чогулткандарына тойбостук.
2. Көңүлүндөгү нерсени таба албастык
3. Ар кандай көңүл жана руханияттан алыс калуу.

Алла Таала:

أَرَأَيْتَ مَنِ اتَّخَذَ إِلَهَهُ هَوَاهُ أَفَأَنتَ تَكُونُ عَلَيْهِ وَكِيلًا

**«Эй, Элчим эркинин арзууларын өзүнө Бут кылган кишини көрбөдүңбү? Эми сен аларга өкүл болмок белең?»**(Фуркан, 43)

أَفَرَأَيْتَ مَنِ اتَّخَذَ إِلَهَهُ هَوَاهُ

**«Эй, Элчим арзуу – каалоолорун теңир кылып алгандарды көргөн жоксуңбу?»**(Жашия, 23)- деп айтат.

Бул эки аят адамдар өз тозогун даярдоо үчүн кирген жолун бизге эскертет.

Алла Таала берген ниматтарды унутуп эркинин арзууларына кул болуп, акыретин жексен кылып алгандар жөнүндө **Фахруддин Аттар** азиреттери мына бул икаяны айтып берет:

Падышанын бир аң тайганы бар болчу. Аңчылыкка мыкты эле. Падыша ага чоң маани берип, кайда барса да жанына алып жүрүүчү. Итин жакшы жабдыктап кардык тагып, буттарында алтын – күмүштөн жасалган билериктери бар болчу. +стүнө атластан кийим кийгизип алчу.

Күндөрдүн биринде падыша аны жанына алып, сарай сакчылары менен аңга чыгат. Иттин жибин колго алып, өзү атка минип бараткан падыша жайбаракат эле. Бирок капысынан тынчын алган бир нерсе көзүнө көрүндү. Анын ити башка нерсеге алаксып жалтанып жаткан болчу. Падыша

иттин жибин тартса да ит ага каршы тиренип туруп алат. Алдында жаткан сөөктү жеп тура берет. Бул нерсеге ачууланган падыша:

«Алдыңда турган мени унутуп башка нерсе менен алек болуп калганың кандай?!»- деп кыйкырат.

Абдан капа болот. Ити наадандык кылып анын айтканын кылбай коёт. Итке теңелбей аны кечирип койойун деген нерсе ойуна келбейт. Ушунчалык жакшы көргөн ити чириген сөөккө кожойунун алмашып салганына чыдай албай албуттанып:

«Жол бергиле адепсизге!»- дейт.

Бейкапар ит, муну түшүнүп калса, жасай турган башка айласы жок эле. Айланасындагылар падышага:

«Султаным үстүндөгү алтын зерди алып, андан соң коё берели!»- дейт.

Падыша:

«Жок! Тийбегиле кетсин»- дейт.

Дагы:

«Тийбегиле ошондой кетсин! Ошндой кетип какыраган чөлдө ачка, суусуз калсын. Аларга карап жоготуп алган ниматтарын эстесин жана анын арманын жашасын!..»

Алла Таала берген ниматтардын баркын билбестен арзыбаган нерселердин артынан кууп түшүп жексен болгон инсандардын абалын чагылдырган бул икая абдан таасирдүү. Мындай абалга дуушар болгон киши бул токулган зергерлердин бош экендигин көрүп арман кылсын.

**Азирети Иса** –алейхиссалам- учурунда болуп өткөн бул окуя да ушуга окшош:

Бир Жөөт, Иса – алейхиссаламга – дос болууну каалап мындай дейт:

«Сени менен бирге болуп, сени менен маек курганды каалайм!»

Азирети Иса макул болот. Бирге жолго чыгышат. Суунун жээгине келгенде тамактанып олтурушат. Куржунундагы үч жупка болот. Экөөнү жешет, үчүнчүсү калат. Бир нече убакыттан кийин

Иса- алейхиссалам – суу ичкени түшүп кетет. Жупка жок болуп калганын көрүп:

«Жупканы ким алды?»- деп сурайт.

Жөөт:

«Билбейм.»- дейт.

Азирети Иса эч нерсе дебейт. Жолун улантышат. Бир убакыттан кийин Иса – алейхиссалам- жолдо эки баласы бар кийикти көрүп калат. Чаарчыгынын бирин жанына чакырат. Иса – алейхиссалам- менен жөөт аны сойуп жешет. Андан кийин азирети Иса кийиктин баласына:

«Алла Тааланын буйругу менен тур!»- дейт.

Кийик дароо туруп кетип калат. Иса – алейхиссалам- жөөткө карап:

«Сага бул кереметти көрсөткөндүн аты менен сураймын, Жупканы ким алды?»- дейт.

Жөөт:

«Билбейм..»- деп жооп берет.

Дагы жолун улантышат. Бир дарыяга келишет. Иса- алейхиссалам- жөөттүн колунан кармап,

суунун үстүнөн басып өтүп кетишет. Азирети Иса кайра сурайт:

«Сага бул кереметти көрсөткөндүн аты менен сураймын жупканы ким алды?»- дейт.

Жөөт:

«Билбейм..»- дейт.

Дагы жолун улантышат. Кумдуу чөлгө келишет. Азирети Иса кумду чогултуп чоң бир дөңсөө кылып коёт да:

«Алла Тааланын буйругу менен алтын бол»- дейт.

Кум алтын болуп калат. Иса- алейхиссалам- ал дөңсөнү үчкө бөлүп жөөткө:

«Бири меники бири сеники, үчүнчүсү жупканы жегендики»- дейт.

Көздөрү жайнаган жөөт:

«Жупканы мен жеген болчумун.»- дейт.

Иса:

«Алтындардын баары сеники болсун!»- деп дүйнөнүн аркасына кууп түшкөн жөөттү дос кылуудан баш тартат да, басып кетип калат.

Сабатсыз жөөт байлыкка мас болуп жатканда, жанына эки киши келет. Алтындарды көрүп аны алуу үчүн жөөттү өлтүргүлөрү келет. Жөөт жан талашып:

«Албагыла! Алтындар үчөөбүздүкү, бөлүшөбүз. Бирок бирибиз шаардан азык алып келсин. Алгач курсагыбызды тойгузалы. Андан соң алтындарды бөлүшөбүз.»- дейт.

Муну баары кабыл алат. Араларынан бирөөнү тамакка жиберишет. Тамакка бараткан киши жолдо шайтанча ойлонот:

«Эмнеге алтындарды үчкө бөлөбүз?.. Шаардан алып келген тамактын алар жеген жагына уу кошуп салайын. Алар жеп өлүшсүн. Анан алтын мага калат.»

Тамакка уу кошот. Бирок достору да ошондой ойлоп өздөрүнчө:

«Алтынды үчкө бөлбөйлү! Экиге бөлөлү. Бай болобуз. Шаарга кеткен киши келгенде аны өлтүрөлү. Алып келген тамагын жейли. Кийин алтындарды бөлүшөбүз.»- дешет.

Анан айтканын кылышат. Шаардан келген кишини өлтүрүшөт. Анан тамакты жешет. Бираздан соң алар да алтындын арасында жан беришет. Ошентип алтын үч кишиге мазар болуп калат.

Бир убакыттан кийин Иса- алейхиссалам- апостолдору менен бирге ал жерден өтөт. Аларды көрүп апостолдоруна:

**«Мынакей дүнүйө кордук. Андан сак болгула!..»-** деп айтат.

Азирети Мавляна –куддусе сиррух- мал – мүлктү жана жанды Алла Таала жолунда ичи тардык кылбастан каржылоо керектигин мынтип айтат:

«Адамдарга эмне болуп жатат, алтындын кулу болушту? Аларды Алла Таала жолуна жумшабаса мал мүлктөн эмне пайда. Алтынга кызыгып колу буту жок жыланга окшоп жан талашкандык пастык!»

*

Адамдагы арзуу, каалоолор кыбылага айланганда адам өз эркинин кулу болот. Чыныгы акыйкаты көр кылып алат...

/з эркине кул болгон адамдын соңу муң. Дене тирүү жүргөндө алыстарды ойлонгусу келбейт. Андайларга өлүм түш коркуусундай эле болот. Анткени алар эч качан өлгүсү келбейт.

Адамдар эң маанилүү жагы топуракты билүү менен башталат. Пикирлер, кылынган иштер топурактын астын эстетпесе бул караңгы дүйнөдө кылган иштери текке кете берет.

Денебизден чыккан ар бир дем жаназа сыяктуу бизден алыстап кеткенин көргөндө; коркунучтуу келечегибиздин алдында чөгө түшүп:

**«Келечекке караганымда күнөөкөр сыяктуу титирейимин!»** - деген сөз илебибизде шыбырап турат. Мазар чегин аша албаган киши дүйнөгө кул болушу өкүнүчтүү.

Жашоо бешик менен табыттын ортосунда тар коридор сыяктуу. Дүйнө жашоосу чексиздик ичинде самын көбүгүнөн айырмасы жок.

«Адамдардын акылындагы жашоо кандай?»-деген суроого топурактагы ным, мазар таштары жана караңгылык эң сонун жоопту берет. Мындай учурда эрктин каалоолору денеде абдан азап тартат.

/лүм маселеси пайгамбарлардын жол көрсөтүшүнө карабастан адамдардын тынчын алган. Акылдарда уулуу жылаан сыяктуу элестелип учур учуру менен аша чапкан напсилерди токтотуу максатында суралып келген.

Баарын ала турган өлүм, сөзсүз бир күнү бирине азап алып келсе, бирине ырайым алып келет. Адам акылы менен түшүнүлбөгөн өлүмдү вахийди түшүнүп, эрк тоскоолдуктарын ашып өтүп жана пайгамбарлар менен олуялар көрсөткөн жол менен гана жетүү мүмкүн.

**Азирети Мавляна** айтат:

«Эй, туура жолдо болгон адам! Муса да, Фараон да сенде бар. Бул эки нерсени өзүңдөн издешиң керек.»

«Аяндын нурунда көзүңдү ач, сендеги Муса, сендеги Фараонду жеңип алсын!»

«Качанга чейин дүйнөнүн артынан кууп жүрөсүң? Дүйнө көйнөгү бир күнү сага кепин боло турганын билип жүр.»

«Саман сыяктуу баардык желден титиресең, тоо болсоң да сүрүң жоголот. Саманга да арзыбайсың!..»

**Эй, Теңирим! Ырайым кылып биз сыяктуу алсыз кулдарыңды эрк тоскоолдуктарынан ашырып вахийге кулак бергендерден кыл! Салих кулдардын руханиятынан насип алууну бизге ыраа көр!**

**Оомийин!..**

## ЭРКТИН БАР БОЛУУ СЫРЫ

«Эгерде мен ошондо сенин ич ааламыңдагылардан бираз айтканымда, өтүң жарылмак. Коркуу сени жексен кылмак. Мышыктын алдындагы чычкан сыяктуу жок болмоксуң!»

**Азирети Мавляна**

Жеңиштин даңкы ага жетүү үчүн болгон эсеп жеткис кыйынчылык эс тандырган ар кыл толкундоолордун жыйынтыгы.

Азирети Адамдын байкабай кетирген катачылыгынан бейиштен ушул дүйнөгө жиберилген. Бул жаңы жерде анын урук тукуму көбөйүп, бир бөлүгү өз акысы менен бейишке кайра кирүү сынагына ээ. Бул максатта адамдарды эң даңктуу кылып жаратты. Ал даңктын даңкы артып улам көбөйүшү үчүн Алла Таала «эрк»ти жаратты. «Эрк» даңктын артылышына тоскоол болгон эң чоң нерсе.

Адамдардын өзү иштеп тапканы менен бейишке кайтып келүүнү ыраа көргөн Алла Таала, алардын алдына койгон эрк тоскоолдугун ашуу мүмкүнчүлүгүн да берген. Бул нерселердин башында «пайгамбарлар» жана алардын кызматын кыяматка чейин уланта турган олуялардын көрсөтмөлөрү бар.

*

Азирети Мавляна төмөндөгү икаясында «эрктин бар болуу сырын» мындайча түшүндүрөт:

«Атка минген бир амир, дарактын көлөкөсүндө уктап жатканда кишинин оозуна кара жылаан кирип баратканын көрөт. Жылаанды чоочутуп качыруу үчүн атын чапкыласа да жетпей калат.»

«Ошондо амир уктап жаткан адамды бул жаманчылыктан куткаруу үчүн бардык өнөрүн көрсөтөт.»

«Болгон күчү менен ал кишини камчы менен чаап. Ал киши коркконунан ордунан ыргып турат да амирди көрүп качып жөнөйт.»

«Амир ал адамдын артынан кууп барып, мөмөсү бышып турган алма дарагынын алдынан кармап алат. Жерде чирип жаткан алмаларды алып ал адамдын оозуна тыга баштайт.  Бир жагынан:

«Эй, байкуш баарын жейсиң! **Бул чилеге чыдайсың!**» деп жатты.

Ал киши коркуп, айраң таң болуп амирге:

«Эй, амир! Мен сага эмне кылдым? Менде кандай өчүң бар? Эгерде душманың болсом кылыч менен башымды чаап жанымды ал, мынчалык кыйнаба!

Сени көргөнүм бактысыздыгым экен!.. Сенин жүзүңдү көрбөгөндөр кандай бактылуу!.. күнөөсүз бир адамга мындай кордукту заалымдар да кылбайт… Бул сөздөрдү айтып жатканда да оозумдан кан агып жатат карачы… Ант урсун сендей таш боор заалымды көргөн эмесмин!..

Эй, Теңирим, бул заалымдын жазасын бер!..»- деп наалат айта баштайт.

Бирок амир бул сөздөргө көңүл бурган жок. Кайра: «Бул жылгада жүгүр!»- деп камчылаганын токтоткон жок.

Ал киши амирдин камчысынын уусуна чыдай албай кача баштады. Анда санда жерге жатагалып баратты. Байкуштун ичегеси чириген алмага толуп, камчыдан бети башы көгөрүп, каны жайыла берди.»

Ага карабастан амир аны дагы бир нече убакыт кубалап сабады. Кишинин күчү кетип, көңүлү айланып куса баштады.

Жеген баардык алмасын кусту. Соңунда чириген алмалар менен кошо ичиндеги кара жылаан чыкты.

«Дароо айраң калган киши ичинен чыккан жылаанды көрүп коркуп кетти. Ошондо амирдин адына тиз чөгөт. Анан:

«Чындыгында сен, Жабиреилдин ырайымы сыяктуу келипсиң! көрсө менин куткаруучум экенсиң!»

«Сени көргөн убактым эң бактылуу учурум экен. Эгерде сен болбогонуңда эбак эле өлмөк экем. Сен мага жашоо бердиң.»

«Сенин жүзүңдү көргөн киши же капысынан сенин айылыңа кирген киши кандай бактылуу.»

«Эй, мактоого татыктуу кул! Сабатсыздыгым мага сени жаман көрсөтүп, сага карата жаман сөздөрдү айттырды. Ал үчүн мени кечир.»

«Эгерде муну бираз мурда билгенимде жанагы сөздөрдү айтмак эмесмин. Сен оорулуунун шыпасы үчүн ага ачуу дары берген күчтүү эмчи экениңди жашырдың. Муну билгенимде сени мактамакмын. Бирок сен эч нерсе айтпастан улам улам мени башыма уруп жаттың! Натыйжада башым айланып, акылымдан ажырадым. Сага эмне дегенимди да билбейм. Мени кечир айткандарымды өзүмө кайтар!»

Акылман амир ага:

«Эгерде мен ошондо сенин ич ааламыңдагылардан бираз айтканымда, өтүң айрылмак. Коркуу сени жексен кылмак.»

«Мышыктын алдындагы чычкан сыяктуу жок болмоксуң!»

«Кара жылаан оозуңа кантип киргениң билгениңде, коркудан өлүп калмаксы!»

«Эгерде сен ичиңдеги ал жаныбарды билгениңде, алма жегенге гана эмес чуркаганга да, кусканга да, кара жыланды чыгарганга да кубатың жетмек эмес.»

«Мен сенден уккан орой сөздөргө сабыр кылып, ичимен: «Алла Таалам жылаандын чыгышын жеңилдет! Бул бечараны куткар!»- деп дуба кылып жаттым. Сен мага ачуу сөздөрдү айттың, бирок ичимдеги ырайым сени андай абалда таштап койгонго ыраа көрөбү. Менин ырайымым боорукердик менен жуурулган.»

«Бул Алла Таала досунун акыйкатын түшүнгөн адам, эмне дээрин билбей акыры:

«Эй, улуу кудурет! Мен бечаранын сага ылайыктуу ыраачылык айтууга алы жок! Сенин бул жакшы ишиңе Алла Таала өзү сыйлык берсин!..»

«Олуялар берген уу менен жаныма даам, рухума азык бергениңди эми түшүндүм...»

*

**Азирети Пайгамбар** - саллаллаху алейхи васаллам – айтат:

«Ичиңердеги душманды айта турган болсом, күчтүүлөрдүн өтү жарылып, иш кыла албастан, жолго да чыга албастан дал болуп калмак. Денеде ибадат кылууга күч кубат, жүрөктө такат болмок эмес. Андыктан мен силердин ичиңердегини сыртыңарга чыгарбастан үн катпай тарбиялаймын...»

Пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васаллам – сыяктуу олуялар да ушундай болушкан. Алар билген бардык чындыктарын дайыма айта берген эмес. Ошондой эле маңдайында турган адамдын ичиндеги сырын дайыма айта беришпейт. Жамандыктарын жашырышат. Сөзгө караганда жасаган иш менен көбүрөөк тарбиялашат. Олуялар темирдей бек жана да таш болуп калган жүрөктөрдү

Азирети Дөөт темирди эриткен сыяктуу жумшатып таасир калтырышат.

**Абу Дарда** азиреттери Шамда казылык кызматында болчу. Бир күнү шаарды кыдырып баратып эл бир күнөөкөр кишини өтө одоно сөздөр менен шылдыңдап кылып жатканына күбө болот. Алардан:

«Силер кудукка түшкөн адамды көрсөңөр эмне кылат элеңер?»- деп сурайт.

Алар:

«Жип менен куткарат элек.»- деп жооп кайтарышат.

Анда Абу Дарда азиреттери:

«Андай болсо бул күнөө кудугуна түшкөн адамга эмнеге ырайым кылбай жатасыңар? Ага да бакыт жибин даярдап кудуктан чыгарганга аракет кылсаңар болбойбу?!»- дейт.

Алардын ичинен бирөө:

«Алла Таала күнөөкөрлөрдү тозок менен коркутуп жатканда сен бул күнөөкөргө душмандык кылбайсыңбы?»-дейт.

Алла Тааланын Элчисинин - саллаллаху алейхи васаллам – тарбиясын көргөн сахаба бул суроого:

«Ооба. Душмандык кыламын. Бирок мен анын өзүнө эмес кылган ишине душманмын…»- деп жооп берет.

Азирети Мавляна жараткан үчүн жаратылгандарды сүйүүсү Алла Таалага болгон арманын минтип түшүндүрөт:

«Раббым! Эгерде сенин ырайымыңан жалгыз гана салих кулдар үмүт кылышы керек болсо, анда күнөөкөрлөр кимге барып жалынсын?..»

«Эй, улуу Аллахым! Эгерде сен жалгыз гана өзгөчө кулдарыңды кабыл кылсаң, күнөөкөр кулдарың кимге жалбарсын?.. (Албетте сен ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң!..)

*

**Азирети Мавлянанын икаясындагы уктаган киши, киши эмес сабатсыздык. Оозуна кирген кара жылаан нефси – эммаре (дайыма жамандык каалаган адам эрки). Амир болсо**

**Муршиди Камил (устаз). Аны уйкудан ойготуп кырда кубалап уруп согуп чуркатышы, такыбалык. Жылаандын чыгышы нефси эммареден кутулууну билдирет.**

Ыйык Тува өрөөнүндө Алла Таала Муса – алейхиссалам- менен сүйлөшкөндө ага оң колундагы нерсенин эмне экендигин сурайт. Ал:

**«Бул менин таягым. Ага таянамын, аны менен койлорго жалбырак күүп берем. Менин ага башка муктаждыктарым да бар.»**(Таха, 18)

Анда Алла Таала:

**«Жерге ташта аны, Эй, Муса!»** (Таха, 19)- дейт.

Кээ бир тафсирчилер бул аятты Азирети Мусанын ички дүйнөсүндөгү бир сезим экендигин айтышат.

Муса – алейхиссалам- жалган мамилерди айтканда Алла Таала алардын ташталышын буюрду. Эрк менен ага байланыштуу болгон нерселер чоң жылаан болуп кетти. Азирети Мусага эрктин

акыйкатын көрсөттү. Коркуп андан качты. Ошондо ага:

«Эй, Муса бул жылаан, Алла Тааладан башка нерселерге көз каранды болгондуктун дал өзү. Бул сыпатка ээ болсоң өзүңдү унутасың.»

Башка бир мааниде **«Таягыңды ташта»** деп айтылышы;

«Эми сен тавхид сыпатына ээ болдуң. Сенин бир таякка таянышың мындан кийин туура болбойт. Кантип сен ал таяк менен мындай тигиндей иштерди кылам, мага башка пайдалары бар деп айтасың?... **Тавхид жолунда алгачкы кадамдын себеби да бир. Түрдүү каалоолордон баш тарт!..»** деген аныктамалар берилген.

Тавилатул Нажмия деген китепте айтылганы боюнча:

«Алла Тааланын сөзүн уккан жана Анын жүзүн көргөн киши Алла Тааладан башка ишенген эч кими болбошу керек. Алла Тааланын берекетинен башка нерсеге таянбайт. Эрктин арзууларынан кутулат.»

**Юсуф –**алейхиссалам- **Зулайка**нын куулугунан зыян тартканда анда башкача бир сезим пайда боло баштайт. Ошондо Алла Таала азирети Юсуфка далилдерин көрсөтөт. Азирети Якубдун бармагын тиштегенин көрдү. Ошол замат жанына бир киши пайда боло калат. Ал киши:

«Эй, Юсуф оңго кара!»- деди.

Юсуф – алейхиссалам- оңго караганда чоң бир жылаанды көрдү.

Азирети Юсуфка буюмдардын жана нерселердин акыйкаты көрсөтүлүп жатты. Эрктин кыймылдары жана эң жаман нерселер жөнөкөй абалда көрсөтүлүп жатты. Жийиркенткен нерселер алынып акыйкат нерселер көрсөтүлдү. Перделер алынып, Алла Тааланын теңирдик сыпаттары жана буюмдардын акыйкаты маалым болду.

Алла Тааланын далилдери башкача айтканда жардамы келгенде Юсуф – алейхиссалам- эркинен аялдын жамандыгынан кутулду.

Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам – айтат:

«Бейиш Эрк жактырбаган нерселерге, тозок болсо ал жактырган нерселерге айландырылган.»

Эрк тоскоолдугун ашуу, пайгамбарлардан кийин үзгүлтүксүз келип турган олуялардын колунан кармап аларга добуш берип жана алардын тарбиясына кирүү керек. Кураны Каримде:

يَدُ اللَّهِ فَوْقَ أَيْدِيهِمْ

**«Алла Тааланын колу алардын колунун үстүндө.»** (Фатх, 10) аятындагы **«алардын колу»** дегендеги максат, Алла Таалага добуш кылган Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам – менен сахабанын колу. Ошондой эле олуяларга жада калса жөнөкөй дервиштерге да колдон колго жүрүп олтуруп Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам – аркылуу Алла Таалага жетет. Ошондуктан Алла Тааланын колу барынан жогору. Алла Тааланын жети кудуретине жана Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам –жети добушуна ишенгендер да жогорку сапаттагы иштерди аткара алышат. **Кыймылы чексиз болгон жалгыз гана**

**Алла Таала.** Олуялар бул сыпаттардан өз үлүш насибин алган.

Чын сүйүү жана салыштырмалуу сүйүү бар. Чын сүйүү -бул, Алла Таала сүйүүсү. Салыштырмалуу сүйүү макулуктарга гана таандык. Сүйүп калган киши бир гана нерсеге көз каранды болгондуктан башкаларын унутат. Анткени сүйүүдөн башка эч нерсени ойлобойт. Мажнун акыркы учурларда досту, душманды, өзүн жада калса Лайлини да тааныбай турган абалга келип калган. /зүн Лайли деп эсептей баштады.

**Азирети Мавляна** бул окуяны мындайча айтат:

«Алла Таала Мажнунду сүйүүнүн айынан эч кимди тааный албай турган абалга апкелип койгон.»

Пайгамбар ашыгы **Фузули** атактуу Касидасында Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам – эч бир гүлгө салыштырып болбой тургандыгын мындайча айтат:

**Багбан багын суугарып убара болбосун,**

**Канча суугарса да эч бир гүл,**
**Пайгамбар жүзү сыяктуу гүл ачпайт.**

**Азирети Мавляна** бул сүйүүнү мындайча түшүндүрөт:

«Алла Тааланын бир ууртамдык сүйүүгө кошкон теңирдик берекетин алган киши түбөлүк муң кайгыдан кутулат.»

*

Башкача айтканда теңирдик сүйүү менен мас болгон киши ааламга кызгануудан кутулат. Соңунда жеткилең инсан болот. Максатына жетет. Мына ушул нерсе теңирдик сүйүү деп аталат.

Муршид Камил теңирдик сыр менен окуучуларды өзүнө тартып алат. Талабалар аны менен руханий байланышка өтөт. Муршид теңирдик сүйүүнүн алгачкы баскычы болуп калат.

**Шейх Сади** гүлистандагы муршиддин абалын мындайча түшүндүрөт:

Бир күнү мончодо досторумдун бири мага жыпар жыттанган тазалоочу топурак берди. Топурактан сурадым:

«Сен мисксиңби же жыпар жытсыңбы? Сенин көңүл бурган жытыңа мас болдум.»- дедим.

Топурак мага:

«Мен бир гүлдүн топурагымын. Ал гүлдүн жалбырактары таңкы шүүдүрүмгө толуп, көз жаштай болуп тамчылады. Мен бул көз жаш менен жуурулдум. Негизи мен жөнөкөй гана топуракмын. Бул жыт анык ы...»

Алла Таала ааламды адам үчүн жаратты. Жерде, деңизде жана асмандагы бардык буюмдарды адамдардын буйругуна берди. Ага кошумча аалам ташый албаган аманат Адамга берилген.

Инсан өзүнө жана ааламга үлгү сабак алуу үчүн караганда дүйнөдө кантип жашоо керек экендигин ойлоно баштайт. Адамдарды жакшы жашоого үндөгөн нерселердин эң башында **«өлүм»** чындыгы турат. Бул коштошуу адамдарга эң чоң

үлгү. «/лүм» дүйнөдө жалгыз гана эт менен сөөктөн турган топуракты жылмалаган адамдар үчүн өкүнүү болоору шексиз!

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам – дүйнө жашоосуна аныктама берген бир хадисинде мындай деп айтат:

«Дүйнө менин эмнеме керек? Менин абалым дүйнөдө бир дарактын көлөкөсүндө олтуруп андаң соң атына минип кетип калган жолоочуга окшойт.»

**Эй, теңирим, сүйүүң жана ыраазычылыгың бейиш бактыбыз болсун!**

**Оомийин!..**

## ТЕҢИРДИК НААЛАТ

«Муктаждыкка муунган көңүлдөр,
түтүнгө толгон үйгө окшошот. Сен алардын
арманын ук да, түтүн толгон үйдүн
терезесин ач. Түтүн кетип сенин жүрөгүң,
рухуң тазалансын.»
**Азирети Мавляна**

Мариям уулу Иса арыстан куугандай качып баратты. Бирөө артынан кууп барып таңдана:

«Эмне болуп кетти, үрккөн төө куш сыяктуу жан талашып качып баратасың? Артыңды эч ким жок го?!»- дейт.

Азирети Иса – алейхиссалам- катуу чуркап бараткандыктан анын суроосуна жооп бере албады. Мынчалык качып бараткандын себеби түшүнө албаган киши жакындап келип:

«Эй, Алла Тааланын Руху! Алла Таала үчүн бираз токто! Сенин качып баратканың мени тынсыздарып жатат. Кимден качып жатасың?

Артыңды арыстан да душман да жок го?!»- деди дагы.

Анда азирети Иса –алейхиссалам- :

**«Акмактан качып баратам, акмактан! Кет, мага жолтоо болбо, өзүмдү куткарайын..»**- деп жооп берди.

Киши:

«Деми менен көрлөрдү айыктырган **«Масих»** сен эмессиңби?»- деп сурады.

Азирети Иса- алейхиссалам-:

«Ооба. Менмин!»- деп жооп берди.

Киши:

«Руханий сырларга ээ болуп, **«Алла Тааланын Руху»** деп аталган сен эмессиңби? Сен өлгөндөргө дуба окуганыңды алар тирилип, кайра жер бетине чыкчу!»- деди.

Азирети Иса – алейхиссалам- :

«Ооба өлүккө дуба окуган да менмин..»- деди.

Киши:

«Эй, Иса! Ылайдан куш жасап учурган сен эмессиңби?»- деп сурайт.

Азирети Иса – алейхиссалм- :

«Ооба Менмин.»- дейт.

Киши:

«Эй, пакиза Рух! Каалаган нерсеңди каалагандай жасай алсаң, анан кимден качып баратасың?»- деп кайра сурайт.

Иса – алейхиссалам- :

«Алгач рухту, андан соң денени жараткан Алла Таалага жана анын сыпаттарына ант беремин, ал дубаны сокурларга окудум, айыкты. Ал дубаны тоо ташка окудум , кумга айланды. /лүктөргө окудум, тирилди. Кедейге окудум, бай болду. Бирок ал дубаны бир акмакка миң жолу окусам да пайда берген жок. Ал акмак таш сыяктуу экен. Кумга айландырсам ал кумга да чөп чыккан жок.!»- дейт.

Бул сөздөрдү уккан жанагы киши ого бетер таң калып:

**«Дуба»** мынчалык көп нерсеге таасир берсе эмне үчүн ал акмакка таасир бербеди экен? Берки кишилердин дарты оор эле, аларга таасир этип эмне үчүн буга таасир этпеди?»- деп сурайт.

Азирети Иса- алейхиссалам:

**«Акмактык Теңирдик наалатка калган оору.** Башкалары болсо сокурдук сыяктуу теңирдик наалатка дуушар болбогон оорулар. Акмактык да бир оору. Бирок ал көбүнчө башкаларды оорутат.»

Азирети Мавляна айтат:

«Пайгамбарлардын деми ташка да таасир эте алат. Алардын сөздөрүнө тоо да баш ийет. Бирок акмакка алардын эч бири да таасир эте албайт!»

«Акмактык мөөрү - Алла Тааланын мөөрү. Ага эч ким чара таба албайт.»

«Таңкы жел, акмактардын айынан Себе калкына балекет алып келген.»

«Акмак киши акылдуу болсо да, анда жакшы менен жаманды ажыратуу деген нерсе болбойт. Анткени ал бир акмак.»

«Эй, Момун киши! Мындай кишилерден арыстандан качкан сыяктуу кач! Алар менен бирге болбо!»

Акмактардын абалы Азирети Мавляна айткан мына бул икаядагы караңгыда пилди көргүсү келген кишиге окшойт:

Индиялыктар элге көрсөтүү үчүн караңгы жерге пилди камап коюшат. Пилди көргүсү келгендер акырга кирип аны издей башташат. Бирок аны караңгыда эч ким көрө албайт. Ар бири пилдин бир мүчөсүн кармалайт. Акырында пилди минтип сүрөттөйт:

Мурунун кармаган:

«Пил тоголок моруга окшош экен.»- дейт.

Кулагын кармаган:

«Жок ал калың жалбыракка окшош экен.» - дейт.

Бутун кармаган:

«Жок ал чоң бир мамыга окшойт экен»- дейт.

Белин кармаган:

«Барыңардыкы туура эмес. Ал үстүнө отурууга боло турган тактыга окшошот.»- деп айтат.

Пил алар айткандын эч бирине да окшобойт эле. Ал акмактардын акылы жетип «пилди жарыкта

да карап көрөлү» - деп ойлоно алышпады. Ошон үчүн алар туура аныктама бере албайт.

*

Кураны Каримде акмактын эки түрү айтылат. Биринчиси каапырлар мене бутпарастар. Алла Таала алар жөнүндө мындай дейт:

**«Анткени алар дүлөй, тилсиз жана сокур. Ошондуктан ойлоно алышпайт, ойлонсо да акылы жетпейт.»** (Бакара, 171)

**Абу Жахил, Абу Лахаб, Валид бин Мугира** жана башка кишилер жүрөгүндө мөөрү бар, сокур, дүлөй жана тилсиз болгондуктан хидаятка чыга алышпайт. Ошондуктан алар:

«Биз сага ишенсек, Курайштын аялдары бизди шылдыңдашат!» же «Пайгамбарлык бизге келиш керек болчу. Анткени биздин малыбыз жана балдарыбыз көп!» - деп акмактанышкан. Алла Таала Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам – чыныгы пайгамбар экенин жакшы билишсе да, акмактыктын айынан каапыр болуп калышты.

Ошондой эле кургак акыл менен жолго чыккан философтор бири бирин күнөөлөп жатса, пайгамбарлар теңирдик аян менен сыйланганы үчүн дайыма бири бирин даңкташкан.

Кураны Каримде айтылган экинчи акмактар, өзүн акылдуумун деп эсептегендер. Дүйнөлүк арзууларына жана каалоолоруна кул болуп акыйкатты көрө алышпагандар. Мындайлар кырсыкка дуущар болгондо аз да болсо көзү ачыла түшкөндөр.

*

Азирети Мавляна –куддусе сиррух – акмактык боюнча мындай дейт:

«Акмактардан кач. Иса – алейхиссалам-алардан качты. Акмак менен маектешүү канчалаган канды агызган.»

Тарыхтагы Тимур менен Йылдырым Баязиддин **Анкара Согушу** акмактык менен түзүлгөн келишимдин айынан чыккан. Анткени согушта он миңдеген мусулмандын каны төгүлгөн. Көптөгөн аялдар жесир, балдар жетим калган. Бул

нерсеге себеп болгон Тимур 4 миң км. жолдон келип колу бош кайткан.

Кураны Карим ушуга окшогон мисалдар менен акмактарды Калем сүрөсүндө мындай деп айтат:

**«Йемендеги Шаарынын жанында бир кишинин жүзүм, курма жана эгин бакчасы бар болчу. Ал эгин жыйноо учурунда кедейлерге, алсыздарга мол - мол үлүш берчү. /лгөндөн кийин уулдары:**

**«+й бүлөөбүз көп. Малыбыз аз. Ошондуктан кедейлерге бербейли. Алар келип сурай электе түшүмдү чогултуп алалы...»- деп келишип алышат.»**

**«Ошондой эле талаага эрте баралы. Кедейлер келип калбасын!»- деп бири бирине шыбырады.»**

**«Талааларына келгенде айраң таң болуп калып: Биз туура эмес жерге келдик!»- дешти. Анткени талаалары карарып, кеткен болчу. Соңунда алар теңирдик таасирди сезип: «Наалат**

**болсун бизге! Чындыгында биз аша чаптык!»- деп акмактык кылганына бушайман болушту.»**

Бул окуянын аркасынан 33. аятта Алла Таала мындай дейт:

كَذَلِكَ الْعَذَابُ وَلَعَذَابُ الْآخِرَةِ أَكْبَرُ لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ

**«Азап ушундай болот. Акырет азабы мындан да чоӊ! Муну билишкенде!..»**

Акмактык соӊунда сабатсыздыкты пайда кылат. Сабатсыздык болсо келечекти көрө албастыкты пайда кылат.ошондуктан Алла Таала:

وَلاَ تَكُن مِّنَ الْغَافِلِينَ

**«Сабатсыздардан болбо!..»** (Араф, 205) – деп чыныгы акмактыкка түшүргөн жол сабатсыздык экендигин айтат.

Акмактыктан кутулган Алла Таалага жакын болот. Ага жакын болгон теӊирдик сырларга ээ болот. Алла Тааланын жакшы кулдары коомдун эӊ акылдуу жана пакиза кишилери болушат. Андайлар пайгамбарлардын мураскорлору болуп эсептелинет.

*

**Азирети Мавляна** жогоруда айтылган икая боюнча мындай дейт:

«Куранда «Давран Жолдоштору»нун икаясын окусаңыз керек. Аны окуп мазмуунун түшүнүп турсаң, анда эмнеге дале болсо куулук кылып жатасың?»

«Бир нече акмак кээ бир кедейлердин ырыскысын кысуу үчүн куулук кылышат. Куулук кылуу үчүн таң атканга чейин анын жол жобосун ойлонуп чыгышат.»

«Ал акмактар сырларын Алла Таала угуп алып, кедейлерге жеткирбесин – деп, өз ара шыбырашып жатты. **Тил, жүрөктөн жашырып иш жасагысы келди.»**

«Алардын аталары кедейлерге ырайым булагы болчу. Ал киши башкаларга мактанбай «машак» берчү. Буудайды оруп алгандан кийин ондон бирин ажыратып берчү. Буудай ун болгондо да кедейлерге берчү. Ар кирешенин ондон бирин кедейлерге берген. /тө март киши болчу.»

«Ал киши өлө элегинде эле ушундай ишжасоону балдарына осуят калтырган.»

«Шексиз түрдө бардык түшүм кайып ааламынан бизге жиберген Алла Тааланыкы. Бизге берилген байлыктын ондон бирин кедейлерге берүү болсо, Алла Таала бизге көз салып туруу үчүн жиберген күзөтчү. Бул күзөтчү ал түшүмдөрдүн жок болуп кетишинен коргойт. Ушундай иш жасасаңар Алла Тааланын алдында утушка ээ болосуңар.»

«Эгерде эккен уругуңар түшүм бербесе эмне кыласыңар?»

«Бул таасирдүү сөздөрдү уккан балдары аталарына убада берсе да ал өлгөндөн кийин көп байлыктын айынан көздөрүн май басып калат. Соңунда Калем сүрөсүндө айтылган акыбалга туш болушат.»

«Эй, инсан! Кедейдин этин бышырып жеген киши чындыгында, өзүнүн бутун бышырып жеген менен барабар. Бул нерсеге сен дыкат кара.»

«Эй, инсан! Эми кулагыңдагы кебезди алып таштап сабатсыздыгыңды жой. Дарбандыктарга окшоп кедейдин ырыскысын кыспа.»

«Муктаж болгон кишилердин көңүлүн алып, алардын дарманына дабаа тапканга аракет кыл. Алардын кайгысын бөлүш!»

«Байлыкка ашыкча байланба. Убагы келгенде оңой таштай ала турган бол. Ошондо оңой берип кете аласың жана сооп табасың. Сен сени катуу кармаганды катуу карма. Алгачкы да акыркы да, ошол Алла Таала болот. Аны табууну кааласаң көңүл кемесин чөктүрө турган канчалык кемчиликтериң болсо ошонун баарысын ичиңен алып ташта, ошондо максатыңа жетесиң.»

«Муктаждыкка муунган көңүлдөр, түтүнгө толгон үйгө окшошот. Сен алардын арманын угуу менен түтүн толгон үйдүн терезесин ач. Түтүн кетип сенин жүрөгүң, рухуң тазалансын.»

Юнус Эмре азиреттери бир көңүл алуунун берекетин минтип айтат:

Кедейди көргөн болсоң,

Бир нерсени берген болсоң,
Анда эртең көрөсүң,
Алланын кийимин кийгениң.

*

Мавляна азиреттери кээ бир ыр саптарында акмактардын сын сыпатын мындайча түшүндүрөт:

«Акмак көптөрдүн өлгөнүн угат бирок, өзүнүн өлүмүн ойлоп да койбойт...»

«Ар кимдин кемчиликтерин майдалап чукуп чыгат да башкаларга жайат. Бирок акмактыгынын айынан өзүнүн кемчилигин көрбөйт.»

«Алар дүйнөгө өтө алданып калгандыктан, баарын таштап кете тургандыгын билсе да, бирөөлөрдүн уурдап кетишинен коркушат. Таң калыштуу, алар чынында жылаңач кишилер. Алардын эмнесин уурдарын өздөрү да билишпейт.»

«Адам дүйнөгө жылаңач келет. Ошондой болсо да акмактар бир нерселерин уурдап кетишинен коркушат. /лүм учурунда байлыктын ага таандык эмес экендигин түшүнөт. Бирок абдан кеч болуп калат.»

«Жашоодогу байлык жоготуп алуу коркусу, этегине таш толтурун алып аны түшүрүп жиберүүдөн корккон жаш балдардын абалына окшойт. Эгерде ал таштардын кээ бирин алып алса ыйлап жиберет. Кайтарып берсең сүйүнөт. Жаш балдарда илим болбогондуктан ыйлаганы менен күлгөнү бирдей. Акмак да дүйнөнүн жалган байлыгын өзүмдөкө деп ойлогондуктан, ошол жаш бала сыяктуу таштарымды алып коёт деп титирейт!»

«Дүйнө жашоосу түш сыяктуу. Дүйнөдө байлык ээси болуу түшүндө казына таап алган сыяктуу. Дүйнө байлыгы белгилүү бир убакытта укумдан тукумга берилип соңунда дүйнөдө калат.»

«Сен бир падыша болсоң, тактың менен таажың жана эсепсиз байлыгың менен аскерлериң болсо да Алладан башка бардык нерсени бир күнү жексен кыла тургандыгын бил!»

Юнус Эмре азиреттери айтат:

Мал ээси, мүлк ээси,

Кана мунун алгачкы ээси.
Малда жалган, мүлк да…
Муну сен да бираз ойлон!…

Ошондуктан азирети Мавляна айтат:

«/лүм периштеси сабатсыз байдын жанын алуу менен аны уйкудан ойготот. Ал киши чыныгы байлыктын ээси эместигине өкүнүп, эл жерде миң бир кыйынчылыкты башынан өткөрөт. Бирок бул ага эч кандай пайда бербейт…»

Жердин алдына киргенден кийин бай болосуңбу, кедей болосуңбу баары бир… Жерде ким эмне иш жасаса ошонун түшүмүн алат. Бул дүйнөдөн о дүйнөгө кеткендер кул же падыша болсун, Ширин менен Фархат болсун, бардык байлыктары эмне амал алып кеткендигине байланыштуу. Ал жер кулдарды султан, султандарды кул кылган жер.

Азирети Мавляна айтат:

«Түркүгү желден болгон киши канчага чыдай алат. Сен кабырда жалгыз калгың келбесе, жарык дүйнөдө жакшылыктарды жаса!»

«Эгерде билсең түбөлүк өлбөй турган жалгыз Алла Таала. Болбосо агып бараткан өлүм токтогонду да, турганды билбейт. Келүү, кетүү толкундай болуп биринин артынан бири кетип турат.»

«Мен бул курук дүйнөдө Азирети Нухтун кемесине окшоймун. Сел өлүмүмдүн келиши. Кемем кайып ааламында капканы бар толкундарды күтүп турат. Мен да бир бөлмөсүнө кирип уктаймын. Ушунчалык насаат акылдууга гана жетсе керек!»

*

Чыныгы акылдуулук теңирдик буйруктарга мойун сунуу. Анын тынчсыздандырган да ушу. Ал акыретке даярдык. Кураны Каримде Алла Таала акыл жөнүндө мындай дейт:

**«Эй, акыл ээлери, менден корккула!»** (Бакара, 197)

**«Жалгыз гана акыл ээлери ойлонуп сабак алышат.»** (Бакара, 269)

**«Жалгыз гана акыл ээлери түшүнөт.»** (Рад, 19)

Бир кишини азирети Пайгамбарыбызга -саллаллаху алейхи васаллам- аябай мактаганда Пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васаллам- «Акылы кандай?» - деп сураган.

Башка бир хадисте:

«Акылдуу киши эркин башкарып, анын арзууларына баш ийбеген жана өлүмдөн кийинкиге даярданган киши..» (Тирмизи, Кыямат, 5)- деп айтат.

Алла Таала азиреттери акыл ээлерине үлгү сабак боло турган окуялардан сабак алуу керектигин насааттайт. Дүйнөнүн жалгандыгы, жашоо менен өлүмдүн ортосунда турган бир каридор сыяктуу. Ошондой эле бул жалган дүйнөнүн акыр аягы кабыр боло тургандыгын баарыбызга маалым.

Акылдын бар болушу Кураны Каримдин мазмунун түшүнүүгө берилген теңирдик нимат.

Акылдуу киши Кураны Карим менен суугарылса, Куран менен иши болбогон кишини каапырсың деп күнөөлөйт. Тарых өзүн акылдуу деп сезип, дүйнөнү өзүнө Бут кылып алган акмактарга толо. Ошондуктан чыныгы акылдуулук Алла Таала айткан осуяттарды орундаткан жана Куран менен Сүннөттү аткарган кишилердики. Газали Азиреттери мындай дейт:

«Акылды чойсом жулуна турган абалга келди... Бирок анын чектүү экенин дагы бара турган жери жок экендигин байкадым. Бир жолкусунда акылымды жоготуп алуунун босогосуна чейин келдим. Ошол учурда Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам-дын руханиятына корголодум. Бардык иштеримде ачык айкын кутулушка жеттим.»

Пайгамбарлык акылдын тышында турган нерсе. Акыл руханиятка б. а. жүрөк ааламы менен жуурулса ошондо гана чындыгын таап, эрктин тузактарынан кутулган болуп эсептелет. Мунун тескериси адамды туңгуюкка алып барат.

Кураны Карим Пайгамбарлардын икаяларында өзүн акылдуу деп эсептеген бетпак заалым кишилердин акмактык абалдарын мындайча көрсөтөт:

Азирети Мусанын агасы Карун, Алла Таала бир нече нимат берген киши болчу. Тооратты жакшы окучу. Ага илимдин сырлары да ачылган. Такыбалык кылчу. Бирок Алла Таала ага казына бергенден кийин байлык аны Алла Тааладан алыстатат. Байлыгын Бутка айландырат. Муса – алейхиссалам- ага зекеттин өлчөмүн айтканда ал:

«Байлыкты өзүм таптым!»- деп жооп берет.

Дүйнө байлыгы аны акмак кылгандыктан Азирети Муса – алейхиссалам- га жалаа жаба баштайт. Акырында байлыгы менен жерге кирип жексен болот.

Азирети Хусейин азиреттерин шейит кылган бетпак:

«Бүгүн мен дүйнөнүн эң даңктуу кишисин өлтүрдүм!» -деп өзүнүн акмактыгын айгинелеген.

*

Акыл адамдын кадыр баркын сактап турган жана башка макулуктардан айырмалаган өтө баалуу нерсе. Жүрөгү ойго толгон акылдуу кишилер коомдун да аброюн жогору кармап турушкан.

Мисалы **11. Баязиддин доору,** Осмон маданиятынын курулган доору болуп эсептелет. Атактуу Италиялык сүрөтчү **Леонардо да Винчи** 11. Баязидке кат жиберип Стамбулдагы мечиттердин долбоорун түзүп берүү сунуштаганда кан сарайдагыларн кубанышат. Мистикалык жагы күчтүү болгон 11. Баязид бул сунушту кабыл албайт:

**«Эгерде бул сунушту кабыл алсак, өлкөбүздө чиркөө курулушу ээлеп кетет, Исламдык курулуштарыбызды өнүктүрө албайбыз!»-** деген.

Бул көз караш акылдуу жана көңүл ээси болгон мусулмандын көз карашы. 11. Баязиддин артынан Ислам топурактары жыйырма миллион километрге кандай жеткен болсо, Ислам архитектурасы да ошондой алыска жетет. Бул көз караштын айынан Исламдын рухун кыяматка чейин

ташый турган **Сулаймания** ж.б. курулуштары пайда болгон.

*

Осмон Мамлекети тарыхта шаан шөкөт кошуп, материалдык жана моралдык жактан адамдарга багыт берип, 620 жыл жашаган улуу мамлекет. Анткени Осмон Мамлекетинде Исламдын жана Ислам нурун алып жүргөн адамдарды тарбиялоо биринчи планда болгон. Жеңиштерге да мына ушундай кишилер менен жетишкен.

Ошондой эле Явуз Султан Селим акыл менен жүрөк күчүн биргелештирип, Сина чөлүн ашып Алла Тааланын жардамы жана Пайгамбарыбыздын -саллаллаху алейхи васаллам- руханияты менен Египетти каратып алган.

Каратып алуу учурунда эң жакын досу Синан Паша шейит болгондо Египетке Синан Пашаны теңеп мындай дейт:

**«Египетти алдык, бирок Синан Пашаны жоготуп алдык!»** дейт.

Жеңиштен кийин күчтүү аскер башчы Явуз:

**«Африканын түндүгүндөгү Испания аркылуу чыгып Балкан аркылуу Стамбулга кайтып келүүнү көңүлүм каалайт!»** деп арманын айтат. Бирок шарттар туура келбей калат.

Ооба, акыл Алла Таала тарабынан адамдарга берилген нимат. Бардык нерсени ойлонуп иш алып баруу жана окуялардын соңун алдын ала сезе билүү ага гана байланыштуу. Кудси хадисте Алла Таала:

«Кулум ушундай абалга келет – мен анын көргөн көзү, уккан кулагы боломун...»- деп айтат.

*

Мистика улуктарынан болгон **Атпазары Осмон Ефенди**нин **Садразам Көпрүлү Мехмет Пашага** айткан насааты абдан таасирдүү. Бир маегинде Осмон Ефенди, Садразамга:

«Сиз биздин кейпибизди кийсеңиз тең салмактуулугуңуз жоголот. Биз сиздин ыштаңызды кийсек биздин жолубуз бузулат... Ошондуктан баары өзүнүн абалына жараша кыймыл аракет

кылышы керек...» - деп акылдын жөндөмдүүлүгүн туура колдонууну насааттайт.

*

Азирети Мавляна акылдуу  көңүл ээлерине сунуш кылат:

«Эй, акылдуу киши! Сен жерде болгондорго ырайым кыл. Асманда болгондор да сага ырайым кылсын!» - деген хадиске кулак сал! Сенден төмөн болгондорго боор оорусаң, сенден жогору болгондор сага боор оорусун!»

«Досуңан бир жакшылык көргөн болсоң анын миң карызы бар экендигин унутпа!. Анткени жакшылык күнөөгө каршы шапаатчы  сыяктуу болот.»

*

Алла Таала Кураны Каримде бизге мына бул дубаны үйрөтөт:

رَبَّنَا اغْفِرْ لَنَا وَلِإِخْوَانِنَا الَّذِينَ سَبَقُونَا بِالْإِيمَانِ

وَلَا تَجْعَلْ فِي قُلُوبِنَا غِلًّا لِّلَّذِينَ آمَنُوا رَبَّنَا إِنَّكَ رَؤُوفٌ رَّحِيمٌ

**«Эй, Теңирим! Бизди жана бизден мурда келип кеткен момун бир туугандарыбызды**

**кечир! Жүрөгүбүздө ыймандуу туугандарыбызга карата эч кандай жек көрүү калтырба! Эй, Теңирим! Албетте сен абдан ырайымдуу жана мээримдүүсүң!»** (Хашр, 10)

**Оомийин!..**

## БАР БОЛУУНУН ДУБАЛЫ

«Бул топурак дененин арзууларынан
кутулмайынча, ийилип ээсине
сажда жасамайын руханий дарыя
суусунан тойгончо иче албайт.»

**Азирети Мавляна**

Дарыянын жээгинде бийик дубал бар болчу, аны ашып сууга жетүү мүмкүн эмес эле. Дубалдын үстүндө чаңкаган бир армандуу турган. Аны сууга жеткирбеген бийик дубал болчу. Ал киши дубалды ашып суу деп жан талашкан балык сыяктуу акактап жаткан.

Бир убакта ал дубалдын үстүндөгү бир кышты алып сууга ыргытты. Кыш сууга тийгенде андан чыккан суунун үнү аны ого бетер кумарлантты. Суунун үнүнө мас болду. Суусаган жан бул үндү уккандан кийин дубалдын кыштарын улам улам сууруп сууга ыргыта баштады.

Суу:

«Эй, дервиш! Мага эмнеге кышты ыргытып жатасың?»- деп үн катты.

Чаңкаган киши:

«Эй, суу! Мындан мага эки пайда бар. Ошондуктан ага жетмейинче ыргыта беремин.»- деп жооп кайтарат.

**«Биринчи пайда** суу үнүн угуу суусагандарга музыканын үнүндөй угулат.»

«Суу үнү өлүккө кайра тирилүү мүмкүнчүлүгүн берген Исрафилдин сурнайы сыяктуу.»

«Суу үнү жаз айындагы берекеттүү жамгыр сыяктуу. Бактар жана бакчалар ал асмандын көз жашы менен кайра тирилет. Жашоо табышат.»

«Суу үнү жокчулук менен күрөшкөн бейбечарага зекет берүүгө чакырган үн.»

«Суу үнү Йеменден Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- келген Рахман сыяктуу.»

«Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- Вейсел Караниге: «Мен Йеменден келген Рахман демин угуп жатам.» - деп айткан.»

«Суу үнү теңирден күнөөкөрлөргө келген Алла Тааланын Элчисинин - саллаллаху алейхи васаллам- шапааты сыяктуу.»

«Суу үнү алсыз Якубтун рухуна келген Юсуфтун жыпар жыты сыяктуу.»

«Суу үнү Мадина Мунаввкарадагы Кубба – Хадра мунараларынын батыш жагынан соккон салкын жел сыяктуу.»

«Суу үнү жүдөгөн Мажнунга келген Лайлинин жылмайуусу сыяктуу.»

«Суу үнү жетим жесирлер үчүн көңүлдө ачылган жылуу мээрим сыяктуу.»

«**Экинчи пайдасы:** ал жерден чыгарган ар бир кыш менен дубал ачылып жатат. Дубал канчалык ачылса мен сага ошончолук жакындап жатамын.»

**МЕСНЕВИ:**

«Эй, акылдуу киши! Бийик дубалдан кыштар алынган сайын албетте дубал ачылат.»

«Дубалдын ачылышы, сууга жакындатат. Ал кыштардын дубалдан ажырашы жолугушу, кусалыгы болот.»

«Алла Таалага сажда кылуу Алла Таалага ан сайын жакындатат.» Кураны Каримде:

**«Сажда кылып жакында!»** деп айтылат.

«Дубал канчалык бийик болсо, башты ийип сажда кылуу ошончолук кыйын болот.»

«Бул топурак дененин арзууларынан кутулмайынча, ийилип ээсине сажда жасамайынча руханий дарыя суусунан тойгончо иче албайт.»

«Дубалдын үстүндө ким канчалык суусаган болсо, дубалдын кыштарын ошол киши ошончолук батырак алат.»

«Суунун үнүнө ким көп кулак төшөсө ага тоскоол болгон дубалдын кыштарын ошончо бат алып салат.»

«Ал киши суунун үнүнө мас болот. Суунун үнүнөн башка үндү уга албайт.»

«/түп жаткан күндөрүн баалап, карыздарын төлөөгө аракет кылган киши кандай бактылуу.»

*

Шейх Сади адамдарды: **«Бир нече тамчы кан, миңбир кайгы муң...»** - деп сүрөттөйт.

Икаяда дарыяга жетүүгө тоскоол болгон дубал адамдардагы эрк тоскоолдуктары, ошондой эле акыйкатка жетүүдө бөгөт болгон жалган дүйнөдөгү акыр аягы жок арзуу жана өзүмчүлдүктү түшүндүрөт.

Дарыя болсо теңирдик сүйүү жана билим (Алла Тааланы билүү). Жүрөгү теңирдик сүйүүгө толгон адамдар дарыяга баруу жолунда. Ал сүйүү дарыясынан келген ар бир үн, аларды чексиз лаззаттарга жеткирип Алла Таала жолуна даярдайт.

Теңирдик сүйүү менен таасирленген адамдарга бул аалам өзүнчө эле бир нимат ааламы болуп эсептелет. Адамдар материалдык эмес моралдык жактан жеткилең болгондуктан такыбалыкта рухунун кенендигин арттырат. Кураны Каримде айтылган сыпат да ушул.

Теңирдик сүйүү менен акырет лаззаттарынан кол жууп калуу ушул дүйнөдөгү лаззаттарга

байлануу жана ар кандай айбандык жашоо түрлөрүнө байланыштуу болот. Мындай караңгылыкты бакыт таңы да жок кыла албайт. Теңирдик окуялардын алдында алдастап калуу, адамдарга өтө уят алып келген нерсе!.. Эркке байланыштуу дүйнө, акыретке ишенбөө, түрдүү оюн зооктор тозоктун отун тутандырган нерселер болуп эсептелет.

Хадисте:

«/лүк сыяктуу отурбагыла!»- деп айтылат.

Сахабалар:

«Эй, Алла Тааланын Элчиси, өлүктөр кимдер!»- деп сурайт.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам-:

«/лүктөр дүнүйөгө башы менен киргендер...»- деп жооп кайтарат.

Бир киши өлүктөрдөн айырмасы болбогондор менен мамиле кылса, анда ал алардагы өлүм уусун байкабастан ичип алат. Натыйжада ал да өлүктөргө айланат.

Мунун чарасы руханий жактан тирүү болгондор менен бирге болуу... алардан алыс калганыңда чын дили менен Кураны Карим окуу...

Хадис шерифте:

«Алла Таала менен сүйлөшүүнү каалаган киши Кураны Карим окусун!»- деп айтылат.

Кураны Каримден багыт алган киши Куран жана Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- дин ахлагы менен ахлактанган болот. Кураны Каримдеги пайгамбар икаялары менен өзүндө бир байланыштын бар экендигин сезет. Ошондо көңүлдөргө берекет жамгыры төгүлөт.

*

Азирети Жабир – радиаллаху анх- риваят кылат:

«Алла Тааланын Элчисинин - саллаллаху алейхи васаллам- эшигине бардым. Эшикти такылдаттым.

«Ким ал?»- деди.

«Мен !»- деп жооп бердим.

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- «мен» деп айтканыма ыраазы болбоду. Анткени «мен» де текебердик бар.»

Азирети Мавляна бул икаяны мындайча түшүндүрөт:

«Жүрөгү күйгөн ашык, сүйгөнүнүн эшигин какты. Бирок «Кимсин?» деген суроосуна «Менмин» - дегенде, сүйгөнү:

«Кет! Сенин ичкери кирүүгө убактың келе элек!. Мындай руханий жерде кам рухтарга орун жок!.»- деди.

«Ал байкуш кайтып кетти. Бир согуштарда жүрөктөгү кусалык оту менен күйүп күл болду.»

«Ал күйгөн ашык, бышты, кайтып келди. Кайра сүйгөнүнүн үйүнө келди.»

«Илебинен башы бош сөз чыкпасын деп миң бир коркуу менен эшикти какты.»

Сүйгөнү:

«Эшикте турган ким?»- деп сурады.

Ал:

«Эй, көңүлүмдү алган! Эшикте турган сенсиң!..» - деди.

Сүйгөнү:

«Мен сыяктуу болсоң, анда ичкери кир!.. а ичкериге «**Мен»** батпайт.»- деди.

Бул сөздөрүнө кошумча:

«Эй, эркин бир жылда жеңип келген киши! Кел, ичкери кир! Сен эми бакчадагы тикен эмессиң! Сен эми гүлдөргө шах болосуң! Эки жүздүүлүктү таштап эми өзүң бол!»

Мавляна –куддусе сиррух- дагы айтат:

«Ким Алла Таала эшигинде «мен» же «биз» десе, ал киши «жоктун» жылгасында жүрөт дегендик. Андай болгондор дос эшигинен өтпөйт.»

Ийнеге учу чырмашкан жип кирбегендигн ойлонуу керек. Бир жип өз туугандары менен биригип бекем оролгондо гана ийнеден өтөт. Сүйүп калган киши да ошол жип сыяктуу болгондо гана өз йинесине өтө алат.

Адамдардын Алла Таала жолунда рухун ичкертип, жип сыяктуу болуп өз ийнесинин көзүнөн өтүүсү албетте, оңой олтоң иш эмес.

Бирок теңирдик ниматка жетүү үчүн ушундай руханий абалга жетүү зарыл. Аятта:

إِنَّ الَّذِينَ كَذَّبُواْ بِآيَاتِنَا وَاسْتَكْبَرُواْ عَنْهَا لاَ تُفَتَّحُ لَهُمْ أَبْوَابُ السَّمَاءِ وَلاَ يَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ حَتَّى يَلِجَ الْجَمَلُ فِي سَمِّ الْخِيَاطِ

**«Аяттарыбызды жалганга чыгарып аларга каршы текеберленгендерге асмандын эшиктери ачылбайт. Алар төө ийненин көзүнөн өтмөйүнчө бейишке кире алышпайт.»** (Араф, 40)

Менменсинип текеберленген, өзүмчүл болгон жана эркине эрип кеткендер бул нерселерден кутулмайынча Алла Тааланын бейишине кире алышпайт. Мындайлар жалгыз гана шарият өкүмдөрү менен тарикат жолдорун үйрөнүп, муршиди камилдин тарбиясына киргенде гана асмандын эшиктери ачылат.

Адамдардагы өзүмчүлдүк төөсү сүйүү менен «жок» кылычы менен жонулганда гана туура жолго кирет. Ырайым менен ниматтарга дуушар болуу

үчүн өзүн тарбиялап ушул ийненин көзүнөн өтүүгө аракеттениши керек.

Юнус Эмре азиреттери Алла Тааланын жолунда «өзүмчүлдүк» жок экендигин айтып мындай дейт:

Сенин мен деп айтканың,

Демейде усул эмес.

Биз эшик кулдарына ,

Айраң кароо жол эмес.

Башка жагына кул көңүлүндө жана рухунда жаркыраган нурду өзүнөн чыкканын ойлоп, алданып калбашы керек. Мунун белек катары берилген теңирдик насип экендиги унутулбашы зарыл. Болбосо мындай берекетти ар бир киши өзүнөн болуп жатканын элестетиши акмактык. Пайгамбардын же олуянын нурунан жарык алып, кайра аны дүйнө кумарына алданып жоготуп алуу, кайрадан караңгылыкка киргендин белгиси. Бул абал адамды Алла Таалага кул, Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам- га үммөт болуу

даңкынан алыстатат. Ислам тарыхы Карун икаясы сыяктуу бир нече мисалдарга толо.

Ошондуктан ниматка эмес, аны жибергенге назар салып жолдон адашпоо керек. **Азирети Мавляна** бир эмгегинде мындай дейт:

«Көптөгөн хандар менен кербен сарайларды таштоо керек. Анткени инсан бир күнү өзүнүн чыныгы жайына барат.»

«Отко кызытылган темирдин кызыл жерин ага таандык экен деп ойлобо. Анткени ал оттон алган убактылуу албыруу.»

«Эгерде терезе менен үйдү нур жаркыратып турганын көрсөң, сен аларды жарыктык дебе, анткени алар күндүн нуру.»

Күн өзүнөн чыккан нурду мактагандарга айтат: «Эй, түшүнүгү жоктор! Бираз сабыр кылгыла, бул тоонун же мына бул дарыянын артына барып батканымда чындыкты түшүнөсүңөр.»

«Ошондой эле денең өзүнүн чыңдыгы менен мактанып турат, бирок андагы чыныгы сулуулук анын ичиндеги рухка таандык.»

Бул акыйкатты түшүнгөндөр, башкача айтканда эрктин курч тырмактарынан кутулуп өлбөй туруп өлгөндөр, өз ичинде тирүү калышат. Мындай тирүүлүктө Алла Таала алардын уккан кулагы, көргөн көзү болот, кармаган колу, баскан буту болот. Бул даражада кул өтө жогорку бир абалды жашайт. Алла Тааладан башкасы көзүнө көрүнбөйт. Юнус Эмре Алла Таалага жетип анын кумарына мас болгон абалды мындайча түшүндүрөт:

Жандын жанын таптым,
Бул жаным таламан болсун.
Так зыяндан өттүм,
Дүкөнүм таланган болсуң.
Мен өзүмчүлдүгүмдү аштым,
Көз пардамды ачтым.
Дос кадырына жеттим,
Күмөнүм таланган болсун.
Юнус жакшы айтыпсың,
Бал шекер жепсиң.
Балдардын балын таптым.

Чакам талан болсун.

*

Кулдардын чыга турган башка бир жери да Алла Тааланын ырайымына дуушар болуп Алла Таaладан башка эч кимди көрбөө. Бул даражага жеткен кул, Алла Таала да эрип, андан башкасын билбей турган абалда болот. Мындай даражаны мистиканын бир улуусу мындайча түшүндүрөт:

«Алла Таала өтө катуу көрүнгөндүктөн көзгө көрүнбөйт!» Күн өзүн караган көздөрдү уялтып көрүнбөгөн сыяктуу көрүнбөйт...

Бул даража баары бара турган эң акыркы чекит. Бул абал сүйүү даражасы. Башкача айтканда жүрөктүн жана эрктин кулчулугунан кутулуп, көпчүлүктүн жанында Алла Таала менен болгон убакта баары менен бир болгон болот.

Көпчүлүктүн ичинде Алла Таала менен бирге болуу абалын мына бул окуя жакшы түшүндүрөт:

**Мухаммед Париса** азиреттери ажыга бара жатып Багдадка тийет. Базардан өтүп баратып алтын саткан нур жүздүү бир жигитти көрөт.

Жигиттин иштери көп болуп тыным албай тызылдап иштеп жаткан болот. Азирети Париса жигиттин дүйнөгө өтө алек болгонуна кабатыр болот да ичинен: «Ибадат кыла турган чагында өзүн дүйнө иштерине берип койуптур.»- деп ойлонот. Бираз ойлонуп турганда алтын саткан жигиттин жүрөгү Алла Таала менен бирге экендигин байкайт. Бул нерсе көпчүлүктүн ичинде Алла Таала менен бирге болуп жалгыз аны менен бирге болуугa эң сонун мисал боло алат.

Алла Таала менен бирге болгондо баары менен бирге болууга келгенде бул, Пайгамбарлардын жана олуя кулдардын абалы. Тирүү жүрөктөргө таандык абал. +ммөттүн дарты менен бирге болуп аны менен бирге болуу абалы.

Алла Таала Элчисинин - саллаллаху алейхи васаллам- Мираждa Алла Таалага бизге белгисиз болгон эки жаа арасынчалык жакындашы же андан да жакын болушу мунун эң сонун мисалы. Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам- ошол

убакытта да үммөтүн эстеп Алла Таалага мындай дейт:

«Аллахым! Алдыңа үммөтүмүн кем ибадаты жана каршы чыгуусу менен келдим.»

Мындай руханий абалдардан насибин алгандар дайыма Алла Таала менен бирге болушат. Бул даражада: «Мен анын көргөн көзү, уккан кулагы боломун» деген кудсий хадисинин акыйкаты ишке ашат. Бул даража Кураны Каримде: «**Атканыңда сен аткан жоксуң, бирок Алла Таала атты..»** (Энфал, 17) аятында айтылган даража. Эң улуу өзгөчөлүк Мухаммед даражасы. Бул үммөттүн олуялары Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам- канчалык сүйгөн болсо ошончолук даража алышат. Эгерде ал даражага жете алышпаса ыкыласына жараша даражаларга ээ болушат.

Бул даражага жеткендер:

«Мен Мен эмесмин. Бул дем анда!»- дегендер.

Алардын «мен» деп айтуулары салыштырмалуу. Анткени алар өзүмчүлдүктөн кутулушкан. Эсрар Деде муну мындай дейт:

Мен мен эмесмин, мен дегеним сенсиң,

Жаным дегеним, дене дегеним бары сенсиң.

Башка бир акын өзүмчүлдүк адамдарга парда экендигин айтып мындай дейт:

Мен бул жолду ушундай таптым,

/зүмчүлдүк мага парда экен.

Окудум, түшүндүм, билдим,

/зүмчүлдүк мага парда экен.

*

Буудайдын даны нан болуп адамдын денесине кирип адамдын бир бөлүгү болуп калганы сыяктуу:

Майда кумдан көз айнек жасалып көзгө кубат берсе:

Булак дарыяга кошулуп, булактыгы жоголсо жана дарыянын ичинде эрип кетсе:

Адамдар да олуялардын руханиятына кирип рухун тазаласа көңүлү ачылып, өлүк абалдан тирилет.

Төмөндөгү икая буга эң сонун мисал боло алат:

Күндөрдүн биринде Телемсан падышасы **Султан Яхя** сарай адамдары биргеликте шаарды кыдырганы чыгышат. Анын жана айланасындагылардын сүрүнөн көздөрү чагылышкан эл, султандан коркконунан жерге жыгылышат. Кайра туруп: «Падышам көп жаша!»- деп алкай баштайт. Бирок султандын көзүнө ушунчалык көп адамдардын ичинен арт жакта эч нерседен бейкапар турган киши чалдыкты. Жанындагылардан ал нур жүздүү кишинин ким экендигин сурады:

«Султаным ал атактуу **Тунистик Шейх**. Бир үңкүрдө такыбалыкта жашайт.»- деп жооп беришет.

Султан миңбир толкундап аты менен Тунустук Шейхтин жанына келет да:

«+стүмдөгү жибек кийим менен намаз окуу туурабы?»-деп сурайт.

Тунистик Шейх бул суроого жооп бергиси келбей, аны сарайындагы аалымдардан сурашын айтса да Султан ага болбой жооп беришин өтүнөт.

«Бир итти ойлоңуз, ал ит өлүк жаныбарды таап алып аны өлө тойгуча жеп жатат. Бирок ал иттин сырты канчалык кир болсо да буттарына жаман нерселерди жугузбаш үчүн өтө дыкат кылат!..»

Султан бакырып:

«Эмне дегиң келип жатат?»

«Сиздиң ичиңиз жана денеңиз эң оор арам жүк жана кулдардын акысы менен толо. Ошондой болсо да сиз жибек кийим менен намаз окуунун тууралыгын сурап жатасыз?!»- деп жооп берет.

Бул терең маанилүү сөздөр Султандын көңүлүнө зор таасир калтырат. Бул таасирдин таасири менен дароо үстүндөгү кийимдерди чечип таштайт. Андан соң белиндеги кылычын сууруп чыгып, өзүн карап турган элге:

«Мусулмандар! Акыңарды адал кылгыла жана өзүңөргө башка падыша таап алгыла!»- деп Тунистик Шейх азиретинин артынан кетип анын эң жакын талабасы болуп калат.

Султан Яхя Шейх азиретинин руханий тарбиясында улуу даражаларга ээ болот. Тунистик Шейхтен эл дуба суранганда ал мындай дечү:

«Дубаны Яхядан сурагыла, мен анын ордунда болсом ал кылганды кыла алмак эмесмин… Эгерде дүйнөдөгү башка султандар ал жеткен бакыттын казынасын билишкенде алар да Яхя сыяктуу баары жогун бермек.»

*

Олуялар маңдайында турган адамдарды даражасына жана жөндөмүнө жараша тарбияланат. Ошондуктан бул окуядан таасир алып «Исламда башкаруу даражасында туруу» көпчүлүк учурларда жакшы көрүлгөн эмес. Бул окуядагы негизги нерсе Султан Яхя менен байланыштуу. Анткени Султан Яхя көптөгөн кишилердин акысын жегендиктен жана денесин арам дүйнөгө толтургандыктан анын

тарбияланышы башкача болгон. Олуялар менен болгон мындай мисалдар да арбын. **Акшемседдин** азиреттери, **Абул Вефа** азиреттери жана **Фатих Султан Мехмед Хан**дын ортосунда болуп өткөн окуялар сыяктуу. Акшемседдин азиреттери Фатихти маектеринен жана руханий берекеттерден алыстап кетпеши үчүн Фатихтен кийин Стамбулда калбастан Гөйнүк кыштагына кетип калган. Дал ушундай кылган Абул Вефа азиреттери да жолугушууну каалаган Султан Фатихке мына бул жоопту берген:

«Фатихтин назик толкуган көңүлү бар. Бул жерге келип биздин ааламыбызга кирсе, кайтып кеткиси келбей калат да элди башкарганга эч ким калбай калат!.. Бирок бул мүлк менен үммөт ага аманат кылынган. Ага окшогон башка бир өкүмдөр анын ордун толтура албаса бул аманат зыян тартат. Ал да биз да күнөөгө батабыз!.

Кийин, руху руханий аба менен толуп эмнеси болсо бул жерге алып келип садага чалат.. Жесирге, жетимге, байкушка, бечарага жана эч кими жокторго болгон мүмкүнчүлүктөр бул жакка ага

баштайт. Ошондой эле олуялардын көңүлүнө дүйнө кирип мыйзамыбыз бузулат!..

Падышабызга биз бул жактан дуба кылабыз. Көңүлү көңүлүбүздүн ичинде. Масылат кыла турган болсок руханий жолдон байланышабыз!..»

**Азиз Махмуд Худайи** азиреттеринин руханий тарбиясы да көңүлдөрдү бурбай койбойт:

Азиз Махмуд Худайи азиреттери алгач жөнөкөй гана Казылык кызматта иштеген. Ошол учурда **Мухаммед Уфтада** азиреттери жол көрсөтүүсү менен дүйнөлүк байланыштарын үзөт. Анткени тарбия усулу ушуну талап кылган болчу. Натыйжада аалам султандарын тарбия кыла турган даражага жетет. Бирок өзү жокчулук менен тарбияланган Худайи азиреттери руханий жактан аалам султандарынын үстүндө бир абалда турган. Алардын жүрөгүнөн дүйнөгө таандык эмне болсо ошонун барын алып салат. Айрыкча **1. Ахмед Хан** ага абдан жакындайт.

Кыскасын айтканда, кулдардын тарбия жолдору молчулукта да жокчулукта да бирдей

болушу керек. Олуялар маңдайындагы адамдарды руханий даражалары боюнча тарбиялайт. Мындай назирктикти түшүнбөй туруп Келимуллах (Алла Таала менен сүйлөшкөн) наамын алган Азирети Мусанын жол көрсөтүүсүнө карабастан эркине кул болгон **Карун**дун абалы кайгылуу аяктайт. Анын абалы акылдууларга сабак болушу керек. Ошондуктан бул боюнча эң туура болгон иш Алла Таала моюн сунуп ага баш ийүү. Бул нерсеге Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам-чын дилинен байланып, анын көрсөткөн жолунан кетүүгө байланыштуу.

**Азирети Мавляна** айтат:

«/зүңөн (бардык эрк арзууларынан) кутулуп бир санжырадан келген олуяга байланган кишилер кандай бактылуу!»

Адамдын нысабы материалдык эмес түбүлүк жашоого ээ болгон руханий сүйүү үстүндө болушу керек.

Кураны Карим сүйүүсү кургак көңүлүбүзгө жаз жамгыры сыяктуу жаамайынча Мухамеддик байлыка жете албайт.

Көңүл бакчасы жамгырга ашык болгон топурак сыяктуу салих амал (жакшы иштер) жамгырын күтөт. Анткени бул жамгырлар менен жараткан үчүн жаратылгандарга ырайым, боорукердик, кызмат жана сүйүү көчөттөрү өсүп чыгат. Алла Тааланын көргөн көзү, уккан кулагы болот. Колунан, тилинен жана көңүлүнөн үммөт пайдаланат. Месневиде **Азирети Омар** – радиаллаху анх- тын икаясы айтылат:

Рим элчиси Мадина Мунавварага саясий жолугушуу үчүн келет. Халифа Омардын сарайын сурайт. Кишилер ага:

«Халифанын аты халифа катарында ааламга угулса да, анын өзүнө таандык сарайы болгон эмес. Жаркыраган көңүл сарайы болгон. Ал кедейлер сыяктуу кичинекей кепесинде жашаган. Бирок сен көзүңдөгү оору менен анын руханий сарайын көрө албайсың!»- дешет.

Рим элчиси бул сөздөрдү угуп айраң таң калат. Жүгүн, атын колунан чыгарып жиберет. Азирети Омарды издей баштайт. Баарынан халифаны сурап чыгат. /зүнчө айраң таң калып:

«Демек дүйнөдө ушундай өкүмдарлар да бар экен да. Нурунан көрүнбөйт тура.»- деп сүйлөнөт. Халифаны издей берет.

Бир арап аял:

«Сен издеген халифа тигине, курма дарагынын алдында турат! Баары төшөктө жатса ал кумда жатат! Бар! Курманын көлөкөсүндө турган Алла Тааланын көлөкөсүн көр!..» -дейт.

Уктап жаткан Азирети Омардан элчиге өзүнчө бир ажайып сүр жана башкача бир абал келет. Элчи сүйүү менен сүрдүн бир кишиде кантип бириккендигине таң калат. Анан өзүнчө:

«Мен императорду көрүп алардын алдында алкыш алып көптөгөн мактоого татыктуу болгон кишимин! Алардан эч кандай сүрдөбөсөм да, бул кишинин сүрү жана сүйүүсү мени кучагына алды.»

«Бул халифа куралсыз, коргоочусу жок жерде жатат. Мен болсо анын сүрүнөн титиреп жатамын! Бул эмнеси?! Демек бул сүр Алла Тааланыкы... Бул кишиники эмес...»- деп ойлонуп калат.

Рим элчиси мындай руханий абалдын ичинде турганда Азирети Омар – радиаллаху анх – уйкудан ойгонот. Рим элчиси Азирети Омарга таазим этип салам берет. Халифа алик алат. Андан кийин жүрөгү ойногон элчини көңүл сарайына алат. Бузулган көңүлүн оңдойт. Ага назик аруу сырларды үйрөтөт.

Элчи бул абалды баалап көрөт.

Азирети Омарга жат болуп келген элчи ашык болот. Бул маектин берекетине кабылат. Эсинде элчилик да, кабарчылык да калбайт...

Анын мындай абалын байкаган Азирети Омар – радиаллаху анх – башка бир маекке тартат. Жандын бара турган жеринен жана рухтун сапарынан сөз кылат. Убакыттын ары жагынан, баркы улук олуялардын даражасынан жана бул дүйнөнүн жалгандыгынан сөз кылат.

Соңунда элчинин көңүлүндө ыйман нуру жаркырап Халифанын алдында Калима келтирип бакыт кербенине кошулат.

*

Азирети Мавляна айтат:

«Муршид жеткилең болчу. Талаба болсо, башкача айтканда элчи акыйкатты кабыл алуга даяр эле.»

«Албетте, муршид талабанын чечкиндүү экендигин байкаганда анын пакиза жүрөгүнө пакиза болгон тавхид уругун эгип койду.»

Туура жолдо бараткан киши жүзүндөгү жаркыраган нурдан белгилүү болот. Нуру айланага бейпилдик жана көңүл нурун чачат.

Жаман киши да ушуга окшоп айланасындагыларга караңгылыгын чачат.

Аалымдын назары теңирдик акыйкаттарды жана сырларды магнит сыяктуу кабыл алат. Аалымдардын бул күчү чынжыр аркылуу Алла Таала Элчисине барып такалат. Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- ар түрдүү

кесепеттерден алыстап абдан жөнөкөй болгондуктан башынан бутуна чейин теңирдик нурга бөлөнгөн эле. Ошондуктан көлөкөсү жерге түшчү эмес.

Сулайман Челеби бул чындыкты мына бул ыр сабында мындайча баяндайт:

Нур болуу баштан аяк денеси,

Аруу нурдан түшпөйт эле көлөкөсү!..

Пакистандын руханий негиздөөчү акыны **Мухаммед Икбал** бир күнү Мадинадан кайтып келген ажыларды зыярат кылат. Алар менен олтурганда:

«Мадина Мунавараны зыярат кылдыңар!.. Мадинадагы акырет базарынан көңүлүңөрдү кайсыл белектер менен толтурдуңар? Силер алып келген белектер, такыялар, тасбихтер, жай намаздар бир убакыттан кийин эскирип жок болот. Эскирбеген, көңүлдөргө жашоо берген Мадина Мунавваранын руханий белектеринен алып келдиңерби?

Белектериңердин арасында Азирети Абу Бакир Сыдыктын баш ийүүсү, Азирети Омардун

адилети, Азирети Осмондун ыйманы жана марттыгы, Азирети Алинин сүрү жана жихады барбы? Учурубузда түрдүү кыйынчылыктар менен кыйналып жаткан Ислам дүйнөсүнө көңүлүбүздөн «Аср Саадат» (Пайгамбарыбыз жашаган учур) нурун бере алабызбы?»- деп сурайт.

Икбал Ислам дүйнөсүнүн кыйынчылык абалда тургандыгын көрүп, анын азабын тартып Исламга кызмат кылган улуу акын болгон.

Бир хадисте:

«Дүйнө менен акырет эки жубай сыяктуу. Бирин канчалык ыраазы кылсаң, бирин ошончолук ачуулантасың...»- деп айтат.

Дүйнө жалгандыгына чакырган үн канчалык көңүлдөн орун алса, акырет насааты ага ошончолук жат келет. Акырет чакыруусу көбүрөк орун алса, андайларга дүйнө жашоосу ошончолук жалган болуп сезилет.

**Азирети Мавляна** айтат:

«Бул үндүн бирин кабыл алсаң, экинчисин эч качан уга албайсың! Анткени сүйгөн киши

сүйгөнүнөн башканы көрө албайт, андайларга көзү көр болуп калат.»

«Бирок кандай кылсам деп арасат болуу, рухка абак сыяктуу келет. Аны эки жакка да коё бербей коёт!»

«Дүйнө сүйүүсү рухту бир жакка тартса акырет да бир жакка тартат. Экөө тең «Туура жол менмин»- деп шыбырайт.»

«Бул арасаттык Алла Таала жолунун тузагы. Буту тайбаган башкача айтканда ушул сыяктуу эрктин азгыруусуна алданбагандар кандай бактылуу кишилер!..»

«Эй, жол жобону билбеген! Бул арасат болуудан эркиңи куткаргың келсе, өзүңө жол башчы изде! Жолдордо адашып калгың келбесе, жейрен сыяктуу сени ишаратсыз кооздуктарга алып барган олуянын жолун карман! Болбосо гүлистанды алыстан от сыяктуу көрүп андан качып өзүңдү кор кыласың. Же тескерисинче чөлдө бир мираж көрүп аны суу деп элестетип өзүңдү кургак чөлдүн ортосуна алып барасың!..»

«Эгерде бул абалга түшкүң келбесе, көңүл кулагыңа кебез тыкпа! Алла Тааланын досторунун сөздөрүнө кулак салып, Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам-дын жолуна кир!»

Акыры кыяматка барып такалган сүйүү жолчулары, аны сүйүү жана ашыктык көз жаштары менен сооротулушат. Армандуу Юнус мындай дейт:

Сүйүү менен сүйгөндөр
Күйсүн Эй, Расулаллах!
Ичип сүйүү шарабын,
Кансын Эй, Расулаллах!
Ошол сени сүйгөндөрдү
Шапаат кылгын эй, Расулуллах!
Момун болгон жандарга
Жансың Эй, Расулаллах!
Сүйдүм ошол дилдерди
Булбулмун гүлзарларга,
Сени сүйбөгөн жандар,
Жансын Эй, Расулаллах!

**Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам-дын кишилигинен жана руханиятынан үлгү алып аны башкаларга бере алган кишилер кандай бактылуу!...**

## БУЛ К+Н+ КЕЧИНДЕ,
## ИНДИЯДА

«Кимден качабыз?
/зүбүздөнбү? Болбогон бош ой!..
Дүйнө, Алла Тааладан алыс болуу.»
**Азирети Мавляна**

Азирети Сулаймандын сарайына бир адам толкунданып, күзөтчүлөргө өтө маанилүү жумуш менен Азирети Сулайманга келгендигин айтат да ичкери кирет. Азирети Сулайман – алейхиссалам- өңү бозоргон кишиден сурайт:

«Тынччылыкпы? Эмнеге коркуп жатасың? Эмне дартың бар? Айт!..» - дейт.

Киши:

«Бүгүн эртең менен Азирети Азиреил – алейхиссалам- мага жолукту. Мени тигилие карады да, алыстап басып кетти. Байкашымча менин жанымды алганы келген окшойт.»- дейт.

Азирети Сулайман:

«Эмне кылышым керек?»- деп сурайт.

Киши:

«Эй, жандардын коргоочусу! Мазлумдардын сакчысы Сулайман! Сенин бардык нерсеге күчүң жетет. Бөрү, куш, тоо, таш сенин буйругуңда. Шамалга буюр, ал мени бул жерден алып Индияга жеткирсин. Ошондо Азиреил – алейхиссалам- мени таба албай калсын. Ошентип өзүмдү куткарамын. Сенден үмүтүм чоң!»- дейт.

Азирети Сулайман шамалга буйрук кылат:

«Бул кишини Индияга алып барып ташта.»

Шамал дароо күчүнө кирип ал кишини заматта Индиядагы бир аралга жеткирет.

Чак түштө азирети Сулайман келген кишилер менен жолуга баштайт. Алардын арасында Азиреил – алейхиссалам- бар болчу. Аны дароо жанына чакырып:

«Эй, Азиреил! Бүгүн эртең менен ал кишини эмнеге тигиле карадың? Эмнеге ал бечараны коркуттуң? +й жайынан алыстаттың. Азиреил – алейхиссалам- жооп айтат:

«Эй, дүйнөнүн султаны! Мен ал кишини тигиле караган жокмун. Аны таң калып карадым. Ал туура эмес түшүндү. Аны бул жерде көрүп таң калдым. Анткени Алла Таала мага:

«Бул кечте барып ал кишинин жанын Индиядан алып кел! – деп буюрган болчу.»- дейт.

«Бирок мен бул кишинин жүз канаты болсо да бул кечте Индияга бара албайт эле бул кандай иш болуп кетти деп айраң таң калдым. Ага караган себебим ошол болчу...»

**МЕСНЕВИ:**

«Кимден качабыз? /зүбүздөнбү? Болбогон бош ой! Кимден куткарабыз! Алла Тааладанбы? Болбогон бош ой... Туура эмес ...»

«Эгерде билсең, дүйнө акча, пул, аял, кийим кече, соода эмес Алла Тааладан алыс болуу...»

Ошондуктан бейиш менен тозок адамдын колун байлап Алла Тааладан алыстатса, алар да дүйнөнүн бөлүгү болушат. Ушул руханий кооптонуу

боюнча Юнус Эмре азиреттери Алла Таалага ыр менен мындайча кайрылат:

Бейиш бейиш дегени,
Бир нече сарай менен хурилер
Каалаганга бер алганды,
Мага сени сени мага
Молчулукка сүйүнбөйм
Жокчулукка өкүнбөйм,
Сүйүү менен соороном,
Мага сени керек сени.
Сопуларга маек керек,
Ахилерге акырет...
Мажнундарга Лайли керек.
Мага сени керек сени.

Кул мындай абалга келүү үчүн эрки менен жүрөгүн тарбиялашы абзел. Башкача айтканда күнөөлөрдөн алыс болушу керек. Жүрөк, түнкү көпөлөктөр нурдун айланасында чогулган сыяктуу, теңирдик нурга чогулуп, бардык кемчиликтерди күл кылат. Бул абал арууланган таза жүрөккө жеткирет.

Алла Тааланын алдында жакшылык көрө турган да ошол жүрөк болуп эсептелет. Аятта:

**«Ал күнү мал – мүлк, бала – чака пайда бербейт! Жалгыз гана Алла Таалага жүрөгү таза келгендердин абалы башка!»** (Шуара, 88-89)- деп айтылат.

Бирок кээ бирлери муну билишпейт. Ушунун өзү жалган дүйнө жана түрдүү нерселер кулдун жок болушуна себеп болот. Азирети Мавляна – куддусе сиррух- мындай дейт:

«Сен билесиң, эл дервиштиктен жана кедейликтен качат. Ошондуктан жаман арзуулардын торуна түшүп калышат. Дервиштик менен кедейлик коркуусу (өлүм) коркуусуна окшойт. Жаман арзууларыңды Индия деп бил.»

Ага карабастан адамдардын кемчилиги боюнча Азирети Али –радиаллаху анх- мындай дейт:

«Адамдарда дүйнө мүлккө карата болгон чоң умтулуу бар. Болбосо бул дүйнөнүн мүлкү тагдыр менен аралаш.»

*

Алла Таала Небе сүрөсүнүн 6 аятында мындай дейт:

أَلَمْ نَجْعَلِ الْأَرْضَ مِهَادًا

**«Биз жер жүзүн бир бешик кылбадык беле…?»**- дейт.

Жер жүзү белгилүү бир мезгилден кийин материалдык жана моралдык жактан бир бешик абалына келиши чындыгында эле кызык.

Адамдарды белгилүү бир убакытка чейин кумар ичинде терметкен, андан кийин түбөлүк уйкуга салган дүйнө, эки дүйнө бешиги.

Дүйнө бешигинин үстү эртели кеч чыккан булуту менен ошондой эле түрдүү климат менен курчалган.

Жалганга жана аруу сырларга кире албаган, түбөлүк кудуретти сезип же сезе албагандар соңунда акырет бешиги болгон көргө киришет.

Соңунда баары дүйнө жана кабыр элеси менен кыяматта махшерде таң аттырышат. Дүйнө

өзүнүн жашоосу жана өлүмү менен акырет бешиги болот. Акын айтат:

Сени энең төрөгөн күнү ыйладың,
Бардык аалам күлдү сага.
Эми өлгөндө күлө тургандай жаша,
Аалам сага ыйласын.

Чындыгында инсан алгач топурак, андан соң ата белинде, эне ичинде, колунда, жүрөгүндө термелип турат. Дүйнө бешигинен кыямат бешигине чейин жолоочу катары чыгарылат.

Дүйнө, көп жылдар бою кичинекей кыздар оюнчук курчактарын бешикте терметкен сыяктуу, адамдарды тагдыр жели терметип турат.

Чындыгында дүйнө акыреттин чексиздигинин алдында бешик сыяктуу.

Бул нерсе бешиктин ичинде термелип, ыйман толуп жетилбестен дүйнөнүн азгырыктарына буулуп, жаратылыш сырларынан кабарсыз калгандарга наалат болсун!

Бул сабатсыздыктын эң айкын мисалдарын Меккенин байкуш Курайш уруусундагылардан көрсө болот.

Алла Таала Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- ды өздөрү сыяктуу эттен турган нерсе сыяктуу көрүп жатышты.

«Карагылачы! Бир өгүз жана үммий (сабатсз)! Биз улуулар  жана атактуулар турганда майданга чыгып жатат. Асмандан кабар келгендигин, өлгөндөн кийин тириле турганыбызды айтып жатат... Бул эмне деген шумдук!»- деп колдурап жатышты.

Агасы да:

«Мен баарын билемин, бирок Курайш аялдары менен шылдың кылышат.» - деп жатышты.

Уктагандардын алып сатканы эмне болушу мүмкүн? Сабатсыздар дүйнөсү, балдар көзүн байлап ойногон «табышмак» ойунуна окшот.

Чындыкка көр жүрөктөр, пайгамбарлар менен олуялар сунган жашоо азыктарынан баш тартып, өзүмчүлдүк кылгандыгы үчүн байкуш бойдон

калышкан. /лүмдөн алыс болгон элес дүйнөсүндө жашоого аракеттенишкен.

Чымын таштандыларды кубанып азыктанганы сыяктуу жамандыктарга толо болгон дүйнөлөрүндө, өлүктөр сыяктуу жашап, эрип жоголот. Сырты топуракты билбеген кополдор жерлерге узанып жатышат...

Дүйнөнүн оюнчуктарынан кутулуп көңүл климатына киргендерге өлүм, чыныгы жашоонун башталышы. /лүм көлөкө ааламынан чыныгы ааламга көчүү дегендик.

Сехл Бин Абдуллахтан келген риваят бонча:

«Адамдар уйкуда. /лүм менен ойгонушат жана арман кылышат. Бирок армандары аларга пайда бербейт.»- дейт.

Ошондуктан туура кишилер, аалымдар демин өмүр тасбихи кылып чындыкка жакындатышат. Денелерин өлүм окуусу менен нурлантып, жалгандыктан кутулушат. Баары бир жакта түрдүү уйкуда турганда алар өзгөчө бир абалда болушат.

Ар бир түн мөөнөтүн күнгө тапшырышы же өткөрүп бериши бизди таңкалтырат. Дайыма сүнөтүллах боюнча түн күнгө,күн да түнгө алмашат. **«Жашоо эки күн, бир түндөн турат.»** Мунун чындыгы, дүйнө жалган дүйнөгө, кабыр түндүн киришине, таңы болсо акырет таңына окшоп акыйкат таңын түшүндүрөт.

Жашоону күн менен түндүн алмашуусунун ортосунда деп эсептөө, өзүнчө бир сабак алууну керектейт.

/лүмдөн качып же корккондо кечкурун уктап жатканда титирешибиз керек болот. Бирок бизде андай болбойт. Анткени таңдын келиши акыйкат экендигин билебиз. Бул теңирдик мыйзам.

Андыктан өлүмдүн койнунда да акыйкат таңы бар экендигин билишибиз зарыл.

Убакыттан түшкөн ар бир учур бизди акыйкат таңына жакындатып жаткандыгын аятта мындай дейт:

وَمَنْ نُعَمِّرْهُ نُنَكِّسْهُ فِي الْخَلْقِ أَفَلَا يَعْقِلُونَ

**«Кимге узун өмүр берген болсок, биз анын жаратылышын бузуп, бели бүгүлгөн абалга келтиребиз. Алар муну акылга алышпайбы?»** (Ясин, 68).

Бир акыйкат ойчулунун оюу боюнча дүйнө акыл ээлерине теңирдик чагылуу, мыйзам жана санаттан азык алуу болсо, акмактарга жеп ичүү. Адамдар тормозу жарылган машина сыяктуу аккан өмүрдө ажалга көңүл кош карап, бул ааламды эстелик сыяктуу тоңуп карашы, койнуна кире турган топурактан качышы, байлыкка ооп кетиши, албетте үлгү алуучу жагдайлардан.

Аалам китебинин мазмуну, фатихасы жана бардык чагылышы болгон адамдын бул мыйзамдагы орду, руханий азыктар менен азыктанып өзүнө туура багыт беришинде.

Жашоо базарынын эң жөнөкөй кийими кепин, бул бардык жалган сооданын жок болушу деген эмеспи?

Жаз булутундай көчүп жаткан дүйнө жашоосу акырет коркуусу жок  жашалып жатса, бул күндү түнсүз элестеткен сыяктуу болуп калат.

Алла Таала:

**«Эй, инсандар! Алла Тааланын убадасы албетте чындык. Силерди дүнүйө жашоосу алдабасын! Азгырыкчы шайтан Алла Таалага каршы азгырып салбасын силерди!»** ( Фатыр, 5)- дейт.

Соңку сөздү Азирети Мавляна мындайча улайт:

«Денени тойгозуп өстүрбө. Анткени ал соңунда топуракка бериле турган курмандык. Сен көңүлүңдү азыктант! Жогорулай турган, даңктана турган жалгыз гана ошол..»

«Денеңе балдуу, майлуу нерселерди аз бер. Анткени денени тойгузган, эрк арзууларына алданган соңунда жексен болот.»

«Рухка руханий азыктарды бер. Жеткилең ой жүгүртүп, терең ой жана руханий азыктарды бер. Бара турган жерине күчтүү кубаттуу болуп барсын!»

**«Эй, Теңирим! Ушул кыска ааламда бизди эрктин кулу кылба! Көз ачып жумганчалык болсо да бизди эркибиздин колуна таштаба! Акыйкат дарыясында көңүлүбүздү нуруң менен толтуруп кенендик бер Аллахым!..**

**Оомийнн!..**

## ААЛАМ, КУРАН ЖАНА ИНСАН

«Бир күнү менде Алла Тааланын нурун адамдардан көрөйүн деген сезим ойгонду. Деңизди тамчыдан, күндү күкүмдөн көргүм келди!»

**Азирети Мавляна**

Эзелде Алла Таала өзү жалгыз болгон убакта, ал улук зат, билинип таанылууну каалап сыпаттары менен ушул ааламды жаратты. Алла Тааланын сыпаты Кураны Каримде 99 болсо да андан көп. Алардын жарымын өзү, жарымын жалгыз гана пайгамбарлар билет. Бул илим аларда жашыруун сыр. Аалымдар 99га кирбеген бир нече сыпаттарды билишет.

Бул билинген жана билинбеген теңирдик сыпаттардын үч түрү бар:

**А. Аалам**

**Б. Кураны Карим**

**В. Инсан**

Аалам теңирдик сыпаттын кыймылы, Куран болсо анын сөздө чагылышы. Чындыгында Кураны Карим адамдар кыяматка чейин алып бара турган акыйкатты жана сырларды өз ичине камтыйт. Ошондуктан Куран теңдешсиз керемет. Энам сүрөсүнүн 59 аятында мындай делет:

وَلاَ رَطْبٍ وَلاَ يَابِسٍ إِلاَّ فِي كِتَابٍ مُّبِينٍ

**«Суу жана кургак эмне болсо баары китепте даана берилген.»**

Башкача айтканда, Кураны Карим сөздүк абалдагы аалам дегендик. Инсан болсо ошол ааламдын өзөгү. Уругу сыяктуу. Анткени жаратылгандардын арасында Алла Тааланын бардык сыпаттарынан өз насибин алган. Ошондуктан адамдар жакшыга да жаманга да, ыйманга да каапырдыка келе алат. Ыйман Алла Тааланын кулуна сунушу. Ар бир адамдын өзгөчөлүгү теңирдик сыпаттарга жараша өзгөрөт. Көп түстү бириктирип бир түс кылган сыяктуу, ошол түс негизги абалды ээлейт. Адамда теңирдик сыпаттар болгондуктан, ааламдын кичирейтилгени деп

эсептелинет. Ага кичине аалам делет. Анын эти менен сөөктөрүнө теңирдик сырлар түс болуп катылган. Ал жаратылгандардын эң керемети. Ал өзүнчө бир коом. Аалам китебинин жыйынтыгы жана фатихасы.

Алла Таала карама каршылыктардын жыйындысы. Башкача айтканда өзүндө карама каршылыктарды топтогон. Биз да буюмду, окуяны ж.б. карама каршылыгы менен биле алабыз. Жаманды билүү үчүн жакшыны, коозду билүү үчүн начарды билүүбүз керек. Ыйманга жетүү үчүн каапырдык эмне экендигин билигенибиз аюзел. Бул нерселер оң жана терси менен таанылат.

Адамдардын ыйман менен каапырдыгы Алла Тааланын **«Хади»** жана **«Мудилл»** сыпаттары менен сүрөттөлөт. Теңирдик сыпаттын адамдагы күчтүүлүгүнө жараша адам ыймандуу же ыймансыз болот. Башка сыпаттар да ушул эле сыяктуу.

Пайгамбарлар менен олуялардын айырмачылыктары да ошондой. Пайгамбарлардын

тавхид ишениминин сыртындагы сыпаттары бирдей эмес. Бул да теңирдик сырларга кирет.

Мисалы Азирети Муса – алейхиссалам- дүйнө мыйзамын оңдоого милдеттүү болгон. Ошондуктан анын жашоосу шамал менен куюндун арасында өткөн. Азирети Исанын өзгөчө сыпаты өз эркин тарбиялоо болгон. Анткени ал «Рухуллах» сыпаты менен таанылган.

**Азирети Пайгамбарыбыз** болсо теңирдик аттардын эң көбүнө ээ болгондуктан ага **«Ааламдын мырзасы»** делинген. Сабатсыз караңгы адамдардын арасында жашаса да, кыяматка чейин келе турган үммөтүн акыйкат жана теңирдик илим менен күчтөнткөн акыйкатты үйрөткөн. Ошондуктан ал ааламга ырайым үчүн жиберилген.

Пайгамбарлар белгилүү убактарда келгендиктен аларды ээрчиген олуялар да кыяматка чейин келип кете берет.

*

Адамдан адамга өтүп өзгөрүп турган сапаттарды **Мавляна** – куддусе сиррух – **Декукиден** мисал келтирет:

Декуки айтат:

«Бир күнү менде Алла Тааланын нурун адамдардан көрөйүн деген сезим ойгонду. Деңизди тамчыдан, күндү күкүмдөн көргүм келди!»

«Акыл менен рухтун кадамы менен жээкке келдим, күн батты күүгүм болду.»

Мавляна – куддусе сиррух – салыштырмалуу түрдө икаяны улантат:

«Капысынан алыстан жети шам көрүндү. Ага жетүү үчүн жээкке келдим.»

«Ал шамдардын нуру өтө кооз түрлөнүп асманга жогорулап жатты.»

«Айраң таң калдым! Таң калдым! Башым катты!..»

«/зүмчө: «Бул кандай шам, ушунчалык жарык болсо да эл аны эмнеге көрбөй жатат! Панардан да жарык болгон бул шамдын алдында эл жарык издеп жүрөт. Элдин көзүндө парда барбы? Бул

акыйкатка көр болушту?.. Ушунчалык жаркыраган нурду көрүшпөйт!..»

Месневи Шарихи Ысмайыл Анкарави азиреттери мындай дейт:

«Бул жети шамдан максат **«жетилер»** делген олуя тобу. Дедуки алардын денесин көрбөстөн мурун алардын руханиятын көргөн. Анткени дүйнө менен акыреттин ортосунда «мисал аалам» делген бир аалам бар. Ал мисал башкача көрүнөт. Түш көрүү көбүнчө ушул ааламда болот. Салих делген туура жолдо болгон кишилер ал ааламга түшүндө, ал эми өзгөчө олуя кулдар деп аталган **«Муршиди камилдер»** өңүндө киришет.

Андыктан **Азирети Мавляна** Дедукинин сөздөрүн мындай улантат:

«Ошол шамдарды Алла Тааланын акылга сыйбас нурубу деп карадым.»

«Көз жоосун алган коздугунан акылдан адаштым. /зүмдү буту – башы немедей сездим.»

«Ошол жети шам жети киши болду. Алардын нуру жети кабат асманга жетти.»

«Алардын нуру Күндүн нурун өчүргөнгө жетишти. Ошол жети кишинин нуру өзүнөн башка нурлардын баарын өчүрдү.»

Бул нерселер түрдүү сыпаттардын чагылышы.

**Азирети Мавляна** –куддусе сиррух – теңирдик чагылууга жана эркине ээ болгондордун абалын мындайча түшүндүрөт:

«Ал киши бул абал менен сезген нерсесин, тил менен тата албайт. Акыл менен сезим бир мүнөткө сезген нерсени кулак жылдар бою сезе албайт.!»

«Эй, адам! Сен рухий тереңдикке бурул! Бардык нерсени өзүңдөн изде. Сен ааламдын өзөгүсүң. Мен сен жасаган нерсени жасоого алсызмын!»

Алла Тааланын буйругуна жана тыйуусуна ылайык жашагандан башка арга жок. Жашоону дүйнө максаты менен жашагандар эркине баш ийип, акыретте зыянга учурашат.

Ошондуктан адамдар менен жиндер пайгамбарларга жана алардын изи менен кеткен

мураскор олуяларга муктаж. Бирок бул акыйкатка үлгүлүү кишилер аркылуу гана жетүүгө мүмкүн. Алар кол жеткис пазилет жана акыйкат ээлери. Максат, алардын жашоосун мисалдап Куран ахлагы менен башкача айтканда Алла Тааланын ахлагы менен ахлактануу керек.

Таң калыштуу нерсе, кээ бир адамдар ооруп калса докторго чуркашат. Ага акча төлөшөт. Бирок руханий ооруларга башкача айтканда ахлактык жактан ооругандар бекерге дарылаган Муршиди Камилге келишпейт.

Мавляна – куддусе сиррух – руханий доктордун өзгөчөлүгү менен материалдык доктордун өзгөчөлүгүн мындайча айырмалайт:

«Ал көрүнгөн докторлор башка. Алар жүрөккө сырттан карашат. Муршиди Камилдер болсо жүрөккө ичтен карашат. Алла Таала берген өзгөчөлүк берки доктордон айырмаланып турат. Материалдык докторлор дары дармек доктору. Азык жана дары менен айбан рухун дарылашат. Дене болсо ансыз деле топуракта жок болот.»

«Руханий докторлор болсо Алла Тааланын Жалал жана Азамат нуруна чагылган күзгү сыяктуу. Ошондуктан Алла Таалага барганга тоскоол болгон нерселерди жок кылат. Далилдери ачык айкын, илхам жана теңирдик сырлар. Дарылоо үчүн акы да албайт.»

*

Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- дан үлгүлүү бир мисал:

**Абу Суфян** пайгамбарлыктан мурда пайгамбарыбыздын досу эле. Пайгамбарлыктан кийин душманы болуп ага каршы чыкты. Пайгамбырыбыздын ырчысы Асан бин Сабит – радиаллаху анх – ыр менен душмандарга жооп берчү. Кийинчерээк Абу Суфян Мекке каратылганда Азирети Аббас – радиаллаху анх – тын көрсөтмөсү менен ыйманга келип, жасаган душмандыктарына бушайман болот. Артынан Азирети Али үйрөткөн аят менен Расулаллах - саллаллаху алейхи васаллам- кечирим сурады.

Ырайым жана боорукерликтин океаны болгон Алла Тааланын Элчиси - саллаллаху алейхи васаллам- Юсуф сүрөсүнөн:

لاَ تَثْرَيبَ عَلَيْكُمُ الْيَوْمَ يَغْفِرُ اللّهُ لَكُمْ وَهُوَ أَرْحَمُ الرَّاحِمِينَ

**«Юсуф; «Бүгүн силерге эч кандай башка кагуу жана айыптоо жок. Алла Таала силерди кечирсин. Ал боорукерлердин эң боорукери.» -** (Юсуф, 92) деген аятты окуп, аны жана анын досторун кечирди. Ушинтип тарых Мекке каратылган күнү теңдешсиз кечирим күнүн жашады. Бул абал Алла Тааланын «Саттарул уюб» сыпатынын кулдагы эң сонун мисалы.

Акын Зия Пашабул окуядан таасирленип мындай дейт:

**«Заалымдарга бир күнү айттыр, улуу Теңир.»**

*

Хадисте:

«Алла Таала Адамды Рахман келбетинде жаратты.»- деп айтылат.

Башкача айтканда инсан бардык теңирдик аттардын чагылышы. Алла Таала нын бардык кыймылы менен сыпаты башкаларга күзгү.

Азирети Мавляна сырлардын түрдүү болушун Азирети Мусанын икаясы менен түшүндүрөт:

Азирети Муса – алейхиссалам – айтат:

«Эй, Теңирим( Ааламдын малики) эмнеге аалам менен инсанды материалдык жана моролдык мыйзам менен сүрөттөйсүң да андан соң жексен кыласың?»

Алла Таала:

«Эй, Муса албетте сен бул нерселерди жөн эле эмес, жаратылыш сырларын үйрөнүү үчүн сурап жатасың. Болбосо мунуңду жактырбай сага ачууланып, сени капа кыламын.»- дейт.

«Эй, Муса сен ошол сырга ээсиң. Бирок элге мунун сырын түшүндүрүп, аларды ишендирүү үчүн сурап жатасың.»

«Эй, Муса роза менен тикен, топурак менен суудан чыккан сыяктуу, далалат менен хидаят да дилден чыгат.»

«Душмандык менен сүйүү жакындыктан, оору менен ден соолук ошол эле азыктан пайда болот.»

Алла Таала айтат:

«Эй, акыл ээси Муса, суроо сурадың, эми келип жообун ук да сырларды билип ал.»

«Эй, Муса топуракка урук эгип сураган суроондун жообун бил.»

Муса эгин экти. Эгин жетилип бышты. Аларды оруп алды. Ошол учурда кулагына үн келди:

«Эй, Муса эмнеге эгин эгип бышкандан кийин оруп алдың?»

Муса –алейхиссалам - :

«Эй, Теңирим эгинде урук менен саман бар. Дан саман короосуна ылайык эмес. Саман буудай кампасына ылайык эмес. Бул экөөнү аралаштыруу жакшы эмес. Аларды бөлүп алуу акылмандык.»

Алла Таала:

«Эй, Муса сен бул илимди кимден үйрөндүң?»

Муса – алейхиссалам – :

«Эй, Теңирим! Мага берилген илим теңирдик илимден эмеспи?»

«Сенин жараткан рухтарыңын арасында жакшы жана жаман рухтар бар.»

«Бул рухтар да бири биринен айырмаланып бири мончок бири шакек сыяктуу.»

«Буудай самандан бөлүнгөнү сыяктуу, жакшылардын жамандардан бөлүнүшү керек.»

Азирети Мавляна айтат:

«Бул аалам жана инсан казыналар сыр болбосун деп жаратылды.»

Анткени АллаТаала: «Мен сырдуу казына болчумун. Таанылгым келди жана мен макулуктарды жараттым.»- дейт. Муну ук да өзүңдү жоготпостон жаратылыш сырына башкача айтканда кулдукка жана Алла Таалага жеткир.»

*

Ааламдагы бөлүкчөлөр Курандагы ар тамга,
инсандагы ар бир клетка бекерге жаратылган эмес.
Ошондуктан эй, инсан дагы эле көзүңдү ачып
ойгонуп акыйкатты көрбөйсүңбү. Туура жолго
келбейсиңби?»

Алла Тааланын бул аяттарына көңүл бөлүү керек:

إِنَّ فِي خَلْقِ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ وَاخْتِلاَفِ اللَّيْلِ وَالنَّهَارِ
لآيَاتٍ لِّأُوْلِي الألْبَابِ

**«Асман менен жердин жаратылышында, түн менен күндүн биринин артынан бири келип кетишинде акылдуулар үчүн айкын үлгүлөр бар.»**

الَّذِينَ يَذْكُرُونَ اللّهَ قِيَامًا وَقُعُودًا وَعَلَىَ جُنُوبِهِمْ
وَيَتَفَكَّرُونَ فِي خَلْقِ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ
رَبَّنَا مَا خَلَقْتَ هَذا بَاطِلاً سُبْحَانَكَ فَقِنَا عَذَابَ النَّارِ

**«Алар тик турганда, отурганда, жамбаштап жатканда (Дайыма) Алла Тааланы зикир кылышат. Асман – жердин жаратылышы жөнүндө терең ойлонушат. (Анан мындай дешет) Эй, теңирибиз! Сен буларды жөн эле жараткан жоксуң. Сени (кемчиликтерден) алыстатабыз. Бизди тозок азыбынан сакта»** (Али Имран, 190-191).

**Эй, Теңирим! Бизге бул аяттын мазмунунан аз да болсо насип эт!**

**Оомийин!..**

## АЛЛАНЫН КОТОРМОЧУЛАРЫ

«Алла Таала баардык нерсенин жаны болсо анда,
жандын жаны менен душман болуудан корк!
Анын буйругуна моюн сун!»
**Азирети Мавляна**

Алланын улуу аттарынын бири **«Ал- Хакк»**. Теңирдин бул сыпаты боюнча чексиз өкүмдарлык жана салтанат ага гана таандык.

Хакктын бул өкүмдарлыгы менен салтанатын кабыл албагандар акыр аягында Хакктын ачуу кек алуусуна дуушар болушат. Хакка моюн сунуу аны менен жашоо адамдарга даңк, анда жашабагандарга пастык алып келет.

Инсан Ахсани- таквиим (эң сонун) жаратылгандыктан, теңирдик дайындоо менен бардык макулукат ага берилген. Бул ага кээ бир акыларды берген. Ал Алла Тааланын жер бетиндеги халифасы болуп, бардык нерселерге адилеттүү

болууга милдеттүү. Кыяматта жаныбарлар адамдар менен эсептешкенден кийин, аларга «топурак болгула» деген буйрук берилет. Инсан болсо жаныбардын акысы үчүн жазасын алат.

*

Курандын жарымынан көбү өткөн коомдордун жашоосунан үлгүлүү маалыматтарды берет. Тавхид күрөшүндө каапырлыкка каршы чыккандардын жексен кылынышы, акыл ээлерине үлгү сабак катары айтылат.

/лүмдөн кийинки кайып чындыгын сезбеген адам, кайыптын тилине жана сабагына муктаж. Бул милдет өзгөчө бир абалда жоопкер кылынган пайгамбарлар аркылуу ишке ашат.

Периштелер сажда кылууга мажбур болгон **Азирети Адам** – алейхиссалам - ;

Асмандын сырларын билген **Азирети Ыдырыс -** алейхиссалам- ;

Жер жүзүн суу ташкыны менен каапырдыктан тазалаган **Азирети Нух** –алейхиссалам -;

Каапыр коомду куюн менен жексен кылган **Азирети Худ** – алейхиссалам- ;

Аша чапкандык менен жамандык кылган коомду жер титирөө менен жок кылган **Азирети Салих** – алейхиссалам -;

Намруддун отторун тобокелдик менен гүлистанга айланткан **Азирети Ибрахим** – алейхиссалам –;

Ыкылас, тууралык, тобокел жана моюн сунуу менен символдошкон, кыяматка чейин ажылыкта икаясы айтылган **Азирети Ысмайыл** – алейхиссалам- ;

Уругунан Бени Исраил пайгамбарлары чыккан **Азирети Исхак** – алейхиссалам- ;

Аша чапкандык жана адеп ахлаксыздык менен жердин түбүнө баткан «Содом –Гомер»дин пайгамбары **Азирети Лут** – алейхиссалам-;

Тавхиддин байрагын батыштан чыгышка ташыган **Азирети Зулкарнайн**- алейхиссалам- ;

Сүйүү жана кусалык менен куурулган, сабырда садык болгон **Азирети Якуб**-алейхиссалам-;

Бир убак кулдук, кийин зынданда жалгыздык, азап, машакат, риязат күрөшүнөн кийин Египетте көңүлдөргө султан болгон **Азирети Юсуф –** алейхиссалам-;

Көңүлдөрдү медитацияга келтирген, сөзү менен «Хатибул Анбия» делген **Азирети Шуайб**-алейхиссалам-;

Акмак Фараонду Кызыл деңизге чөктүргөн **Азирети Муса** –алейхиссалам- ;

Муса – алейхиссаламга- ар дайым жардамчы болгон салих тууганы **Азирети Харун** – алейхиссалам- ;

Теңирдик сырдан Азирети Мусага үйрөткөн **Азирети Кызыр** -алейхиссалам- ;

Зикир менен тоолорду, таштарды жаныбарларды моюн сундурган **Азирети Давуд** – алейхиссалам-;

Чоң салтанатты жүрөгүнүн сыртына чыгарган **Азирети Сулайман** - алейхиссалам-;

Жүз жылдык өлүмдөн кийин кайра тирилип кыяматтагы жаңыдан тирилүүгө мисал болгон **Азирети Узайр** –алейхиссалам- ;

Терең ою менен сабырдын бүлөсү болгон **Азирети Аюб** – алейхиссалам-;

Чоң бир медитация, тобо, дуба жана зикирдин акыйкатында тереңдешип караңгылыкты жеңген **Азирети Юнус** –алейхиссалам- ;

Артынан «Илиязга салам болсун» сөзү менен теңирдик мактоого татыган **Азирети Илияз** –алейхиссалам- ;

Ааламга жогору кылынган **Азирети Эляса** –алейхиссалам- ;

Теңирдик ырайымга татыган **Азирети Зулкифл** –алейхиссалам- ;

Акылман насааттары менен дастан болгон ички тышкы докторлордун пири болгон **Азирети Локман** –алейхиссалам- ;

Ара менен экиге бөлүнгөндө да «аах» дебестен тобокелдик кылган мазлум пайгамбар **Азирети Закария** –алейхиссалам- ;

Атасы сыяктуу өлүмдү шейиттик менен тосуп алган **Азирети Яхя** –алейхиссалам- ;

/згөчө сыпаты эркин тарбиялоо болгон жана оорулууларга шыпа болгон, өлүктөрдү тирилткен **Азирети Иса** –алейхиссалам- ;

Соңунда Хирада ааламды ойготкон адамдарды нурга бөлөгөн **Азирети Мухаммед Мустафа** –алейхиссалам- ; ушул кайып ааламдын котормочусу болушкан.

Пайгамбарлардын келип кетүүсү жашоосу менен ишке ашкан ушул теңирдик милдет, алардын өлүмү менен бүтүп калбастан пайгамбарлардын мураскорлору болгон аалым - шайыктар аркылуу кыяматка чейин уланат.

Адам эң көп муктаж болгон нерселер жүрөк көзү менен көрүү жана кулагы менен угуу. Кураны Каримде айтылгандай «дүлөй» жана «сокур» болгондор эки дүйнөдө да колу бош калышат.

Намл сүрөөсүнүн 80 – 81 аятында:

**«Албетте сен өлүктөргө угуза албайсың! Артын карап кетип жатканда дүлөйлөргө ал чакырууну угуза албайсың!»**

**«Сен сокурларды адашкан жолунан алып туура жолго киргизе албайсың. Жалгыз гана аяттарыбызга ишенип моюн сунгандарга угуза аласың!»** - делет.

*

Каапырдык, тануу, зулум жана акылсыздык тарыхы теңирдик кек алуунун коркунучтуу мисалдары менен толо. Алла Таалага жана пайгамбарлардын көрсөткөн жолуна каршы чыккандар эртели кеч теңирдик кудуреттин ачуу азабына дуушар болушу теңирдик мыйзам.

**Азирети Мавляна** бул боюнча өзүнүн ыр саптарында мындай дейт:

«Шамал Ад коомуна эмне кылганын көргөн жоксуңбу? Суу Ташкынында эмне кылганын укпадыңбы!»

«Ошол кек деңизинин (Кызыл деңиз) Фараонду кандай жок кылгандыгын, Карунду кандай жерге батырганын!»

«Эбабил куштары пил армиясын эмне кылганын, кудаймын деген Намруддун башын кичинекей чиркей кандай жегенин!»

«Луттун ахлаксыз коомуна таш жааганын жана караңгы бир көлдүн түбүнө көмүлгөндүгүн билбейсиңби?»

Дүйнөдөгү жансыз делген нерселер акылдуу инсандар сыяктуу пайгамбарларга жардам бергенин айтсам...»

«Месневи чоңойгондон чоңойуп кырк төө аны ташыганга алсыз калат.»

«Эгерде көзүңө сенден өч алсын деп буйрук берилсе, көзүң сенден жүз түрдүү өч алат.»

«Эгерде тишиңе буйрук берилсе, тишиң сага катуу азап берет.»

«Медицина китебин ачып оорулар боюнча оку дене аскерлеринин эмне кылганын көр.»

«Бардык нерсенин жанынын жаны Алла Таала болсо анда жандын жаны менен душман болуудан корк! Анын буйругуна моюн сун!»

Тарыхтагы үлгүлүү барактар улуттардын мазары сыяктуу.

Ыймансыздык, ахлаксыздык жана зулумдук улуттардын эң белгилүү жок болуу себептери. Ыймансыз жана заалым коомдордун өлүм себептери теңирдик азаптын белгилери. 1900 жыл өтсө да **Помпей** ахлаксыз адамдарды сахналап турат. Алар руханий жактан айбанга айланган адамдар.

Бул үлгүлөр алардын акыйкатын көрбөгөн олуяларды сезимден алыс кылган адамдар айкелден башка эч нерсе эмес.

Жердин астына кирип кеткен ахлаксыз бетпактардын орду **Содом – Гомер** жана дүйнөнү бейиш деп ойлогон. /з эркин бутка айланткан Ад менен Самуд коомунун таштан оюлган сарайларында азыр куштар жашашат.

Мария сүрөсүнүн 98 аятында:

**«Биз алардан мурда да канчалаган коомдорду жок кылдык. Сен алардын кайсыл бирин сезип же аларга таандык эң кичине үн угуп жатасыңбы!»** -деп айтылат.

Араф сүрөсүнүн 179 аятында:

**«Ант болсун биз жин менен инсандан бир нечесин тозок үчүн жараттык. Алардын жүрөгү бар, аны менен укпайт. Алар төрт буттуу айбан сыяктуу. Алар караңгыда калган адамдардын дал өзү.»**

Хашр сүрөөсүнүн 20 аятында:

**«От (тозок) адамы менен бейиш адамы бир болбойт. Бирок бейиш адамдары максатына жеткендер.»** - деп айтылат.

Материалдык жана моралдык жактан чыныгы адам болгондор бейиштиктер. Мунун тескерисин жашаган адамдар тозоктуктар. Тозоктуктар өзүн көзү ачык деп элестетет. Болбосо алар Алла Тааладан келген бакыттын даамын ала албаган бактысыздар.

Материалдык жана моралдык жактан адам болгондор уйкуда да жүрөгү ойго болгондор. Андыктан Азирети Пайгамбар - саллаллаху алейхи васаллам- бир хадисинде:

«Менин көздөрүм уктаса да жүрөгүм уктабайт...»- дейт.

*

Көңүлү Алла Таала менен толо, Алла Тааланын көргөн көзү, уккан кулагы болууга жеткен мамлекет адамы **Султан Алпарслан** мунун эң сонун мисалы. Алпарслан 1072 – жылындагы **Малазгирт согушунда** ак көйнөк кийген:

«Бул менин кепиним»- деген. Башкача айтканда ал дүйнөнүн эмес шейиттиктин мүлкүнө даярданды. Ыкыласы аны өзүнөн беш эсе көп болгон Рим аскерине каршы күрөшүп жеңишке жеткен. Аскерине согуштан мурда мына бул сөздөрдү айтты:

«Же жеңип максатыма жетемин, же шейит болуп бейишке киремин. Менин артыман келүүнү каалагандар артыман келсин. Кеткиси келгендер

кетсин. Бул жерде буйрук берген жана буйрук алган жок. Бүгүн мен силердин бириңермин. Артыман келгендер өзүн Алла Таалага атап шейит болгондор бейишке, соо калгандар ардагер болушат. Кеткендерди болсо акыретте пастык күтөт.»

Осмон Мамлекетинин негиздөөчүсү **Осмон Гази** өлүмү учурунда **Орхан Газиге** 620 жыл өмүр сүрө турган мамлекетти түзгөндө төмөнкү насаттарын айтат:

«Эй, уулум аскериң менен байлыкка көз салба. Чыныгы аалымдарга урмат кыл. Алсыз күчсүз кумурска сыяктуу ылайык болбосом да бул жерге келдим жана Алла Тааланын чексиз белегине жеттим. Сен да мендей мен жүргөн жолдо жүр!»

Азирети Мухаммед Мустафа - саллаллаху алейхи васаллам- динин ушул динге баш ийгендерди Алла Таалага моюн сунгандарды өзүң корго! Алла Тааланын акысын жана кулдарыңын акысына көз сал! Динибиз койгон Байтул – Малдагы (/күмөт банкы) кирешеге канаат кыл!

Дайыма адилет жана нысап кыл! Зулумдукка орун бербе! Зулумдуктан алыс бол! Сени зулумдукка түрткөндөрдү өлкөңөн алыстат. Алар сени кулатышпасын!»

Тарых күбө болгондой жогоруда айтылган эки мисалдагы сыяктуу эркин ашып, чындыкты жашагандар адамдарга үлгү болушкан. Чындыкты тангандар жана эркине кул болгондор пастыктын таштандысында калып адамзаттын жүзү карасы болушкан.

**Эй, Раббим! Чындыкта жашоону жана аны улуулоо жолунда болууну биз алсыз кулдарыңа насип эт!**

**Оомийин!...**

## АЛЛА ТААЛА КОЙГОН МЫЙЗАМДАГЫ /ЗГ/Ч/Л+КТ/РД+Н СЫРЛАРЫ

«Акыл, теңирдик тарбия алган момундарга жамгыр сыяктуу ырайым болот. Бирок теңирдик азапка калгандарга тамчысы да түшпөйт.»

**Азирети Мавляна**

Инсанды ыйман менен жоопкер кылган жана аны бул максат менен дүйнөгө жиберген Алла Таала, адамдар жашаган ааламда «адатуула» делген мыйзамдарды койгон. Мисалы күндүн чыгышы жана батышы, түн менен күндүн биринин артынан бири келиши сыяктуу... Теңирдик дайындоо менен ушул абалдар эч качан өзгөрбөйт. Сыйкыр менен магнетизм сыяктуу кереметтер да адатуулах делген мыйзамды колдонуу менен ишке ашат. Бул ааламдагы сулуулук адатуллага көз каранды.

Кабыл алуу жана түшүнүү менен сыйланган инсануулу, ушул теңирдик насип менен чындыкка жетиши мүмкүн болсо да, кээде сабатсыздыктан ага жете албайт. Мындай абалда адамдарды Алла

Таалага дават кылуу үчүн пайгамбарларын жиберип, биз түшүнө албай турган абалда аларга өзү койгон мыйзамдардын сырын ачат. Пайгамбарлардын керемет көрсөтүшү ушул сырдын натыйжасы.

Бул акыл жетпей турган жана туура жолдон адашкандардын жолун тороо үчүн жасалган иштер.

Инсан үчүн адатуллага сыйбай турган бул сыяктуу чагылуулар Алла Тааланын адамдарга болгон жардамы. Ошондуктан пайгамбарлар өз иштеринде эң акыркы учурларда гана керемет көрсөтүшкөн. Алардын мураскору болгон олуялар өз күчүнүн деңгээлинде ошондой иш жасашат. Бирок акыйкат керемет эмес- багыт. Андыктан керемет ибадат эмес.

Бул боюнча сансыз мисалдарды келтирсе болот.

*

Азирети Мусага ыйман келтирген коомго «**Сыпти**», ыймансыз коомго «**Кыпти»** делет.

Фараон менен кыптилер сыптилерге зулумдугу кызыл деңизге буулуп өлгөнгө чейин уланган.

Азирети Мусанын кереметинин бири таягын Нил дарыясына уруу менен Нилди канга боёгон. Нил сыптилер ичкенде таза, ал эми кыптилер ичкенде канга айланчу. Мавляна – куддусе сиррух – сыпти менен кыптинин ортосундагы руханий айырма боюнча мындай дейт:

Бир кыпти ысыктан чыдабастан сыптинин үйүнө келет. /зүн байкуш сездирип:

«Мен сенин досуң жана тууганыңмын. Бүгүн сага муктажмын.»

«Нилден бир кумура суу алып кел, тууганың колуңан суу ичсин.» - деп жалдырайт.

Сыпти кыптини кереметти түшүнүшү үчүн Нилден бир кумура суу алып келди. Ага ичирди кумураны кыптиге ийип:

«Кана ич!»- деди.

Кыпти кубанып оозун ачты. Бирок суу кызыл кан болуп калды. Андан кийин сыпти кумураны өзүнө каратып ичти суу таза тунук болуп чыкты.

Кыпти ачууланды да ачуусу таркаганча олтурду. Анан сыптиге карап:

«Эй, Тууган! Бул түйүндүн чечилиши кандай болот? Мунун сыры эмнеде ?- деп сурады.

Сыпти:

«Нилдин бул таза суусун жалгыз гана Мусанын динине ишенгендер иче алат. Сен Фараондун жолунан Мусанын жолуна кир. Ошондо суудан иче аласың.» - деди.

Сыпти кыптиге насаатын дагы улантып:

«Ай менен тынчтыкта болсоң жаңырган айды көрөсүң. (Айдан максат Аз. Муса жана керемети).»

«Алла Тааланын салих кулдарына кектенгениң үчүн көр – дүлөй болуп араңа миңдеген парда кириптир.»

«Туура жолдон адашып каапырдык көлүндө сүзүп акыйкатка көр болуп жатасың.»

«Тоо сыяктуу капырдыгыңы тобо менен эрит. Туура жолго кир! Ошондо гана туура жолдогулардын суусунан ичесиң.»

«Алла Таала Нил суусун каапырларга арам кылгандан кийин сен куулук кылып мен аркылуу кантип ичесиң?»

«Эй, кыпти Нил теңирдин буйругун таштап каапырларга суу болсунбу?»

«Бул сөздөрдөн кийин акыйкат нурун көрө баштады. Жасаган иштерине бушайман болуп сыптиге;

«Мен жөнүндө дубаны сен кыл! Анткени жүрөгүмүн караңгысы жана күнөөмүн көптүгүнөн менде дуба кыла турган ооз жок! Сен дуба кыл. Анын таасири менен жүрөк кулпум ачылсын. Мен сыяктуу жаманга да жакшылардын арасынын орун болсун. Бул насип менен Ибилис эркимен кутулуп периштелерге жолдош болом. Сенин дубаң мага салихтердин деми сыяктуу керек. Дуба кыл мага!»- деди.

Анда сыпти сажда кылып Алла Таалага Мындай дуба этти:

«Эй, сырдуу жана күчтүү, барын билген Раббим! Кулуң сенден башка кимге кол ачсын?

Дуба сенден аны кабыл кылуу да сенден. Алгачкы да акыркы да сенсиӊ. Биз ортодо жоктон да жокпуз. Эй, көӊүлүбүздү дубага бурган, дубабыздын кабыл болушу да сенин ырайымыӊан...»

Сыпти ушундайча чын дилинен Алла Таалага дуба кылып жатканда кыптинин көӊүлүнө күтүүсүздөн арман келди. Көзү жашка толду. Сыптинин колун кармап арманын айтты:

«Кана тез! Ушул учурга чейин өмүрүмө зыян кылдым, жетет! Мага ыйман бакчасына кирүү үчүн жардам бер! Башка эмне дейин?! Эмне кылайын айт? Айт, алгач каапырдыктан кутулайын.»

Ошондуктан рухума от түштү. Мен сыяктуу ибилиске периште жолу ачылды. Кандай бакыт! Сен сыяктуу колдон алып туура жолго тарткан доско кулмун. Сен гүлү соолубаган, түбөлүк бейиш багындагы көчөт сыяктуусуӊ. Мени ошол бакка киргиздиӊ!

Мен суу ичүү үчүн сенин дарыяӊа келдим. Ал жерде чындык деӊизине жеттим. Ошол деӊизден казына таптым.»- деди.

Сыпти бир кумура сууну кыптиге узатты:

«Эми ич!»- деди.

Бирок кыпти суугa карабады:

«Мен эми «Алла Таала момундардын жанын сатып алды» - денгендин сырынан бир суу ичтим. Анын берекетинен мага махшерге чейин суусагандык болбойт. Дарыяда, булакта суу берген Алла Таала менин көңүлүмө суу толтурду. Ысыктан соолуган дүйнө суусаган жок. Мен Нилден суу ичүүгө келип ыйман эшигине келдим. Бирок ыйман нурунун ээси Алла Таала берекети менен мени руханий Нил абалына келтирди.»- деди.

«Түшүндүм, бул акыйкатты түшүнбөстөн таза суунун ордуна кандуу суу ичкендерге наалат болсун! Алардын ичинде болуудан Нил эле эмес, бүткүл аалам аларга кан болсо да, ылайык!»

*

Мавляна – куддусе сиррух – жансыз делген нерселерден келген кыйынчылыктарды жөн эле табият кубулушу болбостон теңирдик мыйзам

менен калыптанып, акылдуулар үчүн сабак боло турганын төмөндөгүдөй баяндайт:

«Нил дарыясы менен Кызыл деңиз Алла Тааланын буйругу менен Муса – алейхиссалам – менен элине жол берип Фараон менен аскерлерин болсо ошол жолдо жок кылган.»

«Ошентип Алла Таала акылсыз деп эсептелген Нил менен Кызыл деңизге аларга таандык акыл берип, Муса – алейхиссалам – менен Фараонду айырмалаган.»

«Ошондой эле акылы болгон Кабыл акылдын алсыздыгынан каршы келип акылын жоготот. /лтүрүп койгон тууганынын денесин эмне кылууну билбейт. Кийин өлүк карганын жанындагы карга топуракка көмгөнүн көрөт.»

«Наалат болсун мага! Каргачалык да боло албадым.» -дейт.

«Акыл, теңирдик тарбияланган момундарга жамгыр сыяктуу ырайым чачат. Бирок теңирдик азапка ылайык болгондорго тамчысы да түшпөйт.»

«Бул абал пайгамбарлардын кереметинде даана байкалат. Алар ташка - таякка рух берет.»

«Абу Жахилдин колундагы таштар пайгамбарыбыздын керемети катары тилге келип:

**«Ла Илаха Иллаллах, Мухаммадун Расулаллах»**- деди.

«Таяк болсо Азирети Мусанын колунда ажыдаар болуп, Фараонду коркуткан. Сыйкырчылардын сыйкырын жок кылган.»

Сөзүн улантып Азирети Мавляна – куддусе сиррух – айтат:

Азирети пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васаллам- Азирети Абу Бакир, Азирети Омар, азирети Али – радиаалаху анх – Ухудка чыгышты. Ухуд бул адамдардын улуу даражасынан титиреди:

Пайгамбарыбыз - саллаллаху алейхи васаллам-:

«Тынчтан Эй, Ухуд! +стүңдө бир Наби, бир Сыдык жана эки шейит бар!»- деди. Бул сөздөн кийин чоң тоо тынчыды.

Мавляна – куддусе сиррух- тили менен жансыз нерселерди сүйлөтөт:

«Биз Алла Тааланы билебиз. Ага баш ийебиз. Кокусунан жаратылган эмеспиз.»

«Биз бардык жансыз нерселер, Кызыл деңизге окшойбуз. Анткени бууп салган Фараонду Алла Тааланын керемети менен Азирети Муса – алейхиссалам- ды анын элинен ажыратып алды.»

«Ошондой эле бетпак Карунду жердин түбүнө батырып жок кылды.»

«Бизди ой сыяктуу элестеткиле ал Алла Тааланын Элчисинин шарапаты менен экиге бөлүндү.»

*

Азирети Мухйиддин Араби айтат:

«Бардык нерселер өз тилинде Алла Тааланы зикир кылышат. Бирок алардын абалы бири бириникинен башка. Алар таш, топурак, суу, ж.б. жансыз нерселер.»

Анбия сүрөсүнүн 79 аятында:

**«Куштарды жана зикир кылган тоолорду да Давудка моюн сундурдук. Аларды жасаган бизбиз.»** - деп айтылат.

Жансыз нерселерден кийин өсүмдүктөр дүйнөсү келет. Алардын суруга күнгө ж.б. нерселерге муктаждыгы бар. Жансыздарга караганда толугураак. Топурактан алган азыктарды, теңирдик мыйзам менен кабыл алып түрдүү гүлдөрдү, жалбырактарды ачып чыгарышат.

Андан кийин жаныбарлар келет. Алардын жашоосу өсүмдүктөрдөн ыңгайлуураак. Ошондуктан муктаждыктары да көп.

Адам болсо туу чокуда жана аё сезими кенен. Бул ага ыйман сунушуна дуушар болушунун себеби. Чындыгында адамдагы сезимдер дайыма терс жакка сүйрөйт.

Хаж сүрөсүнүн 18 аяты ушул төрт класстын абалын даражасы боюнча эң сонун баяндайт:

**«Көрбөдүңбү, асманда жана жерде болгндор күн, ай, жылдыздар, тоолор, дарактар,**

**жаныбарлар жана адамдардын көбү Алла Таалага сажда кылышат!»**

Демек жандуудан жансызга бардык нерсе теңирдик мыйзамга моюн сунат. Пайгамбарлар да жалгыз гана аларга берилген даражада кайып илимге ээ. Шейх Сади Гүлистани айтат:

Бир киши Азирети Якубка:

«Эй, жүрөгү таза, акылдуу пайгамбар! Юсуфтун көйнөгүнүн жытын Египеттен келгенде билдиң. А эмнеге жаныңдагы кудукка ташталганда билген жоксуң?»- деп сурайт.

Якуб –алейхиссалам- :

«Бул боюнча ээ болгон биздин теңирдик насип чагылган сыяктуу. Ошондуктан чындыктар бизге кээде ачылат, кээде жабылат.»- деп жооп берет.

Алла Таала Ахзаб 72 аятында мындай дейт:

**«Биз аманатты, асманга, жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Алар муну алуудан тартынышты. Жоопкерчиликтен коркушту. Аны башкача айтканда теңирдик аманатты адам**

**мойнуна алды. Албетте адам абдан заалым жана абдан сабатсыз.»**

Бул аяттагы «**Аманатты алуу**» көп маанилерге келсе да көпчүлүктүн көз карашы боюнча ыйман менен салих амал. Инсан бул жүктүн оорлугун ылайыктуу түрдө көтөрө албагандыктан заалым жана сабатсыз деген сыпат менен мүнөздөлөт. Бул мүнөздөмө аманаттын оорлугун айтуу үчүн келтирилген.

Ясин сүрөсүнүн 77 аятында:

أَوَلَمْ يَرَ الْإِنسَانُ أَنَّا خَلَقْنَاهُ مِن نُّطْفَةٍ فَإِذَا هُوَ خَصِيمٌ مُّبِينٌ

**«Ал инсан көргөн жокпу? Биз аны бир уруктан жараттык. Эми болсо даана душман болуп чыга келди.»** - деп адамдардагы сабатсыздык айтылат.

Бул сабатсыздык чымындын икаясына окшойт. Азирети Мавляна айтат:

«Бир чымын кичинекей чогулган суунун үстүндө саманга конгондо өзүн кеменин башчысы сыяктуу сезет.»

«Айтат: деңизде кемени эң жакшы мен айдаймын. Анткени мен азыр чоң дарыяда, жакшы кемеде акылдуу жана эң мыкты башкаруучумун!»

«Эй, кичине боюн чымын көзү менен караган киши! Азиреил алдыңдагы саман чөптү алганда абалың эмне боло турганын эч ойлонгон жоксуңбу?»

*

Адам ыйман аң сезими менен Алла Таалага кайтып, кулдук урсаң анын ар бир иши теңирдик жардамга дуушар болот. Жансыздарга аманат мамиле кылат. /зүндө сакталган теңирдик сырларды жана нерселердин акыйкаты ачылат. Болбосо сабатсыздык кылып жалган дүйнөгө алданса түбөлүк алданууга дуушар болот.

Мухйиддин Араби – куддусе сиррух – Куран чындыгынын тереңдигине таза дил менен бара тургандыгын айтат.

Алла Тааланын бардык аттары чын ыкылас менен зикир кылынганда «Исми Азам» болот.

*

Рываяттар боюнча **Азирети Али** –радиаллаху анх – бир дарактын көлөкөсүндө отурганда бир кедей келип арманын айтат. Азирети Али – радиаллаху анх- жерден бир ууч кум алып окуп кедейге берет. Кедей кумдун алтын болуп калганын көрүп кубанат. Таң калып жалдырайт:

«Эй, момундардын амири мага окуганыңды үйрөт.»- деп суранат.

Азирети Али – радиаллаху анх- Фатиха сүрөсүн окуганын айтат. Кедей жерден кум алып окуйт. /згөрүү болбойт. Таң калып Азирети Алиге:

«Бул эмне?»- деп сурайт.

Азирети Али –радиаллаху анх-

«Экөөбүз тең Фатиханы окудук. Бул ооз болгон менен жүрөк башка!..»- дейт.

Дайыма руханият материядан жогору турат. Чанаккале согушунда англис аскербашчы жана тарыхчы Хамилтон:

«Бизди Түрктөрдүн байлыгы эмес руханияты жеңди. Алар ата турган ок да жок болчу. Бирок биз асмандан түшкөн күчтөрдү көрдүк.»- деп айтат.

Жогоруда айтылгандай бардык аалам теңирдик каалоо жана мыйзамдын астында.Курааны Каримда:

**«Акыл ээлерине көп сабактар бар!»** (Юсуф, 111)- деп айтылат.

Дүйнө акылдуулар үчүн сабактарга менен толо. Акмак менен сабатсыздар үчүн жок дүйнө.

**«Эң Теңирим! Теңирдик аттарыңын урматына жана Хади атыңын урматына бизди өзүң көрсөткөн туура жолдо болууну насип эт!**

**Оомийин!..**

## ААЛАМДАГЫ ЖАЛГЫЗДЫК БАГЫТ

«Эгерде бул ааламдагылар көңүл
ааламындагы
ошол кубанычтын чагылышы болбогондо
Алла Таала бул элес ааламын жалган
дүйнө дебес эле.»

**Азирети Мавляна**

Азирети Мавляна «нафсанният» (эрк) жана «руханият» деп аталган бири бирине терс эки абалдын бири бири менен күрөшүн жана ар биринин ээлик кылган мүнөзүн мисалдар менен түшүндүрүп руханиятын тургузууну каалагандар чыныгы сүйүү менен максатына жете ала тургандарын төмөндөгүчө түшүндүрөт:

«Мажнунга Лайлинин сапарга чыкканы тууралу кабар келет. Анда төөсүнө минип Лайлинин бара турган кыштагына сапар алат. Жаңы туулган тайлагы бар төөнүн көзү баласында болот. Мажнун төөнүн үстүндө уктай баштаганда, төө баласына карап артка бурулат. Мажнун байкап калып

толкундана төөнү кайра Лайлиге карай бурат. Бул абал бир нече жолу кайталанат.

«Анткени соңунда Мажнун кайсыл жерге келгенин билейин десе жолго чыккан кыштакта экенин байкайт. Ошол учурда Мажнун төөгө:

**«Эй, төө сен балаңа ашыксың. Мен Лайлиге... Ошондуктан экөөбүздүн тең жолубуз башка. Сен менин жолуму кестиң. Мен сенин жолуңу... Биз бул абалда жолдош боло албайбыз. Сен жалганга ашыксың, мен түбөлүк денеге ... Бөлүнүшүбүз керек!...**

Бул икаяда Мажнундан максат «рухтун султаны» ал да Хусну Мутлак (Алла) нын чагылдырылышы. Төөдөн максат «эрк», баласы «бош кыял» деп аталган дүйнө лаззаты.

Бул икаяда бири биринин терси болгон эки Мажнун башкача айтканда руханият жана эрк бириккен. Экөөнүн күрөшү тамсилденип айтылат.

*

Азирети Мавляна – куддусе сиррух –бул икая тууралу кээ бир ыр саптарында мындай дейт:

«Руханият менен эрк Мажнундун төөсү сыяктуу бири алдыга,бири артка кетүүнү эңсейт.»

«Мажнун бир мөөнөттүк алсыздыгынан төөнү баласына карай тартат.»

«Мажнундун денеси Лайлинин сүйүүсү менен толгондуктан Мажнун мезгил мезгили менен каалоосуз абалда өзүн жоготуп койду.»

«Ага жетекчи болгон акыл Лайлинин сүйүүсүнө жабылат.»

«Бирок төө башкача айтканда «эрк» дыккат менен Мажнундун өзүн жоготуп төөнү баласына тартканын байкап турду.»

«Рух жогоруга жетүү үчүн канат кагууда, эрк болсо тырмагы менен жерди тырмап ушул жалган ааламдан көчүүнү каалабайт.»

«Соңунда Мажнун төөгө карап:

**«Эй, төө! Экөөбүз тең бири бирибиздин тескерисине ашыкбыз.. Андыктан жолдош боло албайбыз.. сени менен бирге болгонго рухум Лайлиден алыстап жатат.»**

«Мусанын калкы Тин чөлүндө калганы сыяктуу менин да сени менен бир өмүрүм өттү.»

«Эй, төө! Чекке бара турган жол эки түрдүү. Сенин куулугуң мени жылдар бою чектен алыс калтырды. Болбосо жол жакын болчу.»

«Бирок мен кеч калдым. Бул аскердиктен башкача айтканда сенин үстүңө минип мени алып жүргөнүңөн жададым!..» - деди.

«Мажнун ачууланып төөнүн үстүнөн түшүп кетти»

«Ал жигит өзүн ушунча катуу жерге урду. Жерге түшөр замат буту сынып кетти.»

«Бутуң таңды. /зүн топ сыяктуу тоголотту. Ылдамдык менен Лайлинин  кыштагына карай тоголоно баштады.»

«Икаяда айтылган чындык барлыктын негизи жана акыйкаты  болгон «Вужуду – Мутлак» (Алла). Теңирдик эрк жана назик сыпаттардын чагылышы менен денеге келген жалган дүйнөнүн негизги шарттарынын бири төп келишүү жана инсан уулунун табиятына кайтуу.

Барлык, сүйүү менен күч алат. Көптүк жалгыздык денилген макулуктарды теңирдик чагылуунун сүйүүнүн ашыктык менен биргелеши.

«Мен бир сырдуу казына болчумун, таанылганды кааладым. Ошондуктан ааламды жараттым.» деген кудси хадисте айтылганы сыяктуу ааламдын жаратылыш себеби – сүйүү.

Ошондуктан макулуктардын ичинен эң даңктуу инсанды, жалган нерселреге көз каранды болуудан куткарып Алла Таалага жеткирип Ахсани таквим даражасына алып барган жалгыз гана жол. Бирок бул жолдо руханияттын бөлүгү болгон ашыктык жана сүйүүнүн ордуна жалган нерселердин артынан жүрүү бул теңирдик максатка терс түшөт.

Адам кандай абалда болбосун, эркин куулуктарга алдырбастан, келген жамандыктарга туруштук берип Алла Таалага багыт алуусу керек.

**Мавляна** – куддусе сиррух – рухтардын, эрктин жана анын мүнөзүнүн адамда башка башка экендигин, ар бир адамдын өзүнчө дүйнөгө көз

карашы бар экендигин жана ар түрдүү болочокто ар башка көз караштар менен карала тургандыгын мына бул мисал менен мынтип түшүндүрөт:

«Бир сопу өзүнчө кубанып ойго батуу үчүн ээн бакчага барат. Бакчанын көркү аны таң калтырат, көздөрүн жумуп ойго бата берет.»

«Ал жерде турган бир киши сопу уктап жатат деп ойлойт. Анан анын мындай абалына таң калып сопуга:

«Эмне уктап жатасың? көзүңдү ачып жүзүмдү, гүлдөгөн чөп дарактарды, жайнаган талааны кара! Алла Тааланын ырайым сулуулугун көр!» - дейт.

Сопу ага:

«Эй, Киши! Билип кой Алла Тааланын эң сонун сулуулугу көңүл. Анын тышында калгандар бул улуу сулуулуктун көлөкөсүндө калат.»

«Токойдун арасынан бир дарыя агып атат. Анын тунук суусунан эки жээкте турган дүпүйгөн дарактардын көлөкөсүн көрөсүң.»

«Сууда көрүнгөндөр – булар элес. Чыныгы бакча көңүлдө курулат. Анткени көңүл Алла

Тааланын тактысы. Алардын назик чагылышы суу менен ылайдан турган дүйнө ааламында көрүнөт.»

«Эгерде бул ааламдагылар көңүл ааламындагы ошол кубанычтын чагылышы болгондо, Алла Таала бул элес ааламын **жалган дүйнө** дебес эле.»

Али Имран сүрөсүнүн 185 аятында:

**«Ар бир жандуу өлүмдү татат. Кылганыңардын акысы шексиз түрдө кыямат күнү толук бойдон кайрылат. Ошол учурда ким оттон алыстатылып бейишке кирсе, анда ал шексиз максатына жетти. Дүйнө жашоосу жалган өтүп кетүүчү нерседен башка эч нерсе эмес.»** деп айтылат.

«Сабатсыздар жана дүйнөнү бейиш деп элестеткендер бул дайранын жалганына баткандар.»

«Чыныгы бакчалардан алыс калгандар башкача айтканда олуялыктан алыс калгандар ошол элеске тез алданышат.»

«Бир күнү ошол уйкудан ойгонушат. Көздөрү ачылат. Акыйкат көрүнөт. Бирок акыркы демде ошол коздуктун эч кандай пайдасы болбойт.»

«/лүмдөн мурун өлгөндөр, руху ушул акыйкаттан жыт алгандар кандай бактылуу.»

«Чындыгында бирөөлөр дүйнөнүн жалган лаззатына алданбай, андан баш тарта алса Алла Таала ошол кулдун рухун таза, дилин нурдуу кылат.»

Алла Тааланын Элчиси – саллалаху алейхи васаллам- :

«Ичине нур кирген жүрөк ачылат жана кеңейет.»- деп айтат.

«Эй, Алла Тааланын Элчиси мунун алааматы эмне?» -деп сураганда:

Ал:

«Жалган дүйнөдөн алыстоо, түбөлүк болгон акырет жашоосуна көңүл бөлүү жана өлүмдөн мурун өлүмгө даярдануу.» - деп жооп берет.

«Мистика эмне?» -деп сураган кишиге **Жунейд Багдади** азиреттери мындай дейт:

«Элге баш ийүүдөн алыстап, Алла Таалага баш ийүү, жаман мүнөздөрдү таштоо, эркине баш ийбөө, руханий сыпаттарды өнүктүрүүгө аракеттенүү, чыныгы илимге жабышуу, дайыма эң пайдалуу иш жасоо, баарына насаат айтуу, рухтардын эзелки чогулушта берген сөзүнө туруу. Азирети Расулаллах – саллалаху алейхи васаллам- дын шариятына баш ийүү.»

Ичи таза, дили тунук жана жүрөгү нурлуу болгон бул сыпаттын ээси, Алла Тааланын алдында алдыңкы катарда болушат. Алар чыныгы сопулар. Алла Таала алдындагы билими так. Алар Алла Таалага ишенишет жана тобокел кылышат. Тагдырына ыраазы болушат.

Ааламдагы бардык макулуктун жүрөгү жакшы, жаман болуп бөлүнөт. Бирок өзүмчүлдүк башкача болот. Ошондуктан ар бир жандык өзүнө таандык нерселерди кайсыл жерде кааласа ошол жерден табат. Бул өзүн башкалардын көзү менен кароого окшош. Башкача айтканда бирдей уруктагылар бири бирин сынашат. **Кайсыл жерде**

**сүйүү болсо бул сүйгөн кишинин сүйгөн нерседе өзүн көрүшүнө окшош.** Андыктан тартуу жана тартылуу үчүн ушундай биргелик шарт. Эркине ээ болбогондор руханият олуялары, каапырлар, устаздар, окуучуларды өзүнө тартат. Бул тартылуу мыйзамы материяда жана маңызда, жакшыда жана жаманда бардык күчү менен башкарат.

**Алла Тааланын Элчиси** – саллалаху алейхи васаллам- бул жөнүндө мындай дейт:

«Рухтар аскерлер сыяктуу, (рухтар ааламында) бир бири менен таанышкандар дүйнөдө аралашышат. Бири биринен чоочуркагандар келише алышпайт.»

Куудулданып айланасындагыларды күлдүргөн Меккелик бир аялдын  хижраттан кийин Мадинага келгенде өзү сыяктуу куудул бир аялга жолугушу. Бул тартылуунун даана мисалы.

**Малик бин Динар** айтат:

Бир күнү бир кишиге салам бердим. Мага атымы айтып алик алды. Таң калдым.

«Ушул күнгө чейин бир да жолу көрүшпөсөк мени кайдан тааныдың?» -дедим.

«Рухум рухуңа мелекут ааламында жолукканы үчүн Алла Таала сени мага таанытты.» - деди.

**Вейсел Карани** – куддусе сиррух - өзүнө салам берген бир кишиге атын айтып алик алат. Ал киши:

«Менин Херим бин Хаям экенимди кайдан билдиң?»- дейт.

Вейсел Карани:

«Рухум рухуңу тааныды.»- деп жооп берет.

*

Азирети Алиге бир аял келип:

«Кичине уулум тамдын үстүнө чыкты. Жылып отуруп тамдын учуна келип калды. Чакырсам келбей жатат. Болбосо кулап кетет. Эми эмне кылайын?»- дейт.

Азирети Али – радиаллаху анх- :

«Эй, аял ага окшогон бир баланы тамдын башына чыгар. Аны көргөндө жанына келет. Сен алып куткарасың.»- дейт.

Аял баласы менен тең бир баланы тамдын үстүнө чыгарды. Бала ал баланы көргөндө жөрмөлөп жанына келди.

Мавляна – куддусе сиррух – айтат:

«Тең теңине түбөлүк ашык болот.»

«Кулдарды коопсуздук жана кырсыктардан куткаруу үчүн жиберилген пайгамбарлардын инсандардан тандалышы да ушуга байланыштуу.»

Ошондуктан акмактын акылдууга тең берилиши наадандын нимат ээлерине каапырдык кылганы таң калыштуу эмес.»

«Иса –алейхиссалам- жана Идрис –алейхиссалам- назиктик жана боорукерликте периштелер сыяктуу болушту. Жебей ичпей турган абалга чейин жетишти. Периштелерге окшой баштагандыктан асманга көтөрүлүштү.»

«Харут менен Марут аттуу периштелер дене болгондуктан асмандан жерге түштү.»

Азирети Мавляна бул мисалдар менен Азирети Идрис жана Азирети Исаны такыбалык жана сопулук менен periште сыяктуу болуп

асманга көтөрүлгөнүн, Харут менен Маруттун эрки болгондуктан жерге түшүрүлгөндүгүн айтат.

Азиерти Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- мезгил мезгили менен инсан ааламынан чыгып руханий жашоого бөлөнөт эле. Бир хадисте:

«Мен Алла Тааланын нурунан боломун. Толук кандуу момундар менин нуруман болушат.»- деп айтат.

**Азирети Мавляна** сөзүн улантып:

«Азирети Муса Фараон жана Хамандын алдында абдан жаман. Азирети Мусанын руху кудайды тааныгандарды өзүнө тартып турган. Бул алардын айырмасы болчу.»

«Эшектин карды саманды, инсандын карды буудайды сиңирет.»

«Эгерде сен сабатсыз караңгы бирөөнү жүзүнөн тааный албасаң дыкат кыл. Ал кишинин устазы ким, досу ким! Эгерде бир толук кандуу кишиге такалса кыймыл аракеттери такыбалык болсо, ал жакшы киши..»

**Сехл бин Абдуллах ет Тастури** : «Ким менен дос болоюн ?»- деп сураган кишиге:

«Сопуларды насаат кылам. Алардан ажыраба. Анткени алар сага кылган жакшылыктарын эч качан көп көрбөйт. Сендеги кемчиликтерден сени айыпка тартпайт. Ар бир кыймылыңды туура кабыл алып сени кемсинтпейт.»

**Ибн Ата** айтат:

Бул дүйнөдө ушул эки сыпатка ээ болуу инсанга абдан көп пайда алып келет:

1. Дервиштер менен маек
2. Олуяларга урмат

*

Зуннун Мисрий – куддусе сиррух –

«Ким менен дос болоюн»- деген Юнус бин Хусейинге:

**«Жүрөгүндө дүйнөгө таандык эч нерсеге ээ болбогон, сени эч качан айыпка тартпаган, аларга канчалык өзгөрсөң да сага каршы өзгөрбөгөндөр менен дос бол!»**

**«Анткени досторго эң көп муктаж болгон учуруң, аларга каршы өзгөргөнүңдө болот.»** - деп айтат.

Эки адамдын ортосундагы айырма, руханий биргеликтен болсо эч качан аны бузууга болбойт.

Эрктик себептери пайда болгон айырма болсо эң жөнөкөй тоскоолдуктарга туруштук бере албастан жыгылып жок болот. Руханият жоголот. Теңирдик жолдо жүрүүнүн жалгыз гана шарты, айырманын руханий өзгөрүшүн пайда кылат.

Негизинен адамзат жашоосун жогорулатуу же төмөндөтүүдө эң чоң таасир сүйүү менен жек көрүүнү башкарууга таандык. Эгерде сүйүү өз теңине, жек көрүү да өз теңине ылайык болсо, ошол боюнча адам жогорулап же төмөндөйт. Тескерисинче аткарылган кыймыл сүйүү теңине ылайык болбосо, жек көрүү да ошондой болсо, адамдын жашоосу ошого жараша өзгөрөт.

Алла Таала:

وَاصْبِرْ نَفْسَكَ مَعَ الَّذِينَ يَدْعُونَ رَبَّهُم بِالْغَدَاةِ وَالْعَشِيِّ
يُرِيدُونَ وَجْهَهُ وَلَا تَعْدُ عَيْنَاكَ عَنْهُمْ تُرِيدُ زِينَةَ الْحَيَاةِ

الدُّنْيَا وَلَا تُطِعْ مَنْ أَغْفَلْنَا قَلْبَهُ عَن ذِكْرِنَا وَاتَّبَعَ هَوَاهُ
وَكَانَ أَمْرُهُ فُرُطًا

**«Эртеден – кеч теңирине анын жүзүн тилеп дуба кылгандар менен бирге дилден сабыр эт! Дүйнө жашоосунун сулуулугун каалап көздөрүңдү андан бурба! Жүрөгүн бизди эскерүүдөн алыс кылган, жаман арзууларына баш ийген жана иши, күчү аша чапкандык болгон кишиге моюн сунба!»** (Кехф, 28) – деп айтат.

**Эй, Аллахым! Биздин жакшы жана жаман бардык каалоо тилектерибизди сенин ыраазычылыгыңа туура келген абалда колдонуууну насип эткин!**

**Оомийин!..**

## МИСТИКА жана ТЕҢИРДИК ИЛИМ

«Көптөгөн аалым бар, түшүнүгү жок.
Илимди жаттап алган. Бирок,
Алла Тааланын сүйүүктүүсү боло
алышкан эмес.»
**Азирети Мавляна**

**Азирети Пайгамбар** – саллалаху алейхи васаллам- Алла Тааладан үч түрдүү илим үйрөнгөн. **Биринчиси** өзү менен Алла Таала ортосунда калган илим. Бул илим адам акылынын үстүндө. Ошондуктан адамдар аны биле алышпайт. Бир гана Алла Таала Элчисине – саллалаху алейхи васаллам- таандык илим. Жабраил – алейхиссалам- :

«Эй, Алла Тааланын Элчиси! Мен сенин акыйкатыңы акылга ала алганымда жаныңа келе алмак эмесмин.»-деп айтат.

**Экинчи илим** жалпыга таандык илим. Бул адамдардын акылы менен түшүнүүгө боло турган илим. Бардык адамдар бул категориядагы

илимдерди биле алышат. Мунун башка бир аты шарият.

**+чүнчү илим** кээ бир өзгөчө адамдарга таандык илим. Ал мистика, зухд, жана илхам кылуу сезими. Башкача айтканда бул илим дилге байланыштуу. Ошондой эле кишинин бул даражада өзгөчө жоопкерчилиги болот. Кул өз саламатчылыгы үчүн бул нерсени кабылдоого мажбур. Бул адамдын өз эркин жана дилин тарбиялоо менен мүмкүн.

Андыктан Кураны Каримде:

**«Шексиз түрдө эркин тарбия кылгандар кутулушка жетишти.»** (Ала, 14; Шемс, 9)

**«(Эй, Пайгамбар) арзууларын теңир кылгандарды көрдүңбү? Эми аларга кепил боло турган сенсиңби?!»**(Фуркан, 43)- деп айтылат.

Таберани риваят кылган хадисте мындай делет:

«Жер бетинде табынылган Буттардын ичинен Алла Таала эң Көп ачууланган нерсе – бул арзуу.»

Теңирдик илим мистика ичинде моралдык тарбиянын натыйжасында жеткен илим. Кураны Каримдин көптөгөн аяттарында бул илим жөнүндө сөздүн көп болушу ушул өкүмдүн далили. Муса – алейхиссалам – боюнча келген алгачкы вахийлерде бул чындыктын ишараттары бар.

*

**Азирети Муса**- алейхиссалам - үй бүлөсү менен биргеликте Мидяндан Египетке келе жаткан. Жолдо суук, жамгыр, караңгы бир түндө балалуу болушту. Отко жана жарыкка муктаж эле. Алыстан бир от көрүнөт. Негизинде ага көрүнгөн бул от, аны пайгамбарлыкка даярдоого болгон белги болчу. Ал жерден бир тутам от алып баланы жылытууну каалады. Ал жерге барганда Алла Таала:

**«Эй, Муса! Акыйкат мен, ооба мен, сенин теңириңмин! Дароо бут кийимиңди чеч! Анткени сен ыйык Тува өрөөнүндөсүң!»** (Таха, 11- 12)- деп айтат.

Тафсирчилер **«Бут кийимиңди чеч»** сөзүнө түрдүү маанилерди беришкен. Алар Кушейри,

Летаифул Ишарат жана Рухул Баянда мындайча түшүндүрүлөт:

**«Эки бут кийим»** дүйнө жана акырет жөнүндөгү жоопкерчилик Алла Таала үчүн барын таштап Алла Тааланын билим жана кудуретине жол болууну кара.»- делет.

Башкача айтканда:

«Сен табият жана эркиңен кутул! Эркиңе таандык нерселерди унут.»

«Далилдердин оюнан алыста! Анткени ой жана каршы чыгуу башкача айтканда көз менен көргөндөн кийин алардын пайдасы жок.!» - деп да түшүндүрүшкөн.

Ошондуктан **Шейх Шибли** Алла Таалага жетип бардык китептерин өрттөп салган.

*

**Азирети Муса** – алейхиссалам – Фараон жана аскеринин Кызыл деңизде  Исраил уруусунун көз алдында чөгүп кетишинен кийин уруусун чогултту. Аларга толкунданткан насааттарды айтты. Уруусу Азирети Мусанын илим жана билимдеги

тереңдикке жеткенине таң калат. Алардын ичинен бирөө:

«Эй, Алла Тааланын пайгамбары ушул жер бетинде сенден күчтүү аалымдан ким бар?!»- деди.

Азирети Муса:

«Андай адамды билбейм»- деди.

Ошол учурда вахий келет:

**«Эки деңиздин биргелешкен жеринде бир кулум бар. Ага таандык бир илим бергенмин. +ммөтүңүн эң тандалганы менен ага бар.»-** деп буюрду.

Муса – алейхиссалам- вахий аркылуу белгилеген адамды, бир жардын үстүндө чапанына оронуп жатканын көрдү жана ага салам берди:

«Мен Мусамын»- деди.

Кызыр да:

«Демек Бани Исраил пайгамбары Муса сен экенсиң»- дейт.

Муса – алейхиссалам -:

«Мага Алла Таала билдирген жана эң көп билген сенсиңби?»- деп сурайт.

Кызыр:

**«Эй, Муса Алла Таала мага бир илим берди. Ал сенде жок. Сага бир илим берди ал менде жок»-** дейт.

Муса – алейхиссалам – Кызыр – алейхиссалам – дан бул илимди үйрөнүүнү каалады. Сырттан караганда түшүнүүгө мүмкүн болбогон, өзүнө ажайыптай сезилген кээ бир акыйкаттардын сырын ошодон үйрөнмөк. Ошентип атактуу сапарга чыгышты.

**Мавляна** - куддусе сиррух – бул окуянын үлгүлүү жактарына басым жасап мындай дейт:

«Эй, улуу зат! Бул моралдык нерсени «Келимуллах» болгон Азирети Мусадан көр!» Карачы Муса эмне дейт:

«Ушунчалык даражага ээ болсом да өзүмдө бир нерсени сезе албайм. Мындан ары рухума нур тамыза турган Кызырды издеп жатам.»

Азирети Муса Кызырды издегени үчүн эли ага:

«Эй, Муса сен элиңи таштапсың. Сенден да төмөн даражага ээ бирөөнүн артынан кетипсиң!»

«Сен «Хавф» жана «Режа» дан кутулган пайгамбар элең. Дагы канча айланып, канча издейсиң?»

«Издегениң сенде, муну сен да билесиң. Эй, асман сыяктуу улуу пайгамбар төмөн жакта дагы канча айланасың?»

Муса – алейхиссалам элине - :

«Күн менен айдын жолун бөлбөгүлө! Мен пайгамбардын айымын. Кызыр болсо олуялык күн. Башкача айтканда менден жогору болгон пайгамбар бар. Кызыр болсо олуялардын эң жогорку даражасында.»- деди.

Азирети Муса сөзүн улантып:

«Мен учурдун султаны болгон олуя менен маек куруу үчүн деңиздер кошулган жерге кетип жатам.»

«Акыйкат жана илимге жетүү үчүн Кызырды ортомчу кыламын. Ошондуктан узун сапарга чыгамын. Сапарым ага жеткиче уланат.»

**«Аруулук жана улуктук канаты менен узун жылдар бою учамын. Жыл деген эмне, миңдеген жыл кетсем, аны издеп табамын. Бул сапар ошону табууга татыктуу.»**

Азирети Мусанын сыпаты «Келимуллах» (Алла менен сүйлөшкөн). Алла Таала Азирети Муса менен сүйлөшкөндө эзелдеги сыпаты «Келам» менен сүйлөшкөн. Анын сыпаттарынын эч бири жаратылгандардын сыпаттарына окшобойт. Ал билет. Бирок биз билгендей эмес. Кудуреттүү, бирок биз сыяктуу эмес. Ал сүйлөйт, бирок биз сүйлөгөндөй эмес. Биз тил менен тамга аркылуу сүйлөшөбүз. Алла Таала мындай эмес. Тамгалар жаратылган. Алла Тааланын сөзү жаратылган эмес. Тамгасыз жана тилсиз. Муса – алейхиссалам- Алла Таала менен сүйлөшкөндө жанындагы жетимиш киши жана Жабираил – алейхисслам- бул сүйлөшүүнү сезген эмес.

Азирети Муса бул сүйлөшүүдөн өтө таасирленгендиктен дүйнөдөбү же акыреттеби экендигин унутуп:

«Эй, Алла! Мага көрүн!»- деди.

Бирок анын таламына Алла Таала:

**«Сен мени эч көрө албайсың.»** -деди.

Алла Тааланын бул сөзүн олуялар мындайча жоромолдошот:

«Эй, Муса сен сен болгон убакытка чейин мени көрө албайсың. Бирок эркинди жоюп өзүмчүлдүгүңдү жоготкондо гана мени көрүшүң мүмкүн болот. Ошондо да көргөн жалгыз гана сен болбойсуң. Мен боломун. Анткени ошондо сен менде болосуң!»

Азирети Муса – алейхиссалам-дын бул талабы анын көңүлүндөгү сүйүүдөн эле. Ал асмандагы айдын жарыгын көргөндө толкунданып өзүн жоготуп туш тарапка ачылган дарыя сыяктуу болду. Ошондуктан бул сүйүү Азирети Муса турган тоону эритип салган. Ошондой эле Идрис – алейхиссалам- жана азирети Мухаммед – саллалаху алейхи васаллам- муруңку пайгамбарлардан дагы да жогору даражада тургандыктан Алла Таалага

жакындоо насип болуп Мираж окуясы болуп өткөн. Булар икая эмес акыйкат.

Мындай сырдуу темаларда Азирети Мавляна –куддусе сиррух – жазган Месневини иликтегендер мындай дейт:

«Эгерде жалгыз дос менен жолдош болгонубузда, эгерде жолдошторум толугу менен мени түшүнө алышканда, кээ бир жат кишилер биздин маегибизге келип кошулбаганда, мен силерге кайыптан сырдуу нерселерди айтып түшүндүрмөкмүн. Бирок сырларымды көтөрө алган жоро жолдош болбосо анда унчукпаган оң. Анткени баарына акылына жараша сөз айтуу керек. Болбосо акыйкатка зулум кылынган болот.»

Азирети Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- айтат:

«Акылмандуулукту өз ээсинен башкага берсеңер ага зулум кылган болосуңар.»

Мавляна – куддусе сиррух – теңирдик илимден жүрөгү таза болгондорго берилгендигин мына бул нерседен түшүнүүгө болот деп айтат:

«Якуб Юсуфта көргөн өзгөчөлүгүн өзүндө сактаган. Ал нурду көрүү Юсуфтун туугандарына насип болгон эмес эле. Туугандары муну бир гана көңүл ээси Юсуфту көрбөстөн жана түшүнбөстөн келди.»

«Рухтун азыгы сүйүү. Жандыкы ачкалык.»

«Якубта Юсуфтун таасири бар болчу. Ошондуктан Юсуфтун көйнөгүнүн жыты ага узак жерден эле жетти. Көйнөктү кийип алган тууганы ал жытты ала алган эмес.»

«Анткени Юсуфтун көйнөгү тууганынын колунда ыңгайсыз турду. Тууганы көйнөктү алып Азирети Якубка берди. Бул көйнөк тууганынын колунда кан ыйлап турду. Туткун болду. Сатуучудан башкасына таандык эле.»

«Көптөгөн аалымдар бар, ыймандан насиби жок. Илимди жаттап алышкан. Ошол үчүн кудай сүйүүсүнөн алыс калышкан.»

Анткени ыйман калем китеп менен болбойт. Ал жалгыз гана көңүлүн теңирдик нур менен нурландырган өзгөчө кулдарга ыйгарылат. Мындай

көңүл ээси болгон Юнус Эмре бул акыйкатты мындайча айтат:

Юнус Эмре болду кедей,
Ажал желкесине тиет.
Көңүл китебин окуйт,
Колуна калем албады.

Ушул улуу даражадан насипсиз калган аалымдар илимди ыйманга айландыралбастан күл сыяктуу калышкан. Алар дүйнөлүк илимдердин туткуну болушкан. Айланасы олуяларга бай болсо да пайдасы жок. Анткени алар өзүндөгү илимди тар терезеден карап акыйкатты көрө алышпайт. Мунун себебин олуяларга оодарышкан. Олуяларды кемчиликтүү кылып көрсөткөнгө аракеттенишет. Ошондуктан алар акыйкатты көрө алышпайт.

Мындай кишилерге Алла Таала өткөн үммөттөрдөн мисал келтирип мындай дейт:

**«/здөрүнө Тоорат жиберилгенине карабастан, анын айткандарын аткарбагандардын абалы, үстүнө китеп жүктөгөн эшектин абалына окшойт. Алла Тааланын**

**аяттарын жокко чыгаргандардын абалы эң жаман. Шексиз түрдө Алла Таала заалымдарды хидаят жолуна киргизбейт.»** (Жума, 5)

Аятта айтылган китеп жүктөгөн эшектин абалында болгондор, эшекке окшоп үстүндө ташыган китептердин бир сөзүн да түшүнбөстөн китеп ташып жүргөнүн да билишпейт. Мындай илим Азирети Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- «Эй, Аллахым! Пайда бербеген сага сыйынамын» деп айткан сөзүнө туш келет.

Илим такыба жана ыкыластуулук менен азыктандырылбаса, пайдасына караганда зыяны арбын болот. Жалгыз гана такыбалык менен жеткен илим кабыл болот жана андайларга ааламдын сырлары да ачылат. Ошондо кул чыныгы илимге ээ болот.

Алла Таала:

وَاتَّقُوا اللّٰهَ وَيُعَلِّمُكُمُ اللّٰهُۜ

**«Алла Тааладан корккула, Алла Таала силерге үйрөтөт.»** (Бакара, 282)- деп айтат.

Андыктан Имам Газали менен Абдулкадир Гейлани сыяктуу инсандар, алгач дүйнөлүк илимдин туу чокусуна жеткен. Бирок кайыптын сырларына жана Алла Таалага барган назик аруу жолго дили менен кирип Алла Тааланын досу болушту. Алла Таала өзүнүн өзгөчөлүктөрүн жана сырларын аларга жана алар сыяктууларга үйрөтөт. Алар өздөрүнө тоскоол болгон бардык кыйынчылыктарды жеңишти. Денеси зикир, ой, эсеп –кысап жана акыл жүгүртүү аркылуу нурга толду. Ой жүгүртүүгө жана сырларга жетишти. Алла Таала ушул сыяктуу руханий милдеттерди, эзелде өзү үчүн тандаган жана өзүнө дос боло турган кулдардан башкасына бербейт.

Хадисте шерифте:

«Абу Бакир көп намаз жана орозо тутканы үчүн силерден жогору эмес. Анын силерден жогору жагы жүрөгүндөгү таазим.»- деп айтылат.

Көптөгөн аятта олуя кулдардын жүрөгүндө жакшылык сезими болгондуктан коркпой, жер

карабай жана астынан суу аккан бейишке кире тургандыктары айтылат.

Абу Хурайра риваят эткен бир хадисте:

«Илимдерден кээ бир сырдуу болгондору бар. Аларды жалгыз гана Алла Тааланы тааныгандар биле алат. Бул илимди сөз кылганда менменсингендер аны пас көрүшөт. Алла Таала илим бергендерди паска албагыла. Анткени Алла Таала аларга илимди бергенде аларды пасынткан жок!»- деп айтылат.

Газали –куддусе сиррух – сырдуу аалымдар дүйнөлүк аалымдардан жогору экендигин мына бул мисал менен айтат:

«Имам Шафи Шейбани Раинин алдында окуучу сыяктуу тизелеп отурчу. Ага:

«Эй, Имам сен кайда, Шейбани кайда? Бул урматтын себеби эмне?»- дегенде Имам Шафи:

«Бул кудурет биз билбегенди билет.»- деп жооп берет.

Ахмед бин Ханбели менен Яхя бин Муаз кээ бир маселелерде Маруф Керхиге барып ошодон сурачу. Мунун себебин сураганда сахабалардын:

«Эй, Алла Тааланын Элчиси китеп менен сүннөттө жок болсо эмне кылайын?»- дегенде Азирети Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- :

«Аны салих адамдардан сурагыла. Алардын кеӊешин уккула.»- деген хадисти мисал кылды.

Чындыгында сырдуу аалымдар көрүнбөгөн ааламдын сыры менен сырдашат.

Жүнед Багдадиге Серийе Сакати –куддусе сиррух- :

«Алла Таала сени дүйнөлүк илим менен аалым кылсын, кийин сопу кылсын.» - деп дуба этти. Ошондой эле Харис бин Мухасиби менен маектешип андан илим алып, насаат угушчу.

*

Азирети Омар – радиаллаху анх - өлгөндө Абдуллах бин Месуд – радиаллаху анх -:

«Илимдин ондон тогузу кетти»- деп айтат.

Сахабалар:

«Арабызда аалымдар бар»- дешет.

Ал:

«Мен теңирдик илимди айтып жатамын.»- дейт.

Илим жалпысынан дүйнөлүк илимдер делет. Мындай билгилер акылга жана тажрыйбага таянат. Теңирдик илим ойлоп табууга, илхамга жана ички тажрыйбага таянат.

Сопулар боюнча инсандын өздүк сапаты билимсиздик.

Аяттарда адамдарга аз билим берилгендиктен жана адамдар караңгы сабатсыз экендиги айтылат.

Илим Алла Тааланын сыпаты, кул Алла Таала берген аз гана билимге кайра эле Алла Таала берген багыш менен билимдүү болот. Билимден башкача айтканда Алла Тааланы тааныганга аракет кылат.

Акыл өз өлчөмүндө болсо да, Алла Тааланы толук тааныганга жетпейт. Анткени акыл, адамга ортомчу катары берилген. Адам бул ортомчу

аркылуу таанылат. Алла Тааланы болсо жаратылгандар аркылуу таануу керек. Алла Таала эзелде рухтарга:

«Мен киммин?»- деп сурайт.

«Мен силердин Раббыңар эмесминби?»- деп сураган.

Акылга, эркке сурак жок. Баары жүрөк менен гана болот. Аятта:

أَلاَ بِذِكْرِ اللّهِ تَطْمَئِنُّ الْقُلُوبُ

**«Жүрөктөр Алла Тааланы зикир кылуу менен тынчтанат.»**(Рад, 28)

وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ وَتَبَتَّلْ إِلَيْهِ تَبْتِيلاً

**«Алла Тааланын атын зикир кыл жана бардык көз карандылыктардан кутул! Раббиңе кел!»** (Музаммил, 8)- деп айтылат.

Ибн Ата мындай дейт:

Алла Таала кудуретин элге макулдук менен таанытты:

أَفَلَا يَنظُرُونَ إِلَى الْإِبِلِ كَيْفَ خُلِقَتْ

**«Төөлөрдүн кандай жаратылгандыгын көрүшпөдүбү?»** (Гашия, 17)

Олуяларга болсо сөз сыпаты менен таанытты:

أَفَلاَ يَتَدَبَّرُونَ الْقُرْآنَ

**«Курангы ойлошпойбу?»** (Ниса, 82)

وَنُنَزِّلُ مِنَ الْقُرْآنِ مَا هُوَ شِفَاء وَرَحْمَةٌ لِّلْمُؤْمِنِينَ

**«Куранда түшүрүлгөн аяттарда момундарга шыпаа жана ырайым бар.»** (Исра, 82)

وَلِلّهِ الأَسْمَاء الْحُسْنَى

**«Эң сонун аттар Алла Тааланыкы.»** (Араф, 180)

Абу Хасан бин Абу Зар Шиблиден айтканы боюнча:

«Мистика улук асман жана теңирдик илим. Бүтпөс, түгөнгүс. Бул илимден жалгыз гана татыктуулар пайдаланышат. Муну жалгыз Алла Талланын өзгөчө жана улуу ниматка ээ болгон кулдары билет.»

Бул даражаларды жашабай туруп айтууга болбойт. Бул абалды жашаган сопулар **«Фусус»**дагы сыяктуу мезгил мезгили менен

тандалган сөздөрдү колдонушат. Буну жүрөк илиминен насиби болбогондорду туура эмес жолго түшүрүп албоо үчүн колдонушат.

**Имам Газали, Бахауддин Накшибенди, Мухйиддин Араби жана Имам Раббани** сыяктуу Алла Тааланын достору диндин сырларын билген өзгөчө таланттар болуп эсептелишет.

Бейиш менен сүйүнчүлөнгөн сахабалардын ушул илимдин аркасы менен өздөрүн жок сыяктуу сезген сезими теңирдик салтанаттын алдында «Хавф» абалында болгонун айткан риваяттар бар.

**Юсуф Эсбат** азиреттери жоктук деп аталган кичипейилдикти толук мааниде мындай дейт:

«Эрте менен үйүнөн сыртка чыкканда кимге жолуксаң өзүңөн жогору көрөсүң. Кичипейилдикте ким сага бир нерсе айтса аны туура кабыл аласың, төмөнкүлөрдү өзүңөн жогору коёсуң. Шан сыяктуу ийилчээк болосуң. Төө сыяктуу жетеленесиң. Сени жамандаган жана мактанганга бирдей болосуң. Ар бир иште Алла Таалага келесиң жана башыңа келген жакшылык жамандыкка шүгүр кыласың.»

Акылман - сулуулук, багыш жана пазилеттүлүктү Алла Тааладан, жамандыкты өзүнөн көргөн киши.

Кулдун чынчылдыгы көңүл тили, иши жүрөгү менен бирге болгон киши.

*

Азирети **Абу Бакир** – радиаллаху анх - :

«Куштар оозуна алган курманын даанасы болбогонума өкүнөмүн.»- деп айтат.

**Азирети Омар** – радиаллаху анх - :

«Чөп болуп калбаганыма өкүнөмүн! Эч нерсе болбой калганыма өкүнөмүн.»- деп айтат.

Аммар бин Ясир Куфедеги минберде:

«Мен күбөлүк кылам, аркы дүйнөдө Алла Тааланын Элчисинин аялы деп айткан **азирети Айша –**радиаллаху анха – «Ушул дарактагы жалбарак болбогонума өкүнөмүн.» - деген.

Ошондой эле Азирети Абу Бакир – радиаллаху анх -:

**«Ким жаман иш кылса жазасын алат.»-** деген аят түшкөндө Алла Тааладан өтө коркуп кетип:

«Белим сынгандай болду, катып калдым!..»- деп айткан.

Бул заттардын мындай айтуулары Алла Тааланын ыраазычылыгына терс келип, ниматтарга шүгүр кылбоо коркуусунан болгон. Алла Тааланын кудуретинин улуктугуна зикир кылуу жана бейпилдик мээримге кичипейил болуудан улам ушундай айтышкан.»

Куранда:

اقْرَأْ كِتَابَكَ كَفَى بِنَفْسِكَ الْيَوْمَ عَلَيْكَ حَسِيبًا

**«Оку китебиңди! Бүгүн сага жакшы эсеп кыла турган эркиң жетет.»** (Исра, 14)- деп айтылат.

Динди жалгыз сырткы көрүнүшү менен түшүнүп көмүскө тарабына башкача айтканда руханий тереңдигине түшө албагандар өкүнүшөт. Киши билбегенинин душманы болот. Салихтердин, садыктардын, пазилеттүүлөрдүн ж.б. маектеринен алыстап бопбош калуу, көңүл менен ички дүйнөнү тарытат. Ичи – тышындагы нурлары өчөт. Китеп менен сүннөттүн ичке ойлоруна жана сопулардын руханий нурунан насипсиз калтырат. Инсанга Алла

Таала берген жашоо мүлкү деп эсептелген сезимдерди жоготуп эркинин кулу кылат. Мындай кишилер маанисиз нерселерге көзкор болушат.

*

Муса – алейхиссалам- инсандык толкундоо, куюн жана материалисттик ойго толо болгон Бани Исраил элине шариятты үйрөтүү үчүн жиберилген пайгамбар.

Азирети Муса Кызырга:

«Сага үйрөтүлгөн илимден мага да үйрөтүшүң үчүн сага жолдош болоюнбу?»- деди.

Кызыр:

«Сен мага жолдош болууга эч чыдай албайсың!»- деди.

Бул сөздөрү менен Кызыр – алейхиссалам – Азирети Мусанын психологиялык абалын иликтеп, ага өзүн түшүндүрүп жатты. Бул абал соңунда ишке ашышы керек болчу. Азирети Мусаны ошентип өз ордун билдирип сабыр кылууга үйрөткөн. Башкача айтканда, Азирети Мусага: «Мени менен бирге болууга сабыр кылуу сенин колуңан келбейт.

Ошондуктан сен бул боюнча алсызсың. Анткени бул илимден тактысы, али сага бериле элек.»- дегендик эле.

Муса – алейхиссалам- айтат:

«Иншалах мени сабырдуу көрөсүң! Сага бардык иште каршы болбоймун.»

Кызыр –алейхиссалам- :

«Эгерде мага баш ийсең, мен сага сырымды ачмайынча эч кандай суроо сураба!»- дейт.

Демек башка илимдерде маселени тактай турган жана илимдин жарымы болгон суроо, бул сапарда суралбайт эле. Бул жерде окуучунун эркин жакшылыкка тарбиялоо керек болчу.

Азирети Муса – алейхиссалам – Египетте Исраил уулдарына Фараонду жок кылса, аларга Тооратты алып келе тургандыгына убада берип, Фараонду жок кылгандан кийин, Алла Тааладан Тооратты берилишин тилеген эле. Анын 33 күн орозо, кийин дагы 10 күн кошуп орозо тутушу, натыйжада 40 күн буйрук кылынган болчу.

Азирети Муса Тур тоосунда 40 күн калып калышында мына бул ишарат бар эле:

Алла Таала досторунун улуу чагылуу таңына жетишкен, түш сыяктуу караңгылык азап сааттары менен чиле толтуруп билим таңына жетүү менен мүмкүн. Бардык ийгилик таңдары байланган түндөрдүн түшүмү.

Муса – алейхиссалам – Тур тоосунда үзгүлтүксүз 30 күн орозо кармады. Курсагы ачкан да жок, суусаган да жок. Кийин Кызыр - алейхиссалам – менен жолугуу үчүн жолго чыкты. Жолдо жарым күн өтпөстөн сабыры кетип, курсагы ачып досуна:

«Тамактарыбызды алып кел, жейли.»- деди.

Анткени анын Кызырга барышы сыноо болчу. Сыноого алынды. Макулуктун жанындагы сапарда жарым күндө курсагы ачты. Бирок Турдагы Алла Таалага жетүү, аны менен сүйлөшүү сапары бар эле. Турган жеринин сүрү ага тамакты ичүүнү унуттурду. Ал Алла Тааладан башкасын унутту.

Улуу Азам болгон пайгамбар Азирети Муса, Кызырга теңирдик илимди үйрөтүү үчүн

жиберилгени көңүлдөрдү бурат. Муса – алейхиссалам – ошол учурда теңирдик илимди билген бир кишиден бул илимди үйрөнүшү кокусунан болгон эмес.

Мисалы Мимар Синандын илиминин күчү Сулайманийе мечитин курган бардык ишчилерден жогору болгон. Синандын ошол мечиттеги устанын ишин билбеши кемчилик эмес, анткени ал да санаатчынын буйругунда эле. Уста усталыктын тереңин ошодон үйрөнгөн.

Мындан байкалгандай Азирети Муса бардыкты билген пайгамбар эмес экендиги, Алла Тааланын илиминен да ага берилбеген илим бар экендигин көрүнөт. Азирети Муса менен Азирети Кызырдын илими, келе турган жана **эки дүйнө илимине** ээ болгон **Азирети Мухаммед Мустафа** – саллалаху алейхи васаллам- эң жогору экендигин көрсөтүү үчүн...

**Эй, Аллахым! Бизди жүрөгү теңирдик нур менен чагылган, билим деңизинен насип алган, берекет чагылышына ээ болгон кулдардан кыл!..**

**Оомийнн!..**

## КАРАТЫП АЛУУ ЖАНА КАРАТЫП АЛУУЧУ

«Ыйман эмне? деп акылыман сурадым.
Жүрөгүм кулагыма ийилип:
«Ыйман – бул, адеп..»-
деп шыбырады..»
**Азирети Мавляна**

Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам-мындан 1400 жыл мурун **Стамбулдун** маанисине карап ушул жерди каратып алуучу аскер башчыдан жана аскерлеринин мыктылыгына ишарат кылып, каратып алууну осуят кылган.

Биринин артынан бири келген «Сахаба аскерлери» тоо, чөлдөрдү ашып, 3000 км. аралыкты басып өтүп, Стамбулду каратып алуу үчүн келишкен. Аййуб аймагындагы сансыз сахабанын мазарынын урматына, узак жылдарга чейин Мекке жана Мадина сыяктуу мусулман эместердин буту бастырылган эмес. Анткени маалым болгон 29 сахабанын мазарына кошумча маалым болбогон миңдеген сахабанын жатканы да акыйкат.

Күчү жеткендин баары менен күрөшүп жашоо жана амалдардын өзөгү болгон ыйык каратып алуучу 1453 (хижра 857) жылында **Фатих Султан Мехмет Хан** азиреттерине насип болгон. Каратып алуу көпкө созулган жок. Кураны Каримдин сырында каратып алуунун убактысы келген болчу. Андыктан Кураны Каримдеги «Кооз аймак» (Себе, 15) деген сөзү Аалым Молдо Жаминин эсеби боюнча каратып алуу күнү хижра жыл эсеби боюнча 857 (1453) жылга туура келген.

Ошондой эле күтүлгөн натыйжа үчүн тышкы жана ички себептер толукталган болчу.

Каратып алуу жана аскерлеринин негизги күчү Азирети Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- сүйүнчүлөгөндөн баштап миңдеген күрөшчүнүн толкунданган арзууларынын натыйжасында Алла Таалага жеткен дуба жана кыймыл аракеттин натыйжасында иш жүзүнө ашты. Анткени миңдеген момундун көңүлүнөн ашкан теңирдик түркү, карарган булут жамгыр болуп

бошолгону сыяктуу каратып алуу аркылуу ишке ашты.

**Мухйиддин Ибнул Араби** Фусуста мындай дейт:

«Фараон келе турган Азирети Мусаны жок кылуу үчүн 980 000 ымыркайды жок кылган. Бул балдардын баары Азирети Мусага күч кубат болуу үчүн өлтүрүлгөн. Анткени Фараон менен үй бүлөсү Мусаны билбесе да Алла Таала билет эле. Албетте алардын ар биринин жашоосу Мусага таандык эле. Максат да ошол болчу.

Андыктан Стамбул  үчүн ар бир каратып алуу кадамы келечектеги каратып алууга түрткү болгон.

Муса – алейхиссалам –дын келиши менен Стамбулдун каратып алынышында окшоштуктар бар.

Алла Таала бирөгө насип кылган жакшы ишти алган киши ошол ишти аткарууга даярдайт. Бул жагынан алып караганда каратып алуучунун мүнөзү дал ошондой эле. Бул мүнөз каратып алуучунун бардык кыймыл аракеттеринде байкалгандай, анын

эсепсиз салгылашуусунан да көрүүгө болот. Анын бири:

## КАРАТЫП АЛУУЧУНУН БАГЫШЫ

«Мен Стамбулдун каратып алуучусу алсыз кул Фатих Султан Мехмет өз бешене терим менен тапкан акчаларыма сатып алган Стамбулдун Таштык аймагында чеги белгилүү болгон 136 баб дүкөнүмдү төмөндөгү шарттар боюнча багыштайымын:

Ушул кирешеден Стамбулдун ар бир көчөсүнө экиден киши дайындаймын.

Алар колундагы акиташ менен көмүр күлүн алат белгилүү убакыттарда көчөлөрдү кыдырышат. көчөдө түкүргөндөрдүн түкүрүгүнө ушул күлдү төгүшөт. Алар күндө 20 акча алышат. Ошондой эле 10 доктор, 10 табып жана 3 жара байлоочу дайындаймын.

Алар белгилүү күндөрү Стамбулду кыдырып ар бир эшикти кагып, үйдө оорулуу бар же жоктугун сурашат. Бар болсо дарылашат.

Тигил же бул азык түгөнүп калышы мүмкүн. Мындай учурда 100 курал ылайыктуу кишиге берилет. Алар аңга чыгышып баласы жок жаныбарларды уулап элди багышат.

**«Ошондой эле сарайымды курган бөлмөдө шейиттердин жакындары менен Мадинаи – Стамбулдун букаралары тамак жешет. Бирок тамактанууга же алганга өздөрү келбей калса анда, анын тамагын күн бата электен мурун табакка куюп үйүнө жеткирилип берилет.»**

*

Ошондой эле **Фатих** коомун коруганга муктаж болгондорду коргоо үчүн белгилүү шарттарды койгон. Учурунда өтө сейрек болгон «жерге түкүрүү» жакшы кабыл алынбагандыктан чарасы көрүлүп турган. Оорулуулардын аң эти менен тамактанып сакайышын буюруп, бир жагынан табияттагы «экологиялык тең салмактуулукту» коргоо үчүн аңуулоону, жумуртка тууп, балалаган мезгилдеги жаныбарларды

өлтүрүүгө тыюу салган. +мметкө көргөзгөн мээримин жаныбарларга да көргөзгөн.

**Учурда** дүйнөнүн келечегин карарткан «чөйрө кирлери» жана «экологиялык тең салмактуулуктун» 500 жыл мурун эске алынышы дыккат көрүнүш.

Шейит үй бүлөлөрүнө жабык эшиктин артынан көз байланганда тамак таркатуу, алардын намысына доо келтирбөө үчүн болгон. Болочок урпакка да чоң таалим тарбия көргөзгөн.

Азирети Мавляна – куддусе сиррух - :

«Ыйман эмне? деп акылыман сурадым. Жүрөгүм кулагыма ийилип: «Ыйман – бул, адеп..»- деп шыбырады..»- деп айтат.

Бул нерселер анын руханий улуулугун жана аброюнун үммөткө болгон сабагы. Исламдын макулуктарга жана инсанга көз карашы өтө назик. Урпактарга жана бардык адамдарга багыт мурасы, учурдун инсанынын жоготуп таба албаган сагынычы.

**Устат нажип Фазыл** маркум «Ата Симфония» аттуу эмгегин төмөнкү сөз менен чекиттейт. Биз да аны менен бүтүрөлү.

Көп жылдар бою айылынан кетип кийин үйүнө кайтып келген киши, үйү ээн талаа болуп калганын көрөт. Жолуккан абышкадан таң калып сурайт:

«Ата бул кыштак мындай ээн талаа эмес эле. Жакшы адамдар жана жакшы аттар бар эле. Эмне болду?»- дейт.

Абышка:

«Уулум бардык адамдар ошол жакшы аттарга минип кетип калышты. Анан кайтып келишкен жок!»- деп жооп берет.

**Теңирим! Фатихтин уулдары, алардын туугандары болгон Алла Таала досторунан кем кылба!**

**Оомийин!..**

## МУҢДУУ МАЙРАМ

«Эгерде сенин көңүлүң болсо,
Көңүл Каабасын таваф кыл!»
**Азирети Мавляна**

Катачылыктын натыйжасы болгон ыза, адамдын жаратылышы менен бир. Андыктан алгачкы Адам – алейхиссалам – теңирдик тилектин натыйжасы менен катачылыкка жол берген. Ошон үчүн бейиштен ушул дүйнөгө түшүрүлүп ыза тартты.

Азирети Адам – алейхиссалам – жаратылган топуракка 39 жыл кайгы, 1 жыл бакыт жааган. Кайгы менен ызанын өкүмдарлыгы ушундай эски.

Адамдын жашоосу эненин ызасы, өзүнүн ыйлашы менен башталат. Соңунда жаны денеден алынып түбөлүк сапарга чыгат. Анын келиши менен кетишинде ыза ээлик кылат.

Бул келүү менен кетүүнүн ортосун көңүл көзү менен караса, жашоо чексиз кыйынчылыкта, ыза ж.б. абалдар бош нерселер менен толо. Жалгыз сабатсыздык көйнөгүн жыртып, келген ааламынын

акыйкатына таандык болгон чоӊ рухтар үчүн жашоо, өлүм болсо бир азем, башкача айтканда жетүү. **Азирети Мавляна** жашоо боюнча бул жетүү учурун чоӊ каалоо менен күткөн.

Жалган дүйнөдө болуп жаткан эрк ийгиликтер деӊиз жээгинде ойногон балдардын толкун менен жок болууга өкүм болушу, кумдан жасалган үйлөрдүн жана оюнчуктардын да ушундай абалда болушу мисал боло алат.

Адамдын жаратылышы Алла Таалага кулдук. Анын билиниши жана эрктин контрол кылынышы.

Дүйнө жашоосунда жекече жана коомдук уюмдардын кээ бирлери эркин, кээ бирлери руханий сезимдерин жок кылат.

**Майрамдар** бул сезимдердин ортосунда адамдагы мээрим, ырайымы, башкаларга камкордук сезимдерин курчутуп толкундатат.

/зүнүн жана башкалардын сүйүнүү сезиминин лаззаты менен жашайт.

**Майрамдар** жеке эмес коомдун руханий сүйүнүүсү, бул толкундоонун бөлүнүшү көӊүл

атмосферасына кирүү, бардык мусулмандарды көңүлдөн тууган экендигин сезүү керек. Кудси хадисте Алла Таала:

**«Жерге жана асманга батпаймын. Жалгыз гана момун кулумдун жүрөгүнө батамын!»** -деп айтылат.

**Майрам** күнү кайгыргандардын, эч кимиси жоктордун жана жалгыздардын көңүлүн алуу менен башталышы керек.

Хадис боюнча биринчи майрамдашуу, эң көп мамиле жардам жана боорукердик күткөн урпактарыбыз менен капалуулардын көңүлүн алуу менен башталганы абзел. Бул абал өлгөндөргө тирүүлөрдүн сагынычын кетирет. Ошондо Фатиха менен садагаларды берүү керек. Тегибиз өз урпактарынын акыбетин көрүп, сабак алышы үчүн мазарларды шаарлардын ортосуна жайгаштырган. Пайгамбарыбыз – саллалаху алейхи васаллам- :

«Силерге эки насаат калтырдым. Бири сүйлөбөйт бири сүйлөйт. Сүйлөбөгөн насаатым - өлүм. Сүйлөгөнү - Кураны Карим.»- деп айтылат.

Башка бир хадисте:

«Көргө кирген баткакка кирген сыяктуу. Жардам сурайт.»- деп айтылат.

Дүйнө баштапкы абал менен түбөлүктүн ортосундагы рухтун өлкөсү. Майрам, бакыт жана ыза толгон бул ааламда Алла Тааланын кулдарына садага кылган бакыт күнү.

Бирок **акыйкат майрамдар, акыйкат курмандык менен ишке ашат. Андыктан азирети Ибрахим Азирети Ысмайылды** чоӊ багынуу менен курман чала турган убакта Алла Таала **кочкор** түшүрүп, Ысмайыл –алейхиссалам- багыштап кыяматка чейин улана турган майрамдардын башталышы болуп калды.

Согуштардагы шейиттер башкача айтканда курмандыктар берилген убакта сөзсүз артынан жеӊиш келет. Азыр Чеченстанда, Боснияда, Палестинада, Кашмирдеги шейиттер келечек жеӊиштин сүйүнүчү, басып келе жаткан бутунун дабышы.

**Алла Таалага кул болгон, кулдарга кул болбойт. Арыстанга капс туура келбегендей момунга да кулга кулдук кылбагандыгы чындык. Момун зындандын эң учунда кишенделсе да момун туткун эмес.** Эркин. Анткени ал Алла Тааланын коргоосу алдында. Башы денесинин бөлүнгөнгө чейин туткун болбойт. Анткени алар Алла Таалага туткун болушкан. Андыктан Алла Таала өзүнө кул болгондорду башкаларга кул кылбайт. Алар желдеттерден да узун өмүрлүү болушат. Алла Таала алардын руханий өмүрлөрүнө чексиз берекетти берет. Ушинтип өлүмсүз инсандар менен кыяматка чейин «өлүмсүз чынжыр» тарыхын улантышат.

Тарых күбө болгондой руханий чоңдордун Алла Таала жолунда күрөшкөндөрдүн түбөлүктүү өмүрлөрү бар.

Бирок согуштарда акыйкат курмандыктар берилбестен, жандуу жаназалар өлүп жатса, натыйжада жеңиш жок, ыза, кайгы жана уранды бар.

Чанаккале согушунда Англичандар: «Чанаккалени 8 саатта өтүп кетебиз.»- деген эле. Бирок курман болгон 250 миң шейиттин алдында чоң кагылышка дуушар болушту. Буга кошумча армиябыз берилген курмандыктар менен Исламдын акыркы күзөтчүсү болушкан. Анатолияны куткарып жеңишке жетишкен. «Чанаккале /түлбөйт»- деп жазып коюшкан.

**Султан 1- Мурат Хан** Косова алдына келгенде чоңдан көз көздү көрбөй калат. Эки ирекет намаз окугандан кийин көз жашы менен мына бул дубаны окуйт:

**«Эй, Аллахым! Бул шамал алсыз Мурат кулуңун күнөөсүнөн улам болуп жатса, күнөөсүз аскерлеримди жазаландырба!..»**

Аллахым! Алар бул жерге жалгыз гана сенин атыңы даңктоо жана Исламды жаюу үчүн келишти!..

Теңирим! Көп жолу мени жеңиштен алыстатпадың. Дайыма дубамы кабыл эттиң. Дагы сага кайрылам, дубамы кабыл эт. Бир жамгыр

жаадыр. Бул чаң жок болсун. Каапырлардын аскерин көрүп, бетме бет согушалы.

Теңирим! Мүлк да, ушул кулуң да сеники. Мен алсызмын. Менин ниетимди сен жакшы билесиң. Мал – мүлк максатым эмес. Сенин ыраазычылыгыңды каалайм.

Теңирим! Момун аскерлерди каапырдын колунан жок кылба.

Аларга жеңиш бер. Бардык мусулмандар майрамдасын. Кааласаң ошол күн үчүн ушул Мурат кулуң курман болсун.

Теңирим! Ушунча мусулман аскерлериңин жок болушуна мени себеп кылба. Буларга жардам кыл. Жеңиш бер! Булар үчүн мен жанымы курман кылам. Сен мени шейиттерге кабыл алсаң болот. Ислам аскери үчүн курман болууга ыраазымын. Бул момундардын рухуна жанымды аябайм. Мени ардагер кыл. Соңунда мени шейит кыл!

Оомийнн!..

Көп өтпөй булут пайда болду. Косовага жамгыр жаады. Шамал токтоп, чаң басылды...

Душман катуу салгылашуудан кийин кача баштады. **Султан Мураттын** дубасы кабыл болду. Жеңиштен кийин шейит болду.

Султандын шейит болуудан мурунку сөзү мындай эле:

«Исламдын жеңиши менин шейит болушума байланыштуу болсо, шейит болууну Алла Тааладан тилеймин. Демек дубам кабыл болду Алла Таалага шүгүр болсун. Ислам аскерлеринин жеңишин көргөндөн кийин өмүрүм токтоду.

Мен эми силерди жеңиш аскеримди Алла Таалага аманат калтырам.

Бул сөздөрдөн кийин Султан Мураттын таза руху шейит болуп теңирдик түбөлүк сапарга чыгат.

Бүгүн **Косова** Мурат Хандын каны бизге кымбатка турган мурас. Маркум Акиф бул мурасты мындайча калемге алат:

**........**

**«Кайда карасам чыгат алдыма кандуу өрөөн..**

**Сенсинби же элеспи? Ырайымсыз Косова!**

**Кана миңдеген аскерлер сенин ар кадамың?**

**Кана алдыңда жарып өткөн жол «Чагылганын»?**

**Кана аскер? Кана жүрөгүңдө жеткен шейит?**

**Эх ошол курман жеңиш кайда бүгүн? Кана?**

**Айткын шейит сажда кылып өбөйүн топурагыңды**

**Жокпу сенде Мураттын тамчы каны?..**

**........**

**Толо беле көөдөнүңдө Серптин каны?**

Ошол күнкү Серп менен бүгүнкү Серп бир. Жалгыз гана мезгил башка.

Бүгүн **Косованын, Боснианын мурасчысы болгон биз өзүбүздү эсеп кысап кылууга мажбур эмеспизби?!.**

Босния Герцеговининя, Карабах, Палестина жана Кашмирдин шейиттери биз менен кантип майрамдашат? Алардын мурасчыларына бара турган майрамдык куттук айтуу кандай болуш керек?

Бул майрам сынык канатту куш сыяктуу болгон момундарга, кедейлерге, чарчаган көңүлдөргө, жетимдерге ж.б. жүрөгүбүз канча жолу узарат.

Алардын бир жылмайышы бизге чыныгы майрам гүлү. Жаз бакытына алып барат. Месневиде Азирети Мавляна айтат:

«Эгерде сенин көңүлүң бар болсо, анын Каабасын таваф кыл. Топурактан жасалган сандыктын Каабасы көңүл.»

«Алла Таала көрүңгөн, билинген сүрөт Каабасын таваф кылууну кирден тазалап, аруу көңүл Каабасын кармансын деп сага парз кылды.»

Армандуу Юнус:

**«Көңүл чалабын татты,**
**Чалап көңүлгө карады.**
**Эки дүйнө бетпагы,**
**Ким көңүл жууган болсо»** -дейт.

Башка ыр сабында:

**«Юнус Эмре дейт кожо,**
**Керек болсо бар миң ажыга,**

**Барынан жакшысы,**

**Бир көңүлгө кирүү!»** –дейт.

Мусулмандардын жүрөгү жалгыз адамдын жүрөгүндөй бир болушу керек.

**Майрам**дын чындыгына жардамдашуу менен жакындоого болот.

Буга жеткендер эрк тоскоолдуктарын ашып чыныгы инсандык сапаттын бакытына бөлөнүшөт. Андыктан бардык теңирдик мамилелер рухубузду кургаган сабатсыздыктан кутулуга шарт түзөт. Ошентип майрамдар бардык адамдардын өз ара тыгыз байланышта болушу үчүн чоң негиз.

**Ушундай мүмкүнчүлүктү баалап майрамдардын акыйкатына жеткендер кандай бактылуу!..**

## +ЛП/Т

«Гүл суусу болсоң ордуң нурлуу чөйрө,
кир болсоң, бардык жерде мүшкүлсүң!»
«Атыр саткандардын витринасына кара!
Бардык түрү өз түрү менен кооз..»
Түр өз түрү менен аралашса, бул аралашууда
Кооздук өзүнчө бир жылмайуу...»
«Дурус жана тазалардын кирден бөлүнүшү
үчүн
Алла Таала китептер менен пайгамбарларды
Жиберген.»
«Оюң гүл болсо сен да гүл бакчасынансың!..»
**Азирети Мавляна**

Бул ааламдагы карама каршылыктар бирин бири толуктап, пайда болгон сыпаттардын бири үлпөт (Төп келүү, түшүнүү) жана кооздук. Мунун кичине гана бузулушу «анархия»; ааламдагы бузулушу «кыямат».

Жандуу жана жансыз макулуктун орток өзгөчөлүктөрүнө кошумча, арасында айырма менен

карама каршылыктардын бар болушу, теңирдик дайындоого таянган абал. Ушул терс уюмдар, физикалык ааламда ток сыяктуу тартылышса да, жандуулар ааламында терс мааниге ээ. Башкача айтканда рух ээси жандуулар, терси менен эмес окшошу менен үлпөт болуп биригүүнү каалайт. Негизи бир болгон жандуулардын биригүү арзуусу, бул ааламда теңирдик бирдикке карай агылуу болуп эсептелет. бирок жансыздар ааламында бирин бири түртүшүп турса, жандуулар ааламында тартышып турат. Бул «өзүмчүлдүк» сезиминен келип чыгат.

Чындыгында рух ээсинин эң жандуу өзгөчөлүгүнүн бири «өзүмчүлдүк». Мунун туу чокусунда инсан турат. Ошондуктан рухту тарбиялап Алла Таалага жетүү жолунда инсандын эң акыркы иши, риясат жана саясат арзуусу.

Адам уулунда орун алган өзүмчүлдүк жана ага таандык «сүйүү менен душмандык» чечмелигинде, бардыгы окшоштугуна жараша, карама каршылыктар болсо даражасына жараша өмүр

сүрүшөт. Бул болсо «**инсандын жалгыз гана өзүн сүйгөндүгүн**» көрсөтөт. Киши өзүнө окшогонду сүйөт. Андыктан Якуб –алейхиссалам – Азирети Юсуфтан өзүнүн бир бөлүгүн көрүп, руху Юсуфтун руху менен биргелешкен. Ошондуктан окшошуу жандуулардын ортосундагы сүйүүнүн негизи.

Бул абал рух ээлерине таандык болгондуктан, жаныбарлардын ортосунда да байкалат. Бир булбулга:

**«Сайра!»-** дегенде сайрабаптыр.

**«Сайра!»-** дегенде сайрабаптыр.

Соңунда:

**«Сени алтын капаска камайбыз. Бирок жаныңа бир карганы кошуп коёбуз.»** - деп коркутушат.

Булбул капастын алтын экенине карабастан, карга менен бир болуунун азабынан коркуп сайрап жиберген экен.

Бул мисал биздин жогоруда түшүндүрөйүн деген чындыгыбызды жөнөкөй эле элге түшүндүрүп коёт.

Бирок мындан коозун **Месневинин** бир икаясында байкайбыз. **Азирети Мавляна** – куддусе сиррух – табияттагы бул сүйүүнү икаясында мындайча түшүндүрөт:

Аңчы кармаган **жейрендин** өгүз менен эшектер камалчу короого камап коёт. Жейрен короодон чоочуп ары бери качат. Аңчы күүгүмдө короого келип саман салат. Эшектер менен өгүздөр ач көздүк менен жей башташат. Жейрен болсо үркүп, самандын чаңынан улам көздөрүн укалайт. Ошентип ичи миск жыттанган назик жаныбар бул короодо кыйын абалда калат. Эшектин бири жанындагы эшектерге:

«Токтогула!.. Бул падыша сарай жана мырза чалыш жаныбар!..»- деп мазактайт.

Башка бир эшек:

«Анда ал падышанын тактысына чыгып жамбаштап жатсын!..»- дейт.

Байкап турган дагы бир эшек, жейренди саман жегенге чакырат. Ал:

«Жок! Жегим келбей жатат.»- дейт.

Эшек:

«Билип турам. Назданып жатасың.» - дейт.

Анда жейрен:

«Мен жап жашыл чым өскөн көккашка суулардын ортосундагы бакчаларда жүрчүмүн. Теңирдик кооздуктарды көрчүмүн. Тагдыр мени азапка дуушар кылса, кантип эле дароо рухум өзгөрсүн. Мен гүлдөрдү, лоланы, райханды да назданып жыттап жеймин. Табияттагы теңирдик кудуретти көздөймүн. Муну таң калуу менен ичемин. Аңчылар бизди суунун жээгиндеги теңирдик кооздукка суктанып көзүбүз жашка толгон маалда кармашат.»- деди.

Эшек:

«Айт, айта бер, башка жерде жалган айтуу оңой!»- деди.

Жейрен:

«Менин ичимен чыккан миск жыты сөзүмө далил. Ал миск жыпар жыттанат. Силердин араңарда ал күчүм кетип алсырап калдым.»

**Азирети Мавляна** – куддусе сиррух – адамдын оюндагы оор нерселерди жеңил жана жөнөкөй икая менен түшүндүрөт. Андыктан бул икаяда бири бирине табиятынан терс келген жаныбарлардан мисал берилген.

**Жейрендер** жеп ичүүсү, дем алышы ж.б. өзгөчөлүгү жаралгандан назик. Аңчылар жашылчалардын соңгөгүнөн най үйлөшөт. Ошентип жейрендерди чогултушат. Көзү менен көңүлү жашка толгон маалда заалым аңчылар аларды тузакка түшүрүшөт. Ичиненен чыккан миск жыты, тери жана эти аларды өлүмгө алып келет.

**Эшек менен өгүздөр** болсо үнү жаман, сезимдери менен эркине ээ боло албаган жаныбарлар.

**Азирети Мавляна** икаясында карама каршы нерселерден мисал кетиргенден кийин **Месневисиндеги** сырдуу нерселерди мындай түшүндүрөт:

**«Кимде ким өзүнүн терси менен бир жерде болсо бул анын өлүм азабы.»**

**«Алла Таалага жакын болгон киши, бул дененин айынан азапта. Анткени анын рух кушу өзүнө терс болгон эрки менен байланган.»**

**«Рух куштардын ортосунда булбул сыяктуу. Табияттан болгон эрк болсо, каргалар. Булбул каргалардан жана байкуштардан жабыркайт. Бирге болсо азап тартат.»**

**«Рух булбулу ошол өзүмчүл каргалардын жана кем акыл байкуштардын ортосунда онтолоп ыйлайт.»**

*

Аятта: «**Рухуман үйлөгөн учурда...»** (Хижр, 29) – деп айтылат. Рух, бул дене капасына Алла Тааладан келген. Бул келүү абалы адам акылына жат. Адам акылында ааламдын сагынычы жана негизи бар. Эркин эмес. Дене капастын ичиндеги дүйнөдө рухтар өздөрү келген ааламды сагынып азап көрүшөт. Бул сагынуу азабын «Алла Таалага жеткенге» чейин уланат. Ошол учурга чейин эрк тоскоолдугу бар. Уул, мал – мүлк, чин ж.б. нерселер эрк арзуулаган нерселер. Алар бул дүйнөнүн

оюндары жана көз боёмолору. Инсан эркинин арзууларына жараша ойлонот. Ушуну менен өзүн сооротот. Миң бир жалган жалаа менен өмүрүн өткөрөт.

Рухтун эркке караганда денедеги абалы менен жейрендин эшек короосундагы абалы бир. Жейрен жаттардын ортосунда өзүн кандай сезсе, рух да денеде өзүн ошондой сезет.

Рухтун башкаларды ойлонушу, өзүмчүл эрктен чоочуркайт. Бул эки жат, адамдын дилинде тынбай күрөш жүргүзүп келет.

Бул икаяны башка бир көңүл терезесинен караганыбызда жогору билимдүү адамдар менен сабатсыз адамдардын ортосундагы айырмаланган азаптан көрөбүз.

Бул азапка пайгамбарлар жана алардын жолунан кеткендер көп кабылышат. Мезгил мезгили менен наадандар арасында алсыз жашашкан. Бутпарастарга тавхид байрагын көтөргөн Азирети Ибрахим – алейхиссалам – алоолонгон оттун ичине ташталган. Юсуф – алейхиссалам –

тугандарынын арасында жалгызсырап өз журтунан ажырап зынданда жашаганга аргасыз калган. Копол элдин алдында Исраил уулдары Азирети Мусаны жалгыз таштап: **«Эй, Муса! Сен Раббиң менен бирге согушка кет! Согуш да жең! Андан кийин биз сенин артыңан барабыз!»** - деген. Ошондой эле мазлум пайгамбар Закария – алейхиссалам – Исраил уулдары тарабынан экиге бөлүнгөн. Уулу Яхя – алейхиссалам – да шейит болгон. Азирети Масих уурулар менен камалган. Ааламдын ырайымы Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- Таифте бетпактар тарабынан ташбаранга алынган. Мындай мисалдар дагы арбын.

Алар бул абалга Алла Тааладан берилген сабыр менен туруштук беришкен. Ошондуктан улуу даражага жетишкен. Кээде Алла Таала салихтерди өз коругуна алган. «+ңкүр жолдоштору» (Асхабы Кехф) бетпак коомдун ичинде болгону үчүн үңкүрдө коргоого алынган. Анткени сабатсыздардын арасында жашагандан кара уктаган жакшы эле.

Ошентип алар жакшы коом келгенге чейин уктатылган.

**Азирети Мавляна** – куддусе сиррух – аалымдарды булбулга салыштырат. Жаман рухтагы адамдар менен бирге боло албай тургандыктарын мындайча баяндайт:

**«Булбулдардын орду жапжашыл бакча жана гүлистан. Кык коңузунун орду табиятынан малдын кыктары.»**

Ааламда түрлөр жана алар жашаган шарттар дайыма айырмаланып турат. Булбул, жапжашыл бакчанын арасында күү чыгарып аккан сууну жактырса, коңуз ыплас, кыктан ахлаксыздыктан кумар алат. Бул абалды кээ бир гүл, тили менен коңузга мындай дейт:

**«Эй, кык коңузу! Гүл бакчадан качасың. Бирок сенин бул кегиң, гүлистандын кооздугуна далалат кылат!..»**

Бул айырмалар жакшы менен жамандын арасындагы теңирдик тең салмактын натыйжасы. Олуялар түрлөрдүн ортосундагы бул тең салмакты

сүйүү менен сыпаттап, жакшы жаратылып кийинчерээк «Эң төмөн» даражага түшүп калгандарды туура жолго баштоо үчүн мисал катары көрсөтөт.

Миңбир кыйынчылыкка баткан дүйнө жашоосунда түбөлүк эшигин издегендиктин бакыты салих адамдар менен бирге болууга байланыштуу. Түбөлүк ааламга таандык рухтун келечеги дүйнөгө таандык болгон денеден кутулууга байланыштуу. Ал үчүн көңүлдү сабатсыздардын мажилисинен коргоо керек.

Азирети Мавляна – куддусе сиррух – бул чындыкты мындайча баяндайт:

«Куш өз түрү менен учат. /з түрүнөн болбогондор менен кошо болуу көргө кирүү сыяктуу.»

«Бардык түр өз түрүн тартат. Назик жейрен эшек менен өгүздүн арасында кантип жашасын?!»

бардык биргеликтер тегиз ой жүгүртүүнүн тегерегинде болуп өтөт. Бири бирине терс

ааламдарда жашагандар мажбур абалда бирге болсо да, өлгөндөн да катуу азапка кабылышат.

Аятта:

**«Жакшылар жакшылар үчүн, жамандар да жамандар үчүн..»** (Нур, 26)-деп айтылат.

Имам Газали азиреттери бул чындыкты айтуу үчүн жалгыз гана оорулардын жана микроптордун эле эмес, кулк мүнөздөрдүн сыпатына белги берип, жакшылар менен бирге болгонго жакшылык, жамандар менен бирге болгондорго жамандык чагыла тургандыгы айтылган.

Хадисте:

«Жакшы дос менен жаман достун мисалы, миск ташыган менен (темир дүкөнүндө) темир ташыган кишилер сыяктуу. Миск ээси же сага жытын берет же сен андан сатып аласың. Темирчи болсо же көйнөгүн күйгүзөт же сен анын кир жытын аласын!..» (Бухари, сыйкыр, 38; Муслим, Жакшылык, 146)

Эл оозунда ушул мисалга окшогон **«Көр менен жаткандын таңы качат»** сөзү бул чындыкты

айтып турат. Анткени ички энергиясы күчтүү мүнөздөрдө өзгөчөлүк бар.

**Эй, Аллахым! Бул ааламда бизди акылмандуулук жана сыр казынасы болгон кулдарың менен бирге болтур! Биз алсыз кулдарыңды алар менен бирге тирилт!..**

**Оомийин!..**

## БИР ЭНЕ ЖОГОТТУК!

«Эне акысына дыккат кыл! Аны дайыма
оюңда алып жүр!
Анткени; энелер төрөт азабын тартышкан.
Антпесе балдар дүйнөгө жол
Таба алмак эмес...»
**Азирети Мавляна**

Бардык жандуунун башталышындагы орток өзгөчөлүк бирдей болот. Ошондуктан алар алсыз абалдан чыгып жетилүү үчүн жол алганда ырайым жана мээримге муктаж. Бир көчөттөн адам баласына чейин баары бирдей.

Мээрим менен ырайым эң кооз түрдө энелердин көңүлүнөн орун алышат. Адамдагы энелик сезим эч нерсеге окшобойт жана салыштырылбайт. Ал өтө жогорку сезим. Анткени адам баласынын физикалык денеси эмес, рухуна да сунула турган эне мээрими. Ал эне ааламдын

Раббына эң жакын болуу менен адамды төрөйт. Пайгамбарлардан баштап эң алсыз адамдарга чейин бардыгы руханий азыгын энеден алат. Энелер жаратуучунун теңирдик ырайымынан эң көп насип алгандар.

Бирок энелик түшүнүгү керт башына көз айнек сыяктуу. Чаян да балдарын үстүнө мингизип ташыйт. /з баласын токойго алып барып таштаса да ал эне. Бала майып төрөлсө да аны бооруна басып мээримин төккөн эне.

Аялдардын бакыт салтанаты, пазилеттүү эне болушу менен башталат. Айрыкча:

**«Бейиш энелердин таманынын алдында.»** - деген хадис энелер жөнүндө эң жогорку бир Шахадаты - Мухаммадия болуп эсептелет.

Пайгамбарыбыз – саллалаху алейхи васаллам- аалымдар жана олуялар, ата – энелерден айрыкча энеге таандык урмат – сыйдын даңктуу мисалдарын берген. Пайгамбарыбыз – саллалаху алейхи васаллам- сүт энеси «Алима Садия» - радиаалаху анха – ны зыярат этип чапанын жерге

салып анын үстүнө отурат эле. Сүт энеси ичкери сырткары кирип – чыгып жатканда өйдө туруп урмат көрсөтөт эле.

Чоң аалым **Има Азам** – радиааллаху анх- Багдад зындандарында зулумдун кыйноосунда эрип жатканда:

**«Бул абалымды энем билбесин. Кайгырат. Анын кайгысына мен чыдай албаймын.»** - деп энеге болгон урматын көрсөткөн.

Руханий жолдун улууларынан болгон **Шах Накшибенди Мухаммед Бахауддин Бухари Азиреттери** бир насаатында теңирдик чындыкты айтат; Азирети Пир:

«Биздин мазарыбызга зияратка келгендер алгач энебиздин кабырын зыярат кылсын!»- дейт.

Андыктан бүгүн **Шах Накшибенди**нин мазарын зыяратка келгендер алгач энесинин мазарына зыярат кылышат.

**Абдуррахман Жами** – куддусе сиррух –

«Мен энемди кандай жакшы көрсөм. Ал мени канча убакыт бою кучагында кучактап, өлгөнгө

чейин жүрөгүндө алып жүргөн. Ага урматтабагандыктан ашкан чоң күнөөнү билбеймин.» -дечү.

Адилет чындык. Пазилеттүү энелер эң жогорку урмат, терең жана сүйүү ордун ээлейт.

**Аталардын чарчаган абалын, балдардын жадаткан кыйкырыктарын эрите турган ырайым жалгыз гана энелердин жүрөгүндө.**

Эне теңирдик кудурет менен кеңейтилген мээрим кучагы!..

Уялардан бакыт кушу эненин жылмайышы менен учат. Уялардын түрдүү кыйынчылыктары, алардын мээрим назары менен жок болот. Уулдарга жашоо жана бакыт чагылдырган эненин жүрөгүнөн ичке, терең дагы сезимтал нерсе.

Андыктан эне жүрөгүнүн жылуулугуна болгон ашыгуу Нажип Фазылдын мына бул ырларында даана чагылдырылган.

**Ыйлагыла суу жүктөлсүн!**
**Балким кутулат кеме...**
**Эне жайнамазы келсин;**

**Бизге дуба кыл эми!..**

Бир эне рухундагы мээримдин чегин биле турган бир өлчөм жок. Жебестен жедирген... Кийбестен кийдирген... өзү уктабай уктаткан. Жашоонун кыйынчылыгынан бизге бир да чаң жугузбай бар жогун бизге берип бизди өстүргөн ата – эненин акысынан кутулабызбы?!

**Бир эне жоготтук..**

Мээрим, ырайым, намыс, адеп, дурустук, жоомарттык, ой жана боорукерлик уясы эне!

Жашоого колунда бар үй бүлөөдө басташа да кичипейил жана букара көңүлчөктүгү менен туу чокуга жеткен эне!

Кожоюундун кызматын аткарып жатса да кичине балдарын унутпастан Куранды жаттаткан да эне!

Тазалык жана дурустука карабастан, айланадагы каталарга ачууланбастан кечиримдүүлүк менен мамиле кылган да эне!

Ичинде жашаган коомдук түзүлүштө Исламдык жашоого тыюу салынса да үзгүлтүксүз ибадатын кылган да эне!

Жалпысынан караганда бала бакча мээримин, ырайымын көрсө - көрбөсө да бардык алсыздыгы менен дубаларды окуп турган эне!

Урматы да эскертүүсү да ченемдүү. Эң жакындарына чындыкты айтат. Ичи – тышы бир. Чынчылдыгынан улам эч ким ага капаланбайт. Марттыктан качпайт. Капалануунун эмне экенин билбейт.

Жетимдерди, жалгыздарды кубантуу ага бакыт берет. Жамандыктан качкан, көңүл сарайынан баарына берген эне!

Маектеринде берекет болчу. Кичине балдарга болгон маегинде бала менен бала болот. Пайгамбарыбыз – саллалаху алейхи васаллам- дын хадистерин жакшылап түшүндүрөт. Исламдын коозДугун өзүндө чогулткан эне. Бул абал ага Азирети Пайгамбар – саллалаху алейхи васаллам- жана олуялардын сүйүүсүнүн чагылган. Алардын

руханий дүйнөлөрүн түшүндүрүп жатканда жүзүндөгү жылмаюу, назик көз карашы жана сүйүүсү чыныгы млмундардын мажилисине мисал болчу. Ал жетиден жетимишке чейинкилерге кандай сүйлөшүн билген эне!анын жашоосу да маектери жана гүл жыттанган жыты, гүлдөн жасалган гүлдестеге окшойт. Эӊ сонун гүлдөрдү жана жыттарды андан табуу оӊой.

Ага «өлүмдөн кийин тирилүү»дөн айтканда:

**«Мени коркутпа! Раббым ырайым ээси!..»**-дечү.

Балким бул абал ага, **Азирети Мавлянага** болгон сүйүүсүнөн келген чыгар. Месневинин икаяларына абдан таасирленчү. Мага да азирети Мавлянага сүйүү, олуяга сүйүү жана руханий ийилүүнүн даамын таттырды. **Ал Месневи Бакчасынын** китебин жактырып окугандардын бири эле. /тө таасирленип окуучу. **«Күзгүдөгү жалган»** деген китебимди окуганда, көпкө ойлонду. Бир жолу **«аах»** - деди да:

«Кандай чындык»- деди.

Бираздан кийин:

«Мага ошол жазууну кайра оку!»- деди.

Анын дүйнөдөн кайтышы, бизге **«Күзгүдөгү жалган»** деген китептин жаңы бир мисалы болду. Айрыкча адам Адам – алейхиссалам – дан кыяматка чейин ушул **«Күзгүдөгү жалган»** дын ичинде чалкалап турат!..

Акын Зия Паша бул жашоону мындайча сүрөттөйт:

«Ушул жалган заман менен орунда, күмүш менен алтында эч кандай бакыт жок. Анткени инсан түбөлүк ааламды сапарга чыкканда барын таштап, өзү гана чыгат!..»

*

Соңунда аны менен бирге тактанын үстүндө, актын ичинде коштоштук. Кепин ага күнөөсүз балага оролгон жалаяктай болду. Жашоодо колунан келген жана көңүлүнөн түшпөгөн Курандын нуруна бөлөнгөн эле. Жаркыраган акты сүйчү. Эми ичине кирген кепин башкача болду. Ал жылмайгандай көрүндү. Артта калгандарга:

**«Салам болсун!..»** - деди.

Ал 04. 03. 1997- жылы Эренкөй Сахраи – Жадид мазарына көмүлгөн энем болчу! Мени менен бардык момундардын сүйүүсүндө жана жылмаюусунда ортоктош болгондордун энеси!...

**Эй, Раббым! Ошол атам менен бирге мени кичинемен баштап кандай тарбияланса, сени тааныткан сенин жолуңа түшүргөн жана сенин досторуңду сүйдүргөн болсо, сен да ырайымыңдан атама узун ибадат, салих амал бер, маркум энебизди да ырайым эт!..**

Окурман туугандарыбыздын да жүрөгү теңирдик нур менен жанган билим деңизиненен насип алган, берекет чачылган кулдардан кыл! **Эй, ырайымдуулардын эң ырайымдуусу болгон Раббым!.. Оомийин!..**

Аны тааныган жана ушул алсыз саптарыман тааныган бардык момундардын рухтарына Фатихалар жолдоону суранамын!..

## МАЗМУНУ

Сунуш3

Жаңы басылышка кириш сөз 7

Кириш сөз 11

Азирети Мавляна күн жана аземдүү кече 25

Бир кумура суу 56

Көңүл күзгүсүнөн 83

Лайлини капа кыласың 121

Лайли жашаган көчөнүн күзөтчүсү 148

Күзгүдөгү жалган 176

Сүйүү жана жек көрүү 193

Ырайымдын берекети 210

Адам бол, адам 229

Заалымдардын жакшылыгы 248

Кулчулуктан боштондукка 266

Эрк кутурган арыстан сыяктуу 292

Эрктин бар болуу сыры 321

Теңирдик наалат 340

Бар болуунун дубалы 367

Бул күнү кечинде индияда 403

Аалам куран жана инсан 417

Алланын котормочулары 433

Алла таала койгон мыйзамдагы

өзгөчөлүктөрдүн сырлары 448

Ааламдагы жалгыздык багыт 466

Мистика жана теңирдик илим 485

Каратып алуу жана каратып алуучу 516

Муңдуу майрам 524

+лпөт 537

Бир эне жоготтук 552